Сабыр
С 12

Мамат САБЫРОВ



НООКАТ МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМКАНАСЫ

Скырг
С12

Мамат САБЫРОВ

НООКАТ МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМКАНАСЫ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 484674

Бишкек – 2016

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–4
С 15

Журналист Мамат Сабыровдун бул китебинде Ноокат математикалык билимканасынын жаралуу тарыхы, торолуу жылдары, бүтүрүүчүлөрдүн ийгиликтери, билим берүүнүн көйгөйлөрү тууралуу баяндалат.

Сабыров Мамат.
С 15 **Ноокат математикалык билимканасы.**
Б.: «Улуу тоолор», – 224 б.

ISBN 978–9967–345–15–6

С 4702300100–16

ISBN 978–9967–345–15–6

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–4

© Сабыров М., 2016.

КИРИШ СӨЗ ОРДУНА

Союз учурунда республикабыздагы завод-фабрикаларда, партиялык-комсомолдук комитеттерде, ири маанилүү колхоз-совхоздордо, илимий мекемелерде, министрликтерде экинчи тепкичтеги жетекчиликке, башкармачылыктарга негизинен жаш, дасыккан, жаңыча ойлонгон кадрлар алыскы борбордон (Москвадан) жөнөтүлүп, аларга биринчи жетекчилер каршы сүйлөй алышчу эмес. Себеби, алар өтө такшалган кадрлар эле, совет өлкөсүнө берилгендиктеринен жашырбай, таза иштегенге аракеттенишчү. Алардын орточо жашы негизинен 22ден 35ке чейин болуп, чынчыл, дүйнө таанымы кеңдей көрүнчү.

Бизде болсо мындай жаш, такшалган кадрлар эсептелүү гана, негизинен таасирдүү кишилердин уул-кыздары болуп, кол жеткистей керсейишип, башкаларды теңге албай, текебер караган инсандар эле. Жөнөкөй элдин балдары мындай карьера түзүүсүнө мүмкүнчүлүк өтө аз болчу. Жогорку окуу жайлардын көпчүлүк факультеттерине өтүү үчүн сөзсүз эки жылдан кем эмес стаж, же эки-үч жыл аскер кызматын өтөгөндөн кийин гана тапшырууга мүмкүн болгон. Институтту кызыл диплом менен аяктасаң да атайын багыттама менен алыскы райондордо үч жылдан кем эмес иштөөгө туура келген. Бул процедураларды аткарып бүткүчөң жашың отузга жакындап калып, билгендериңди унутуп, шаарда иштейин десең, паспортуңдун каттоосу талап кылынат, жашай турган жериң жок темселеп батир издеп жүрүп, кол шилтеп айылга кетүүгө мажбурсуң.

Айыл мектептерин аяктаганча айлап пахта, тамеки, сакман, чөп чабуу сыяктуу жумуштарга жөнөтүлүп, кээ бир мектептерде окууга аз эле убакыт артып, мамлекеттик стандарттарга билимди эч ким алышы мүмкүн болбогондугун эми гана түшүндүк. Студенттер да айыл чарба жумуштарына чегерилип, ортозаар кесипкер болгонго да шарт болгон эмес. Кыскасы, айылдыктардын эл аралык олимпиадаларга, конкурстарга жетүүсү мүмкүн болбогон. Аспиранту-

ра, партиялык, же советтик кызматтарга даярдоочу жогорку мектептер, академиялар жөнүндө кыялдануу да мүмкүн эмес эле.

Борборубуз Фрунзе шаарына жумушка орношуу, жашоого жергиликтүү улут үчүн атайын квоталар (чектөөлөр), токтомдор бар экендигин билүү элге керек эмес деп эсептелчү. Канчалаган микрорайондор курулса, же жер тилкелери – жумушчуларга, же жаш кесипкерлерге деп башка региондордон ар түрдүү «путевкалар», «жолдомолор» менен келгендерге гана берилген. Өткөн кылымдын жетимишинчи жылдары борбордо он пайызга жетпеген кыргыздар болуп, алар «киргиз» аталып, айылдыктарды ар түрдүү басмырлоо сөздөрү менен кемсинтип турушчу.

Алыскы борбордун гана чечимдери туура делинип, «жагалдануу» жергиликтүү жетекчилерге жазылбаган салтка айланып, ылдыйкы кызматтагылар жогоркуларга жагалдануу менен көңүлүн алуу жолдорун издешкен. Республикалык деңгээлдеги кандай комиссия областтарга же райондорго келсе, аларды колунан келишинче сыйлашып, карьералык тепкичтерге жөлөк издөөгө мажбур болушкан.

Колхоз, совхоз, мекеме жетекчилери райондогу жетекчилерге, чоңдорго жагалдануу амалдарын табышкан, алар эс алууга чыгышса узатуу, кабар алуу, тосуп алуу ыкмалары ойлоп табылып, акча салынган конверттер, чүйгүн жер-жемиш, сыйлар салынган кутулар (коробкалар) берилип туруусу уят иш болбой калган. Райондогу атка минерлер областтык, республикалык айрым чоңдорго, башкармачыларга сый көрсөтүү конверт-кутулар жылдын төрт мезгили жөнөтүлүп турчу.

Өткөн кылымдын 60-90-жылдары Оштон Фрунзеге учуучу рейстерде шагыраган коробкаларга жергиликтүү атка минерлер аттарын жазып, самолеттун салонунун бош жерлерине тизип, жүргүнчүлөргө түйшүк жараткандарынан уялбастан тоотмоксон болушчу. Куту жөнөтүүчү кичинекей «кызматкерлер» өздөрүн өтө бактылуу сезишип, кийинки ушундай «бактылуу» учурларды күтүшүп шыпшынып турушчу. Белектер, кутулар, конверттерди жөнөтүүнүн, тапшыруунун, алуунун өзгөчө «маданияты», «схемалары» калыптанып, чоң болуучулар же чоңдордун балдары окуп үйрөнүүчү негизги «салтка» айланган.

Бул белектерге кетүүчү чыгымдар барып-барып жөнөкөй элдин мойнуна илинип, алар да тапканынын бир бөлүгү жогорудагыларга сыйга кеткенине, «маашырканга» мажбур болуп – биздин уул-кыздарыбыз да ушундай майлуу-сүттүү орундарга жетсин деп өздөрүн жоошутуп кала беришчү. Мындай салтты «бешке» өздөштүрбөгөндөргө эч жерде кызмат орду, же күткөн карьерасы жок эле. Жакшы билим, өнөр алуунун ордуна чечен сүйлөгөндү, жогорку кызматтагыларга жагалданганды, мактаганды, жасалма ийгиликтерди көрсөтө билүү ж. б. «көз боёмочулук» жолдорду үйрөнүүсү керек болгон.

Ошентип жасакерленген жагалдануучулар улуу мамлекеттин түбүнө жетишти, Союз ыдырады.

Биз эгемендүүлүккө ээ болдук. Демократия, мыйзамдуулук, эркин ишкердик, терең билим-өнөргө ээ болуу мүмкүнчүлүгүн алдык. Бирок, мурдагы жашоонун саркындылары (урпактары) оңой менен элге, мамлекетке ак кызмат кылуучу инсандарга жол бере коюшпайт. Демократтардын терисин жамынган кошоматчылар эңсеген, төгөрөгүнө жасакерлерди жабыштырган кландар акыркы таасирлерин колдонушу мүмкүн.

Биздин элде, мамлекетте жаңы, прогрессивдүү ойлорду ишке ашырууну колдоо сапаты бар. Бул биздин тарыхый өзгөчөлүгүбүз, сапатыбыз. Менин идеямды колдоболу деп мамлекеттик органдарга, коомчулукка капа болгондорго – идеяңызды даана, коомго пайдалуу экендигин далилдеп, саясатташтырбасаңыз эле ийгилик өзү келет, идеяңыз турмушка ашат. Бюрократтар деп эле сындай бербей, алардын жүрөгүнө бул түйшүктүү идеяңызды киргизсеңиз эле жомоктогудай колдоо табасыз. Мамлекеттик органдарга иштегендердин, ишкерлердин көпчүлүгү элдин жүгүн көтөрөмүн деген өзүбүздүн эле уул-кыздарыбыз.

Билимкана түптөлө баштаган 1987-жылдан бери окуучулар 33 алтын медаль, 116 артыкчылык (кызыл) аттестат алышты, 868 бүтүрүүчүлөрдүн дээрлик баары жогорку билимдүү, же окуу жайларда студент. Алардын ичинен 500дөн көбү бюджеттик бөлүмдөрдө ийгиликтүү окуйт, же жогорку билимдин ээси. Канчалаган ата-эне

контракт төлөбөй, өз күчү менен окууга колдоосуз өтүшкөн уулкыздарынын эсебинен жүздөгөн миллион сом үнөмдөштү.

Эң кызыгы, бул миңге жакын окуучулардын бир бөлүгү жогорку окуу жайларды артыкчылык диплом менен аякташып, алардын жыйырмага жакыны илимдин кандидаттары, докторлору болушту. Бул болсо мамлекетибизге акча менен ченелбеген интеллектуалдык инвестиция болуп эсептелет.

Борбордук Азия чөлкөмүндө бир дагы айыл мындай байлыкка ээ эмес. Бул сыймыктуу, мактана турган жыйынтык. Республикабызда 500дөн ашык айыл өкмөттөр аймагында, кичинекей шаарларда бирден таланттуу балдар үчүн чакан билимкана тибиндеги мектептерди ачууга каражат деле кетпейт. Мамлекетибиз жылына чоң шаарларга барууга шарты жок айылдык миңдеген акылдуу, ыймандуу, эмгекчил, боорукер, таза кадрлар менен толукталып турар эле.

Колунда бар инсандар атайын класстарды, мектептерди уюштуруп, жер-жерлердеги таланттуу балдардын тикеленүүсүнө болгон мүмкүнчүлүгү менен жардамын берүүсү керек. Бул идеяны мамлекет да жакшы колдоого алат деп ойлойбуз. Себеби, мындай жөндөмдүү балдарга чет элдик кылмыш чөйрөлөрү ээ болсо, алардан таланттуу кылмышкерлер чыгаары шексиз. Ички кылмыш топторуну деле ден соолугу чың, элпек, акылдуу уул-кыздарды жолго ташбайт. Мындай топтордун күчтөлүшү элге-журтка, мамлекетке тынчтык алып келбейт. Алардын жаштардын кумирине айланып кетүү коркунучу бар. Бүгүн колунда бар адамдардын байлыктары бир күндө таланып кетиши мүмкүн.

Сирия, Ливия, Ирак, Афганистан өлкөлөрүндө көпчүлүк шаарлар толугу менен кыйрап, жүздөгөн жылдар жыйналган байлыктар отко күйүп жок болду. Сырттан уюштурулган бул кыйроолорду элдин бир бөлүгү колдоду, себеби, мыйзамсыз, элди тоногон мамлекеттик кызматта иштегендердин көпөстүк алдым-жуттум аракеттери мамлекеттик байлыктарга кол салып байлык топтоп, мен бизнес жолу менен байыдым дегенине бечара эл ишенбеди. Өздөрүн өлүм күтүп турганына карабай өз мамлекеттерин талкалашты, курман болушту. Чындык жолу менен, же чоң маяна алып аз

эле убакытта чоң байлык топтоо мүмкүн эмес экендигин эл көрүп – түшүнүп турат.

Мен өз акылым менен таптым деп не бир заводдорду, имараттарды, кирешелүү материалдык байлыктарды кызмат абалынан пайдаланып байыгандар канчалык кууланса да, ал байлыктарды тартып алуу, чындыкты орнотууну эңсегендер муундан-муунга көбөйө берет. Мындай байлыктар мураска бала-чакасына, жакындарына калса да, бул мүлктөрдү талкалоону эңсегендер азайбайт.

Ошондуктан, акылы бар бай адамдардын эл менен бөлүшүүсү, колунда жоктордун балдарын окутууга, өнөр алуусуна, жашап кетүүсүнө, мамлекетке чын жүрөктөн март жардам берүүлөрү керектигин түшүнбөскө айлалары жок.

Ырайымсыз тонолгон элдин балдары да байларга кыжырдануу менен чоңоюп келе жатканы көрүнүп турат. Бул процесстер ак мээнет менен топтолгон байлык ээлерине да кедергисин тийгизет.

Биздин шартта айрымдар мыйзамсыз байлык ээлери болгондугунун себептерин элге түшүндүрүшсө, эл кечирет. Натыйжада адилетсиз байыгандарга болгон кыжырдануу азаят. Кичинекей кыжырдануу чоң нааразычылыкка айланып, айрым күчтөр тарабынан саясатташып, тынчтык бузулуп, дагы эле жөнөкөй элге түйшүк болот.

Бүгүнкү күндө эл таза инсандарга, муунга, адамгерчиликтүү ыймандуу жетекчилерге, ишкерлерге муктаж болгон учур. Бул китеп ушул проблемаларга арналып, чечүү жолдору көргөзүлүп, отуз жылдык тажрыйбаларыбыздын кээ бир натыйжаларын Сиздерге талкууга сунуш кылабыз. Биздин окурмандарга болгон отчетубуз деп билиниздер.

Китептин биринчи бөлүгүндө автор билимкана долбоорунун катышуучуларынын ой-пикирлерине орун берип, экинчи бөлүгү математикалык Ноокат билимканасынын негиздөөчүсү жана илимий жетекчиси Өмүрзак Шеранович Мамаюсуповдун бул долбоорунун пайда болуу себептери чечмеленип, талдоо баяндамасынан турат. Эл жүгүн көтөрүүчү билимдүү, өнөрлүү, эмгекчил, таза инсандарга жолдомолор сунуш кылынып, окуучулар, ата-энелер,

мугалимдер, коомчулук, ишкерлер, мамлекеттик мекемелердин ийгиликтүү кызматтануу зарылдыгы мисалдар менен толукталган.

Үчүнчү бөлүктө долбоордун илимий жетекчисинин окуучуларга, мугалимдерге, ата-энелерге кошумча жолдомолору сунуш кылынып, натыйжалар, жыйынтыктар талкууга коюлган.

Сиздерди урматтап,

Мамат САБЫРОВ,
журналист, жазуучу
Өмүрзак Шеранович МАМАЮСУПОВ,
физика-математика илимдеринин кандидаты.

элек. почта: Sabyrov61@mail.ru

I БӨЛҮК

АЗЫРКЫ КҮНДҮН ДҮЙШӨНҮ

«Бир сөз сенин чечимиңди өзгөртүп ийиши мүмкүн, бир сезим сенин жашооңду өзгөртүп ийиши мүмкүн, бир адам сенин өзүңдү өзгөртүшү мүмкүн»
(Конфуций)

Өмүрзак Мамаюсупов менен мени кадимки эле акын Бектуруш Табалдиев тааныштырган. Эсимде, көчөдө турган болчубуз. Өмүрзак ака менин эмне иш кылаарымды, канча айлык алаарымды сурады. Тапкан айлык башкасын кой, күнүмдүк тамак–ашка жетпей турган каатчылык жылдар эле. Айлыгым аз экенин айтсам, андай кыл, мындай кыл деп заматта бир канча кеңештерин айтып салды. «Силер просто билбей жатасыңар, пул көчөдө эле жатат. Ошону алган киши жок» деди.

Ошол ошол болду, экөөбүз көпкө чейин жолугушкан жокпуз. Арадан жарым жыл өттүбү, бир жыл өттүбү, дагы кокусунан оропара келип калдык. Өмүрзак ака, ошондо сиздин тилиңизди албай бекер кылган экем десем, «азыр дагы кеч эмес, шарт канчалык оор болсо адам ошончолук өзүн көрсөтүп, лидер болуусуна мүмкүнчүлүк түзүлөт»- деди. Бул жолу ал мектептин бүтүрүүчүлөрү үчүн экзаменге даярдоочу репетитордук материалдардын үстүнөн иштөөнү сунуш кылды. Бирок, иштеген ишиң болуп, аз да болсо айлык алып турганда дагы бир кошумча ишти чыгынып башташ өтө кыйын экен. Өмүрзак акенин экинчи сунушун деле ишке ашырганга мойнум жар берген жок.

Үчүнчү жолу жолукканда мен гезитибиз жабылып калып, бош жүргөм. Ишим жок экенин угуп, «Дин иштери боюнча комиссияга келип иште, айлыгы чисто символически, бирок, чоң мектептен өтөсүң» деди. Эми бул жолу анын айтканын кылбагандан башка эч

аргам жок эле. Эртеси күнү барсам, миң сом айлык коюп, эксперттик кызматка алды. Кийин билсем, Дин иштери боюнча комиссияда андай штат деле жок экен. Өмүрзак аке өзүнүн шоопурунан, машинасынан баш тартып, айдоочунун айлыгына, бензинге жумшалчу акчага мага окшогон төрт кишини ишке алыптыр. Качан караба, коомдук транспортко түшүп, Ак үй, Көк үйдөгү кеңешме, чогулуштарга жөө-жалаңдап эле барып келчү.

Ошентип, бир жылдай эксперт болуп иштедим. Бирок, айлыгым аз болгон менен Өмүрзак ака айткандай, аябай чоң мектептен өтүм десем болот. Дин темасын ичинен изилдеп, бул канчалык чоң, татаал маселе экенин түшүндүм. Ажылык сапарга барып, эки китеп жаздым. Алардын бири мусулмандардын бул ыйык парзынын маани-маңызы, аткаруу эрежелери жөнүндө болсо, экинчиси жол очерктери. Эки китепти тең жазуу идеясы Өмүрзак акага таандык. Идея гана бербестен, жазууга шарт түзүп, китепти басып чыгарууга да көмөктөштү.

Ноокаттан чыккан ак таңдай акын, учурунда Токтогул, Барпы сыяктуу алптар менен айтышка түшүп, үзөңгүлөш жүргөн Ботобай ырчы жөнүндө жазуума да Өмүрзак ака себепкер болду.

2006-жылы уулум 9-классты бүттү. Мектепте эле калтырсамбы, же атайын окуу жайлардын бирине тапшыртсамбы деп ойлонуп жүрсөм Өмүрзак ака Арабаев атындагы университеттин алдындагы Чыгыш лицейине тапшырууну кеңеш берди. «Эки жылда кытай тилин да, англис тилин да үйрөнүп чыгат» деди. Өмүрзак аканин ошол бир сөзү менен уулум лицейге тапшырып, эки жылдан кийин БГУга өттү. Азыр кытай, англис тилдеринде эркин сүйлөйт, быйыл Кытайга магистратурага барганга камданып жатат.

Эми мынчалык болду, дагы бир окуяны эскере кетпесем болбос. Эксперттин айлыгы миң сом эле дебедимби. Бир жолу айлыгымды алган соң үйгө барып карасам эле жанагы акча жок. Көрсө, маршруткада баратканда алдырып коюпмун. Эртеси Өмүрзак ака чакырганы үңүрөйүп кирсем шеф эмне болгонун сурады. Айтсамбы, айтпасамбы деп ыңгыранып жатып кечээки болгон окуяны айтып берсем, чөнтөгүнөн менин бир айлыгама тете акчаны алды да колума карматып койду...

Конфуцийдин жакшы кеңеши бар эмеспи, адамга балык бербей, балык кармаганды үйрөтүш керек деген. Өмүрзак ака Жогорку Кенештин депутаты, Дин боюнча комиссиянын төрагасы болуп турганда көп адамдар ар түрдүү маселелер боюнча жардам сурап келишчү. Өмүрзак Шеранович алардын баарына көмөктү Конфуцийдин принциби боюнча көрсөтчү. Башкача айтканда, эч кимден суранбай акчаны кантип өз аракети менен тапканды, күнүмдүк жумушту кантип бир өмүрлүк чоң ишке айландырганды үйрөтчү. Депутат болуп жүргөн кезинде өзүнө таандык эки штатка (жардамчысы менен консультантынын ордуна) төрт, кээде алты адамды ишке алып, алты ай мамлекеттик кызматтын «Алиппесин», кагаз ишин кантип жүргүзгөндү, эң башкысы, эл менен кантип иштегенди үйрөтчү. Андан соң ар бирине жөндөмүнө жараша иш таап берип, узатып койчу. Алардын баары азыр ар кайсыл кызматтарда иштеп жүрүшөт. Мен алардын айрымдарын гана мисалга тартайын.

Майрамбек Таиров аттуу ноокаттык жигитти түрк лицейинде иштеп жаткан жеринен (ал өзү Россиянын ЖОЖун кызыл диплом менен бүткөн аябай билимдүү жигит) өзүнө жардамчы кылып алып келип, документтер менен кантип иштешүүнү үйрөтүп, такшалган соң АРИС уюмуна кызматка которулду. Андан соң Жайлоо долбоорунда иштеди. Азыр да бир чоң долбоор менен иштеп жатат.

Канат Мырзахалилов да өз карьерасын Дин иштери боюнча комиссияда катардагы эксперт болуп баштаган. Бир топ жыл Мамаюсуповдун тарбиясын алган соң кызматтан кызматка көтөрүлүп отуруп, төраганын орун басарлыгына чейин жетти. Азыр дин темасы боюнча Кыргызстандагы эң чыгаан эксперттердин бири.

Давуд Абу уулун Ал-Асхар университетин бүтүп келээр замат дин иштери боюнча мамлекеттик комиссияга эксперт кылып ишке алган. Андан соң комиссиянын Оштогу бөлүмүнө которулуп, ПРООНдо, ОБСЕде өтө чоң долбоорлорду башкарды. Үй-бүлө, исламдагы аялдардын орду жөнүндө кызыктуу китептерди жазды. Долбоор боюнча Кыргызстандын дин ишмерлерин окутууну уюштурду. Азыр Кызыл ай коомунда иштеп жатат.

Маркум муфтий Мураталы Жуманов да Мамаюсупов тап-тап, тарбиялаган кадр. Өмүрзак Шерановичтин кеңеши менен

Исламды үйрөнүү борборун түзүп, андан соң шайлоодон жеңип чыгып, муфтиятты жетектеп калды. Аттиң, шум ажал арабыздан жулуп кетпегенде ал жигиттин ачыла элек мүмкүнчүлүктөрү ого эле көп болчу.

Азыр муфтийдин орун басары болуп иштеп жаткан Равшан Эратовду Өмүрзак ака Пакистанды бүтүрүп келгенде дин боюнча комиссияга атайын максат менен алган (мактагандык эмес, бирок, бул киши ар бир ишти баштаганда, ар бир кадрды ишке дайындаганда мамлекеттик кызыкчылык деген принципти жетекчиликке алат). Эратовдун жардамы менен Пакистанда окуп жатышкан жүздөгөн кыргызстандык балдардын дареги, кайсыл окуу жайларда, кандай багыт менен окуп жатышкандары такталды. Окуу процесси көзөмөлгө алынды.

Өмүрзак ака иш ордунда гана эмес, көчөдө, атүгүл мончодо отурганда да бирөөлөргө жол көрсөтүп, кеңеш бергенден тажабайт. Каракулжалык Акболуш аттуу киши бар. Өмүрзак ака аны менен маркум Шералы Назаркулов аркылуу мончодон таанышып калат. Иши жок кыйналып жүргөнүн угаар замат долбоор менен иштөөнү кеңеш берет. «Калпак» аттуу бейөкмөт уюм түздүрүп, Уставын өзү жазып, атүгүл өзүнүн акчасына каттоодон өткөрүп берет. Андан соң Акболуш аке өз уюмунун атынан кат жазып, шаардагы кайрымдуулук фондуларынын баарына таратып чыгат. Ошол долбоордун негизинде алгачкы жолу АДРА уюмунан кийимкечек алып, өзү жашаган Кара-Кулжа районунун аз камсыз болгон үй-бүлөлөрүнө таратып келет. Андан бери он жылдан ашуун убакыт өттү. Бир кездеги эч кандай билими жок, жумушсуз киши азыр эл аралык уюмдар менен иштешүү боюнча эбегейсиз тажрыйба топтоп, жалпы суммасы миллиондогон сомдорду түзгөн көп долбоорлорду ишке ашырды. Грант түрүндө миндеген түп көчөттөрдү алып, боз адырларга тикти, миндеген адамдарга бекер жардамдарды таратты. Ушу тапта да Кара-Кулжада аз камсыз болгон беш жүздөй үй-бөлөгө бекер нан, эт таратуу боюнча көп жылдык долборду ишке ашырып жатат. Ошол ишинин аркасы менен Ошто, Бишкекте өткөн семинарлардын дээрлик баарына катышты. »Бул киши баарына жагат. Себеби, дили таза, пейли түз, жалган айтканды билбейт, көз боёмологон жалган отчёт жаза албайт. Элге бекер тараткан кийимдердин бирөөсүн өзүңүз кийип алыңыз десек да кийбей койгон. Тил билбегенинен эле Америкага барбай калды. Ага да мүмкүнчүлүгү бар болчу» - деп күлүп калат Өмүрзак аке.

«Жакшылык жерде калбайт» деген чын экен. Бир кезде чогуу иштеген кесиптештер көчөдөн болобу, коомдук транспорттон болобу, жолугуштук дегиче Өмүрзак ака жөнүндө сөз кылабыз. Анын демилгечилдиги, адамгерчилиги айтылат. Ар бирибизге кылган жакшылыгын, көрсөткөн жардамын эстеп, ыраазы болобуз.

Бирок, көп адамга жол көрсөтүп, материалдык, моралдык жардам бергенден бөлөк Өмүрзак аканин эң чоң эмгеги – бул Ноокатка билимкана ачканы. Мен ал жерге бир нече жолу барып, мугалимдер, окуучулар менен сүйлөшүп, өз көзүм менен көрүп келгем. Бир кездеги катардагы айылдык мектеп азыр республикалык, атүгүл регионалдык маанидеги билим очогуна айланган. Олимпиадага катышкан окуучулардын дээрлик баары биринчи, экинчи орунду ээлеген, бүтүрүүчүлөрүнүн 95 пайызы жогорку окуу жайларынын бюджеттик бөлүмдөрүнө өткөн мындай мектеп Кыргызстанда гана эмес, Борбор Азия чөлкөмүндө да сейрек болсо керек. Жердештери Өмүрзак акани «азыркынын Дүйшөнү» деп коюшат. Билимкана алгач түптөлүп жатканда ашарга чогулган эл менен кошо ылай тебелеп, кыш куйганы үчүн ошентип айтышат. Бирок, азыркы глобалдаштыруу доорунда бул ат жаңы мааниге, жаңы контекстке ээ болду. Эгер «Биринчи мугалимдеги» Дүйшөн өз алдына таптакыр сабаты жок айылдык караңгы балдарга тамга таанытуу милдетин койсо, Өмүрзак Мамаюсупов өз алдына элеттик балдарды дүйнөлүк деңгээлге чыгарууну максат кылган. Ноокаттын маданият сарайында билимкананын 20 жылдык юбилейи өтүп жатканда анын бүтүрүүчүлөрүнүн бири Япониядан, бири Американ туруп алып куттукташкандарын көргөндө Өмүрзак ака алдына койгон бийик максат ишке ашып жатканына көзүм жетти. Билимкананын шарапаты менен жогорку окуу жайларга таанышсыз өтүшүп, дүйнөнү кыдырып, азыр мыкты кесиптерде иштеп жатышкан жүздөгөн, миндеген балдардын ата-энелери Өмүрзак акага канчалык ыраазы экенин элестете бериңиз.

Өзгөчө белгилей кетчү нерсе, Өмүрзак ака бул иштен өзү үчүн кымындай да материалдык пайда алган жери жок. Тескерисинче, колунан келишинче билимканага жардам берип келатат. Мен бир эле жардамын айтайын. Мектептин имаратынын бир бурчуна тигүү цехи ачылган. Мугалимдер сабактан бош кездеринде ал жерде иштеп, заказ боюнча мугалимдер, окуучулар үчүн кийим тигишет. Түшкөн акча коллективдин муктаждыгына жумшалат. Цехти иштетүүгө кеткен кездемени болсо Өмүрзак аке өз каражатынан жиберип турат экен. Муну мага мугалимдер Нурийла Марипова менен Кундуз Акбаева айтып беришти.

Улуу педагог Сухомлинскийдин мынтип айтканы бар: «Окуучуга билимдин кичинекей учкунун бериш үчүн мугалим ааламдын жарыгын жутушу керек». Өмүрзак ака да көп окуган, жан дүйнөсүнө ааламдын жарыгын сиңирген терең билимдүү киши. Математика илиминин кандидаты. Эгер артынан түшсө эчак доктор да болсо керек эле. Бирок, илимий карьерадан да, материалдык байлыктан да баш тартып, бүт өмүрүн билимканага арнап салды. Ноокат билимканасы бутка туруп, элитардык мектепке айланышы үчүн көп кишилер салым кошушту. Бирок, демилге көтөрүп, ошолордун баарына дем, ишеним берген, шыктандырган - бул Өмүрзак Мамаюсупов. Азыр, арадан 20 жыл өткөндөн кийин да билимкана ушул кишинин жеке энтузиазмы, эч түгөнбөгөн энергиясы, чымырканган аракети менен жашап, жыл сайын жаңы чокуларды багындырып, жаңы ийгиликтерди жаратып келатат.

Биз бул китепте билимканага анын башатында турган кишилердин, азыр иштеп жаткан мугалимдердин көзү менен баам салып көрөлү дедик. Билимкананын кеңири таржымалын, аны түптөөдө пайда болгон проблемлар, билим берүүнүн көйгөйлүү маселелери, окуучулар жетишкен ийгиликтер, келечек пландар тууралуу китептин 2- жана 3-бөлүктөрүндө Өмүрзак Мамюсупов өзү айтып берет.

ЖАКШЫНЫН ШАРАПАТЫ

«Билим берүүнүн маңызы чаканы толтуруу эмес, жалынды тутантуу»
(У. Б. Йейтс)

Балтагул НУРУМБЕТОВ,
Ош облустук билим берүү бөлүмүнүн мурдагы башчысы:

- 1990-жылдары билим берүү системасында жаңылануу, жол издөө, жаңы реформаларды жасоо маселеси көтөрүлүп калган. Түштүк регионундагы мектептердин ичинен биринчи болуп ушул Ноокат районунда билимкана ачуу маселеси көтөрүлгөн. Мектептин базасы жакшы болгону менен билимкана үчүн атайын өзүнчө база куруш керек эле. Менин эсимде, бир барсам Өмүрзак Шеранович мугалимдерге кошулуп, ылайдан гувала жасап атыптыр. Ошентип отуруп билимкананы ачып, мугалимдерди таап, окуучулрды тандап алып, билимкана ачылган. Анын ачылышына райондун гана эмес, облустун жетекчилери да туура эмес көз карашта болушуп, мындан эмне чыгат эле деген ойлор болгон да ошол мезгилде. Ошол аракеттер менен 1990-жылдардын башында билимкана кичине там-туң басып, бутуна туруп калды. Биринчи эле бүтүрүүчүлөрү өздөрүнүн жогорку деңгээлин көрсөттү десем болот. Он жети, он сегиз бүтүрүүчүнүн баардыгы ЖОЖдорго өтүп, республикага мактанаганыбыз эсимде. Ноокат билимканасы инновациялык мектептердин биринчи карлыгачы болду десем жаңылышпайм. Андан кийин ошол билимкананы мисал кылып алып, бүт облус боюнча мептеп-гимназияларды ача баштаганбыз. Билимкананын биринчи бүтүрүүчүлөрү азыр республиканын жетилин жерден, оорун колдон ала турган кызматтарда иштеп жүрүшөт. Биз мектептерге окуу жайын бүтүп келгендерди эле жибере берчүбүз, билимкананын мугалимдери жан-дили менен берилген адамдар экенин ошол кездерде көрүп калдык. Күнү барсак да, түнү барсак да окуунун үстүндө, мээнеттин үстүндө жүргөндөрүн көрчү элек. Ошонун мисалында биз кийин Ноокаттын өзүндө, Баткенде интернаттын базасында гимназияларды ачтык. Ошто Салиева гим-

назиясын, Өзгөндө мектеп-интернаттын базасында Таңатаров гимназиясын ачтык. Кара-Кулжада, Алайда ачтык. Ноокат билимканасы жалпы республикага өзүнүн жакшы таасирин тийгизди деп айтсам жаңылышпайм. Кийин Түрк-Себат лицейлери ачыла баштады. Бирок, алардын баарынын башатында Ноокат билимканасы турат.

Бөрүбай ЖУРАЕВ,
Жогорку Кеңештин экс-депутаты:

- Биз Жогорку Кеңеште Өмүрзак Шеранович менен чогуу иштеп калдык. Бул кишинин жардамы менен мен да өз округумда, Кара-Суу районундагы Чыңгыз Айтматов атындагы мектепте Авазбек Хажимурзаев аттуу жаш, демилгечил директорду таап, бир топ жаңы демилгелерди баштаганбыз. Өмүрзак Шеранович чет элдерден кантип грант алууну үйрөтүп, жаңы системаны түзүгө жардам берген. Мунун жаңылыгы – айыл өкмөтүнүн чечими менен балдар бакчасын да мектептин карамагына берип, алар бакчаны шефке алып, балдарды мектепке даярдап, кийин алар мыкты окуган балдар болушкан. Алардын көбү жогорку окуу жайларына өтүшүп, бир тобу ошол эле мектепке кайра барып иштеп жатышат. Өмүрзак Шеранович депутат болуп турганда билим берүү чөйрөсүнө көп жаңылыктарды киргизди. Эгемендүүлүк алып, кыйынчылык болуп турган маалда туура багыт берген, ошол кездеги муунду илимдүү-билимдүү кылганга бул кишинин көп салымы бар.

Бүгалча МАМАТАЛИЕВА,
Борбаш мектебинин орус тили мугалими болгон:

- Мугалимдердин, окуучуларыбыздын ата-энелери тандаган өкүлүбүз Өмүрзак мыйзам чыгаруу жыйынына депутат болуп шайланды. Куттуктайбыз деп билимканага эртеси эле жетип бардык. Эл батпайт. Бири калпак, бири көйнөк, тон кийгизип, кубанып алган эл «чындык жеңди, биз жеңдик» - деп сүрөөн салып жүрүшөт. Апасы Гүлсана эжебиз белектерди кийгизип, жакшы тилек менен кайрадан келгендерге таркатып жатат. Өмүрзак, бул Индиянын свитерин сени кийсин деп алып келдим десем, «бир шартым бар: Америкага барып келемин деп убадаңызды берсеңиз киемин.

Кантип барууну үйрөтөбүз. Макул болбосоңуз белегиңизди келгендерге беребиз»- деди. Менин ден соолугум менен өзүм окуган Женпедди да көрбөгөнүмө көп болду. Макул дебеске айлам жок десем, свитерди кийип, «Сиз Америкага барып келгенге чейин чечпеймин. Убада ушундай да» - деп күлдү.

Ошентип, тез эле ишкер аялдарды колдоочу уюм түздүрүшүп, долбоор жазганды, донорлор менен иштөөнү үйрөтүштү, үч гектар аянтка буудай айдап, түшүмүн муктаж адамдарга таркаттык. Активдүү аялдарга семинар өтө баштадык. ЮСАИДдин ишкер аялдарды колдоо программасынын алкагында 1996-жылы мени тажрыйба алмашууга он күнгө Америкага чакырышты.

Чалымдын уул-кыздарын чоңойтуп, небере багып, кээде өзүмчө калганда ыйлап бугумду чыгарып, бир бечара элем деп жүрүпмүн. Көрсө, андай эмес экен. Океандын ар жагында Американын айыл-чарба өндүрүштөрүн көрүп, шыктанып, ден соолугум да жакшы болуп шымаланып иштеп жүрөмүн.

Ошол жылдагы шайлоодо ноокаттыктар академик М. Мамытовду, элге эмгеги сиңген таланттуу врачыбыз А. Мариповду, олимпоздорубуз Ө. Мамаюсуповду, Ж. Жоробековду, көрүнүктүү мамлекеттик ишмер А. Масалиевди депутаттыка көрсөткөнүбүз эң туура болгондугун элибиз сыймыктануу менен айтып жүрөт.

Анаркан АТТОКУРОВА,
ОшМУнун математиканы жана информатиканы окутуунун методикасы, билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын башчысы, педагогика илиминин кандидаты, доцент:

- Менин акыркы он-он беш жылдагы педагогикалык илим изилдөөлөрүм Ноокат билимканасы менен тыгыз байланыштуу. 2002-жылы сюжеттик маселелер аркылуу окуучулардын конструктивдүү ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү темасындагы илимий изилдөө ишимдин эксперименталдык жумуштары да ушул Ноокат билимканасында өткөн. Негизи, биз ал жерде окуучуларды сюжеттик маселелерди чыгарууга үйрөтүү, анын методикаларын изилдөө боюнча бир катар иш-чараларды жүргүзгөнбүз. Ноокат билимканасы математикалык багыттагы билимкана болуп эсептелет, ошону менен катар

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 484677

физика, информатика жана англис тили предметтери да тереңдетип окутулат. Билимканада өзүнүн ишине терең берилген мекенчил, инсандык сапаттарды бийик туткан мугалимдер коллективи эмгектенет. Билимкана акыркы жылдары көптөгөн ири ийгиликтерге жетишти. Ал ийгиликтердин негизги сырларынын бири – бул мугалимдер менен окуучулардын ортосундагы терең кызматташтык. Эгер окутуу процессин баррикада катары элестетсек, мугалимдер менен окуучулар баррикаданын бир тарабында чогуу эмгектенишет. Бул ийгиликтин негизги ачкычы болуп эсептелет. Албетте, билим берүүнүн негизги философиясы окуучуга бурулду, билим берүүнүн негизги фигурасы да окуучу болууга тийиш. Ушул багытта Ноокат билимканасында төмөндөгүдөй милдеттер коюлган:

-Таланттуу окуучулар менен иштөө. Ал боюнча концепцияны иштеп чыгуу. Алардын жекече психологияларын жана билим берүүнүн оптималдуу методдорун үйрөнүү. Учурда улуттун жүзүн көрсөтө турган эң алдыңкы, ыймандуу жаштарды тарбиялоо. Дүйнөлүк олимпиадаларга катышууга, предметтерди орус тилинде окутууга жетишүү. Ал эми мугалимдер коллективи жеке өздөрүнүн алдына педагогикалык илим изилдөө иштерин жүргүзүүнү алдыңкы милдеттердин бири катары эсептешет. Билимкананын төрт окутуучусу ОшМУнун аспирантурасын бүтүшкөн. Андан тышкары, алардын педагогикалык иш-тажырыйбаларды үйрөнүү дайма алардын көңүл борборунда. Алар жергиликтүү жана чет элдик тажрыйбаларды үйрөнүү боюнча өтө кызыктуу иштерди алып барып жатышат. Андан тышкары, алардын негизги миссиясы дүйнөлүк стандартка жетүү, билим сапатын көтөрүү. Негизи, атайын тереңдетип окутулган предеметтер боюнча окуу программаларын, болгондо да автордук программаларды түзүү негизги милдеттерден. Бул боюнча алардын көптөгөн иш-тажырыйбалары бар. Кыргызстанда 2007-жылы профилдик билим берүү концепциясы кабыл алынган. Ал боюнча ырааттуу иштер жүргүзүлүп жатат. Бул багытта Ноокат билимканасынын иш-тажырыйбасы өтө колго алаарлык десем жаңылышпайм.

Билимканага кабыл алуу 7-классты бүтүргөн райондун, облустун бардык мектептеринин окуучуларынан эки жолку сынактын натыйжасында жүргүзүлөт. Биринчи туру 20-майда, экинчи туру 20-августа. Сыноолор математика, англис, кыргыз тили предметтери боюнча жүргүзүлөт. Сыноолорду кабыл алууга ОшМУнун, анын ичинде биздин кафедранын окутуучуларын да тартышат. Биз татыктуу окуучуларды тандап алууга көмөктөшүп келебиз. Билимканада иштегендер негизи айылдык эле мугалимдер. Бирок, алардын өзгөчөлүгү – өздөрүнүн үстүнөн иштегени, тарбиялоо процессин биринчи орунга койгондугу. Ийгиликтин негизги башаты да ушул деп ойлойм. Убактылуу сабагын өтүп, эптеп эле көз көрсөтүп, башка иштер менен алек болуу алардын оюна да келбейт. Алар билимканада, билимкана менен жашашат. Түшкө чейин предметтик сабактар өткөн болсо, түштөн кийин кружоктор, ар кандай семинар, дискуссиялар өтөт, окуучулар өз алдынча иштешет, тапшырмаларын ошол жерде аткарышат. Түштөн кийин толуп жаткан иш-чаралар жүргүзүлөт.

Калмамат АБДЫРАХМАНОВ,

Ноокат райондук элге билим берүү бөлүмүнүн мурдагы башчысы, ардагер, 82 жашта:

- Ноокат билимканасы республикадагы биринчи ачылган лицейлердин бири. Негизи эки жерде ачылган да. Ноокатта, бизде ачылган. Өмүрзактын эмгеги чоң. Ачайлы деди эле макул деп шарт түзүп бердик. Көп кадрлар чыкты. Ноокат үчүн жакшы болду. Саадат Сатарова иштеген, Каныбек иштеген деректир болуп. Шарт түзүш керек экен. Адегенде эски мектептин базасында ачылып, шылтоо менен кошумча мектеп да түшүп калды. Жаңы ачылганда оягы Баткен, биягы Жалал-Абаддан бери келген да. Негизгиси, баарын чече турган мектеп дагы эмес, кадрлар. Канча окумуштуулар чыкты. Бүтүүчүлөрдөн кандидат болгону бар, доктор болгону бар.

Акуш агай,

Ош облустук методикалык борбордун жетекчиси, Ноокат райондук билим берүү бөлүмүнүн мурдагы башчысы:

- Бир күнү иштен кетип атсам биздин төрт көчө деген жерде аксакалдар бүт социалдык объектилерди көрүп, «муну силер алгыла, муну биз алалы» деп бөлүп атышыптыр. Биздин Борко айылында

бир типовой балдар бакчабыз бар. Ошону да «үч дыйкан чарба бөлүп алгыла» дешти. Авалар, бөлүп, бузуп алганда кирпичи деле бүтүн чыкпайт, андан көрөкчө биз деле элге окшоп лицей, билимкана ачпайлыбы десем, бири «ким ачат?» деди. Мен ачайын десем бир балдар бакчасын өткөрүп берип коюшту. Ал кезде менин лицей, гимназия тууралуу анча деле түшүнүгүм жок болчу. Ноокат билимканасына барып, үйрөнүп жүрүп, программасын көчүрүп келип, Борко лицейин ачканбыз. Бул да болсо жакшынын шарапаты. Ачык айтыш керек, мен өзүм көп нерселерди үйрөндүм. Миссалы, лицейди ачууну, анын программасын түзүүнү. Башка мектептерден билимканага барып иштегенде кыйналат элем. Себеби, биз айткан нерселер башка мектептер үчүн кызык болгону менен, билимкананын окуучулары үчүн кызыксыз болуп калды. Мугалим катары окуучуларды канааттандыра албай калганыбызды сездик. Анткени, алар кыйла алдыга кетип калышкан. Ошондуктан, биз материалдарды терендетип окуп, сабакка барам деген күндөрү аябай даярданчу элек. Натыйжада өзүбүзгө да жакшы болду.

Билимкана мектептердин кадыр-баркын аябай көтөрдү. Азыр мектептер көп, бирок жакынкы айылдардагы башка мектептерде катышуу проблема болсо, Борко лицейинде бир орунга үчтөн төрттөн окуучу талаш болуп, конкурс аркылуу киришет. Себеби, окуйм дегендер көп. Лицейди бүткөн балдар жакшы натыйжаларга жетишип жатышат. Менин өзүмдүн бир тууган иним ошол жерди бүтүп, азыр травматолог болуп иштеп жатат.

Төрөбай ЗУЛПУКАРОВ,
Жогорку Кеңештин депутаты:

- Ноокат билимканасынын абалы өтө начар болуп калган. Ичине кирген адам качан шыбы түшүп кетет деп отуруштан коркот эле. Мурда ал имарат менчик мектеп, балдар бакчасы болгон. Биз аны мамлекеттик бюджетке киргизгенге аракет кылдык. Бирок, бюджеттин абалы оор болгондуктан, киргизе алган жокпуз. Бизде Жаш ишкерлер Ассоциациясы (ЖИА) бар. Ошолор жатаканандын имаратын куруп берүүгө ниеттенип калган экен. Менин дагы жардамдашып, бир жагын көтөрүп коёюн деген ниетим бар эле. Ошондуктан, кирпичин толугу менен көтөрүүгө белсенип, алып бердим. Ал эми цементин, жумушчу күчүн ЖИА көтөрдү. Натыйжада, заманбап, жакшы имарат курулду.

Артык СЕЙИТОВ, билимкананын директору:
«КӨП НЕРСЕ АТА-ЭНЕЛЕРГЕ БАЙЛАНЫШТУУ»

- Артык мырза, сиздерден бүткөн окуучулардын көбү ЖОЖдордун бюджет бөлүмдөрүнө өтүшчү эле?

- Ноокат району Ошко жакын болгондуктан, бүтүрүүчүлөрдүн көбү Оштогу окуу жайларга тапшырышат. Андан тышкары, медицина академиясынын бюджет бөлүмүнө өтүштү. Былтыркы жылдын жыйынтыгы менен биздин Ноокат билимканасынан 12 бүтүрүүчү ОшМУнун бюджеттик бөлүмдөрүнө өтүштү. 75 жылдыгы болгондо ОшМУнун ректору Каныбек Исаков кайсыл мектептен көп окуучу өтсө, бир компьютер беребиз деген болчу. Быйыл жазында ОшМУнун жамааты Ош региону боюнча турне жасашты. Биздин Ноокат чөлкөмүндө болгондо мен Каныбек Исаковичке агай, ушундай убадаңыз бар эле, компьютер бересизби десем «бир эмес, экини беребиз» деди.

Биздин билимкананын потенциалы жогору экендигин сезишкендиктен, башка мектептерден да бизге которулуп келгендер улам көбөйүүдө. Жаш ишкерлер ассоциациясынын, Жогорку Кеңештин депутаты Төрөбай Зулпукаровдун колдоосу менен жатакана салынып, окуучулардын билим алуусу, мугалимдердин иштөөсү үчүн дагы да жакшы шарттар түзүлдү. Жатакананын жанында мезгилдин талабындагы заманбап ажаткана да курулду. Ичинде душу, аристону бар.

Бирок, окуу корпусубуз бир аз тарыраак. Лабораториялык бөлмөлөр жетишпейт, мугалимдердин өз кабинеттери жок. Эгер окуу корпусубузду да кеңейтип алсак, биздин билимкана Кыргызстандын түштүгүндөгү эң алдыңкы окуу борборлорунун бири болуп калат эле. Мен айыл өкмөтүнүн жетекчилиги менен сүйлөштүм, китепкананын монсардына конференц-зал кылсак айыл үчүн жакшы болот эле.

Былтыр Ноокатта алма аябай жакшы болду. Биз коллектив менен кеңешип, мектептин багынан жыйналган алманы саттык дагы видео-

камера, интерактивдик доска, фотоаппарат сатып алдык. Ата-энелер да колдоо көрсөтүп, компьютер алып беришти. Өмүрзак Шеранович аябай чоң колдоо көрсөтүп, Бишкектен материалдарды жөнөтүп жатат. Мектептин бир бурчунда эки бөлмөбүз бар эле, анын ремонттоп, спонсордук жардамдын негизинде 20 миң сомго тигүүчү машиналарды оверлогу менен сатып алдык. Мугалимдер сабактан сырткары мезгилде ошол тигүү цехинде иштешет. Бул иштер билимкананын материалдык базасын чыңдоо максатында жасалып жаткан иштер.

- Кайсыл жерлерден келип окушат?

- Эң узагы Кара-Кулжадан, Аравандан. Мурда Кара-Суу районунан да келип окушчу. Көбүнчө өзүбүздүн караштыктар жана кошуна айыл өкмөттөрдөн келгендер. Мурда 45 окуучу жатып окуса, кийин жетимиш бешке жетти. Азыр жаңы жатакана бүткөндөн кийин жүз бала жатып окуганга шарт түзүлдү. Айылдын чет -жакасында жашагандар да жатып окушат. Тамагын беребиз.

- Ошондо, канча окуучу окуйт?

- 229. Ошонун 134ү кыз балдар.

- Мугалимдерчи?

- 24. Бирок, декреттик отпускага чыкандарын кошпогондо он сегиз мугалим такай иштеп жатышат.

- Билимкана болгондон кийин сиздердин мугалимдердин статусу жогорураак болсо керек?

- Албетте, жогорураак. Себеби, Жогорку Кеңеш кабыл алган мыйзамдын негизинде лицейлердин мугалимдеринин айлыгына 20, гимназияларда иштегендерге 15 пайыз кошулат. Мугалимдик кесип ушунчалык татаал, кээде иштен кеч барып эртеңки сабакка даярданганга үлгүрбөй каласың. Тажрыйбалуу мугалимдер даярданбаса деле сабагын беш колдой билет. Ал эми жаш мугалимдерге кыйын эле болот. Алар такшалганча кеминде он жыл убакыт керек болот.

Биздин бүтүрүүчүлөр АКШ, Малайзия, Японияга чейин барып, окуп, иштеп жатышат. Алар бүгүн өздөрү окуган билимканага инвестиция сала башташты. Биздин биринчи бүтүрүүчүлөрдөн Мыктыбек Аманов айыл өкмөтүнүн башчысы. Райондук борборлошкон ооруканада, Бишкекте иштегендер бар. Медицина тармагында иштегендер айрыкча көп.

Биз 20-майда, 20-августта тандоо өткөрөбүз. Кыргыз, англис тилдеринен, математикадан экзамен алабыз. Бирок, акыркы жылдары эмнегедир бизге келген балдардын деңгээли төмөн болуп жатат. Мурдагыдай эмес. Мен географиядан сабак берем да. Келген балдарды отургузуп алып окутуп көрөм. Кээ бир балдар шар окуй алышпайт. Жөпжөнөкөй жадыбалды билишпейт. Анан ошондой балдарды окутуп, олимпиаданын жеңүүчүлөрү кылып чыгаруу өтө кыйын. Бул биздин мугалимдерден болуп көрбөгөндөй эмгекти талап кылат.

Балдардын билиминин жогору же төмөн болушу эң биринчи ата-энелерге байланыштуу. Баланын таянар тоосу ата-эне болгону менен алар ошол жоопкерчилигин сезбей жатышат. Бизде, Ноокатта сабиз эгишет. Анын уругун Кадамжайдан барып алып келишет. Бирок, кээ бир ата-энелер баласынын сабагын, күндөлүгүн карап, эмнең жетишпейт деп сурап койбойт. Лейлектеги 3-эксперименталдык мектепте Кадыр Мадаминов деген агай бар. Энелер мектебин ачкан. Мисал үчүн сиздин балаңызды мектепке кабыл алыш керек болсо аялыңыздан экзамен алат. Себеби, эне билим берүүдөгү эң башкы фигура.

Гүлмира МАМЫТОВА, билимкананын биология мугалими:

- Кош тилдүүлүк боюнча долбоор бар экен, биз тапшырып, ошого өтүп калдык. Башка мектептер экиден-үчтөн эле предмет тандаса, биз тогузду тандадык. Мунун максаты – окуучуларды кыргызча, орусча кошо окутуу. Башында сабакты бышыктоодо, киришүү бөлүмүндө эле колдонуп турунуздар деп ошол боюнча өттүк. Эмки жылы сабактар толугу менен эки тилде өтө баштайт. План-конспектилер да орус тилинде жазылат. Буга чейин жалаң кыргызча өтчү эле. Максат – кайсыл жерге барса кош тилдүүлүк керек. Бизден медицианалык академияга тапшырып өткөндөр көп. Ошолор каникулга келгенде «биз кыргызчасын билген менен орусча түшүндүрө албайт экенбиз, ошол жагынан кыйналып атабыз» дешет. Ошондон улам биз адегенде сөздүк катары эле өтүп жүрдүк сабак катары өтө баштадык. Мунун натыйжасы эми төрт жылда билинет. Кара-Кулжага семинарга барып келдик. Алар да бизге келип, сабак өтүп кетишти.

БАЛДАРЫМДЫН БАГЫН БИЛИМКАНА АЧТЫ

Өмүрзак ака экөөбүз Кара-Таш айылынын тургуну Абдисалан Жалиловдун үйүндө отурдук. Салан ака Ноокат билимканасын түптөгөндөрдүн, анын курулушунун башатында тургандардын бири экен.

- Солярка жок. Кудайдан болуп, Саландин бир трактору бар экен, ошону менен билимкананын терегин дагы ташыды, ташын, саманын дагы ташыды. Өзү дыйкан, алты баласы билимканада окуду. Бир айылдан бир үй-бүлө баары тең алтын медаль, артыкчылык аттестаты менен бүткөн Орто Азияда жок болсо керек, - деди Өмүрзак ака.

- Мен өзү кемпирим экөөбүз тең тамекиде иштеп, карапайым колхозчу эле болуп жүргөнбүз. Жолдо иштедим, трактор чу, ширетүүчү болдум. Өзүм билим алалбай калдым, эми балдарымды окутсам деген ой болгон да. Кыргызчасы болобу, орусчасы болобу, китептерди тапкан жеримен алып келе берет элем. Биздин балдардын пешенеси ачылып, Өмүрзак досумдун демилгеси менен билимкана уюшулуп кетти.

Чоң кызым Минажат 1993-жылы билимкананы биринчи болуп алтын медаль менен бүткөн. Улуттук университетти информатика боюнча бүтүп, аспирантурада окуду. Азыр өзүбүздүн билимканада иштейт. Кийинки кызым Роза 1995-жылы алтын медаль менен бүтүп, КУУнун бюджеттик бөлүмүнө өттү. Окуусун бүткөн соң Бишкекте италиялыктар менен иштешип жүрүп, азыр Москвада, компьютер тармагында иштейт. Андан кийинки кызым Айнагүл 1997-жылы бүтүп, биология факультетине тапшырды. Иштеп жүрүп, Илимдер Академиясында кандидаттык диссертациясын жактады. Ошол жерден долбоорду утуп алып, докторантурада окуган га Австрияга кетти. Азыр Москвада илимий ишин улантып жатат. Биолог катары Кыргызстандын алтын фондусу китебине кирип калды.

Андан кийинки уулум Нургазы да билимканын алтын медаль менен бүтүрүп, улуттук университетке кирди. Ал дагы математик. Азыр компьютер боюнча Бишкекте бир фирма ачкан. Кызым Айзирек да КУУну бүткөн. Эң кенже уулум университетти информатика адистиги боюнча быйыл бүтүп атат.

Бир жолу кызымды Оштон Бишкекке «кукурузник» самолет менен апарганмын.

-1989-жылы билимканада он сегиз бала окуса, он сегизи тең райондон бардык предметтер боюнча биринчи орунду алып, облуска барышкан. - Сөзгө кайра Өмүрзак ака кошулду. - Областтан да баары биринчи орунду алышып, республикага барганда биринчи, экинчи, үчүнчү орунду алышты. Кийинки жылы облустан үчөө өттү. Арасында мунун кызы дагы бар.

- Ал убакта пут тосуулар көп эле да. Ошко барсак самолетко киргизбей коюшкан. Бир сутка жаттым. Бул сөгөт. Досум да. «Эптеп учур» дейт. Аңгыча почта ташыган бир кукурузник самолет келип калды. Смендин начальнигине кирсем, «эки эсе кылып төлөйсүз» деди. Он эки киши чогулуп кирип, ведомость түзүп, самолеттун барып келишин төлөдүк. Эки саатта жеткирет экен. Түшкү саат бирде Бишкекке жетип, андан Токмокко чейин такси менен бардык. Ошончо тарткан убарагерчилигибиз акталып, кызым биринчи орунду алды. Балдарды шунтип бутуна тургузгансып калдым.

- Эми элге кызмат кылышка өтүштү. Минажат жылда балдарды республикалык олимпиадаларга чыгарууда. Саландин балдарындей билимкана болсо эле кыргызстандыктардын ар биринде ушундай шанс бар.

- Мени Салан дегендей, биз Момой деп коёюбуз, билимканада завхоз бар эле. Кара-Сууга велосипед менен барып, боёк алып келген.

- Жол киреге акча таппай калсак велосипедчен кетип калыптыр. Бирөө эле эмес, бүт баары фанат, «жылаңач баатырлар» эле. Кечинде саат ондон кийин жарыкты өчүрөбүз да. Окуучулар кроватардын астына жашынып алып окушчу. Ажибай акани үйүнө кет десек кетпейт, Абан агай да кетпейт, «биз бул балдардын алдынан жыла албайбыз» деп. Азыр деле ошолордун иши уланып атат.

Шаршеке ҮСӨНОВ,
Дин иштери боюнча комиссиянын мурдагы бөлүм башчысы:

- Өмүкө ички дүйнөсү кеңири, жаңыча көз караштагы, жаңы жетекчилердин бири. Совет мектебин бүтүп калган кишилердин арасында эскинин саркындысынан арыла албай, ал жак, бул жакты кылчактап, же алдыга, же артка кете албай тургандар көп да. Өмүкөнүн баалуулугу – келечекти көрө билип, алдыга чечкиндүү кадам жасай алгандыгы. Кээ бир идеяларын укканда утопия сезилип, мыйыгыман күлгөн учурлар болгон. Бирок, чогуу иштешип калган соң бул кишиде биз билбеген чоң көрөңгө бар экендигине ынандым. Мага окшогон советтик мектепте окуп, комсомолдук, партиялык кызматтарда иштегендерди ынандырыш, о-о-й, оңой жумуш эмес. Бир эле мисалын айтайын. Жыйналышта «пол жууган аялдарга чейин баарыңар Америкага барасынар, өкмөттүн акчасын карап отурбай долбоор жазып, тигил же бул уюмдан тыйын алабыз» дегенде күлүп коюп чыгып кеткем. Кийин ошол долбоорлордун баары ишке ашып, биздин балдар «Демир банктан» чыкпай калышкан. Айына 600-700 доллардан алышчу. Алардын көпчүлүгү ошол долбоорлор менен үй-бүлөсүн багып кетишти. Ошол Өмүкөнүн эсинде калган экен, Америкага барып келгенден кийин бир окумуштуу келип алып, башты оорутуп жатат дедиң эле, Америка кандай экен?» - деп сураганда сиздин айткандарыңыз чындыгында эле адам ишенбей турган идеялар болчу деп моюнга алдым.

Облустарга командировкага чыкканда «өзүбүздүн эле акчага тамак ичели, мен силерге алып берейин» - деп баарыбызга тамак алып берчү. Кыргыздын турмушун билесиңер да, барган жериңде устукан аласын, анан аны пакетке салып, үйгө көтөрүп келесиң. Өмүкө жетекчи болуп келгенден кийин үч жылдай үйгө эчтеке алып келбей калдык. Баарын жыйнап, медреселер менен жетим балдар үйлөрүнө берчүбүз. Атүгүл молдокелер да Мамаюсупов эмне деп коёт деп жалтандап турушчу. Көрсө, азыр заман башка, эски оорулардан арылтайын, эл жаңы көз караш менен жашасын деген ой экен да. Конфликттик кырдаалдарды жоюш үчүн Чүйдөгү мечит, медреселерди бирден жөө кыдырган жетекчини азыр издесең да таппайсың.

Бир жолу бир жердешине «терек тиккиле, дыйканчылык кылсаң бир жыл болсо, бир жыл болбой калышы мүмкүн. Теректи болсо сугарып койсоң эле өсө берет. Анан аны сатып коюпьютер аласың, дүйнө менен байланышасың» деп айтып атат. Ойлоп көрсөм, чындыганда эле ошондой экен.

Өмүкө кыргызга керектүү саналуу адамдардан. Бирок, акыркы учурларда бизде ошондой кадрларды барктап, кызматка коёлу деген саясат жок болуп калды. Азыр ушундай элди алдыга сүрөгөн, элди ишендире алган жетекчи керек. Менин терең ишенимимде Мамаюсупов өкмөттүн кызматына муктаж киши эмес, бул кишиге биз муктажбыз. Мен кээде ойлоп коём, эгер Өмүкөгө Баткен сыяктуу артта калган облусту берип койсо беш жылда оңдоп кетмек. Чегара маселелерин чечип, өрүктү чет өлкөлөргө экспорттоонун ыкмаларын ойлоп тапмак. Баткенге чет элдик туристтер толуп кетмек.

Бул кишиде Кудай Таала берген чоң акыл бар. Өзү ойлогон нерселерин эч кимден эчтеке сурабай эле жасап ишке ашыра алат. Билимканалар буга эң сонун далил. Кайда болсо да ишинде ийгилик болушун каалайм.

Жаныбек БОТОЕВ,
Дин иштери боюнча комиссиянын башкы адиси:

- Мен Өмүрзак Шерановичти дин иштери боюнча мамлекеттик комиссияга директор болуп келгенге чейин эле ноокаттык жердешим, биздин райондо алгачкы лицейлерди ачкан чыгаан математик катары билчүмүн. Экөөбүз анда-санда мончодон жолугуп калчу элек. 2001-жылы сентябрда Дин иштери боюнча комиссияга директор болуп дайындалганын угуп калдым. Бул кишинин бир көрөгөчтүгү - кадрларды тандай билет. Ал кезде мен Бишкек мэриясынын юридикалык камсыздоо департаментинде иштечүмүн. Дагы бир жолу жолукканда «бизге юрист болуп иштеп бербейсиңби» деп суранып калды. Жети-сегиз эле киши иштечү анда. Бул киши өкмөттөн суранып атып дагы жети штат ачтырып, биз конкурстан өтүп иштей баштадык. Дин иштери боюнча комиссия (ал кезде агенттик болчу) 1996-жылы ачылып, жөн эле, системасы жок

иштеп жүргөн экен. Өмүрзак Шеранович келген соң маалымат басасын түзүп, Кыргызстанда канча дин уюму бар, алар кайсыл жерде жайгашкан, жетекчилери ким - ушунун баарын тактап, атайын справочник чыгардык. Диний окуу жайлар, сырттан келген миссионерлер боюнча да өзүнчө справочник чыкты. Справочниктик-терди гана эмес, «Кыргызстандагы диний кырдаал» деген сыяктуу чоң китептер да чыгарылды.

Биз бул кишиге азырга чейин ыраазычылык билдиребиз. Мага жана мени менен кошо кызматка келген алты кызматкерге долбоор менен иштегенди, өзүнө-өзүн суроо коюп, аны чече билгенди үйрөттү. Өзү математик болгону менен диний кырдаалды аябай жакшы билчү. Муфтияттын кызматкерлерин мамлекет менен тыгыз кызматташып иштөөгө көндүрдү. Ага чейин дин мамлекеттен ажыраган деп өздөрүнчө эле жүрө беришиптир да. Биздин балдар муфтияттын бүт документтерин системага келтирүүгө жардам бериште. Мунун баары Өмүрзак Мамаюсуповдун эмгеги.

Жетекчи катары бир жакшы жери - эч кимди урушчу эмес, чогулуп, бирге иштегенге үйрөтчү. Чонсунбу, кичинекейсиңби, кызматың жогорубу, төмөнбү – ага карачу эмес. Маселени коюп туруп эле анан «мозговая атака» деп ишке салчу. Өзү аябай стратег эле. «Акимчиликке барасыңарбы, облустун губернаторуна барасынарбы, силер дин комиссиясынын өкүлү катары алар менен теңата сүйлөшкүлө. Алардын көбү дин маселесин билбейт, силердин даярдыгыңар күчтүү болуш керек» - дечү.

Ошол кезде дин иштери боюнча комиссияга келген балдардын баары жогорулап көтөрүлүштү. Каныбек Маматалиев бөлүм башчылыкка жетти. Ошол кишинин аркасы менен мына 2001-жылдан бери иштеп келатам. Эгер мэрияда болсом эчак кыскартылып, же пенсияга айдап жиберет беле...

Канатбек МУРЗАХАЛИЛОВ, Дин иштери боюнча комиссиянын директорунун мурдагы орун басары, диний эксперт:

- Өмүрзак Шеранович, менин мамлекеттик кызматка кирүүмө түрткү болгон, аны бир гана кесиптик жактан эмес, турмуштук жактан да устатым деп эсептеймин! Аалымдык алкакта ой жүгүрткөн, интеллектуалдык көрөңгөсү жогору, маданияттуу, мекенчил, кичи пейил инсан. Ошол эле учурда жумушка болгон талапты катуу коюп, аткарылган иштин жыйынтыгы аркылуу күтүлбөгөн чечимдерди кабыл алган жогорку денгээлдеги башкаруу сапатына ээ. Кол алдында 4 жылга жакын убакыт иштеп, андан кийин да жеке мамилелерди үзбөй байланышып келатам. Өмүрзак Шерановичтен байкаган нерсем, ал киши турмуш процесстерин, андагы болгон окуялардын өнүгүүсүн жана акыркы чекитин оюнда же болбосо кагаз бетине математикалык моделдөө жолу менен так анализин чыгарып, прогноздой алат. Логикалык ой жүгүртүү менен математикалык тактыкты айкалыштырган көптөгөн чечимдери, кадамдары мамлекет менен диндин ортосундагы мамилелерди кандайдыр бир денгээлде оптималдаштырып, практикалык, укуктук база түзүүгө шарт жаратты. Дин кызматкерлерин эл аралык уюмдардын социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган долбоорлоруна мобилизациялап, дин чөйрөсүндөгү түрдүү негативдүү көрүнүштөрдүн алдын алууга жетишүүгө болорун далилдеди. Өз кезегинде бул метод чет өлкөлүк эксперттер тарабынан постсоветтик өлкөлөрдүн ичинде жүзөгө ашырылган уникалдуу иш-чаралардын топтому болгондугун моюндап, башка мамлекеттерге жайылтуу механизмдерин иштеп чыгып, практикалык жактан иш жүзүнө ашкандыгы белгилүү.

Искендер ОРМОНОВ, бизнесмен, Жаш ишкерлер ассоциациясынын мүчөсү:

- Өмүрзак агай «силер жасап аткан иштердин философиялык негиздерин, Новосибирск шаарындагы генийлер окуган университеттин тажрыйбасын, кырзыз элинин мурастарын эске алган, орток, куюлушкан уя катары билимкананы негиздегенбиз, барып көргүлө» деп калды. Барып көрдүк. Агайдын адамды даярдоо таланты өзгөчө. Бизди барганга чейин эле даярдап койгон болчу. Барып көргөндөн кийинки окуялар да бизди жетеледи. Билимканынын имараты жупуну, жатаканасы андан да жупуну экен. Бирок, ичи абдан таза, балдар ийкемдүү, тарбиялуу, саламдашып өтүп жатышат. Кар жаңыдан эрип жаткан жаз айы эле, жатаканын кыз-

дар жашаган бөлүгүндө тамчы таамп атыптыр. Баклажкалар турат ичинде. «Эртең менең ушунчалык суук болот. Ошондуктан, кечинде баклажкаларга сууну толтуруп, койнубузга салып жатабыз. Эртең менен жылып калат, ошону менен бети-колубузду жууйбуз» - дешти кыздар.

Ошондо биз Бишкекте ысык суу, муздак суусу бар жылуу үйлөрдө отуруп алып эле өзүбүздү патриотпуз дейт экенбиз. Ушундай шарты начар жатаканадан аракетчил, таланттуу балдар чыгып атат. Эгер шарт мындан да жакшы болсо дүйнөнү дүңгүрөткөн, Чыңгыз Айтматовдун ишин улантканатуулдар сөзсүз чыгат деген ой менен Тариэлге окшогон патриот ишкерлерибиз ошол эле жерден бел байлап, кантип ремонттоону талкуулай баштадык. Аңгыча бирөө жаңыдан эле куруп бербейлиби деп калды. Өмүрзак агай менен кеңешсек, көктөн издегени жерден табылгандай сүйүндү (бу кишилер эл дегенде башкача сүйүнөт экен да). Анын сүйүнгөнү, айткан кеңештери бизге канат берип, жатакананын курулушу башталды. Тариэл жакшылык иш дегенде ушунчалык дилгирлене чурканган досубуз, Ноокатка тынбай барып, күйүп-бышып, ошол жатакананын курулушуна эң көп салым кошкон да ушул болду.

Адамдар ишенип, анын артынан массалык түрдө кадам таштай алса ар кандай идея ишке ашат экен. Ишкерлеribиздин деми менен Кыргызстанда ар бир облуста, жогорку окуу жайларында 12 жатакана, 10 бала бакча курулду.

Майрамбек ТАЙИРОВ, КР Айыл жана суу чарба министрлигинин айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмүнүн директору:

- Менин жетилишиме ата-энем жана эки киши чоң таасир этишти. Алар: Өмүрзак Шеранович Мамаюсупов жана Эльмира Султановна Ибраимова. Россиядан жогорку окуу жайын артыкчылык диплом менен бүтүп келсем дагы айылымдагы мектептен орун болбоду. Шаарга келдим. Мектепте, түрк лицейинде, бизнесте иштедим. Күндөрдүн биринде атам Өмүрзак Шерановичтин визиткасын тааныштар аркылуу айылдан жөнөтүп жибериптир. Телефон чалдым. Өмүрзак ака өзүнүн жанына ишке алды, коомдук уюмдар, эл аралык уюмдар менен иштегенди, бийлик коридорунда басканды үйрөттү. Эң негизгиси, элге ак

кызмат өтөгөндү жана эл аралык уюмдар менен туура жана таза иштегенди үйрөттү. Азыр чоң-чоң долбоорлорду Кыргызстанга тартып жатабыз, көпчүлүгү билим тармагында. Азыр биз аткарып жаткан долбоорлордун жардамы менен Кыргыз агрардык университетинин ветеринардык факультетинде 111 студент окуп жатат. Аларга контрактыларын, мыктыларына стипендияларын төлөп берип жатабыз. Алар алыскы айылдардан келишти, окууларын бүткөндө кайрадан айылдарга барып иштөө жагы каралган. Жаш мугалимдерге, жаш окумуштууларга жардамдар көрсөтүлүп жатат, алардын арасынан тандалган мыктылары Германияга, Москвага, Исландияга барышып, стажировкадан өтүп келишүүдө. Элдин ден соолугу үчүн күрөшүп жатабыз. Бруцеллез беш эсе кыскарды. Бул деген жыл сайын 3 миңден ашык үй-бүлөдө бруцеллез менен ооругандар токтоду деген сөз. Акыркы беш жылда бул 16 000ге жакын үй-бүлө. Ушул күнгө чейин айтылган эмес эле, Жогорку Кеңеште иштеп жүргөндө биринчи отпускнойго Бишкектен өз айылыма чоң адистерди алып барып, алардын жардамы менен аялдардын кол өнөрчүлүгүн өстүрдүк, анын артынан бала бакчаны бутуна тургуздук. Билимканага да жардам берүү боюнча да ойлор бар.

Чынара БОРОНБАЕВА, Агахан фондусунун кызматкери:

- Ноокат билимканасы мага эң негизгиси татыктуу тарбия бергенди. Адамгерчилик жашоонун башкы принциби экенин мектептеги мугалимдерим өздөрү үлгү катары көрсөтүп беришти.

Мен «Ноокат» билимкасында окуп, билим алганыма дайыма сыймыктанам жана мугалимдериме ыраазычылык билдирем!

Зарлыкбек ИМАРОВ, Жогорку Кеңештин эксперти:

- Ар бир адам кайсыл жерде болбосун, ким болбосун, «А» тамгасынан үйрөнүп баштап билим алган мектебин, анан окуткан мугалимдерин өмүр бою эсинде сактап, анан аларды дайыма сыйлап жүрөт.

Албетте, кызмат жагынан, тандаган кесибине жараша иштеген жумушу боюнча, же турмушта башкача бир белгилүү орунда жашоо өткөрүп жаткан ар бир адамдын ошол деңгээлге жетишине илим-билим, тарбия, адеп-ахлак үйрөткөн мектеби негизги себепкер

деп ойлойм. Туулуп-өскөн жер, ата-эне, тууган-урук, эл-журт, айлана-чөйрө, мектеп, агай-эжейлер – булардын бардыгы жашоодогу ыйык нерселер. Анын ичинде окуган мектептин өзүнчө орду бар.

Кыргыз Республикасы эгемендикке ээ болгон мезгилдерде республиканын ар кайсы жерлеринде мыкты окуган окуучуларды бириктирип, атайын уюштурулган лицейлер ачылып баштаган. Ошолордун алгачкыларынын бири болуп Ноокат районундагы Кара-Таш айылында жайгашкан «Ноокат» билимканасы алгачкы толук классты 1993-жылы окутуп, уясынан учурду. 18 бүтүрүүчүнүн алтоо Оштогу жогорку окуу жайларына тапшыруу үчүн калышты, 12 окуучу мектеп директорубуз баш болуп, Бишкек шаарына жергиликтүү 1 автобусту жалдап, жолго аттанганбыз.

Шаарга келип, улуттук университеттин ошол кездеги №8 жатаканасынан орун алып, бардыгыбыз жогорку окуу жайларды кыдырып, тандаган кесипке жараша окууларга тапшырып, ошол кездеги билим берүү министри Чынара Жакыпова жетектеген реформага ылайык экиден ЖОЖго тапшыруу бактысына туш келип, ар биребиз экиден окуу жайларына сынактан ийгиликтүү өткөн күн бүгүнкү күндөгүдөй эсибизде, ал – биздин жашообуздагы тарыхтын бир үзүмү.

Окуу жайларын ийгиликтүү аяктаган классташтар, бизден кийинки бүтүрүүчүлөр бардыгы турмушта өз ордун таап, республикада, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдө иштеп жүрүшөт. Илимий чөйрөгө аралашып, юридикалык, медициналык, курулуш чөйрөсүндө, ишкерликте жана башка тармактарда билимканачылар иштешүүдө.

Билимкананы ачуу идеясын көтөргөн, илимпоз, чыгаан инсан, Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты болгон Мамаюсупов Өмүрзак Шеранович өзгөчө сыйга татырлык. Жаңы ачылган имараттын ичи бүтпөй, директор болгон Матисаев Каныбек агай баш болуп ички шыбактарына чейин өзү иштеп аралашып, окуу бөлүмүнүн башчысы Каразакова Ташбү эжейибиздин темирдей тартипти орнотуп, анан жалпы бизди окуткан, азыркы мезгилге чейин эмгектенип жатышкан агай-эжейлерибиз жөнүндө сөз кылсак, анда өзүнчө китеп жазууга туура келет. Айтор, билимкананы аяктаган, анда окуп жаткан окуучулардын ар бири бул кишилерге тизе бүгүп, таазим этебиз десем жаңылышпайм.

Мамлекетке, эл-жерибизге кызмат кылган татыктуу инсандар дайыма билимканадан чыга бермекчи, билимканачылардын уучу үзүлбөсүн демекчимин...

Улук САКТАНОВ,
ОшТУнун кафедра башчысы, математика илиминин кандидаты:

- Билимкана ачылганда биз 11-класс элек. Классташым Бакыт Ташбалтаев экөөбүз өзүбүз окуучу болсок да билимканада математикадан сабак бергенбиз. Себеби, биз облустук олимпиадага катышып, экинчи орунду алганбыз. Ошон үчүн Матисаков Каныбек агай бизге сабак бердирген. КУУнун мехматын бүтүргөн соң эки жыл Ноокат гимназиясында иштедим. 1997-жылдан бери ОшТУда иштеп келатам. Билимкананын максаты айылдык жаштарга шаардык деңгээлде билим берүү болгон. Ошол максатына жетти деп ойлойм. Себеби, көп мыкты окуучулар бүттү. Айрымдары чет мамлекеттерде иштешет. Арасында илимдин докторлору, кандидаттары бар.

Чындыкбек МАТИСАЕВ,
Жогорку Кеңештин аппаратынын эксперти:

-Мен билимкананы 2001-жылы бүткөм. Билимкана бизге аябай терең билим берди десем жаңылышпайм. Ал айыл жергесиндеги эң күчтүү, атүгүл шаардык мектептер менен теңтайлашкан мектептердин бири болчу. Ошол жерден алган билим менен көп жетишкендиктерге жетишип отурабыз. Жогорку окуу жайга өткөнгө да чоң жардамы тийди. Мени менен чогуу окугандардын 99 пайызы жогорку окуу жайларына өтүштү. Азыр ар кайсыл тармактарда, көбүнчө врач болуп иштешет. Мен адегенде КУУнун экономика факультетин, андан соң Юридикалык академияны бүттүм.

Эмил БОРКОШЕВ, Кыргыз-түрк «Манас» университетинин доцентинин милдетин аткаруучу:

- Билимканага атам мени тамеки тизип жаткан жеримен эле алпарып тапшырткан. Жайкы каникул убагы эле. Ноокаттын борбо-

рунан экзамен тапшырып, өтпөй калдым. Ал убакта Каныбек агай директор болчу. Мени дагы бир сыйра текшерип көрүшүп, сыноо мөөнөтү менен окуп көрүүгө мүмкүнчүлүк бериштиси. Бул учурда классташтарым кыйла алдыга кетип калышкан. Мен жарым жылдын ичинде аларды кууп жеттим. Кийинки жылы агайлардын сунушу менен үч баланы: Акыл Жээнбековду, Кылыч Эргешовду, мени экстренный окутабыз деп тандап алышып, тогузунчу классты бүтөөр замат эле он бирге отургузуп коюшту. Эки жылдын программасын бир жылда окуп бүттүк. Көп жолу облустук, республикалык олимпиадаларга катыштык. Билимкананын ушунчалык сүрү бар эле, биз барганда биринчиликти ушулар алып кетет деп чочулап турушчу. Чындап эле ошондой болот эле. Мен физика боюнча облустан эки жолу биринчиликти, республикадан 2-орунду алгам. Физика мугалимибиз Тургунбай агай аябай жакшы окутчу. Бирок, алтын медалга жетпей калгам. Бизден Кылыч алса керек эле.

Билимкана физика-математика багытында болгондуктан, 1994-жылы окууну бүткөн соң көбүбүз улуттук университеттин физика-математика факультетине тапшырдык. Биребиз да пара бербей, өз күчүбүз менен өттүк. Окуганда да кыйналган жокпуз. Себеби, билимканада окуп жүргөндө математика мугалимибиз Токур агай Москва мамлекеттик университетинен математикалык эсептерди алып, бизге чыгарткан соң кайра жөнөтчү. Алардан туура чыгарыпсыңар деген жооптор келчү. Ошентип окуп жүргөндө биздин бир курсташыбыз XXI кылымдын кадрлары программасы боюнча Малайзияга окууга өттү. Аны көрүп мен да кызыгып, даярдана баштадым. Ал кезде Малайзиянын эл аралык ислам университети менен келишим бар эле. Мен дагы ошол университетке өтүп, бир жыл окуп келдим. Университетти бүтүргөн соң Улуттук илимдер Академиясынын президиумунда, эл аралык бөлүмдө эл аралык долбоорлорду күчөтүү боюнча иштедим. Ошол жерден Японияда окуп келүүгө мүмкүнчүлүк болду. Кумомото университетинде материалдарды синтездөө боюнча билим алдым. Аны бүтүрүп, ошол эле университетте жети жыл иштедим. Окуган мезгилимди кошкондо Японияда он бир жыл жүрдүм. Эки балам ошол жакта туулду. Япон тилинде эркин сүйлөшөт.

Мына жарым жылдай болду, Кыргызстанга кайра келип, кыргыз-түрк «Манас» университетинде сабак берип жатам. Ушунун баары бир кезде билимканадан алган билимибиздин натыйжасы десем болот.

Жаңылай АБДЫМОМУНОВА, Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын студенти:

- 2007-жылы «Ноокат» билимканасы лицейине сегизинчи класстын окуучусу катары кабыл алындым. Ал жерде 4 жыл билим алуу менен бирге жашоодогу көп жакшы нерселерди үйрөндүм. Билимканада окуп жүрүп келечегим жөнүндөгү алгачкы ойлорду ойлоно баштадым, алдыма ниет-максаттарды коюп, бирине жеткенден кийин экинчисине аракет кылып, акырындап өзүм келечегим үчүн жакшы пайдубал тургуза алдым деп ойлойм. Жеңилген да, жеңген да күндөр болду... 2011-жылы билимкананы биздин класстан он окуучу алтын медаль менен бүтүрдүк.

Учурда КММАда окуйм, мектептен алган билим, тарбиям бул жерде дагы мыкты болууга жардам берүүдө. Буйруса, агай-эжейлеримиздин жакшы иштерин улантсак, бул жашоого кичине болсо да из калтыра алабыз деп ишенем.

Топчубек МАКАМБАЕВ, Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын педиатрия факультетинин 5-курсунун студенти:

- Мен, Ош облусунун Ноокат районуна караштуу Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн Айбек айылында карапайым үй-бүлөдө төрөлгөм. Атам Теңизбаев Ибраим айдоочу, апам Теңизбаева Канайым үй кожейкеси. Үй-бүлөдө беш бир тууганбыз: эжем, мен, иним жана эки карындашым. Үйдөн женил машина, эл ташыган автобус, жүк ташыган унаалар үзүлбөгөндүктөн, иним экөөбүз да техникага кызыгып, айдоого куштар элек. Бирок, атам: «Балдарым, силер мага окшоп айдоочу болуп, мен көргөн кыйынчылыктарды көрүшүнөрдү каалабайм. Мектепти жакшы окуп, жогорку окуу жайларга тапшырып, үй-бүлөңөргө эле эмес, жалпы журтуңарга кызмат кылган, элдин уулу болушунарды каалайбыз» - деп рулга жакын жолотподу.

Эжемин өзү каалаган жогорку окуу жайына бюджеттик негизде окуганга жалпы улуттук тестирлөөдөн алган баллы жетпей калып, турмуш шартына байланыштуу окута албай калдык. Анда мен 8-классты бүтүп жаткам. Кийинки окуу жылында өзүбүздүн райондогу лицейлерди кыдырып, сынак тапшырып кирүү аракетинде болдум. Жылдын аягында ата-энем жана эжемин чечими менен биздин айылга көп тааныш болбогон «Ноокат билимканасы» лицейине окуй турган болдум.

Ошентип, 10-класска өзүм менен кошо жакын досторум Тимур, Уран жана Мыйзам болуп башка айыл округундагы, тоо алдындагы кичинекей мектепте, сыртынан караганда көчүп түшчүдөй көрүнгөн жатаканасында жатып, окуп калдык.

Жаңы мектеп бизге жаңы дем, күч берди. Баарыбызды таң калтырганы мугалимдер жамаатынын ынтымактуулугу, жөнөкөйлүгү, өз кесибинин мыкты ээлери экени жана лицей эрежелери болду. Орто мектепте директордун бөлмөсүн айбыгып, айланып өтчүбүз. Бул жакта мектеп тар болгондуктан, ал бөлмө кышкысын от жагылчу мештердики, күн жылыган убакта гана директордуку болуп калат. Окуучулар бир класс жогору окугандарын «сиз» деп сыйлап, лицейдин айланасында жүргөн ар бир чоң киши менен саламдашып өтүшөт. Лицейдин эрежесине ылайык, ар бир окуучусу күнүнө 10дон математикалык эсеп иштеп, 10дон орусча-англисче сөздүк жаттап, мектептер аралык олимпиадаларга катышчу, жазгы, күзгү талаа жумуштарында айылдагы жардамга муктаж чоң-ата чоң-энелерге жардам берүү милдет экен.

Бул эрежелерди Ноокат билимканасынын негиздөөчүсү Маюсупов Өмүрзак Шеранович киргизиптир. Агай жөнүндө кызыгып маалымат алганыбыздан кийин алгач ой жүгүртүүбүздүн алсыздыгынан улам «кантип эле бир сом албай, өзүнүн бир да кызыкчылыгына иштетпей машакат тартып, лицейди негиздеп, бүгүнкү күндө да жетектеп келсин?» - деп такыр ишене албай койгонбуз. Жыл сайын 8-класска кабыл алынган жана башка класстарга жаңы келген окуучулар менен жолугушууга келген Өмүрзак Шерановичти көрүп, бизге айткан сөздөрүн, акыл-насаатын угуп, ойлоп жүргөн оюбуздан өзүбүз катуу уялып калдык…

2011-жылы окуу жылы лицейден 59 окуучу, анын ичинде 16быз артыкчылык аттестаты менен бүттүк. 59дун 54үбүз жогорку окуу жайларга бюджеттик негизде кабыл алындык.

Бүгүнкү күндө ЖОЖго кирүү үчүн элдин көпчүлүгү атайын репетиторлорго акча төлөп берип, ар кандай курстарга барып даярданып жатышат. КММАнын бир жылдык окуу акысы 50 миң сомго жетти. Менин жолум Ноокат билимканасы менен кесилишпегенде азыр окуп жаткан окуу жайымда бар белем, же орто мектептеги көпчүлүк досторум сыяктуу окууга төлөгөнгө каражатым жетишпей, кара турмуштун жүгүн мойнума алып, башка өлкөлөрдө мусаапыр болуп иштеп жүрөт белем, ким билет. Айылдаштарымдын кээ бирөө ишенбей, «канча пара бердиң окууга киргенге?» - деп сурагандары да болду. Көпчүлүгү биздин андай каражатка чамабыз келбешин жакшы билишип, эч кандай акча бербей кирсе боолоруна ишенишип, балдарын Ноокат билимканасына жөнөтүп, үмүт кылып аракеттене башташты.

Өмүрзак Шеранович жаңа Ноокат билимканасынын жамаатына жолукканга чейин ниетим чоң үйлөрдү салып, колунда бар адамдардын бири болуу эле. Азыр үй-жай, мал-мүлк улуу максат эмес, жөн гана муктаждык экенин аңдап-сездим. Азыр менин тилегим – бай болуу. Бизде бай десе эле материалдык байлыкты биринчи элестетебиз. А мен аң-сезим, билим, руханий байлык ээси болууну эңсейм. Ата-энемин, мени окуткан бардык мугалимдердин, Ноокат билимканасынын түптөлүшүнө салымы барлардын алдында канчалык карыздар экенимди жакшы билем. Бирок, алар менин материалдык да, моралдык да жардамыма муктаж эмес. Ошол себептен алардын алдындагы карызымды өзүмдөн кийинки муунга төлөп берем…

II БӨЛҮК

БИЛИМКАНАНЫН ЖАРАЛЫШЫ, ТОРОЛУУ МЕЗГИЛИ

Билимкана идеясы – биз окуучу кезден баштап атам Шеран Маюсупов кантип балдарды бирден окууга тартып, андан ары илимге, жетекчилик кызматтарга кантип жол көргөзүп, алардын ийгиликтери жөнүндөгү узун маектерден жүрөгүбүзгө орной баштаган. «Таланттуу айылдык балдарды математикага бир аз эле кызыктырып, шыктандырып койсон, алар өз жолдорун таап кетет» дечү. Өзүнүн 45 жылдык мугалимдик кесибинде математика, физика сабактарын жөнөкөйдөн татаалга, ар бир формуланы далилдөө, же келтирип чыгаруу, түзүүгө берилген маселелерди ар түрдүү ыкмалар менен иштөө, турмуштук муктаждыктарда математика, физика жана башка сабактарды колдоно билүүгө үйрөтүү сыяктуу сунуштарды билимкана үчүн азыр да анализдеп, китеп түрүндө жазып бүтө элекпиз.

Иним экөөбүз Новосибирск Академшаарчасында аспирантурада окуп жүргөнүбүздө ал жердегилер академик М. А. Лаврентьев атындагы физика-математикалык мектеп, жаш окумуштуулар менен комсомол комитети уюштурган таланттуу балдар үчүн жайкы жана сырттан окутуу, олимпиадага даярдоо ыкмаларын үйрөнгүлө, өзүңөр иштеген Илимдер академиясынан бул демилгелерди колдоочуларды издегиле, тапкыла деп көзөмөлдө кармап, келечекте Кыргызстанга ушундай система жаратышыңарга ишенемин деп бизди шыктандырчу.

Кыргыз Илимдер академиясынын комсомол комитети (профессор К. Идинов), жаш окумуштуулар кеңеши (профессор А. Муратбеков) биз сунуш кылган идеялар долбоорун колдоп, «Кичи академия» демилгебизге үндөш болгондуктан, «өзүң комсомол комитетинин катчысынын орун басары катары ишке ашырууга киришиң, биз көмөгүбүздү аябайбыз» деп кубандырышты.

Математика институтунун мүдүрүнүн орун басары профессор Боташев Азрет-Алий Ильясович, илимпоз чоң уюштургуч Атаманов Энвер Рамазанович бул маанилүү долбоорго Новосибирск, Москва университеттеринен академиктер Лаврентьев Михаил Михайлович, Романов Владимир Гаврилович ж. б. окумуштуулар аркылуу кеңештерди, илимий-методикалык материалдарды камсыз кылабыз деп убада кылышты.

Ошентип, 1986-жылы кыргыз тилинде сырттан окутуучу, физика-математикалык мектеп ачтык. Кат аркылуу окутууга ынтызар илимпоздорду тарттык. Натыйжада жүздөгөн айылдык окуучуларды математикадан кирүү экзамендерине, олимпиадага даярдадык. Эки жыл ичинде көптөгөн ыраазычылык каттар келди. 1750 мектеп менен түз байланышта иштедик.

Республикага эмгек сиңирген токтогулдук мугалим Н. Биримкулов агайдын кызы – Биримкулова Вера Нургазиевна өз типографиясында окуу материалдарды көбөйтүп, биздин жумушту өтө жеңилдетти.

1988-жылдары почталардын иштери солгундап, биздин долбоорду улантуу кыйындай баштагандыктан, Фрунзе шаарына математикалык мектеп ачуу демилгеси менен министрликке кайрылдык. Чиновниктеribиз бул демилгени улам төмөнгө карай жөнөтүп жатышып, эң акырында 1989-жылы өзүм туулуп-өскөн Кара-Таш айылына математикалык багыттагы «Ноокат билимканасы» мамлекеттик лицей-мектебинин ачылуусуна уруксат беришти.

Кара-Таш орто мектебинин директору, Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген мугалим С. Мамарасулов мектептин кошумча бөлүгүн, жергиликтүү аксакалдар эски балдар бакчасынын имаратын жатакана үчүн беришти. Бийлик органдары ар тараптуу жардам берүү менен райондук жана айылдык бюджеттен тийиштүү каражаттар берилүүдө.

Билимкананын ачылышын коомчулук жакшы кабыл алды, ишенбегендер да көп эле. Жаңы идеянын жаралуусу, ишке ашуусу жаңы төрөлгөн баланын торолуусундай эле түйшүктүү процесс.

Айылдык таланттуу балдарды бюджеттик окуу жайларга парасыз окууга өтүүгө, жогорку окуу жайларда парасыз эң жакшы

окуп, кесипкөй, өнөр эзси болууга, парасыз жумушка орношууга, олимпиадаларга таанышсыз катышса боло тургандыгына окуучуларды, ата-энелерди түшүндүрүү өтө машакаттуу иш. Окуучулардын өз күчүнө ишенүүсүнө талыкпаган эмгек жана жакшы ден соолук керек.

Билимканадагы окуучулардын илим-билим мейкиндигинде торолтуу үчүн жергиликтүү мугалимдерди телчиктирүү, ата-энелерди, коомчулукту, бийлик органдарын ишендирүү оңой эмес экендиги бүгүн отуз жылдан кийин даана көрүнүп турат.

Айта кетүүчү бир нерсе – биздин элде, мамлекетте жаңы прогрессивдүү ойлорду ишке ашырууну колдоо сапаты бар. Бул биздин тарыхый өзгөчөлүгүбүз, сапатыбыз. Менин идеямды колдоболу деп мамлекеттик органдарга, коомчулукка капа болгондорго – идеяңызды даана, коомго пайдалуу экендигин далилдеп, саясатташтырбасаңыз эле ийгилик өзү келет, идеяңыз турмушка ашат. Бюрократтар деп эле сындай бербей, алардын жүрөгүнө бул түйшүктүү идеяңызды киргизсеңиз эле жомоктогудай колдоо табасыз. Мамлекеттик органдарда иштегендердин, ишкерлердин көпчүлүгү элдин жүгүн көтөрөмүн деген өзүбүздүн эле уул-кыздарыбыз.

Ноокат билимканасы – математикалык багыттагы мамлекеттик лицей-мектеп. Азырынча 8-10-класстардан турат. Жергиликтүү бийликтер, билим берүү, илимий-методикалык мекемелер, окуштуулар, депутаттар, коомчулук, ишкерлер мүмкүнчүлүктөрүнө жетиштүү (өзгөчө болбосо да) көңүлдөрүн бурушууда.

Билимкананын азырынча өзгөчө деңгээлге жетпегендиги – билимкананын жетекчилигинин, илимий жетекчинин, ата-энелердин жеткиликтүү аракетсиздигинин, чабалдыгынын натыйжасы деп ойлойбуз. Билимкананын ички резервдери, топтолгон тажрыйба, мүмкүнчүлүктөрү толук ачылбай, рекламалык иштер, эл аралык долбоорлорго катышуу төмөндөп кеткендигин материалдык базанын начардыгы, мектеп имаратынын жетишпегендиги, алыскы айылда жайланышкандыгы, эмгек маяналарынын төмөндүгү менен түшүндүрүп, өзүбүздү жооткотуп келебиз. Чындыгында аракетибизди күчөтүүбүз керек.

* * *

2012-жылы билимкана үчүн маанилүү бир окуя болду. Ош базарында билимканага китеп жөнөтүп жүрсөм бир жаш жигит (аты – Тариэл) саламдашып, «Сизге көптөн бери жолуксак деп жүрөбүз, билимканаңыздын иши жакшы жүрүп жатканынан кабардарбыз. Биз чет өлкөдө окуп жүргөндө көптөгөн тапшырма бердиңиз эле, аткарылгандары жөнүндө айтып бергибиз келет» - деди.

1990-жылдардан кийин чет өлкөлөргө барып калсак XXI кылымдын кадрлары комиссиясынын мүчөсү катары ал жерлерде окуп жатышкан окуучулар, студенттер менен жолугушууга аракет кылчубуз. Ата-энелерди, жергебизди сагынбай беш жыл билим, илим, өнөрдү эң жогорку деңгээлде өздөштүргүлө. Элибиз силерге муктаж, котормочу болуп, курсагыңардын камын ойлобой, ишкердикти үйрөнгүлө, эч болбосо «Поп корн» (жүгөрү бадырагы) иштеткенди үйрөнүп баргыла деген сыяктуу тамашаны айтчубуз. Силер ар тараптан биринчи болууңар керек. Новосибирск, Москванын окуу жайларында чоңдордун гана балдары окуган мезгилдер артта калды. Алар жөнүндө «Кремлдин балдары», «Дзержинканын балдары» сыяктуу макалалар, китептер бар. Силер чыныгы жөнөкөй элдин балдарысыңар, тобокел менен чет өлкөгө окуганы келдиңер. Жыйынтык жакшы болбосо силер жөнүндө кийин сөз болушу мүмкүн деп намыстарына тийип койчубуз.

Тариэл «Сиз «бадырак» чыгарганды үйрөнгүлө деген окуучуларыңыздын көпчүлүгү ишкер болдук. Билимканаңызга кандай жардам берсек болот?» - деп жолугушуу уюштурушту. Уялбастан, шарты бар ажатканага муктажбыз дедик. Ошентип, бул жаш ишкерлер билимканага көмөк көрсөтүүнү уюштуруу үчүн нарындык Алтынбек деген өкүл жөнөтүштү. Натыйжада бул долбоор биз үчүн өтө чоң каражатка бир жылда бүткөрүлдү.

Билимкананын окуучуларынын бул көмөктөргө ыраазычылык сочинениелерин окуган соң ондогон жаш ишкерлер билимканага келишип, окуу шарттары менен таанышышып, эскилиги жеткен жатакананы көрүшүп, көздөрүнө жаш алышып, толкун-

данышып жаңы жатакана салууга чечим чыгарышканын ишкерлерди жетектеп келген Искендер мырза билимкана коллективине жарыя кылды. Натыйжада, ЖИАнын колдоочулары менен үч кабаттуу шаардагыдай шарты бар жатакана 2016-жылы ишке берилет деген үмүттө турабыз. Бул имараттын кирпичтерин деп путатыбыз Т. Зулпукаров берип, эл-журт, коомчулук, акимчилик, жергиликтүү бийлик да чоң көмөк көрсөтүшүүдө.

Жаш ишкерлерибиз билимкана үчүн бул сонун долбоорду ишке ашырууну билимкананын бүтүрүүчүсү, жатакана жетекчиси Кенеш Пратово тапшырышты. Убагында Кенештин атасы Абдыганы агай райОНОдо жооптуу кызматтарда иштеп, кийинчерээк чоң ишкерге айланган киши эле. Кенеш да атасындай жоопкерчилик менен бул долбоорду аяктоо алдында турат.

Жаш лидерлерибиз элибизге, мамлекетибизге ушундай байкаган, чоң долбоорлорду жүзөгө ашыра баштагандыгы – окуучуларыбыздын, мугалимдеримдин, ата-энелердин отуз жылдык тилегин орундатып жатат десек болот.

Жаш ишкерлерибизге ийгилик каалап, аларды мындан да чоң иштерди аткарууга Жараткан насип кылсын дейбиз.

* * *

Таланттуу балдар үчүн билимкана тибиндеги мектептерди өлкөбүздүн ар бир айыл өкмөтүндө уюштуруу боюнча ой толгоорду А. И. Боташев колдоп, көп даярдыктын, эл жүгүн көтөрүүчү кызматкер адамдарды табуу кыйын болоорун айтты. Бул идеяларды кыргыз эли үчүн күйүп-бышып, намысыбызга тийип сүйлөгөн профессор С. Жигитов менен бирдикте көп тартыштык, жол издедик. «Билим берүү келечектерин жакшы түшүнгөн бир досум чет өлкөдө иштейт, жакында келет. Ал киши сага талыкпаган тилектеш болот» деп бирок, атын айтпады. Бир күнү эле Академияга телефон чалып, «Айчүрөк» (ЦУМ) дүр-дүйнө дүкөнүнүн жанына тез кел, чоң сюрприз бар» деди. Тез эле жетип барсак, ак сөөктүгү сыртынан көрүнүп турган жомоктогудай киши менен адатынча

колдорун жаңсап, кызуу талашып туруптур. 90-жылдардын баштарылышы болчу.

- Мен сага айтып жүргөн киши ушул – Ишенбай Абдразаков. Билимканалар боюнча ойлорунарды мындан ары экөөңөр талкуулап, ишке ашыра бергиле, мен эми бул идеяларга колдоочу гана болом, - деди.

Бул жолугушуу бизге билим көйгөйлөрүн талкуулоо менен бирге, чоң колдоочу болуп берди. Ар бир сүйлөшүүбүздө талкууланган жаңы идеялардын келечеги Күн чыгыш өлкөсүндөгү бай тажрыйбалар менен толукталып турду. Акылман ойлор, баалуу сөздөр, билимдүүлүк, илимдүүлүк ал кишиден тамчылап турчу.

Кыргыз-славян университетинде А. С. Пушкиндин айкелин ачуу салтанатында сүйлөгөн сөзүн угуп, Новосибирск, Москва шаарларында пушкиндик окуулардын көбүн уксак дагы, Пушкин жөнүндө мындай философиялык сүрөттөөнү эч көрбөгөндүгүбүздү айтсак, «мындай сүйлөбөшүм керек эле. Интеллектуалдык жогорку деңгээл бизге керек эместей сезилет, бул сөзүм менин кызматыман кетүүмдү тездеттирет» деп адатынча жылмайып койду. Айткандай эле аз күндөн кийин кызматынан кетиришти.

Биз кайсыл жерде семинар, же жолугушуу уюштурсак, бул кыргыздын залкар эки ойчул инсаны чакыртпай барып, өмүрлөрүнүн акырына чейин колдоп жүрүштү. Асыл ойлор, учкул сөздөр бул эки достун чагылдыруусунда толугу менен жазылып калган жок. Кыргыз эли бул эки улуу инсандын мамлекетибиздин келечеги үчүн күйүп-бышкан аракеттерин, кыялдарынын бир четин гана билип кала берди.

* * *

Билимкана жөнүндө журналист З. Өсөровдун «Ноокат билимканасы – XX кылымга саякат» (60 бет, 1995-ж.) китепчеси, педагогика илимдеринин кандидаты А. Ж. Аттокурованын «Математикалык багыттагы «Ноокат» билимканасынын летописи» (160-бет,

2010-ж.) илимий-методикалык жыйнагы, журналисттер К. Турумбеков, Б. Табалдиев, М. Сабыров, Т. Турдубаев, А. Мамытов жана башка авторлордун ондогон макалаларында кенен чагылдырылган.

Академиктер И. Б. Бекбоев, А. Ч. Какеев, профессорлор Ж. Байсалов, А. Мамытов, С. Каримов, И. Ташболотов, А. Мураторов, Ж. Сатаров, Б. Нурумбетов, М. Назаров, мамлекеттик жогорку кызматтарда иштеп жүргөндөрдөн И. Абдразаков, А. М. Муралиев, Т. Ормонбеков, Т. Ж. Айтикеева, М. К. Жангарачева, М. С. Иманалиев, А. Карыпкулов, Б. Шайкенов, О. Ибраимов, А. Эркебаев, жергиликтүү бийликтегилерден А. Эгембердиев, Э. Абдраимов, Ж. М. Меделканов, Б. Б. Айтиев, Б. Нурумбетов, К. Абдрахманов, Т. Шамшиев, С. Саттарова, М. Аманов, М. Мамарасулов, А. Паязов, К. Матисаев, М. Маматалиев, айрыкча Акуш агайга ж. б. көптөгөн эл жүгүн көтөргөн инсандарыбызга билимкана долбоорун жакындан билип, колдоо көрсөткөндүгү үчүн коомчулук ыраазы.

Академик А. А. Акаев билим системасындагы өзгөрүүлөрдү түптөп, «XXI кылымдын кадрлары» сыяктуу долбоорлорду ишке ашырууда билимкана тажрыйбаларына кызыгып, колдоп жүргөн жетекчи экендигин коомчулук билет. 2000-жылы Ноокат районунун борборунда миңдеген элге кайрылып, «Өмүрзактын билимканада долбоорунун натыйжасын отуз жылдан кийин сезесиздер, бүгүн бул демилге баарыбыздын колдообузга муктаж» –деген. Алдыңкы катардагы аксакалдар бул сөздөргө чын жүрөктөн ынанышып, толкундангандан көздөрүнө жаш алышып, сыймыктанышып, чоң үмүт артып тургандай сезилди.

Теле-радиодон Б. Сутенова, Д. Бапиева, Р. Жуманазарова, Ы. Оценова, Э. Бузурманкулов, Б. Сариева, Г. Касманбетова, Б. Орунбеков, М. Мамбеталиев, К. Оторбаев, А. Мусаев, С. Жумагулов жана алардын кесиптештери тарабынан билимкана долбоору боюнча эфирде жана интернет булактарындагы чагылдыруулар айылдык балдардын билимге болгон умтулуусуна таасир берип, ондогон өзгөчө мектептердин калыптануусуна жол ачты десек болот.

* * *

Кыргыздын кайсыл айлына барба, өзгөчө таланттууларга байбыз. Аларды баарын колдоп, же жазып алууга мамлекеттин деле чамасы чектелүү, айрыкча сенектик мезгилде аларды изилдөө үчүн командировкаларды уюштуруу жеткиликтүү болгон эмес. Кийинки муунга аларды жазып, академиянын кол жазмалар фондуна өткөрүү өзүнүн милдетине кирбесе да, кандай багыттагы таланттуу же өзгөчө адамдар жөнүндө угаар замат өз эсебинен жетип барып жазып, же болбосо шаарга үйүнө алып келип коноктоп, тийиштүү мекемелерге аларды тааныштырып, түртмөлөп, кээде өзүнүн ишиндей суранып, баштаган ишин аягына өтө жоопкерчилик менен чыгарган Буудайбек Сабыр уулу деген улуу инсанды илимий коомчулук өтө жакшы билет. Илимий даражага, чоң кызматка умтулбаган, өмүрүн алыста жашаган өнөр адамдарын таанытууга, жазууга же жаздырууга арнаган адам болгон.

Ноокаттан чыккан атактуу чабандес Жумабай Палван Аманбаев жөнүндө Буудайбек Сабыр уулу угаар замат теле-радиого таанытуу, документалдуу чыгармаларды жаратуу үчүн жаш окумуштуулар:С. Кайыпов, Ч. Өмүралиев, С. Мусаев, Ж. Жумабаев, чыгармачыл инсандар:А. Жамгырчинов, Б. Сарыгулов, К. Турумбеков, Э. Тазабеков сыяктуу инсандарга кайрылып, балбан жөнүндө макалаларды, документалдуу материалдарды даярдатып, «Кыргызфильм» студиясынын эсебинен 12 мүнөттүк «Жумабай Палван» (1990-ж.) деген документалдуу фильм тартууну уюштурду. Бул фильмде билимкана эпизод болуп кирди. Бул атактуу балбан өмүрүнүн акырына чейин билимканага жардам берип жүрдү. Билимкананын конокторун тосуп, окуучу-мугалимдерди тамашалап-практикаңарды менин тоодогу чарбамда жүргүзгүлө деген шылтоо менен сыйлап жүрдү.

Буудайбек Сабыр уулунун чыгармачылыгына шарт түзүп, каржылап, өмүрүнүн акырына чейин эл жүгүн көтөргөнгө жөлөк болгон жубайы Бермет эже Шадыканова коомдук ишмер эле болбостон, миңдеген дарыгерлердин Умай энеси, уул-кыздарын, не-

бере-чеберелерин атасындай элдин уул-кыздары болуусуна багыттоочу апа болуп берүүсүн Жараткандан тилейбиз.

* * *

Мурза Гапаровдун «Көчө» деген көркөм фильминин баштапкы лышындагы Малика окуган мектепте билимкананын мугалимдеринин көпчүлүгү, анын ичинде билимкананын илимий жетекчиси да билим алган, мугалимдик эмгек жолун баштаган. Дүйнөлүк деңгээлдеги не бир шедеврлерди жараткан, акылынан нур тамган, окуяны сүрөттөөнүн, сөздүн, аңгеменин чебери, кино дүйнөсүнүн могиканы Геннадий Базаров тарткан бул фильмдеги Ормотай шыбакчы, Туман зергер, Бешикчи (Абдилла) аксакал ж. б. каармандардын урпактары билимкананын окуучуларынын негизги бөлүгүн түзөт.

Элүүнчү жылдардын аягында Мамасыдык Коңурбаев аксакал Совет районунун аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеп жүргөндө Москвага чогулушка барып, мейманканада бир өзгөндүк согуш ардагери менен чогуу жашап калат. Аксакалдан «Москвада эмне жумуш менен жүрөсүз?» - деп сураса «жылына бир жолу өзүмдүн багымдагы алманы алып келип сатамын» дейт. «Канча акча болот эле дегендей сынап сурасам, менин беш жылдык айлыгымды бул аксакал бир келгенде эле табат экен. Ичимден ойлонуп калганымды сезип, «сен да алма көчөт тик, бирок, биздегидей «розмарин» сортун эмес, батышта өскөн кызыл жана жазга чейин сакталуучу көк алманын көчөтүн тик» деп кеңеш айтты. «Алма бак айрыкча сендей айлыкчыларга жакшы жардам болот. Убакыт өтөзбөй тезирээк отургузсаң, мөмөсүн беш-алты жылда берип калат» дегенинен Шеран сага келдим. Жеринди даярда, биз экөөбүз алма тигели. Элибиз үйрөнсө айылыбыз бакка толот, кошумча каражаттары көбөйөт» деп атам экөөсү кудуңдашып түн ортосуна чейин сүйлөшүп, кыялданып олтурушту.

Эң алгач мугалимдерге беш-алтыдан алма көчөттөрүн сурапып жүрүп тиктиришти. Кийинки жылы Калинин орто мектебинин чарба башчысы Токтомат Айтибаев миндеген көчөттөрдү атамдын, аксакалдардын кеңеши менен алып келип, мектепке тиктиришти. Токтомат аксакал өтө эмгекчил, уюштургуч согуш ардагери алма бак менен кошо мектептин көмөкчү чарбасын өтө өнүктүргөн, мектеп жетекчисинин ишин жеңилдетип, айттырбай эле мугалимдерге бекер көмүрлөрдү эрте эле камсыздап, мектептин конокторун чарбанын эсебинен тостуруп, мугалимдерден акча топтотмой (комиссияга деп) салттарды жок кылган чыныгы менеджер эле.

Алманын эсебинен беш-алты жылдан кийин эле мектеп кошумча каржыга муктаж болбогон мектепке айланды. Сүйүн Исаева, Бакир Мурзалиев, Сулайман Мамарасулов өндүү директорлордон кийинки жетекчилер бул бакчанын бир бөлүгүн отунга айландырышты.

* * *

Көлдүн кызы Сүйүн эжекебиз мектеп чарбасын дүркүрөткөнүн көрүп, Султан Ибраимов бул демилгелерди районго, областка таркатасың деп райисполком, облОНО, райкомдун биринчи катчылыгына чейин кызматын жогорулатты. Натыйжада областтын көпчүлүк мектептеринде мөмө-жемиш бактары, чарбалары иштей баштады. Мугалимдерди, мектепти кошумча каржы булактары менен камсыздоо профсоюздарга бекитилип берилди.

Жергиликтүү чоңдордун келинине директорлук кызмат керек болуп, бул жакшы чарбасы бар мектептен Сулайман агайды кичинекей Кара-Таш сегиз жылдык мектебине директорлука көтөрүштү. Аксакалдар чогулуп, ошол кездеги Госстройдун башчысы Носиновдун тикелей колдоосу менен эки кабаттуу Кара-Таш орто мектебинин имаратын бир жылда бүтүрүштү. Колхоздон үч гектар жерди мектепке берүү чечимин чыгарышып, эки гектарына алма бак тигишти.

Кара-Таш мектеби да чоң чарбалуу мектепке айланганда чоңдор эч себепсиз эле республикага эмгек сиңирген математик Су-

лайман агайды ардактуу эс алууга жөнөтүшүп эле калбай, мектепке эч кызматы өтпөгөн кишинин атын коюп салышты. Чарбасы таркады, бактар сугарылбай калды.

Ноокат билимканасы ушул мектептин, кошумча имаратында жайланышкандыктан бул ыңгайсыздыктар көпкө чейин сезилип жүрдү.

* * *

Ошентип, эки акылман кишинин бир демилгеси менен канчалаган үй-бүлө турмушун оңдоосуна, ишкердиктин жеңил түрүн өздөштүрүп, совет заманында эле соодага багыт алуусуна жол ачылган. Билимкананын бүтүрүүчүлөрү да элибизге жаңы мүмкүнчүлүктөрдү көрсөтө алган асыл адамдардан болот деген үмүтүбүз акталаарына ишенебиз.

Кинодогу башкы каармандардын бири Маликанын мектебинин айланасына тигилген алмалардын түшүмү элүү жылга жакын мектептин коллективинин муктаждыктарын каржылап келе жатат. Билимкананын алма багынын быйылкы түшүмү окуучуларга акылдуу доскаларды алганга жардам болду деп агайэжекелер кубанып жүрүшөт. Аз болсо да бул киреше жылына кайтарымсыз келүүчү инвестиция. Алыстан келип окуган окуучулардын отуз жылдан бери кара-таштык таксилерге төлөгөн жол акчаларын эсептесек жыйырма миллион сомго жеткидей. Бул билимкананын Кара-Таш айлына киргизген инвестициясы. Отузга жакын адам иштейт, демек, отуз үй-бүлө бала-чакасын багат.

Ал эми 1987-жылдан бери окуучулар 33 алтын медаль, 116 аттестат (кызыл) аттестат алышты, 868 бүтүрүүчүлөрдүн дээрлик баары жогорку билимдүү, же окуу жайларда студент. Алардын ичинен 500дөн көбү бюджеттик бөлүмдөрдө ийгиликтүү окуйт, же жогорку билимдин ээси. Канчалаган ата-эне контракт төлөбөй, өз күчү менен окууга колдоосуз өтүшкөн уул-кыздарынын эсебинен жүздөгөн миллион сом үнөмдөштү.

Эң кызыгы, бул миңге жакын окуучулардын бир бөлүгү жогорку окуу жайларды артыкчылык диплом менен аякташып, алардын жыйырмага жакыны илимдин кандидаттары, докторлору болгондугун айтып жүрүшөт. Бул болсо мамлекетибизге акча менен челбеген интеллектуалдык инвестиция болуп эсептелет.

Борбордук Азия чөлкөмүндө бир дагы айыл мындай байлыкка ээ эмес. Бул сыймыктуу, мактана турган жыйынтык. Республикабызда 500дөн ашык айыл өкмөттөрдө, кичинекей шаарларда биртерди ачууга каражат деле кетпейт. Мамлекетибиз жылына чоң шаарларга барууга шарты жок, айылдык миңдеген акылдуу, ыймандуу, эмгекчил, боорукер, таза кадрлар менен толукталып турат эле.

* * *

Өз кызматы менен легендага айланган республиканын Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы, СССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасынын орун басары болуп иштеген Төрөбай Кулатов тогуз жашына чейин Мамыт таякесинин жылкысын багып, балалыгы Кара-Таш айлында өткөн. Заманында төгөрөктүн төрт бурчуна таанымал Ботобай ырчынын, анын көптөгөн шакирттеринин аш-тойлордогу философиялык ыр саптарын угуп, топурак кечип ойногон балалык достору менен кыялга батып, эс тартып калган учурда ата-журтуна кетет. Жаштайынан Кызыл-Кыя шахтасына жумушка кирип, алдыңкы чынчыл жумушчулардын социализмди тезирээк куруу идеяларына өзүнө сиңирип, көмүр менен дубалдарга «Кулатов-министр», «Кулатов-депутат» деп жазып жүрүп, насип экен, 45 жыл мамлекеттик жогорку кызматтарды аркалаган. Акылман саясатчы, көрүнүктүү жетекчи Масалиев Абсамат аксакалдын айтуусунда ал киши кызмат машинасын жеке иштерине колдонбой, үй-бүлөлүк унаадан да баш тартып, жөнөкөй элдин арызын күнү-түнү убактысын аябай кабыл алып, жардамын аябаган, бирөөнүн эмгегин пайдаланбаган, басмырлабаган

өтө таза инсан эле деп, бир топ таң калаарлык окуяларды айтып бергендигин жазып калбаптырбыз.

Алтымышынчы жылдары Н. С. Хрущевдун айдоо жерлерин көбөйтүү керек деген көрсөтмөсүн ишке ашыруу үчүн жергиликтүү бийликтегилер түз жерде жашаган элди агын суу барбаган тоо боорлоруна зордук менен көчүрүшкөн. Бир тууган таякеси Мамыт аксакал талаанын ортосунда бир түп жаңгак, чилги алма дарагы, азыраак малы менен үйүн буздурбай, «жээним министр, келсин, көч десе көчөмүн» дейт. Оюнда атактуу Кулатов төрөлгөн үй-жайы ыйык көрүнсө керек. Балким, ал үй бузулбаганда Кулатовдун музейинин бир бөлүгү болуп калаар беле.

Бир топ жылдан кийин Кулатов аксакал жергиликтүү атка минерлердин коштоосунда таякесинин үйүнө келет. Таякеси жетине албай арызын айтат. Ал киши элди карап, «баары көчкөндөн кийин сиз да эл ичине көчүүгө милдеттүүсүз» - дейт. «Борбордук саясаты туура эмес түшүнүп, эч бир курулуш материалдарын бербестен, миңдеген үй-бүлөнү жер котортупсуздар. Чапай, Капка жайлоолорунун айыл жак бетинде бир түп арча да калбаптыр. Ата-бабаларыбыз миңдеген жылдар сактап келген арчаларды эл айласыздан курулушка колдонушуптур. Элди көчүрөөрдөн мурда мырза терек тиктирсеңер, беш-алты жылда курулушка жарап калат эле» - деп аткаминерлерге нааразычылыгын билдирди. Анан таякеси менен коштошуп, «менин бир тууган бөлөм, досум, боорум Эргеш менен жолуксам» деп жөнөй бергенде биз да элге кошулуп жөнөдүк» - деп атам айтып жүрдү.

Таякеси таарынган болуп, аз эле күндөн кийин эл ичине көчүп барат. «Жээнимди ушунча жыл күтсөм көчпө дегендин ордуна терек тиктирбепсиңер» дейт. Кулатов аксакал ошол эле күнү районго чоң чогулуш өткөрүп, «терек тигүүнү колго алгыла» деп катуу тапшырма берип, облустун борборунда да ушундай эле маселени коёт. Теректин түз, жоон шактарын тиксең, тез тамырлап кууралушка жарайт. Ничке шактарынан миңдеген калемче түрүндө аз эле жерге өтө көп терек көчөтүн эч каржы кетирбей өстүрсө болот. Ошентип, Ноокат теректин мекенине айланды, башка райондордо да бул демилге ишке ашты. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары

Орто Азия өлкөлөрүнө Россиядан жыгач аз келип калгандыктан, бул теректер жакшы баага сатылып, элге чоң пайда алып келди.

Кара-Таш мектебине бөлүнгөн үч гектар жерди айлантып Сулайман агай, атам баштаган аксакал мугалимдер миндеген терек, алма көчөттөрүн тигишти. Билимкананын үлүшүгө тийген терек, алма көчөттөрү окуучуларга кошумча каражатты жылына берип турат.

* * *

Кулатов аксакал Эргеш курбусунун дөңсөөдөгү алачыгына келгенде бир тууган бөлөсү аны кучактап:

- Төрө, экөөбүз ойноп, мал баккан колоттордун 20 гектарына жакын бөлүгүнө өрүк, алма көчөттөрүн тигип, малдан кышы-жайын сактап көгөрттүм. Ата салты экен, уулдуу болбогондугумдан элдин уул-кыздары жесин деп мөмөлүү бак (увакым) чоңойттум, - деп жашып кетет. Анын жарылган узун манжалуу колдору аксакалдын мойнун чийип кеткендей болот.

- Ыйлабаңыз, – дейт Төрөбай аксакал, - кыздарыңыз, небереориңиз бар, бактылуу болуп өнүп-өсүшсүн.

«Досуна сиз деп кайрылганына оңтойсузданып, өзүн күнөөлүүдөй сезип кетти окшойт, бул кылым жолугушуусун карап турган элге бурулуп, «аксакалдын багын бапестегиле, бузбагыла, элдин балдары эс алчу, кыялданчу бак болуптур. Аксакалга кичинекей болсо да жамгыр өтпөй турган бөлмө куруп бергиле, тегеретип терек тигип койгула», - деп гений Кулатов жөнөп кетти деп атам эртеси эле Эргеш акеге бөлмө салууга жардамга кетти.

Эргеш аксакалдын «өш-өөш» деп малдарды айдаган үнү азыр да кулагымда. Апамдын аяш атасы болгондуктан, күнүнө бир-эки жолу биздин үйгө келип, «Гүлсана, ысык чай кайнат, наар алып алайын» деп узун манжалары менен бизди эркелетип коёр эле. «Сенин атаң Ысман досум согушта жок болбогондо Төрөгө көп армандарыбызды айтып берет эле. Ысман да чоң аалым болуп, Төрөбайдай кокустан келип калабы деп ойлоп кетем» дечү.

* * *

Насип экен, Мамыт аксакалдын улуу кызы Аваттын уулу Айтибай Тагаев Жогорку Кеңештин төрагасы болуп иштеди. Айтибай мырза бир туугандары, атасы Султан аксакал болуп көп жылдан бери элдин муңканган арманы болгон жолдун райборбордон билимканага чейинки бөлүгүнө асфальт төшөөгө өкмөт берген каражатка жардам болсун деп өздөрүнүн эсебинен техникаларды кошуп, жумушчулардын тамак-ашын уюштурушуп тез, сапаттуу жол болушун камсыз кылышты. Ошентип, райондогу Ноокат-Билимкана жолу эң начар абалдан эң жакшы трассага айланды. Машиналар, таксилер үчүн шаар жолундай болуп, айылдын өнүгүүсүн тездетти. Бул үй-бүлө билимканага көмөктөрүн аябаган инсандардан турат десек жаңылышпайбыз.

Атам катуу ооруп, 82 жашында өткөн күнү Султан аксакал мени кучактап кулагыма: «Эми кимден кеңеш сураймын, ким ойлорумду, кыялдарымды бөлүшөт, жашоомдун да кызыкчылыгы калбады», - деп мукактанды. Ал киши мага эмес, мен ал кишиге көңүл айтып турдум. Аз күндөн кийин эле эч оорубастан туруп Султан ажы өттү деген суук кабар келди.

* * *

Кичинесинен ата-энесинен калып, момун жашоосу бар, жашы жетимиштерден ашкан Исраил аксакал жалооругандай «кантип дыйканчылык кыламын, чече албаган суроолорума ким жооп берип турат?» - деди. Ошондо атам Шеран ажыга, аксакалдарга берилүүчү суроолорго жооп бергенге биз, билимканачылар даяр болушубуз керектигин түшүндүм. Көрсө, карапайым адамдар күндөлүк турмушунда көптөгөн тоскоолдуктардан өтүү үчүн кеңеш алуучу кишиге муктаж турбайбы. Аба ырайы божомолдоо, дыйканчылык, багбанчылык, жандык-мал багуунун жөнөкөй сырларын баары эле биле бербейт экен да. Атамдын бар кезинде эмне

үчүн көптөгөн инсандар келип, сүйлөшүп олтургандардын себебин эми түшүндүм.

Тагдыры Төрөбай аксакалга окшоп, Эргеш аксакалдын багына жакын үйдө төрөлүп, атасы Зулпукар дүйнөдөн өткөндөн кийин таякелерине жакын чоңойгон Абзакир аксакал «уулунун атын улуу тилек менен Төрөбай койду» деп Патила жеңебиз айтып жүрдү. Ата-энесинин тилеги орундалып, Төрөбай Зулпукаров Жогорку Кеңеште вице-спикер болуп иштеди. Өлкөбүзгө таанымал жетекчиге, саясатчыга айланды. Билимкананын илимий жетекчисинин өтүнүчү менен ЖИА (жаш инженерлердин ассоциациясы) мүчөлөрү, эл жүгүн көтөргөн ишкерлер окуучулар, мугалимдер, жергиликтүү бийликтер, акимчилик, ата-энелер менен биргелешип билимканын имараттарын изилдеп чыгышты. Эң алгач бардык шарты бар даарат кананы (душу ж. б. шарттары менен) куруу долбоорун нарындык Алтынбек мырзанын жетекчилигинде ишке ашырышты. Дилгир окуучулар ЖИА менен кызматташуу тааси-рлери жөнүндө жазган сочинениелерди жаш ишкерлер кызыгуу менен талкуулашып, ЖИА жетекчиси Искендер мырза ондогон ишкерлер менен келип, эскилиги жеткен жатакананы жаңыдан куруу чечимин кабыл алышты. Ноокат районунун акими, мурдагы билимкананын жетекчилеринин бири Бекболот Айтиевдин күндөлүк көзөмөлү, жардамы менен үч кабаттуу толук шарты бар жатакана бүтүп калды. Имараттын кирпичин толугу менен депутатыбыз Төрөбай Зулпукаров камсыз кылды. Куруу жумуштарын билимкананын интернат башчысы, тарых мугалими, юрист, билимкана бүтүрүүчүсү Кеңеш Пратов жетектөөдө, бүткүл курулуш материалдар, каржылоо, куруу жоопкерчилиги, эмеректер менен толуктоо сыяктуу оор, сыймыктуу иштерди жаш ишкерлер аткарууда.

Бул мамлекеттик өзгөчө билим очогун жаш ишкерлерибиз жеке кызыкчылыктарын унутуп, той-топурга, ашыкча чыгым, шаантыйжасында элибизге, мамлекетибизге кайтарым күтпөстөн баа жеткис имаратты бүтүрүшүүдө. Эл жүгүн мойнуна көтөргөн бул ишкерлерибиз жердешчилик, тууганчылыкка сезимдерден оолак, өлкөбүздүн кайсыл аймагы болбосун «тез жардам» сымал жетип

барышып, эч кандай саясатка айландырбастан маселелерди чечүү үчүн жүрөгүн берген инсандар. Билимканачылар бул инсандарды отуз жыл күтүштү, эңсешти. Бүгүн бул жатакана эч кемтиксиз, кандай коноқ (чет өлкөлүк) келсе да уят болбой тургандай бөлмөлөрү, конференц-залы, мейман бөлмөлөрү, жаркыраган китепкана, ашканасы, ажатканасы, айтор, биз теледен гана көрүп жүргөн батыштагыдай шарты бар болот.

Ата-энелер, эл-журт, жергиликтүү ишкерлерибиз бул белекти кереметтеп, эл аралык олимпиадалар (айылдык окуучулар үчүн), каржылары жетишсиз, таланттуу уул, кыздары үчүн каникул учурунда жайкы, кышкы математикалык мектептерди, семинарларды өткөрүү тажрыйбаларын башка алыскы айылдарга таркатуу мүмкүнчүлүгү бар экендигине сыймыктануулары керек. Сиздердин идиректүү уул-кыздарыңыз үчүн өлкөбүздүн чар тарабында торолгон жаш ишкерлерибиз берген бул белекти эми сиздердин уулкыздарыңыздар өлкөбүздүн башка алыскы айылдарда жашаган таланттууларга шарт түзүү эстафетасы Сиздер менен биздин оор, сыймыктуу жүгүбүз экендигин унутпайлы.

АРИС уюму (Б. Айтиев) жана Төрөбай Зулпукаровдун колдоосу менен чоң спорт сарайы курулду. Айылдагы дин аалымы Сулайман ажы Өсөровдун өтүнүчү менен медресе, элдин суранычы менен Чечме-Сай, Нойгут мектеп имараттарын куруу долбоорун Зулпукаров жетектеди. Кыскасы, Кулатов аксакалдын атын алып жүргөн Төрөбай ата-энеси тилек кылгандай эл жүгүн көтөргөн инсан болуп чоңойду.

* * *

Колхоздун айдоо жерлерин кеңейтебиз деген шылтоо, ичи тардык менен жергиликтүү тансыкбаевдер Кулатов аксакал сактагыла деген кокту-колоттогу мөмөлүү бактарды мамлекеттик машинаны пайдаланып көмдүрүп, эч бир археологиялык мекемелердин уруксатысыз тарыхый дөбөлөрдү түздөп салышты. Мамлекеттин бул бузукулукка кеткен акчасын, техникасын аяшпады. Ботобай ырчы төрөлгөн Үч-

Дөбө, эл сүйгөн Кош-Дөбө, Бектуруш акын жазып жүргөн Салгаман, Кайнар-Булак конуштары жок болду. Канчалык археологиялык материалдар, бышырылган ылай идиштерине толтурулган ар түрдүү жасалгалар, буюмдар, коло идиштер жылдарча чачылып жатты.

Ботобай келет бостондон,
Ырыскысын кошкондон,
«Үч-Дөбө» деген жерим бар,
Бостон деген элим бар.

Картайганда кишинин,
Белиден кубат-күч кетет,
Акыл менен иш кетет,
Ээктен кашка тиш кетет.

Темир канат жетилип,
Ак шумкар учат уядан.
Өткөн өмүр билинбейт,
Өлгөндөр кайра тирилбейт.

Жаман атка жал бүтсө,
Жанына торун байлатпайт.
Жаман эрге мал бүтсө,
Жанына коншу жайлатпайт.

Бузуктар жүрсө арада,
Билдирбей сени жесем деп,
Бийлердин көөнү парада.

Бул ыр саптарын 1989-жылы билимкананын «Ботобай» тарыхый-адабий ийриминин катышуучулары Минажат Жалилова, Айсалкын Камбарова, Зулайка Каразакова 8-в классынын окуучулары тарабынан Ботобайдын акыркы шакирттеринин бири Абдубазы Турдубаев-Абаз Шапак (1926-ж.т.) ырчынын өз оозунан жазып алышкан. Бул окуучулар бүгүн дасыккан илимпоздор болушту.

Билимканачылар жыйнаган үзүндүлөр, айрым Ботобай ырчы жөнүндөгү маалыматтар көрүнүктүү журналист, жазуучу, тунук

ойлуу, чындыкты адеп кылган Мамат Сабыровго берилди. Ал курч проблемаларды талкууга коюп, дүйнөлүк макал-лакаптарды өзүнүн «Кеменгер кеп» сериялары менен берип, улуу инсандарды таанышты-ган макалалары окурмандарга маалым. Нобель сыйлыгынын лау-реаты З. Алексеевичти да биринчилерден болуп элге таанышты-Мамат Сабыров. Көп үмүт арттырган жөнөкөй инсандарды издеп, чагылдырган татаал жанрды аркалап келе жатат. Келечекте дүйнө-лүк сыйлыктарды багындырганга дарамети бар бул инсандын ар бир кыргызстандыкка турмуш философиясынын жаңы баракта-ачууга салым кошуу кызматына ийгилик, чечкиндүүлүк каалайбыз.

* * *

Белгилүү кыргыз окумуштуусу профессор Сулайман Кайыпов-дун айтуусу боюнча, Ботобай (1870-жылы туулган) өтө курч төкмө ырчы болгон. Бирөөнү мактаса – көкөлөтүп, төбөсүн ай-ааламга жеткире ээрчитип, жамандаса – жердин жети катмарына киргизип, экинчи элди аралабай турган кылган.

Ботобай ырчы өз доорунда Фрунзеге чакырылгандыгын, кол жазмалар фондунда бир топ ырлары бар экендигин да Сулайман мырзадан укканбыз. Бирок, Ботобайдын көпчүлүк ырларында басмачыларды, динди, байларды даңктаган деген шылтоо менен изилденбей, ырлар жыйнактары даярдалбай калган.

* * *

Тогуз жашынан Ботобайга шакирт болуп ээрчип жүргөндүктөн «Бала ырчы» деген атка конгон Сыдык ырчынын китептерин бал-дарынын демилгелери менен чыккандыгын, мотивдер, кээ бир на-сыяттар Ботобай төкмөнүкүнө уйкаш деген сөздөрдү угуп жүрөбүз. Чөлкөмдө Ботобай – ойчул (философ), курч, мукам үндүү катары таанылып Хафиз, Омор Хайям сыяктуу Чыгыш сөз чеберлеринин улантуучусу катары эсептелип, кошуна элдердин төкмөлөрүнө да

устаттык кылганын, шакирттери өтө көп экендигин жердештери уламыш катары айтып жүрүшөт.

Ботобай, анын урпактары, керээздери жөнүндөгү эң кызык ма-териалдар билимкананын кружоктору аркылуу изилденет, жарыя-ланат деген үмүтүбүз бар.

* * *

Элүүнчү жылдардын аягында колхоздорду ирилештирүү сая-сатын ишке ашырабыз деген шылтоо менен төрт-беш «актив сө-рөйлөрдү» район чоңдору макул дедиртип, заманына жараша ке-лечектүү деп эсептелген Калинин колхозунун элин төрт колхозго бөлүп салышат. Натыйжада Калинин (Кара-Таш) айылы Чапаев колхозуна берилип, эли райборбордогу сельсоветке карап калат. Биздин балалык чагыбызда айылдагы радиотүйүн негизинен Таш-кент радиосун басымдуу берип, сельсоветтен справкалар, кээ бир документтер, колхозго отчеттор өзбек тилинде жазылчу деп эл ичинде айтылып жүрөт.

Айылда өстүрүлгөн буудай, жүгөрү, чөп саманына чейин рай-борбордогу колхоз кампаларына ташылып кетчү. Эл жардам су-рап райборборго жөө-жалаңдап жете албаганы үчүн колхоздон, сельсоветтен жардам дээрлик келчү эмес. Калинин (Кара-Таш) ай-лына райборбордон келчү жол өтө жаман болгондуктан, автобус кээде чыкпай, таксилер такыр каттабайт эле. Айылда клуб жок, почта, китепканалар ар кандай сарайларда жайланышып, балдар имараты такыр жараксыз мектептерде окуп жүрүшчү. Райондук деңгээлдеги кызматтарда иштегендер жокко эсе болуп, бул мүңкү-рөгөн айыл эч оңолбочудай сезилээр эле.

* * *

Колхоз төбөлдөрү райборборго жакын жайланышкан элдер-ге мектептерди, чайканаларды, мончолорду ошол кездеги эң

жакшы деңгээлде каралып турганына биз таң калып чоңойдук. Эң кызыгы, биздин айылдын көпчүлүк бөлүгүндө таза суу да нар берилчү. Колхоз борборуна жакын жерлерде бул проблемалар эбак чечилип, чайканалар, төбөлдөр, тоо суусун гана ичебиз деп он беш километрдей лоток менен муздак шар аккан сууну биздин айылдын чети менен алып кетишкен. Колхоз төбөлдөрү бул өгөй айылга келчү да эмес. Айылдагы колхоз жетекчинин өкүлдөрү болуп баш көтөрө албаган, ичи тар, кошоматчы мүнөздөгү адамдардай көрүнчү. Элдин жагдайын ондойлу деп айткан айылдык актив эртеси эле ар түрдүү шылтоо, айла-амал менен иштен алынып таштalып, кийинки «жасакер» бекилип, «Лөлүнүн эркеги чатырын чабат» дегендей айылда баш көтөргөндү жамандап, чогулушка салып, айдап салышканы азыр да элдин эсинде.

* * *

Билимкананын алгачкы ийгиликтерине шыктанып, айылдын активдүү бөлүгү айыл проблемаларын чечүүнүн жолдорун талкуулашып, сабактан кийин билимкана бөлмөлөрүндө жергиликтүү интеллектуалдардан турган жумушчу топ түзүлө баштады. Бул топ айылдын эски, жаңы активдерин билимканага чакырып, ар бир чечилбеген тармакка жооптууларды шайладык. Пилорама, электр тегирмени, жолду жана мектеп имараттарын жаңылоо, эски Калинин колхозунун чек араларын жаңылоо, архивдик материалдардын негизинде тактоо, колхозду бөлүп алуу боюнча уставды даярдоо, убактылуу колхоз башкармачылыгын бекитүү кагаздарын жергиликтүү, жогорку бийликтерге билдирүү долбоорлорду жөнөтүү ж. б. маселелер боюнча чечим кабыл алынды.

Колхозубуз өзүнчө болбосо, айылыбыздын инфраструктурасын ондобосок билимкананын өнүгүүсү мүмкүн эместигине баарыбыз түшүндүк.

* * *

Демилгечи топту жетектөөгө тажрыйбалуу дарыгер Амадали Нурдинов бекитилди. Биз областтык, борбордук архивдерден эски колхоздун чек арасын тактоо аракетин колго алдык. Айылыбыздагы айдоо жерлерди райондук жетекчилер тарабынан жең ичинен сатыла баштады деген кептер биз баштаган иштерди тездетти. Алгач демилгечи топ колхозду бөлүү өтүнүчү менен бийликтерге кайрылса, эми миңдеген адамдар бул маселелерди ар түрдүү формада талап кылууга өтүштү. Бул талаптар социалдык мүнөздө – айылды өнүктүрүү максатында болуп, саясат, улут маселелери көтөрүлбөсүн биз демилгечи топ элден сурандык.

Бул күндөр 1990-жылдын март-апрель айларына туш келди. Райборбордо жашагандарга беребиз деген шылтоо менен 500 участокту таркатканы келгендерди айылдагы таасирдүү инсан Абсатар аксакал жолго туурасынан жатып машина, тракторлорду өткөрбөптүр. Коркутуулар, куру убадалар таасир бербей калган эл ошол убактагы облус жетекчиси Үсөн Сыдыковду маселе чечүүгө чакырышат. 20-майларда Ү. Сыдыков вертолет менен учуп келип, элди угуп, маселени оң чечүү керектигин район жетекчисине элдин көзүнчө көрсөтмө берсе, ал макул болбой коёт. Сыдыков: «Сен Ошогу абал курчуп бара жатканын билбейсиңби?» – деп аны кагып, анан элге «колхозуңар бөлүндү, бүгүндөн баштап өзүнчө колхоз болдунар. Ошто абал оор, имиштерге ишенбегиле, кокус абал өтө курчуп кетсе, силер Ошко келбейбиз деп сөз бергиле» - дейт. Эл кол чаап, калпактарын асманга ыргытышып, конокту бир жыл колхозду тикелөө үчүн акысыз иштейбиз деп узатышты. Алар шашылган боюнча чай да ичпей Ошко учуп кетишти.

* * *

Элдин кубанып турганынан пайдаланып, райком аппараты өз кишисин колхоз башчысына шайлады. Уставды каалагандай кат-

татып, колхоздун бөлүнүүсүнө каршы болгондор кызмат орундарын толук ээлешти. Колхоздун аты «Чечме-Сай» болду. Сельсоветтин аты «Кара-Таш» аталып, эл-журт төрагалыкка Амадали Нурдиновду бекиттиришти.

Ошентип, бир жумадан кийин 4-июнь 1990-жылы биздин айыл массалык түрдө Ошко бара албай калды, бирок Ош окуясында каза болгон чечме-сайлыктар болду. Уюшкандыкта Ошко барбаган менен кагылышууну токтотуу үчүн аксакалдар аракет кылышты.

* * *

Колхоздун, сельсоветтин чек аралары бекилди. Жаңы колхозго кошулбайбыз деген айылдар эски колхоздорунда калышты. Ал айылдардын инфраструктуралары азырынча жайыраак өнүгүүдө. Кара-Таш айылы болуп көрбөгөндөй өзгөрө баштады. Жолдор асфальтталды, клубдар, спорт залдар иштей баштады. Мектептердин, мечиттердин имараттары дээрлик жаңыланды. Жергиликтүү жана борбордук бийлик органдарда жооптуу кызматта иштегендердин саны арта баштады.

Эгемендүүлүк, айрыкча өткөөл мезгилде билимкана өлкө масштабында таанылган билим очогуна айланды. Алгачкы Президент А. А. Акаев өз демилгеси менен эки жолу келип, алкап кетти. Ошол учурдагы өкмөт башчылары, көпчүлүк министрлер, губернаторлор, акимдер таанышып кетип жатышты. Убагында мамлекеттик катчы болуп иштеген И. Абдразаков билимкананын ишине өмүрүнүн аягына чейин кызыгып, кеп-кеңештеринен бөлүшүп жүрдү. Областтагы райОНО жетекчилери, мектеп директорлору үчүн билимканада семинарлар, жолугушуулар салтка айланды. Билим берүүгө кызыккандар, ата-энелер чөлкөмүбүздүн ар тарабынан келип, ыраазы болуп кетип жатышты. Ошол учурларда өлкөбүздүн кайсыл жеринде лицей-гимназиялар ачылса билимканага келип, же илимий жетекчиден кеңеш алып турушту.

Ошентип, Кара-Таш айылы билимкананын өнүгүүсү менен кут кирген айылга айланды десек жаңылышпайбыз.

* * *

Билимканадагы окуу процесстери – билим берүүнүн жаңы укуктук негиздери болуусун бизге сездирди. Президенттик администрацияга көптөгөн кайрылуубуздун негизинде билим берүүнүн жаңы Концепциясын түзүүгө макулдук берилди. Администрациянын жооптуу кызматкери Барлык Шайкенов менен бирдикте эң күчтүү эксперттер, окумуштуулар менен концепция долбоорун түзүүгө мүмкүнчүлүк алдык. Концепция долбоору аяктап калганда өкмөттүн сунушу менен кошулган айымды министр кылып дайындашты. Профессор айым маселени катуу коёт экенсиң деп бизди министрликке аралаштырбады. Ректорлорду жумуштан алам деп жүрүп мектеп реформасы унутулду. Рынок шартында мектептердин жашап кетүүсү үчүн Концепцияда көрсөтүлгөн иш-чаралар толугу менен токтотулду. Сегиз айдан кийин министр айым кызматынан кетүүгө аргасыз болду.

Министр болуп көрүнүктүү окумуштуу, академик А. Ч. Кадеев дайындалды. «Мектеп реформасын Концепцияга ылайык жүргүзгүлө деп Президенттен тапшырма алдым, чогуу иштейли» деп бизге сунуш кылды. Бул жолу вице-премьер О. Ибраимов себебин айтпастан каршы болду. Ошентип, мектептер рынок шартына толук даярдыксыз кириштн. Мектептердеги (айрыкча айылдык) бүгүнкү оор абал чиновниктерибиздин текеберликтеринин, проблеманы сезе билбегендиктеринин түздөн-түз натыйжасы.

* * *

Бирок, жеке киришүүбүздөн билимкана үчүн эң жакшы доор башталды. Айрыкча алгачкы жылдары окуучуларыбыз классы менен (ар бир класста 18 окуучу) райондук, облустук, республикалык олимпиадаларда бардык предметтер боюнча алдыга чыга башташты. Жол кирелер, транспорттор колхоз тарабынан берилип эле

калбастан, женүүчүлөргө акчалай сыйлыктар бөлүнүп, билимкана нага келген коноктору тосууга жардамын аябады.

Билимкана айылды, колхозду республикага таанытты. Кыргыз интеллигенциясы билимкананы жылуу кабыл алды. Мугалимдер такшалды. «Билимкана» термини калк оозунда төл сөзгө айланды. Билимкананын өзгөчөлүгү, иштөө ыкмалары кандидаттык диссертацияларда чагылдырылып, алыскы айылдардагы талант-туу балдар (колунда жок үй-бүлөлөрдүн) менен иштөө тажрыйбасы алыскы, айрыкча тоо арасындагы мектептер үчүн өзүнчө бир табылга болду. Бул ийгиликтер – эгемендүүлүк учурундагы район жетекчиликтери, билимкана идеясын колдогон илимпоздордун, ишкерлердин, коомчулуктун биргелешкен кызматташтыгынын натыйжалары.

Шаарларда чоң акча төлөп уул-кыздарын окута алган менчик лицей, гимназия, мектептер көп санда ачыла баштады. Кээ бирлери өзүн «билимкана» деп аташууда. Рыноктук шартта бул эң туура.

* * *

Идиректүү, бирок акчасы жок уул-кыздар үчүн сөзсүз эл-журт, ишкерлер, мамлекет «билимкана» тибиндеги кызматташтык чакан мектептер ар бир айыл өкмөт аймагында, шаарларда болуусу керек. Бишкекте 61-мектеп эң таланттуулар үчүн табылга. Каалаган бишкектик окуучу экзамен тапшырып өтсө кыялдагыдай билим алууга мүмкүнчүлүк алат. 2015-жылы өлкөбүздөгү элүү алтын сертификаттын отуз тогузун 61-мектеп алды деп айтып жүрүшөт. Алар кааласа элүү сертификаттын баарын деле алып коюшат. Мугалимдер, окуучулар ушундай деңгээлде. Демек, өлкөбүздөгү бардык мектептер биригип, ушул бир мектепке тең келе албайт. Б. Е. Якир аксакал уюштурган бул алтын уядан жылына жүздөгөн окуучулары чет өлкөлөргө окууга өтүп, дүйнөлүк белгилүү компанияларда иштей алгандыктары биздин сыймык. Ал улуу педагог жашы токсондон ашып калса да өзү жашаган Америкадан кенешterин берип, мектебине келип турат.

Бул мамлекеттик менчиктеги мектепте иштеген мугалимдер, окуган окуучулар кол жеткис бийиктиктеги билимдүү инсандар. Алар биздин эле атуулдар. Бул мектепти колдогон ишкерлер эч нерсесин аябастан мектепке беришет. Колдоо жакшы болгондуктан окуучулар, мугалимдер эркин, билимге өтө кызыккан, терең билим жана эмгек бардык ийгиликтердин башаты экендигин түшүнгөндүктөн келечекте эл, саясат, бизнес, бийлик ээлери сөзсүз түрдө ушул мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн ичинен чыгаары шексиз. Аурасы Москва, Петербург, Новосибирск шаарларындагы физика-математикалык мектептерден эч айырмаланбаган бул мектепти бир келип көргөн айылдыктар сөзсүз ойго батып кетет.

* * *

Байларыбыз бири-биринен өтөм деген жапайы жарышуу менен тойлорду өткөрүп, көкбөрү, улак тартыш, ат оюндарына коюлган байгелерин, акчаларын өздөрү жашаган райондо 61-мектепке окшогон билим ордосун түптөөгө жумшаса болмок. Бирок, жалпы эл да мындай ойго келбей жатат. Жеп-ичүү, ырдап-күлүү жыргалчылыгын ээрчип, бул жыргалчылык бир сааттык, ал эми кылымдарга жыргата турган таланттуу балдарды окутуу керектигин түшүнгөндө кеч болуп, урпактарга кымындай шарт түзбөй өтүп кете берет окшойбуз. Алар топтогон байлыктарды колдун кириндей кылып билимсиз коом көз ирмемде жок кылаарын ойлогубуз да келбейт.

Элдин менчигин тыйындарга алып, тез пайда берүүчү жер аянтарга жемкорчулук доорунда ээ болуп тапкан миллиарддарды эл жүгүн көтөрүүчүлөрдү даярдоого жумшабаган адамдары бар өлкө эч качан оңолбогондугу тарыхтан маалым.

Элибиздин түшүнгөн бөлүгү колунда барлар мамлекет менен бирдикте жок дегенде райборборлордо 61-мектептен кем калбаган лицей-гимназияларды ооз жүзүндө эмес, дүйнөлүк стандартта түзсө экен деп күтүшөт.

* * *

Мамлекеттик комиссиянын жолдомосу менен өзүм окуган Калинин мектебине математик мугалими болуп жөнөтүлдүм. Ош пединститутунда билимди баалаган, чынчыл мугалимдер (акыркы могикандар) Ж. С. Мустафин, С. Каримов, М. Назаров, Т. Сыдыков, Т. Аттокуров, Сманов, Максутов сыяктуу агайлар бизди үмүт менен окутушкандыктан, ийримдерди уюштуруп, бүтүрүүчүлөрдү окууга өтө тургандай даярдоого демилгелүү, билими күчтүү агайэжелер биригип аракеттендик. Окууга өтүүгө даярдачу кружокко С. Касымов, Айтибай Тагаев, Бектуруш Табалдиев, Абдраим Маматов, Д. Арапова, З. Малаева, М. Маматов баары болуп 18 окуучу активдүү даярданышты, натыйжада мектептин тарыхында бир класстан жыйырмаа жакын бүтүрүүчү окууга өттү деп сыймыктанып, агай-эжелер окутуунун бул формасын улантабыз деп максат кылдык. Бирок, эки жылдан кийин бул мугалимдердин көпчүлүгү аскерге, аспирантураға, башка кызматтарга кеттик.

Жылына 18 окуучудан кем эмес бүтүрүүчүлөрдү даярдоочу билимкананын ачылышы 15 жылдан кийин гана болду.

* * *

Айтибай окуучубуздун апасы Нават Мамытова өтө түшүнүктүү, келечекти көрө билген эне эле. «Уулум Айтибай экономфакка тапшырам дейт, конкурс чоң экен. Бүтүрүү экзаменинде Айтибай төрт алып калыптыр, кайрадан бешке тапшырганга уруксат берсеңер жакшы болот эле» деп кайрылганда уулуңуз сөзсүз окууга өтөт, экзменди кайра тапшырамын деп өмүр бою кемсинип калат дедик. Ондобосок эң жогорку билимге оңой жетерин, өз алдынча эч кимден сурабастан карьера түзгөнгө шарт түзүлөрүн айттык. Нават эже мага нааразы болгондой болуп калды. Атам менен апам да «окууга өтүүгө керек болсо, кайрадан тапшыртсаңар жакшы болот эле» деди. Мустафин агайыбыз бизге артка кайтпоону үйрөткөн. Айтибай окууга өтөт,

мага болгон кичинекей таарыныч Айтибайга чоң ийгилик алып келет деп ойлоп калдым. Себеби, Мустафин агай жакшы көргөн студенттерин, шакирттерин ушинтип өчөштүрүп, чыйралтчу.

Айтибай экономфакты ийгиликтүү аяктады, ишкердиктин, саясаттын устаты болуп Мамыт таятасынын бир тууган жээни Кулатов иштеген кызматта төрага болуп иштеди.

* * *

Акыркы жылдары маалымат каражаттарында ондогон, жүздөгөн мамлекеттик мүлктөр жең ичинен арзан сатылып, таланып-тонолуп жаткандыгы, эч бир ишкердик кылбастан чоң капитал, кирешелүү ишкана ээлеринин айрымдарынын аттары көрсөтүлүп жарыялана баштады. Алардын көпчүлүгү мамлекеттик жогорку кызматтарда иштегендер, алардын тууган-уруктары, жардамчылары, аспиранттары, достору деп байма-бай айтылды.

Мындай кызматтарга негизинен мектепте, окуу жайларда жакшы окугандар, окумуштуулар, профессор, академиктер, саясий жана кызматтык карьераны кыйынчылык менен түзгөндөр, эл сыйлагандар келет деп эсептейбиз. Бирок, кантип эл ишенген адамдар душмандардай жоруктарын жасашат? Эмне үчүн алар мамлекеттик бюджетти, өз элин ар кандай айла-амалдар менен өөнөйт? Билимин, жыйнаган тажрыйбасын эл жүгүн көтөрүүгө жумшаса эл аларды андан да жогору көтөрмөк. Элге шерменде болбой, урпактарынын, жок дегенде айылдаштарынын урматына татымак. Өз оюнда жогорку кызматта иштегенин колколоп, «мага баары уруксат» деген укукту аларга эч ким берген эмес. Тарыхта мындайларга орун калган эмес.

* * *

Ош шаарында Терешкова мектебинде көрөгөч педагог Калчаеэженин математика кружогуна студент катары жардам берип жүргөнүбүздө окуучуларды жалаң эле кирүү экзамендерге, олим-

пиадаларга даярдай бергенден эле алардан жакшы адам чыкпасын айтчу. Кийинчерээк Новосибирск университетинде аспирантурада окуганыбызда академиктер математикалык мектептин окуучуларына адам болууну биринчи орунга коюп, мамлекеттик мүлккө кол тийгизбөөгө, өлкөнү сүйүүгө, коргоого үндөп, андан кийин гана сабактарга анализ беришээр эле.

Ошондуктан, билимканадагы эң биринчи талап – адам болуу, эл жүгүн аркалоого даярдануу, алдым-жуттум болбоо, бирөөгө зыян келтирбөө, жемкорлуктун зыяны өзүнө эле тийбей, мамлекетти да жок кылат деген сыяктуу идеяларга ишендирип, андан кийин гана жогорку окуу жайга кирүү сынагына мугалимдер даярдай башташат. Алгачкы жылдары билимканага 8-класска 18ден окуучу кабыл алып, бардыгы тең бюджеттик бөлүмдөргө студент болушар эле. 18 саны жогоруда айтылган кружоктордогу окуучулардын саны эле.

* * *

1998-жылы 70 жашында ажылык сапарга аттанган атам автобуста Касым ажы Табалдиевдин тобу менен бир топ өлкөлөрдү аралап келип: «Билимкананы сага эң туура түздүргөн экенбиз. Бу жалган дүйнөдө инсан – элге, адамзатка, жаратканга кызмат кылуусу чоң бакыт экен. Дүйнө элдеринин жашоо деңгээлине жетүү үчүн биздин жаштар эң жакшы билим алууга, көп тилдерди билүүгө, боорукер мамиле кылуу сырларын жадыбалдай билген ишкер болууга милдеттүү экендигин керек болсо жалынып түшүнүрүү керек экен. Мүмкүнчүлүгүнөрдү, каражатыңарды бул соопчулук иштен аябагыла. Билимкананын атын ааламга чыгаруучу пикирлештерди издегиле, алар менен кызматташкыла. Жалгыз бул жүктү көтөрүү силерди чаалыктырышы мүмкүн» - деди.

Шеран ажынын атасы Мамайсүп чал (1862-жылы туулган) элдин балдарына араб тилин үйрөт деп аталаш иниси Мамарасулду окутканын карап отуруучу экен. Өзү араб тилин билбегендиктен начар окутуп жатасың деп молдокени тамаша аралаш сабап кой-

чу экен. Карапайым элдин балдары жакшы билим алсын деп бизге атамдын «Билимкана» түздүргөнү – атасы Мамайсүптүн керээзин аткаруу үчүн болгон аракети экендигин мен эми түшүндүм. Биз кийинки муунга жөнөкөй айылдык балдарды батыштын Оксфорд, Сарбонна сыяктуу университеттерине окууга өтө ала тургандай даярдоочу системаны түзүүнү тапшырууга, көмөк көрсөтүүгө мажбурбуз.

Аталардын керээзи кыргыз үчүн улуу арман, аттап өтө албаган сыймыктуу тосмо экендигин, ата керээзи – сөзсүз аткарылуучу байыркы салт, керек болсо кыргыз элин, кулк-мүнөзүн, салтын, бекемдигин калыптантчу курал турбайбы.

Атамдын мага берген бул тапшырмасын керээз катары тутуп, күнүнө билимкана идеясы менен жашап, окуучулардын, мугалимдердин аманчылыгын тилеп, муктаждыктарын чечүү жолдорун издөө бактысы менен кошо жашоону кийинки муунга, эл журтка айтайын деп, кызыксыз болсо да ойлонуп жүргөн кыялдарымды, себепчи болгон адамдардын бир бөлүгүнүн аттарын гана окурманга жазуу түрүндө сунуш кылдык...

* * *

Билимкана деген сөз 1989-жылдан баштап айтылып, көнүмүш төл сөз катары колдонулуп бара жатат. Көп жылдар «Билим» коому (Общество «Знание) менен кызматташуубуз бул коомдун «Дом Знаний» деген сөздү «Билим үйү» дебей «Билимкана» деп талаптуу балдарды окутуучу мектепти атап койдук. «Билимкана» деген сөздүн экинчи мааниси – лицей, гимназия тибиндеги мектептердин бир түрү катары да түшүнсө болот. Бүгүнкү күнү билимкана – билим үйү, күнү-түнү жүрөгүн берип окуткан мугалимдер, тарбиячылар, окууга өтө ынтызар берилген алыскы айылдардын вундеркиндери, келечекте эл жүгүн көтөрүүчү инсандарды даярдоочу өзгөчө мектеп катары түшүнсөк болот.

«МОЙНУНАН БАЙЛАНГАН ИТ УУГА ЖАРАБАЙТ»

Согуш, ачарчылык убактарда адамдар кантип тамак таап, жоктон бар кылып, балдарын телчиктирген аракеттерин уул-кыздары көрүп чоңоюшат. Жашоо үчүн тынымсыз эмгектенүү, күрөшүү үчүн ден-соолук чың болуусу зарылдыгын ар бир инсан түшүнүп, этият болот. Балдар ата-энени сыйлоо, бирөөгө жакшылык кылуу, ынтымакчылык, адептүүлүк, билимдүүлүк сапаттарына ээ болуу – жашап кетүүнүн зарыл шарты экендигин билип торолушат.

Турмуш оңолгон сайын ата-эне балдарыбыз биздей кыйынчылык турмушта жашабасын деп аларга колунан келген шартты түзө башташат. Натыйжада, балдар даяр нерсеге көнүп, жалкоолук, уйкучулук, менменсинүү адаттарына үйрөнүп, илим-билим, өнөргө үйрөнүүгө көңүл кош болуп, коомчулуктун кызыкчылыгын коргобой өзүмчүл муундун пайда боло баштаганы, айрыкча азыркы нанга муктаждык жок заманда байкала баштады.

Бул жагдайдын массалык түрдө көрүнө башташы мамлекет үчүн өтө коркунучтуу процесс. Өнүккөн өлкөлөрдөгүдөй жашоонун андан да жакшы шартын түзүүгө боло тургандыгын, прогресстин, илим-билимдин тез өнүгүп-өсүүсү балдардын да өзгөчө аракеттенүү маданиятын калыптандырган батыш өлкөлөрдө биздей коркунучтун жок экендиги айкын. Ал өлкөлөр бул маселени эң негизги идеология катары карап, эч нерсе аяшпайт.

Практика көргөзгөндөй, мамлекеттик чоң кызматтарда, чыгармачылыкта, саясатта, бизнес чөйрөдө негизинен эл жүгүн көтөрүүгө далалаттанган, аракетчил улан-кыздар орун алып, шаардыктардын көпчүлүгү тамак-ашты оңой табуучу кызматтарга жабышышып, илим-билим, маданият чөйрөсүндө эптемей (асыресе көз боёмочулук) ийгиликтерге жетишкен болушуп, мамлекетке олуттуу жардам бергенге дармандары, ойлору, билимдери жетпегендей сезилет. Шаардыктардын бул катмарын айылдардагы «тың чыкмалардын», жергиликтүү «элитамын» деп кыйынсынгандардын, айрым чоңдордун уул-кыздары толуктап тураары шексиз.

Колунда күчү бар, бул убактылуу тунгуюктан чыгып кетебиз деген жаштар башка өлкөлөрдө кыйынчылыкка, азапка тикелей карап, көбүнчөсү жергиликтүүлөрдүн кемсинткен жумуштарына чыдап, «мигрант», «каралар» деп басынткан мамилеге айласыздан көнүп-көнбөй, кыжырдануу, өкүнүч менен иштеп жүрүшөт. «Өлкөбүздө жумуш болсо минтип тентибей, ата-бабаларыбыз тандап алган жергебизде жашабайт белек?» - деп, көз жаштарынын тамганын теледен баарыбыз эле көрүп жүрөбүз. Көпчүлүгү бир-экиден дипломго ээ болгон менен кесиби боюнча иштөөгө билими жетпей, чет тилдерин билбегендигин кеч түшүнүшүп, окубай тапшырган зачет-экзамендерине, мектептерде жол таптап өткөргөн күндөрүнө өкүнгөнү менен кеч болуп калгандыгына үшкүрүп, «өлбө жаным өлбө» таризинде жашоо өткөрүүгө мажбур. Өмүрдү Жараткан бир эле жолу берээрин, күндөн-күнгө жашы да өтүп, картайып бара жатканын билгенде улутунгандан башка эмне кылат?

* * *

Чет өлкөдөгү мигранттардын кээ бирлери гана балдарын өздөрү багып, окутуп, тарбия берүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Көпчүлүгүнүн балдары жакын туугандарынын, тааныштарынын колунда мектепке бир күн барса, бир күн барбай күн өткөрүшүп, ата-энесин сагынып, «акчага болсо да окутамын, үйлүү болобуз, муктажсыз жашоо куруп беребиз» деген телефондогу зарыгуу, жалынуу сөздөргө көнүшүп, ал балдардын кээ бирлери кайрадан эле билими жетишсиз, чет тилдерди билбеген, жарамдуу өнөрсүз мигранттардын катарын толуктоодо. Жыйырма беш жыл ичинде мигранттарын катарын мигрант балдар, мигрант неберелер толуктай баштады.

Бирок, ушул кыйынчылыктарда чоңойгондордун ичинен сөзсүз көптөгөн эл жүгүн көтөрүүчүлөр чыгаары шексиз. Алардын уюшурган ишканаларында, долбоорлорунда, кол алдыларында бүгүн эч кыйынчылык көрбөй чоңойгонго шарт түзгөн адамдардын эрке, өзүмчүл чүрпөлөрү иштеп калышы мүмкүн экендиги сезилип турат.

Келечекте эл жүгүн көтөрүүчүлөрдүн катарына кошулуу үчүн бүгүнкү мигранттардын көпчүлүгү өз жандарын аябай, кыйынчылыкта, кичинекей батирде 20-30 адам кезек менен уктап, кээде өз жандарын тобокелге салып иштеп жүрүшөт. Жаратканыбыз өзү колдосун бул баатырларыбызды. Элибиздин, жеribиздин, өлкөбүздүн келечегин мындай данектей адамдар өз колдоруна алуучукүн да алыс эмес. Себеби, алар өз бактысын өздөрү тапканга үйрөнүшүп, башка элдердей эле жакшы жашоо куруу мүмкүн болооруна көздөрү жетип калды...

Көп жылдык байкообузда бардык шарты бар, даяр үйлөрдө чонойгон жаштардын эң биринчи проблемасы – «даарат кагаз жок болсо эмне кылам?» - деген түйшүк ой. Алар өз курсагын жакшы тойгузууну үйрөнүшү мүмкүн. Эл багайын деген ой пайда болуу ыктымалы өтө аз. Улуу комузчу Нурак Абдракмановдун «Майда адамда майда сүйүү бар» - деген ыр саптарындай, жашоосу бар инсандар алардын арасында чыгат. Ырчы Юлия Руцкая бул чыгармаңы ар бир адамдын өзүнө, эл-журтка, коомго, адамзатка болгон аппак сүйүү керектигин созолонтуп, жүрөгүбүзгө жеткире билди.

* * *

Эгерде шаардыктардын, колунда барлардын бүгүнкү күнү өз балдарын эмгектенүүгө, элге ак кызмат кылууга, жакшы өнөрдү аркалоого үйрөтүшсө аябай чоң натыйжа берип, элдин жүгүн көтөрүүчүлөрдүн катары сапаттуу билим, өнөр ээлери менен толуктаалаары шексиз. Себеби, ар бир наристе таланттуу, элдин кызматына жарамдуу болуп төрөлөт. Өзүбүздүн аракетсиздигибизден жогорудагыдай мүчүлүштүктөр келип чыгат.

Эң негизгиси, балага адал тамак, эмгек, өнөр, аракет, мамиле, тарбия берилүүсү керек. Адал эмес тамак жеп, кийим кийип чоңойгондордон иш жүзүндө жарамдуу инсандын чыгуусу өтө сейрек кездешет.

«Мойнунан байланган ит ууга жарабайт» - дегендей, аракети, каалоосу жок баланы туңгуюктан алып чыгуу өтө кыйын. Өзүнүн

тагдырын, келечегин өзү ойлогонго кызыкпаган мүнөз өзүн-өзү тебелегенге барабар экендигин түшүндүрүүгө аракет кылганыбыздан башка айлабыз жок.

* * *

Чыныгы социализмди курган Скандинавия өлкөлөрүндө балдарга кошумча, атайылап кайталатып окутууга (репетитерство) расмий жол берилбейт. Батыштын көпчүлүк өлкөлөрүндө анын ичинде АКШ, Японияда балдарды жетелеп, жөлөп-таяп кошумча, кайталап окутуу жакшы колдоого ээ эмес. Бала өзү аракеттенип мектеп курсунда тийиштүү билим ала албаса, аларды ата-эне, мамлекет жетелеп, кайрадан билимин бышыктаймын деген аракет натыйжасыз, кошумча ысырапкерчилик эле болбостон, мындай балдар коом, ата-эне, мамлекет каалагандай билимдүүлүккө жетип жарытпайт.

Азырынча репетитерлук Кытай, Түркия сыяктуу өлкөлөрдө колдонулуп келе жатканы менен орус илимпоздору тарабынан Россияда балдарды мындай натыйжасыз жетелөөнү токтотуу керек деген ойлор айтылып жатат.

* * *

Бизде болсо мектепте жетелөө башталат. Түштөн кийинки кошумча сабактар, ата-энелердин, жакындарынын өтүнүчү менен окууга даярдоочу курстар ачылып, өтө күч алган мезгил. Мындай курстар окуучунун түшүнбөгөн темаларын түшүндүрөт деген жаңылыш ойдобуз. Чындыгында, мектеп курсундагы мамлекеттик стандарттагы билимди өздөштүрбөгөн, же өздөштүрүүгө аракет кылбаган окуучу 11-12 жыл шапар тээп жүрүп, кыска убакытта билимин толуктап алса болот деген үмүтүбүз – ката. Мээге, жүрөккө билимди тез эле сиңирүүгө болот деген ой – жомок, өзүнөзү алдоо.

* * *

Олимпиадага даярданганга кызыккан алдыңкы окуучуларга мындай кошумча сабактар, курстар болушу кээде оң натыйжа алып келиши мүмкүн.

Окуганды сүйбөгөн, илим-билимге, кесип ээси болууга суусабаган жаштар үчүн мектеп, жогорку окуу жайлар жөн эле убакыт өткөрүүчү, жакындарынын акчасын, мээнетин кумга сиңирүүчү кезектеги эркелөөсү, акмактыгын көрсөтүүчү аренага айланат. Алар ар түрдүү аттестаттардын, дипломдордун формалдуу ээлери болгондору менен дүйнөнүн эч бир жеринде дипломум бар деп айта албайт. Себеби, чет тилдерди билбейт, же чала билет, жогорку билими же бакалаврдык, магистрдик даражаларын далилдей ала турган билими да, кесип деңгээли да эл аралык стандартка жооп берээрлик эместигин өздөрү билишет. Алган кесибин, өнөрүн, көпчүлүк учурда дипломдук, магистрдик иштеринин аталышын, маани-маңызын чечмелеп айта албай алардын уят болгондорун айтып жүрүшөт. Окуган факультетин, дипломдук иш жазган кафедрасынын, кээде окуу жайдын атын чечмелей албай шерменде болуп жүргөндөрү канча.

Ушундай аттестат, диплом берген мектептерге, окуу жайларга, алардын жетекчилерине, окутуучуларына, коомчулукка актанып-макатанганга тийиштүү мекемелерге наалат айткандардын саны улам көбөйүүдө. Эки-үчтөн диплому бар инсандардын чет өлкөлөрдө көчө тазалаганга да жарабай жүргөндөрүн жашыруу мүмкүн болбой калды.

* * *

Орто, жогорку билим, илимий даража ээлери башка өлкөлөрдөгү өздөрүндөй даражалуулар менен тең ата сүйлөшө билүү, конкурстарды жеңе билүү, берилген жумушту жогорку деңгээлде аткаруу сапаттарына ээ болуусу шарт. Өз кесибинен башка жумуштта иштөөнү уят көрүп, кичинекейинен келечек кесибин туура тандап, жакшы окуп, ар түрдүү долбоорлорго катышып жеңүүчү болуу зимин – биз жакындары, коомчулук, мамлекеттик мекемелер ойготуп, калыптануунун адал жолуна багытташыбыз абзел.

Парасыз окууга өтүү, диплом алуу, кызмат орун табуу, жумушту жана кызматты парасыз аткаруу, башкаларды да ушундай жолго үгүттөө, үйрөтүү, көндүрүү, жүзөгө ашыруу – чыныгы билими, диплому бар инсандарыбыздын негизги максаты болгондо гана жашообуз кескин өзгөрөт.

* * *

Көпчүлүк өнүккөн өлкөлөрдө балдарын жаштайынан башка мамлекеттердеги жашоону өз алдынча анализдөөгө багытташат. Мисалы, Японияда окуучулар орто мектепти аяктаганча бир канча кошуна өлкөлөрдү кыдырып, таанып, тажрыйба топтоо жөрөлгөсү адатка айланган. Ал эми студенттер университетти аяктаганча ондогон алыскы өлкөлөргө барганга мүмкүнчүлүк издешет. Ар бир мекеме, мамлекеттик мекемелер, ишкерлер, коомчулук, атуулдар окуучуларга, студенттерге каникул учурунда каражат тапканга жеңил жумуштарды уюштуруп бергенге аракет кылышат. Себеби, бул долбоордун мамлекеттин келечеги үчүн өтө зарыл экендигин баары түшүнүшөт жана милдет тутушат.

Окуучу, студенттер бул кыдыруулардан өз алдынча ойлонууга, келечек үчүн өзүнө, өлкөсүнө кандай аракеттер керектигин кыдырган жерлерине салыштырып пландаштырышат. Жакшы окуу, манилүү өнөр ээси болуу, өз күчүнө ишенүү, личность катары тезирээк калыптануу сапаттарын баалай баштайт.

* * *

Япон элинин мындай аракеттери өзүнөн-өзү келип чыкпаса керек. 1949-жылы АКШ Нагасаки, Хиросима шаарларына атом бомбасын таштагандан кийин япон эли дуушар болгон трагедия алардын улуттук баалуулуктарын жок кылганга чейин барып, эрки бошотор ичимдик ичип, сойкулук күчөп, кедейчиликтин кесепети ар бир

үйгө тийип, мамлекет жок болуп кетүү коркунучу каптаган. Улуттү сактап калуу үчүн көпчүлүк энелер билериктерин, сөйкөлөрүн, мончокторун жана акыркы акчаларын ортого жыйнашып, зээндүү уул-кыздарын өздөрү запкы чеккен атом бомбасын, согуш учактарды, учкучтарды даярдаган батыштагы окуу жайларга жөнөтүшүп, тикелейсинер, өнүктүрөсүңөр» деп көз жаштарын төгүп узатышат. Ошондо да эркектердин көпчүлүгү ичимдиктен бошонуп, бул идиректүү уул-кыздарды узата алышкан эмес деп айтып жүрүшөт.

* * *

Энелердин көз жашы, акыркы үмүтү деградацияланган бул өлкөдө жаштарды тезирээк билимдүү кесипкөй болууга түрткөн. 4-5 жылда эле алар өз өлкөсүн тикелөөгө салымдарын кошууга жетишишкен. Бүгүнкү күндө Япония эң өнүккөн өлкөгө айланып, дүйнөнүн кайсы бөлүгүнө барсаңыз да япон бизнесмендеринин офистери, менчиктери сан жеткис. Сакура гүлдөгөн күндөрү баягы бир учурда талкаланган, жүдөгөн өлкөнүн жаштары дүйнөлүк өндүрүштүн, илим-билимдин, өнөрдүн, байлыктын, жаңы технологиялардын Улуу кожоюндары катары Күн Чыгыш өлкөсүнө майрамдаганы келип, кайрадан дүйнө экономикасындагы өз таасирлери, салымдарын күчөтүү үчүн жол тартышат. Бир гана өзгөчөлүк – энелер, эл-журт аларды ыйлап эмес, жылмайып, ийгилик тилеп узатышат. Жылдын төрт мезгилинде дүйнөнүн кайсыл өлкөсүндө болбосун чогуу кудуңдашып, жыргап жайбаракат кыдырып жүргөн япон туристтерин жолуктурасыз. Алардын арасында жаш балдардан баштап, жашы жүздөн ашкан адамдар да басымдуулук кылышат.

* * *

Бир япон ишкери менен сүйлөшүп калганда «мен үйдүн кенжесимин, чоң энем 96 жашта» деп калды. Чоң энең кимдин колунда, бизде кенже баласы карайт десек, таарынгансып жооп бербеди.

Мен англисчени жете түшүнбөдү го деп кайра сурасам «менин чоң энем эч кимдин кароосуна муктаж эмес, ушул күндөрү өз достору менен Түштүк Африкада соопчулук иштерин жүргүзүп жүрөт» деп бизди таң калтырды.

Японияда жашагандардын орто жашы токсонду таяп, жашы жүздөн ашкан карыялардын саны арбын. Ири ишканалардын кожоюндары бири-бири менен сүйлөшкөндө «Аксакал кенешчилериң канча адамдан турат?» - деп сурашып, кайсы ишканада мындай кеңешчилердин саны көп болсо, ошол ишкананын ийгилиги жакшы экен деп кубанып калышат экен. Бул кеңешчилердин жашы негизинен 80ден жогору болуп, дүйнө маданиятын, илимин, өнөрүн, саясатын, соода-сатык сырларын билген залкар инсандар өмүрүнүн акырына чейин өз мамлекетине, ишкерлерге жөлөк болуп, активдүү өмүр сүрүшөт.

* * *

Бизде болсо 50 жаштан ашып-ашпай пенсияга чыгууга ашыгышып, карыяга айланышып, той-топурдан башка ишке аралашпай, ишканаларга кеңешчи боло турган билими, тажрыйбасы, дарманы жоктугун сезип, пессимист чал-кемпирлердин кейпин кийүүгө умтулушат. Чыныгы карыя болуу үчүн көп эмгекеттенүү, элге-журтка, тарыхка из калтыруу, олуттуу ат калыптандыруу керектигин кеч түшүнүп калабыз.

* * *

Эмне үчүн жүз элүү миллиондун тегерегинде калкы бар Японияда дээрлик ар бир окуучу идиректүү, билимге, илимге, өнөргө умтулуп, өз өлкөсү үчүн колунан келген аракетти жасйт да, биздин алты миллион калкы бар өлкөбүздө эч болбогондо миндеген изденген аракеттүү уул-кыздар эгедер боло албашыбыз керек? Япон эли жашаган аралдар океан ортосунда жер титирөө, суу ташкын-

дары, цунами сыяктуу табигый кырсыктар арасында жайланыш-кан, бизге болсо ата-бабаларыбыз укмуштай жаратылышы бар аймакты мураска калтырышкан.

«Энеси болушчаактын баласы ыйлаак» - дегендей, ар бир эне баласын аппагым деп чоңойтуп, көбүнчө ашыкча жакшы көрүү сезими – баланын өз алдынча туура чечим кабыл алуу жөндөмүн жоготот. Ата артынан ката мүнөз калыптанып, энесине да наа-разычылыгы күчөй баштайт. Себеби, баланын күндөн-күнгө өсүп бара жаткан аппетитин (ичтейин) эне толтура албай калат. Бул таарыныч, нааразычылык акырындык менен жакындарына, айла-на-чөйрөдөгүлөргө, коомго, мамлекетке жайылып, өзүмчүлдүгү күчөп, нааразылык (протесттик) аракеттерге өтүп, бузукулук, жа-ман жолго жетелей баштайт.

«Мага башкалардай шарт түзбөдүңөр, чет өлкөлөрдө, пляж-дарда эс алдырбадыңар, кафе-ресторандарга жөнөтпөйсүңөр, эл «Джип» машинасы менен жүрсө, силер маршруткаларга жүргүзө-сүңөр... Кыскасы, жашаганды билбейсиңер, мени жакшы окууга өткөргүлө, акчалуу жумушка орноштургула... » Ошентип, «мен, мен жана мен» деген гана сөздөрдү сүйлөп калган уул-кыздардын саны көбөйүп бара жатат.

* * *

Мындайлар жаштайынан тамеки чегүү, насвай атуу, спирттик ичимдиктерди колдонууну баштап, эки аялдама мектепке да жөө барбай жүрүп ден соолугу начарлап, кибиреген итийге айланат. Сөзү октой, өзү боктой бала ушинтип жаралат. Тороло элек мезги-линде эле менменсинген болуп, окуусуна кечигип барат, же биротө-ло барбай коёт. Китеп, дептер көтөрбөй, алдамчылык шылтоолору менен мугалимдерди да тажатып, окууга өтүүчү текстик сынак-та «кереметке» ишенет. Билим пайдубалы эптемей болгондуктан, баласынын мындай жарамсыздыгын жаап-жашырып, жөлөп-таяп контракттык окууга эптеп-септеп түртмөлөгөнүбүз менен алган дипломуна татыктуу жумушту да алар жарытпайт.

Мындай балдар ата-энесинин, жакындарынын күнү-түнү ишке тегендиктеринин баркын түшүнгүсү да келбейт. Аларга жардам бермек тургай жаткан төшөгүн, ичкен тамагын жыйнабай, наараз-зы кейиптенип жулкунуп турат. Нанды (ырыскыны) тебелеп, сууга сийген бала ушинтип жаралат.

Ошентип, эненин сүйүүсү азапка айланат, жакындарын эле эрте карытпай, бул жашоодо мындайлардын кесири элге, коомго тиет. Кичине каталар чоң катага, ата-эне үчүн катастрофага айланат. «Атам мага эч нерсе жасабады, байлык түптөбөдү, энем мага жети-шээрлик кам көрбөдү, мураска акча, байлык даярдабады... » Күн-дөп-түндөп телчиктирген атасын жек көрүп, жарык дүйнөгө алып келген энесин кор кылгандардын катары ушинтип уланат. Ата-эне да бул дүйнөгө конок экенин унутуп, өмүр бою аны бага турган «роботтор» сымал түшүнгөн жарамсыз адамдарды ушинтип өзү-бүз эркелетип, баарын даяр кылып берип, ичирип-жедирип жүрүп жаратабыз.

* * *

Биз кичинекейибизде Лагландан (Алайдагы Чыйырчык ашуу-сунун Папан жак бети) чокчо сакал, жеңил, элпек Сарымсак жез-дем келип, кызыктуу окуяларды сүрөттөп берүүчү. Ал кишинин айтуусунда Лагландан бир мергенчи согушта Власовдун армия-сында болуп, саткынчы генерал катардагы жоокерлерге чейин не-мистерге туткунга өткөрүп бериптир. Сакалдары өсүп, бит баскан мергенчи бир немис үй-бүлөгө ат багар болуп бөлүнүптүр. Кайра-кайра мончого жийиркенбей жуунтушуп, аз-аздап тил үйрөтүшүп, анан атты өтө өзгөчө караганына таң калышып, жакшы мамиледе болушуптур. «Үйү, короосу таптаза, жыргал турмушта жашаган бул немис үй-бүлөсүнө суктанып жүрдүм. Негизги жумушум – күн-нүнө таңга маал алтын-күмүш жалатылган ат араба (фаэтон) ме-нен алардын жалгыз кызын мектепке жеткирип, кайра үйүнө алып келүү. Эртең менен кызы окууга жөнөөр мезгилде эле кужулдашып урушуп жаткандай сезилчү. Кызы болсо мектепке жеткенче ыйлап

баруучу. Тилди бир аз үйрөнгөндөн кийин эмнеге күндө ыйлайсың деп сурасам «элдер балдарын ар түрдүү машиналар менен мектепке жеткиришет, мен болсо арабада келемин. Качан ата-энемдин часы машина алганга жетсе, мен да мамыкта отуруп окууга барат элем, ошондо ыйлабай калат элем» - дейт. Окуучулардын жарымынан көбү окууга жөө-жалаң эле келишкенин көрүп жүрөм десем, «алар кембагалдардын балдары, ата-энеси ар кимдин кол алдында иштейт, көпчүлүгү фашисттерге кызмат кылат» деп шыбырап, итирейип койду.

* * *

Бир жылдан кийин көпчүлүк туткундарды офицердик окууга алып кетишти, мени ал үй-бүлө кетиргилери жок, ыйлап узатышты. Унтер-офицер наамын Беталман деген генерал кыргызча сүйлөп тапшырып, кыргызча «Манас» китеби басылган газеталарды таркатышты. Силерди көз карандысыз өлкөнөр болуусуна жардам беребиз, жакында жөнөп кетесиңер деген сөзү мага жакпады. Мүмкүнчүлүк таап Европаны аралап качып, өзүмүн Лагланыма келдим. Бул жерден туткунга түшпөй өлүшүнөр керек эле деп дароо камашты. Сталин өткөндөн кийин амнистия менен түрмөдөн чыгып, элиме келдим. Аз эле убакыттан кийин кайрадан Сибирге айдашты. Эч ким көзөмөлдөбөй калганда кайрадан Лагланга келе бердим. Пенсия бербейт, куугунтуктан кутулуп мергенчилик менен оокат кыламын.

* * *

Бирок, оюмдан баягы немис үй-бүлөсү, алардын жалгыз эркe кызы эмне болду экен деп ойлой берем. Өздөрү немис болуп туруп, Гитлерди жаман көрүшүп, биздин немистер дүйнөнү азапка салган эл аталып калгандыгы өкүнүчтүү деп айтышчу».

Фашисттер тарабынан немистердин дүйнөгө жаман көргөзгөн

жашоону калыбына келтирүү үчүн баягы мектепке жөө-жалаң келип окууну ийгиликтүү аяктагандар күнү-түнү аракет кылышып, Германияны кайрадан эң бай өлкөгө айландырышты. Фашисттердин кесепети үчүн дүйнө элдеринен кечирим сурап, кун төлөөнү мойнуна алган азыркы жетекчиси Ангела Меркель айым да ошол эмгекчил, жөө жүрүп окуган окуучулардын бири экендигинде шек жок. Биздин каарман сөз кылган баягы ата-энесине өмүр бою наразы болуп чоңойгон, ыйлаак кыз көп деле ийгилик жарата албаса керек деп ойлойбуз.

* * *

Дүйнөдө эң жакшы үйдү немистер курат. Өндүргөн товарлары, техникалары, согуш куралдары, тиричилик эмеректери – дүйнөдө эталон катары кабыл алынат. Балким, көпчүлүгүбүз бул ийгиликтер кайдан келип чыкканын сезбестирбиз. Анын негизинде немецтик тактык, убада, эмгекчилдик, билимдүүлүк, өлкөнү сүйүү, сапат, аракет жатат.

ЗЭЭНДҮҮ БАЛДАРДЫ МИЛЛИАРДЕР БОЛУУГА БАГЫТТООНУН БИР ЖОЛУ

Калкыбыз алты миллиондон ашпаган өлкөлөрдүн ички рыногу чектелүү болуп чоң бизнестин калыптануусуна жол табуу кыйынга турат.

Турмушка керектелүүчү буюмдарды өндүрүү эчактан ээленип, ал рынок эч кимди киргизбөөгө аракет кылат. Финансылык компаниялар, банктар биздей географиялык абалда, инфраструктурада өнүкпөгөн чөлкөмдө эч качан мегабанк, мегабизнес, мегакомпаниялар абалына келүүсү күмөн.

Дүйнөлүк рынок толук ээленип, чоң компаниялар үчүн ашыкча өндүрүлгөн товарларды сатуу чоң баш ооруга айланган. Ар бир сатып алуучуну ээлөө үчүн чоң талаш бар. Кээ бир монополист гиганттар өз товарларын сатуу үчүн согуш чыгарып жиберүүгө да даяр экендигин нефтиге бай араб өлкөлөрүндөгү бүгүнкү окуялар мисал болот.

Биз эң жогорку деңгээлдеги билимге, тажрыйбага ээ болуп, жогорку технологиялык өндүрүштөрдү ачсак да дүйнөлүк теңтайлашууга жараган өндүрүш, бизнес жаралуу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло албайбыз.

* * *

Бирок, биздей ар бир атуулдун дүйнөлүк деңгээлдеги билим алуусуна, чет тилдерди бешке үйрөнүүсүнө, өнөр өздөштүрүүгө, кыялдануура эч ким тоскоолдук кылбайт. Адамгерчилик, адилеттүүлүк сапаттарыбызды күчөтсөк эл аралык рынок өз кучагын ачаары шексиз.

Жаңы өнүгүп келе жаткан постсоветтик, Батыш Азия, Африка, Араб өлкөлөрү жаңы технологиялар, байланыштар, интернет дүйнөсүнө сүңгүп кирүүдөн башка жолу жок. Миллиондогон мекемелер, ишканалар, банктар, өндүрүштөр, соода-сатык, маданий тармактары электрондук технологияларсыз иштей албай

калды. Программисттерге, анын ичинен жогорку даражадагы программисттерге дүйнө жүзү муктаж.

Эгерде биздин мигранттар эч болбогондо жөнөкөй программисттик өнөрү болуп, компьютерде комуз черткендей, же кара жорго бийлегендей иштей алышканда – көчө шыпырбай, суукта оор кызматтарды аткарып, акыр-чикир тазалап кемсинбей турмуштарын кескин оңдоп, күтүлбөгөн кырсыктардан алыс болушат эле. Жакшы программисттин кайсыл өлкөдө болбосун ишкана ээсинин деңгээлиндеги айлык акысы, муктажсыз өз үйүндө жашоо сүрөөрү ачык.

* * *

Улан-кыздарды мындай программист болууга багыттоо ар бир ата-эненин, мектептин колунан келет. Мектеп курсун бешке (чыныгы) окуп, математика, информатика сабактарын өзгөчө өздөштүрүүсү жетиштүү. Бул баштапкы ийгилик баланын эмгекчил, адептүү болуусуна уютку болуп, жөлөксүз окууга өтүүгө жол ачат. Мектеп жашынан баштап интернет аркылуу программисттерди даярдаган окууларга, конкурстарга катышып, ар түрдүү алгоритмдерди түзүп, программа жазганга үйрөнүп алса болот. Студент болгондо өзүн-өзү багып, татаал долбоорлорго аттанып, жарышка катышып, программист катары керектөөчүлөргө катыша баштайт. Олуттуу келишимдер менен тез эле чоң акчага ээ болуу мүмкүнчүлүгү ачылат.

* * *

Дүйнөдөгү эң бай Майкрософттун ээси Билл Гейц да мектеп жашында алгачкы миллионун аскер өндүрүштүк ишкананын берген тапшырмасынын математикалык алгоритмин түзүп, компьютердик программасын иштеп чыгып берген. Аз эле убактытта Майкрософт компаниясын түзүп, эң жаш миллиардерлердин катарына

кирип, акыркы отуз жылдан бери дүйнөдөгү эң бай адамдардын тизмесинин башында келе жатат. Биздин окуучулардын ал кишиден эмнеси кем?

* * *

Эч бир акы төлөбөстөн кыргыз тилинде күчтүү программист болууга даярдоочу «Codecademy» сайты Google түйүнүндө жайланышкан. Бул сайттын ээси өзүбүздүн кыргыз жигитибиз экендигин теледен көрдүк. Мындай бир канча баскычтан (курстан) турган дасыккан программистке үйрөтүүчү сайт кошуна өлкөлөрдүн тилинде жок. Азырынча англис тилин жакшы билбеген айылдык жаштар үчүн бул чоң шанс. Толук баскычтардан өткөн программисттерге жумуш сунуш кылынып, чоң программаларга буюртма алууга, чоң каражат табууга өз кеңештерин беришет. Демек, эч бир өлкөгө мигрант болбостон үйдө олтуруп эле интернет аркылуу жумуштарды аткарып, үй-бүлө багууга ар бир кыргыздын шансы бар.

Дүйнөлүк жашоого компьютер киргенден кийин алгачкы программисттердин саны өнүккөн өлкөлөрдө, кийинчерээк Индияда, азыр Кытайда болуп көрбөгөндөй өсүүдө. Бирок, дасыккан өтө күчтүү программисттердин саны дүйнө жүзү боюнча эсептелүү эле. Чет өлкөлүк эксперттердин баамында Кыргызстанда эң күчтүү, залкар программисттердин чыгуусу мүмкүн.

Баарыбызга кыска убакытта таанымал болгон социалдык түйүндөрдүн ээлери да миллиардерлер болуп эсептелишет: Фейсбук, Гуугл, Одноклассники Ру, ...

* * *

Практика көргөзгөндөй, математиканы жакшы окугандар башка сабактарды да эң жогорку деңгээлде өздөштүрүп, дарыгерлик, коомдук, техникалык, мугалимдик багыттардагы окуу жайлардын бюджеттик бөлүмдөрүнө өз күчтөрү менен өтүп, жакшы кесип

ээлери болушат. Математикалык багыттагы «Ноокат билимканасынын» бүтүрүүчүлөрүнүн үчтөн бири кээ бир жылдары дарыгерлик багытты тандашат, калгандары негизинен окутуучулук, инженердик кесиптердин ээси болууну каалашат. 1989-жылдан бери билимкананы 868 бүтүрүүчүнүн ичинен 33 алтын медаль, 116 артыкчылык аттестаты менен аяктап, негизинен бюджеттик факультеттерди бүтүрүшүүдө. Дээрлик бардык предметтер боюнча райондо, областта билимканачылар алдыңкы орундарды ээлешип, республикалык деңгээлде да жаман эмес көрсөткүчтөргө жетишүүдө.

* * *

Келечекте балдардын тез телчигип кетүүсү үчүн кошумча адабияттар, классикалык чыгармалар менен таанышууларына көмөк көрсөтүшүбүз керек. Прагматикалык көз карашты тез калыптандыруучу китептер өтө көп. Алардын ичинен – Роберт Кийосаки, Шарон Л. Лечтер «Бай атам, кедей атам», Джордж С. Клейсон «Самый богатый человек Вавилона», Билл Ньюмен «Парите вместе с орлами», ошондой эле азыркы күндө Кыргызстанда жашаган С. Давлатовдун мээнеткечтик жөнүндөгү бир топ китептери, лекциялары менен таанышуу окуучулардын ой жүгүртүүсүнө, кыялданнуусуна эле түрткү бербестен, өздөрүнүн коомго өтө керектигин, адамзат өнүгүүсүнө салым кошо алаарын, өмүрдүн ар бир көз ирмеми, минутасын бош өткөрбөө керектигине көзү жетет.

* * *

Уйкучулук, жалкоолук, адепсиздик ж. б. терс сапаттардан тез арылып, бул жашоодо эмгектенүү, элге жакшы жөрөлгөлөрдү жасоого үлгүрүп калууга чектелүү гана убактысы бар экендигин сезет деп ойлойбуз. Ата-эненин, жакындарынын башка бирөөлөрдүн эсебинен жашоо эң уят экендигин, таң эртеден уйкудан туруп, ар

бир күндү максаттуу пайдаланбаса, өзүнүн кантип кулга айланып бара жатканына бушайман болбосо, жөө баскандан, чуркагандан, спорттон алыс болгондуктан ден соолугу начарлап, эрте картайып бара жатканын байкагысы келбесе – мындай баланын барынан жогу – деген лакаптын ээси болуп калышы мүмкүн. Дене түзүлүшү, аң-сезими, жүрүш-турушу бузулуп өзүнө да, башкаларга да кереги жок адам болуу кандай уят иш.

Тезинен сергек, аракеттүү абалга келип, уялып, кайраттанып башкалардан артта калбоо үчүн эселеп эмгектенсең, балким жакшы жыйынтык болот.

ЖАКШЫ ТИЛЕК

Колунда бар инсандар атайын класстарды, мектептерди уюштуруп, жер-жерлердеги таланттуу балдардын тикеленүүсүнө болгон мүмкүнчүлүгү менен жардамын берүүсү керек. Бул идеяны мамлекет да жакшы колдоого алат деп ойлойбуз. Себеби, мындай жөндөмдүү балдарга чет элдик кылмыш чөйрөлөрү ээ болсо, алардан таланттуу кылмышкерлер чыгаары шексиз. Ички кылмыш топторуу деле ден соолугу чың, спорт менен машыккан, элпек, акылдуу уул-кыздарды жолго таштабайт. Мындай топтордун күчтөлүшү элге-журтка, мамлекетке тынчтык алып келбейт. Айрыкча жаңы эле түптөлүп келе жаткан өлкөлөрдө коррупция, билимсиз, тажрыйбасыз кокус келип калган айрым ар түрдүү деңгээлдеги жетекчилердин катачылыгынан калк арасында аларга болгон ишеним азайып, көмүскө, айрым учурда ачык эле кримчөйрөлөрдү өздөрүн коргой турган лидерлер катары тутуп калышы мүмкүн экенин көрүп калдык. Алардын жаштардын кумирине айланып кетүү коркунучу бар.

Бүгүн колунда бар адамдардын байлыктары, керек болсо бир күндө таланып кетиши мүмкүн. Сирия, Ливия, Ирак, Афганистан өлкөлөрүндөгү акыркы окуялар буга күбө. Шаарлар толугу менен кыйрап, жүздөгөн жылдар жыйналган байлыктар отко күйүп жок болду. Сырттан уюштурулган бул кыйроолорду элдин бир бөлүгү колдоду, себеби мыйзамсыз, элди тоногон мамлекеттик кызматта иштегендердин көпөстүк алдым-жуттум аракеттери мамлекеттик байлыктарга кол салып байлык топтоп, мен бизнес жолу менен байыдым дегенине бечара эл ишенбеди. Өздөрүн өлүм күтүп турганына карабай өз мамлекеттерин талкалашты, курман болушту. Чындык жолу менен аз эле убакытта чоң байлык топтоо мүмкүн эмес экендигин эл көрүп-түшүнүп турат.

Мен өз акылым менен таптым деп не бир заводдорду, имараттарды, материалдык байлыктарды кызмат абалынан пайдаланып байыгандар канчалык кууланса да, ал байлыктарды тартып алуу, чындыкты орнотууну эңсегендер муундан муунга көбөйө берет.

Мындай байлыктарды мураска бала-чакасына, жакындарына калса да бул мүлктөрдү талкалоону эңсегендер азайбайт.

* * *

Ошондуктан, акылы бар бай адамдар эл менен бөлүшүүсү, колунда жоктордун балдарын окутууга, өнөр алуусуна, жашап кетүүсүнө мамлекетке ачык, март жардам берүүлөрү керек. Ыраймсыз тонолгон элдин балдары да байларга кыжырдануу менен чоңоюп келе жатканы баарыбызга маалым. Бул процесстер ак мээнет менен топтолгон байлык эзелерине да кедергисин тийгизет. Коомдук ишмер Кубаныч (Салибай) Кантөрөев өз макалаларында мыйзамсыз байлык эзелери элден кечирим сурап, «бизнестеринин» көпчүлүк бөлүгүн мамлекетке өткөрүп берүүсүн жеткиликтүү чечмелеген.

Чиренип, мыйзамсыз байыганын билгизмексен болгон адамдар өз мураскерлерин (балдарын) кандай жөлөп-таянбасын, алардан эл жүгүн көтөрүүчү адилет инсандар чыгуусу күмөн. Социализм доорунда жарык көргөн «Кремлдин, Дзержинканын балдары» жөнүндө жазылган баяндамалардын каармандары бүгүнкү коомдо салмактары, салымдары жокко эсе. И. Сталин, Л. Брежнев, Н. Хрущев сыяктуу жетекчилердин уул-кыздарынын тагдырлары бүгүнкү күндөгү айрым жетекчилерге сабак болоору айкын. А. Орозбеков, И. Раззаков, Т. Кулатов, Т. Усубалиев сыяктуу кыргыз элинин улуу уулдарынын урпактары жөнүндө изилдөөлөр аз. Эгемендүүлүк учурундагы жетекчилердин уул-кыздары, ата-энесинин жетелөөсүн, мактоосун, үмүтүн көтөрө алышпады деген ойлор акыркы жылдары көп сөз болууда,

* * *

Дүйнө жүзүндө адилетсиз байлык эзелери, мураскерлери жөнүндө көп китептер, изилдөөлөр жазылган. Кеннедилердин (АКШ)

үй-бүлөсү, мураскерлери азыркыга чейин таза эмес байлыктарынын кесепетин көрүп жүрүшкөндүгү жөнүндө көп мисалдар бар.

Биздин шартта мыйзамсыз байлык ээлери болгондугунун сезбептерин элге түшүндүрүшсө, эл кечирет. Натыйжада адилетсиз байыгандарга болгон кыжырдануу азаят. Кичинекей кыжырдануу чоң нааразычылыкка айланып, айрым күчтөр тарабынан саясатташып, тынчтык бузулуп, дагы эле жөнөкөй элге түйшүк болот.

БАЛДАРГА ТИЛЕК

Элден балдарына бата алып берели деген ойдо колунда бар адамдар чоң тойлорду берүү адат болуп бара жатат. Мааракеге келгендер да көңүлдөн өтө албай балдарыңар майлуу-сүттүү кызматтарга жетсин, депутат, президент болсун деген сыяктуу жакшы тилектерин айтышат. Элиңе ак кызмат кыл, адилет, ыймандуу, эмгекчил, бирөөнүн эсебинен жашабаган таза инсан болуп, бала-чаканды адал тамак менен бак, пара албаган, мамлекеттин мүлкүнө кол салбаган, бирөөнү алдабаган, мекенчил атуул болушунду Жараткандан тилейбиз деп айткандан тартынышат. Майлуу-сүттүү кызмат деп оңой жей турган, бир жумушту бүтүрүп берүү үчүн чоң суммадагы акчаны парага алуу мүмкүнчүлүгү бар, тууган-урукту, досторун оңой оокат таба ала турган жумуштарга жайланыштырууга мүмкүнчүлүгү бар кызматты айткышкандыгы айкын. Колу жукараак инсандар аларга теңелип той берем деп карызга батышат, чыгымдарды толтурам деп жүрүп кээде ооруп калышат.

* * *

Чындыгында балдар өздөрү аракеттенип жакшы билим, керектүү өнөр ээси болмоюнча бул тилектердин ишке ашуусу да кыйын. Жараткандан балдарга эмгекчилдик, адилеттүүлүк, улуу идеяларды ишке ашыруучу инсан болуусун суранып, уул-кыздарыбыздын өз алдынчалыгын, дүйнө таанымын кеңейтип, коомдогу милдетин, айлана-чөйрөдө салыштырмалуу начар шартта жашагандар көп экендигин жүрөгүнө жеткире түшүндүрүү зарыл. Коом кембагалдыкта жашаса, кандай бата алып берген күндө да эртеңки ата-эне өткөндөн кийинки жашоодо мураска калтырган байлыктар күлгө айланышы мүмкүн. Менчикти коргоо боюнча кандай мыйзамдар болсо да элдин жашоосу жалпы жакшырбаса, коомдогу нааразы топ ал менчиктер элди алдоо, мамлекеттик менчикти арзан ээлеп алуу жолу менен тапкан деген шылтоо менен талап-тоноону уюштурууга аракет кылышат. Биздеги эки жолку революциядагы талап-тоноолор Сирия, Ливия, Ирак ж. б. өлкөлөрдөгү талкаланган үйлөр, заводдор, шаарлар, менчик байлыктар мисал боло алат.

* * *

Бул окуяларды күч менен токтотуу мүмкүн эмес. Жалпы эл өтө билимдүү, өз жашоосун ар бири өзү гана оңдой ала турган, таза коом, таза бийлик, таза байлык топтоо ганa тынч жашоонун кепилдиги болоорун түшүнүп, балдарын ушуларга багыттабаса, кандай улуу кишилерден бата, жакшы тилек алып берсе да балдардын жакшы адам болуусуна жетишсиз. Балдар да алдым-жуттум, адилетсиз байлык топтогонду жакындарынан көрүп жүрсө, «Алма сабагынан алыс түшпөйт» дегендей, оңой, алдоо жолу менен табылган мурасты тез эле жок кылбастан, өзүнөн кийинки муунду да бактысыз кылат.

* * *

«Бата менен эр көгөрөт, эмгек менен жер көгөрөт» деген макал адамзат өнүгүүсүнүн мурдагы баскычында, эл аралык цивилизациядан, коркунучтардан алыс турган замандарда өтө таасири күчтүү болгон.

Илгерки заманда Алайдан чыккан айтылуу Тилеке баатыр (бир тууганы Алике баатыр) Кашкардан чыккан акылман Аппак кожодон уулдарына бата берүүсүн өтүнгөндө, «мага күн чыгаар убакта келгин» дейт. Тилеке баатыр күн бир кулач көтөрүлгөндө шашып келет. «Эмнеге кечиктиң?» - дегенде, «кенже уулум (аты Чал) ээрчип, ыйлаганда алаксытып жүрүп кечиктим» деп кечирим сурайт. Аппак кожо Тилеке баатырдын уулдарына өз батасын берип жатып, кенже баласы Чалга азыраак назарын салып койгон

дешет. Мындай назар салынып калгандардын төртүнчү муунуна чейин (чебере) жүз үй-бүлөдөн ашпаган эл болот. «Мына эми гана (1970-жылдар) Чалдан тарагандар жүз үй-бүлөдөн ашат, тез эле көбөйүшөт» деп атам таң калып калаар эле. «Оң бата алган уулунун төртүнчү муунуна – Алымбек датка кыргызга бел болгон адам болду, менин болсо жетинчи бабам Тилеке баатыр, силер да жакшы эмгектенгиле, ошондо гана элге кызмат кылууну Жараткан силерге насип этет» - дечү. Бул керээз мен үчүн эң кымбат, күндө ойлонуу жолу деп эсептейм.

* * *

Ушундай чоң тилек, бата менен бубабыз Долон бий уулдары Адыгине, Тагайды, кызы Наал эжебизди азыркы өлкөбүз жайлаган жерлерди өздөштүрүүгө, өнүгүп-өсүүсүнө салым кошкула деп жөнөткөн. Бул жерлер элибиздин душмандары баатырларыбыз тарабынан бошотулуп, элди отурукташтыруу учурлар болчу.

* * *

Ал эми Чимкентке жакын жерде жайланышкан Сайрам шаарында төрөлгөн залкар ойчул, уюштургуч Ахмед Ясави өз окуучуларына батасын берип, Борбордук, Батыш Азиянын көпчүлүк шаарларын түптөөгө, өнүктүрүүгө жөнөткөндүгүн Өзгөн Кескин (түркиялык жазуучу) «Алперендер очогу» китебинде өтө терең берген. Ахмед Ясави өмүрүнүн көп жылдарын дүйнө кыдырууга, окуучуларын ар жерден табып, таалим-тарбия берип, эл жүгүн көтөргөнгө жараган учурда алардын ар бири барган чөлкөмдөрдө өз чөйрөсүн түзүүгө, элди агартууга, жакшы өнөр эзлерин даярдоого багытталган. Өмүрүнүн акыркы жылдарын Түркстан шаарында жашап, көп эмгектерди жаратып эле калбастан, бүгүнкү күнү да адамзат жасай турган ал инсандын агартуу, билим, өнөр, ыйман насааттары чоң мааниге ээ.

* * *

Урматтуу окурман, макалабызда өйдө-төмөн сөздөр айтылды, туура эмес түшүнүктөр кошулуп калса кечирим сурайбыз. «Дос күйдүрүп, душман сүйдүрүп айтат» дегендей, ойлорубузду, кыялдарыбызды ортого салдык. Убагында өтө күйдүрүп, намысыбызга тийип сүйлөгөн залкар инсан Салижан Жигитовдун да башка аргасы жок эле. Терең тарыхта бир канча жолу каганат (империя) түзгөн кыргыздар ээлеген чөлкөмдөрүндө башка элдерге үлгү болуп, ынтымакчылыктын, эр жүрөктүктүн, эмгекчилдиктин, адилеттүүлүктүн өрнөгү катары жашап келишкен. Тегибиз таза эл болгондуктан, биз кайрадан күчтүү, билимдүү, адилеттүү, ыймандуу, бай өлкөгө айланышыбызга толук шартыбыз, мүмкүнчүлүгүбүз бар. Баарыбыз бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып шымаланып, өткөн иштерге өкүнбөй, келечегибизди гүлдөтүү үчүн багыт алуубуз зарыл. Бала-чакага эң жакшы билим берүүнү, бийлик органдарда иштегендер жемкорлукту такыр жок кылып, таза жашоо, эмгектенүү, элге кызмат кылуу, калкыбыз болсо мамлекетибизге ак кызмат өтөп, адептүү, ыймандуу, ден соолуктарыбыз чың идеалдуу адамдарына айлануусу өз идеалыбыз катары тутуп, жүзөгө ашыруу – негизги идеологиябыз болуусу керек. Колунда бийлиги барлар элге керектүү, элди тезирээк өнүгүп кетүүсүнө ылайык эрежелер, мыйзамдар, алакалар, бизнестер кеңири жол ачуусун баарыбыз тилеп, түшүнүп турабыз. Чындыкты адат кылсак, чындык бизге жол ачат. Баары өзүбүздүн колубузда. Жаман иштерден жалпы кайталы. Жаратмандык жолго чогуу чыгып, дүйнө элин дагы бир жолу таң калтыралы. Билим, өнөр, эмгекчилдик, жаңы технологиялардын каганатын курууга бири-бирибизди ишендирип, аракет кылалы.

ЭЛ ЖҮГҮН КӨТӨРҮҮЧҮЛӨРГӨ ЖОЛДОМО

Биз түпкүлүктүү элдин өкүлүбүз, ата-бабаларыбыз тарых ирмемдеринде бир канча жолу каганат мамлекеттерди түзүп, дүйнөнүн чыгышынан батышына чейин бийлик жүргүзүшүп, дүйнө тарыхын, маданиятын, илим-билимин түптөөгө эң активдүү катышып эле келишпестен, бизден көп элдер кеңеш күтүшүп, үмүт артып келишкен. Азыр деле биздин потенциал ааламдагы жети миллиард калктын алдыңкыларынан болгонго мүмкүнчүлүгү бар. Калкыбызда эң жогорку илим-билим, өнөр, маданият, салт калыптанганда гана бул үмүт ишке ашат. Ар түрдүү ички жана сыртқы жагдайлардан кыргыз каганаты да башка империялар сыяктуу улам кыйроого учурап турган. Бул кыйроолордун себептери негизинен ынтымакчылыктын кеткенинен, ата-бабалардын стратегияларын улай албаган муундун билимсиздигинен, эл жүгүн көтөргөн адамдарды коомчулук, бийлик даярдабагандыктан, бийликтин өтө чабалданып, туугандашып, азыркы тил менен айтканда, коррупцияга белчесинен баткандыгынан болгон.

«Бешиктеги баланын бек болоорун ким билет» – деген макалдын жүзөгө ашуусу үчүн ата-эне, коомчулук, интеллигенция, окумуштуулар, саясатчылар, бийлик органдары системалуу түрдө аракет кылуулары керек.

Ар бир айылда идиреги бар, таланттуу балдарга өзгөчө билим берип, дүйнөлүк деңгээлдеги адамга жеткирүүгө баарыбыз милдеттүүбүз. Бул ийгилик өзүнөн-өзү жашоо агымы менен келет деген ойдон оолак болуубуз, эл жүгүн көтөрүүчү инсандарды өзгөчө бапестөө менен тарбиялоо элдин, коомчулуктун эң маанилүү милдети болуп эсептелет.

«Элдин келет колунан эркелетип эр багыш, эрдин эри болсоң да эң кыйын иш эл багыш» дегендей, келечекте эл жүгүн көтөрүүгө далалаттангандардын алдында толуп жаткан милдеттер турат.

«Бирөө чайнап берген тамак аш болбойт» – деген макал кичинекейинен баланын жүрөгүнө сиңирилиши абзел. Ата-эненин жеңилин жерден, оорун колдон ала турган сезимге жеткендер гана келе-

чекте эл жүгүн көтөрө ала турган инсанга жетүүсү мүмкүн. Үйдө, көчөдө, мектепте, эл ичинде өзгөчө ынтызарлык, жүрөгү менен кызмат кылуу, эртеден кечке чейин талыкпастан кызмат кылуу, эмгектенүү, ар кандай өнөрлөрдүн зарылдыгын түшүнүү, Манас, Семетей ж. б. элдик каармандар 12 жашынан кантип элин коргоп, мамлекет түптөгөндүктөрүн окуп үйрөнүү, каада-салтты, эне тилден башка орус, англис ж. б. тилдерди эркин сүйлөө, турмушта колдоно билүү сыяктуу сапаттар аларга жүктөлүшү шарт. Жер жүзүндөгү чыгаан (тарыхый) инсандардын өмүр жолун үйрөнүүгө кичинекейинен кызыгып, кыялкечтиктин океанында чечкиндүү сүзүүгө киришүүсү керек.

Интернет, чөнтөк телефон (смартфон), телевизор, компьютерди алар өз кыялдарын жүзөгө ашырып, терең билимге, өнөргө сүңгүп кирүүсү үчүн гана пайдалануулары керек. Келечекте эл жүгүн көтөрүүчүлөр интернет системадагы социадык түйүндөрдөгү (фейсбук ж. б.) ушактар, оюндар, сериалдар, мультфильмдер ж. б. өзүн алакыттуучу, ден соолукту, ой жүгүртүүнү бузуучу, салтыбызда жок программалардан өзүн оолак тутуусу зарыл. Себеби, азыр өнүккөн өлкөлөрдө айыкпас теле, музыка, интернет, телефон (айфон) – маниянын оорулары пайда болуп, көпчүлүк жаштар маңкурт, өзүмчүл, альфонс (бирөөнүн эсебинен жашоочу), жалкоо, жалганчы, уйкучу, итий, убаданы, ата-салтын түшүнбөгөн робот сыяктуу дармансыз адамдарга айланып бара жатканын жашыра албай калышты. Элин мигранттардын эсебинен жашартуу, мамлекетти коргой ала турган кесипкөй, акылдуу жаштарды дүйнө жүзүндөгү эми өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн ар түрдүү «гуманизм» долбоорлору менен сатып алуу аракеттери көрүнүп турат. Биздин алсыздыгыбыздан өз идеологияларын ар түрдүү жолдор менен элибиздин, жаштардын жүрөгүнө сиңирүүдө.

Ошентип, интернет, телевизор, айфон телефондору, ватсап ыкмалары түшүнгөндөргө жакын доско, акылы жокторго алардын өздөрүн жутуучу ажыдаарга айланып бара жатат.

Адамдын эң баалуу байлыгы – бул убакыт, ар бир көз ирмем ченелүү. Жараткандын бул жарык дүйнөгө берген өмүрдүн ар бир секундасын жаратмандыкка жумшоо инсандын милдети.

Эзелтен элдин, коомдун, мамлекеттердин жашоо деңгээлдери алардын башчыларынан, лидерлерден көз каранды экендиги баарыбызга маалым. Бирок, ошол эл жүгүн көтөргөндөр кандай болуусу керектигин тарыхтын ар бир көз ирмеминде эл сезе билген, аларга чоң үмүт артышкан. Өз замандарында акылмандар эл жүгүн көтөргөндөр кандай болуусу керектигин чечмелешип, аларды кантип даярдоо жолдорун сунуш кылышкан (Конфуций, Жусуп Баласагын, Махмуд Кашгари, Ахмед Ясави ж. б.)

* * *

Алыска барбастан, кечээки эле коммунизмди куруучулардын кодексин алсак, анда көп кеңештер бар эле. Бирок, ал ойлор теория жүзүндө гана калды окшойт. XIX кылымдагы орус ойчулдарынын бири В. Ильин өзүнүн «Орус элитасын кантип даярдоо керек» деп аталган эмгегинде улуттун каймактарын даярдоонун жолдорун көрсөтүп, аны азыркы интеллигенциясы, мамлекеттик лидерлер турмушка ашырууда. Орусиянын дээрлик ар бир ири шаарларында, илимий-борборлорунда таланттуу балдар үчүн атайын мектептер, долбоорлорду ишке ашыруу салтка айланды. Артек шаарчасында миңдеген таланттуу окуучулар үчүн каникул учурунда жайкы, кышкы мектептер, олимпиадалар уюштурулуп, мамлекет жетекчилери окуучуларды демитип, мамлекетти сактап калуу үчүн эң жогорку билим керектигин окуучуларга жалынып, тизелеп сурангандыгы эмнени билдирет? Бул жыйынга келген бешинчи класстын окуучулары айтылган сөздөрдөн кийин көздөрүнөн талыкпастык, жүздөрүнөн элине мээрим төгүп тургандыгын теледен көрүп, ичибиз күйүп турду.

Бийлик адамдары, коомчулук, ишкерлер, бай адамдар Орусияда мамлекеттин келечеги үчүн акчаларын эч аябагандыгы – бул өлкөнүн дүйнөдөгү эң таасирдүү мамлекет катары кала берээринин белгиси. Элин коргоо үчүн бир кездерде В. Клочковдун «Чегинээрге жол жок, артыбызда Москва» ураяны менен совет эли фашизмди талкалаган.

* * *

XX–XXI кылымдын дүйнөлүк чеңемдеги ойчулдардын бири Ф. Гулен элге, коомго таза кызмат кылуучу адамдардын портретин өз эмгектеринде өтө кылдат, так жана толук берген.

Ушул айтылгандарга таянып, эл жүгүн талыкпай көтөрүүчүлөр төмөндөгүдөй сапаттарга ээ болуусу керек деп ойлойбуз.

Идиреги бар адам жаштайынан эмгекчил болуп, китепти көп окуп, илим-билимге жана керектүү кесип алганга ынтызар, жакындарына күйүмчүл, башкалардан артта калбаган жашоошартын түзүүнү кыялданган, ар түрдүү ыңгайлыктарды ойлоп таап, аларды жүзөгө ашырган инсан. Ал коомдун жыргалчылыгы түзүлгөндө гана жакындарынын бактылуу жашоосу болоорун түшүнөт.

Эл жүгүн көтөргөнгө далалат кылган адам эң алгач ата-энеси-не, өз жакындарына, тууган-уруктарына, өзү жашаган көчөсүнө, айылына, районуна, чөлкөмүнө ак кызмат кылганга үйрөнгөндөн кийин гана жалпы коомго, мамлекетке кызмат кылууга жол ачыла баштайт.

Үйдөн, мектептен, окуу жайлардан эң алдыңкы, өзгөчө билимге ээ болуп, илим-билимин тереңдетип, адамзат баалуулуктарын окуп-үйрөнүп, таалим-тарбиялуу инсанга айланып, татаал өнөрлөрдүн устаты, элге-коомго прогрессивдүү жол көрсөткөнгө жетиштүү тажрыйба топтогондо аны чөлкөмдөгү калк дарыясы дүйнө деңиз-океандарына алып чыгып, такшалтат. Аалам акылмандарынын осуяттарын окуганга, үйрөнгөнгө, таасирленгенге жол ачылат. Дүйнө жүзүндөгү эл жүгүн көтөрөмүн деген инсандардын аракеттерин таанып, тажрыйбага ээ боло баштайт. Туура жолдо кетүү бактысын сезип, шымаланып кызмат кыла баштайт. Чарчоо, жалкоолук, уйкучулдук, алдамчылык, тарбиясыздык, пара-корчулук, таза эмес байлыкты топтоо жана колдонуу, ата-энеге акаарат келтирүү ж. б. терс көрүнүштөр келишпес душманына айланат.

* * *

Ошентип, бүгүнкү күнү жалпы адамзат баалуулуктары тебелеанып, салт-санааларга жарака кетип, жоопкерсиздик өрчүп турган кезде, мындай эл жүгүн көтөрүүчү адамдар тышкы жаман таасирлерден эркин болуп – өз күчтөрүнө, билимине, тажрыйбасына ишенип, өз алдынча чечим кабыл алууга жөндөмдүү болот, эч бир күчтөр аларды адамзат баалуулуктарына кылган кызматтарынан четтете албайт.

Алардын бардык иштери жана аракеттери жүзөгө ашпаса да бул жакшылык кызматтардан үмүтүн үзүшпөйт, алга карай умтула беришет. Эң кыйын жагдайларда да алдыга коюлган пландарды чечүү үчүн жаңы жолдорду издеп, бул дүйнөнү талаш-тартыш менен таарынычтын эмес, биримдиктин, сабырдуулуктун орду, сыноолордун дүйнөсү деп эсептешет. Жамандыктарды, таарынычтарды, ар түрдүү кырсыктарды жакшылыктан үмүтүн үзбөй көтөрүшөт. Мындай адамдар эч кимдин укугун бузбайт, эң кыйын жагдайларда дагы оор басырыктуулугун, акыл-эстүүлүгүн сактап, адамзатка кызмат кылуусун уланта беришет. Жамандык кылуу начар адамдардын мүнөзү экендигин билип, кең пейилдүүлүк менен жакшылык кылуу жообун туура көрүшөт.

Максаттарын бөлүшкөн инсандар адашып калышса, аларды ара жолдо таштабай, оңтойсуз абалга калтырбай, адептүүлүктү сактап, каталарын ашкерелебей, тескерисинче, туура эмес кылыктарга күбө болгондуктары үчүн ыңгайсызданып, өздөрүнүн катасындай өкүнүшөт.

Алар терең акыл-эс жана билим, илимий ачылыштарды жана акылмандыкты баалоо сапаттарына ээ болуп калбастан, өз билимин жана акыл-эсин, ийгиликтерин жогорулатуунун үстүндө дайыма иштешет, заманбап технологияларды пайдаланат. Өзүнүн салттык жана руханий байлыктарын барктап, жөнөкөйлүктүн үлгүсү, сабырдуу, ич күйдүлүк жок кызмат кылышат.

Жогорку идеалдарды туткан адамдарды жакын тутуп, туура жолдо тургандар менен чын жүрөктөн ынак мамиледе болуп, алар менен биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууга, кызматташууга даяр. Бир жолдо бара жаткандар менен атаандашпайт, ич күйдүлүк кылбайт. Башкалардын пикирин, көз карашын, шыгын, иштерин урматтоо менен бирге, алар бүтүрө албаган иштердин аягына чыгышат.

Алар башкалардын катачылыктарына, кемчиликтерине кызыгышпайт, жаман мамиле кылгандарга жылмаюу, кечиримдүүлүк менен жооп кайтарышат, башкалар канчалык жүрөгүн оорутуп жатышса да аларды таарынтышпайт, оорутушпайт. Адамзатка кызмат кылууда башкаларды көбүрөөк татыктуу жана ийгиликтүү деп эсептешип, алардын ийгилигин өздөрү жасагандай кубанышат.

Башкалардын бактысы үчүн өз бактысынан чегинип, акысына эч нерсе сурабайт. Даңкка умтулушпайт, тескерисинче аларды алкабай унутуп калуусун туура дешет. Кыялдары – жер жүзүндө чындык менен адилеттүүлүктүн салтанаты орносо.

Алар ар дайым өнүгүү абалында болушат, жакшылыкты коргошот, жамандык менен күрөшүп, жеңип чыгышат жана башкаларды да бул багытка ишендиришет, чындыктын өзүнө кызмат кылышат жана улуту, же өңүнө карап бөлүшпөйт. Өз жакындарынын жүрөгү жана ойлоруна бул идеяларды сиңиртишип, бактылуу келечекке жетүүгө жол ачышат. Мындай инсандар өзүн, адамзатты жана ааламды таанууга кеткен убакыттан башка убакытты бошко кетти деп эсептешет.

Бул кыска макалада жогоруда биз атаган ойчулдардын айрым бир пикирлерин жүрөгүбүздөн өткөрүп, иш-тажрыйбабызда башыбыздан өткөн, күнү-түнү эңсеп, суусап жүргөн ойлорубузду, кыялдарыбызды окурманга сундук. Улуу, ыйык ойлорго, максаттарды ишке ашырууга чын дилден катышып, болор-болбос ийгиликтерибиз бизди шыктандырып, Сиздер менен бөлүшүүгө шашылдык. Жер жүзүндө жашагандардын ар биринин элдин жүгүн көтөрүүчүлөрдү бапестеп өстүрүүгө кандайдыр бир деңгээлде катышы бар. Себеби, алар бизге, айрыкча эгемендүүлүк заманыбызда өлкөбүздүн тезирээк өнүгүүсүнө таза абадай жана суудай эле муктаждык бар.

Белгиленген сапаттар өтө идеалдуу болуп көрүнүп, мындай сапаттарга ээ болгон инсандарды даярдалуусу мүмкүн эместей сезилсе, таң калбаңыз. Себеби, адамзат жаралгандан бери карай мындай адамдарга муктаж болуп келе жатат. Айрыкча, азыркы доордо,

биздин өлкөнүн шартында идеалдуу адамдар гана калктын эңсеген, суусаган, зарлаган ой-тилектерин жүзөгө ашырууга шарт түзөт. Ошондуктан, идеал адамдардын болуусун көпчүлүк эл колдойт, аларга үмүт артуу менен зарыгып күтөт, аларды ээрчүүгө даяр. Таза, чындык жашоону Улуу сагыныч менен зарыгып күтүүсү – элдердин сөзүнөн, көз карашынан сезилип турат. Калыссыздык, жалган аралашкан саясат, эптеп күн өткөргөн, бечара, билимсиз, тажрыйбасыз айрым жетекчилер көпчүлүктү чарчата баштады. Карышкырдан качып бурчка кептелген коёндой калчылдап, жашоосу бүтүп бара жаткандай, жалдыраган абалды элестеткен тагдырлар, мисалдар гезит беттеринде, теледе айтыла баштады.

* * *

Инвестор алып келип өндүрүштөрдү ачабыз, экологиялык таза өндүрүлгөн эгин, эт, жашылча-жемиштерди сыртка сатканга шарт түзөбүз деген убадалар жергиликтүү жетекчилердин каалоосу боюнча калып, ал жетекчиден кийинкиси деле ушул сөздөрдү кайталайт. Саясатчылардын бул маселелер боюнча убадалары да жомок сыяктуу ар бир беш жылда кайталанат, эл муюп угат, кол чабат, баары унутулат.

Жөн эле асмандан түшкөн инвестиция, акча жок, болушу да мүмкүн эмес. Инвестор акчасын пайда ала турган өндүрүшкө, жолго, соода-сатыкка жумшайт. Акча ээсинин акылы ордунда болгондуктан, сезимге берилбейт. Толук шарты бар даарат канасы (туалети) жок жерге эч качан каржы, инвестиция салбайт. Даарат кананы да инвестор куруп береби деп таң калышат. Инвестор толук инфраструктуралар түзүлмөйүнчө биз менен иш кылбайт. Саясатчыбыз деп эле кайра-кайра элди ишендире (алдай) бергенден өлкөбүз өнүкпөйт. Убакыт өтүп жатат, кийинки муун эмне дейт?

Мамлекет өз кепилдиги менен чоң долбоорлорго (жол, аэропорт, энергетика ж. б.) өкмөт инвестиция тартышы мүмкүн. Инвестор ал акчаны тыйынына чейин, үстөк пайызы менен келишимге ылайык өкмөттөн төлөтүп алат. Өкмөт элден, ишкерлерден салык (төлөмдөр) түрүндө кайтарып алат.

* * *

Демек, инвестициянын алгачкы булагы болуп элибиздин ишке жарамдуу бөлүгү эсептелет. Мигранттарыбыз кыйналып-кысталып каражат таап үйлөрдү, соода түйүндөрүн ж. б. мүлктөрдү сатып ала баштады. Бул акчалар өлкөбүздө курулуш бизнесинин дүркүрөп өсүүсүнө алып келди. Мигранттарыбыздын мындай инвестициясы көпчүлүк ишкерлерибиздин өнүгүүсүнө жол ачты.

Эгемендүүлүктүн чейрек кылымында айыл жерлеринде инвесторлор тарабынан эмнелер курулуп, кандай өндүрүш тармактары түзүлдү? Дээрлик «жок» деген жооп алабыз. Баягы эле өзүбүз жамандаган мамлекеттик программалар алкагында «Таза суу», «XXI кылымдын кадрлары» сыяктуу демилгелер менен көпчүлүк айылдарда суу түктөрү жаңыланып, алгачкы алдыңкы окуучулар чет өлкөгө окууга жөнөтүлдү, мектептер, спорт аянтчалар курулуп, же жаңылана баштады. Мамлекетибиз байыган сайын мындай инвестициялар күчөйт.

Мигранттар, ийгиликтүү ишкерлерибиз өздөрүнүн, ата-энелеринин үйлөрүн оңдоп, чарбаларын жандандырып, жаңылоону улантышууда. Бир канча мектеп, спорт аянтчалар, компьютерлер, эмеректерди жаңылоону колго алган адамдар көбөйүүдө. Соода түйүндөрү, өндүрүштөр түптөлө баштады. Ушундай элдин жүгүн көтөргөн өзүбүздүн атуулдарыбыз – негизги, түбөлүктүү, акы сурабаган инвесторлорубуз!

* * *

Сырткы акчалуулар соопчулук үчүн мечиттерибизди оңдоп, же жаңы салып берип, бир канча көпүрө, мектеп ж. б. ондогон жакшы демилгелер ишке ашууда десем болот. Мындай кайтарымсыз инвестициялардын (соопчулук) көлөмү чектелүү, бүт аймактарды эч качан камтыбайт. Негизинен семинарлар, кыска мөөнөттүү окуулар, кеңештер, тегерек столдор каржыланган инвестициялардын теориялык мааниси көбүрөөк болуп, натыйжасы оң же терс болоору көп жылдан кийин билинет.

* * *

Ар бир инсан өзүнө жаккан өнөрдү үйрөнүп, өзү өндүрө баштаган буюм-теримдерин, үй шартында даярдалган чүйгүн тамак-ашын, суусундуктарын кыдырып, же көчө боюндагы таза аянтчаларда эркин соодалап, акча таба баштаса – бул алардын бала-чакасын бага турган кичинекей ишкердиктин (бизнестин) башаты болот. Бул башталгыч ишкердик көпчүлүк мамлекеттерде колдоого алынып, жергиликтүү бийликтер тоскоол кылбай, тескерисинче көмөк көрсөтүүгө милдеттендирилген.

Мисалы, Кытай өкмөтү Кашгар, Үрүмчү шаарларындагы негизги аянттарда жана эл көп эс алуучу жайларда кечки убактарда жеке адамдарга үйдө даярдалган тамак-аштарды сатууга уруксат берилип, эч бир төлөм алынбайт. Кол өнөрчүлөр өзгөчө буюмдарын, жасалгаларын сатышат. Бул түнкү жайма базарда жайнаган туристтер оюн-зооктор жомоктогу Чыгышты элестеткенине биз аябай суктанганыбызды жашыра албадык. Башка шаарларда да мындай мүмкүнчүлүктөр бар экендигин угуп, таң калдык. Күндүзү таң эртеден бул шаан-шөкөттөр орду тазаланып, жумушка бара жаткан элди көрөсүз.

* * *

Түркияда болсо майда ишкердиктин өнүгүүсүнө эч бир чектөө, текшерүү жок. Үй шартында эмнени ойлоп тапсаң, өндүрсөң эркин сата аласың. Стамбул шаары аптанын жети күнү тең чоң бир базардай сезилет. Эң жөнөкөй, арзан тамактарды, колдо жасалган буюмдарды издеген туристтерден баш айланат. Биздегидей текшерүүчүлөр көрүнбөйт. Четте гана тартип сакчылары тыкан жардам бергенге даяр турушат. Ичимдик ичкендер, чөнтөкчүлөр жок, балким, алар күндүзү болушу мүмкүн деген ойго келесиң.

* * *

Өнүккөн Европанын Брюссель шаарында атайын бөлүнгөн чоң аянтчада аптада бир күн жашоочулар каалаган буюмдарын, тамак-аштарын сатууга уруксат берилип, кечки саат алтыларда шаар кызматы тазалап, жууп салгандыгына таң каласың.

* * *

Ажыларыбыз көрүп келгендей, ыйык Мекке, Медина шаарларында түнү бою каалагандар (коноктор дагы) өз буюмдарын, белектерин, чүйгүн тамактарын эч бир тоскоолдугу жок сата алат. Сакчылар көзөмөлдөп гана турат. Уруксат кагазы, справка, сертификаты, төлөм кагазын текшерүү уят иш катары эсептелээри эч кимди таң калтырбайт. Эл эмгектенсин, кичине болсо да соода-сатыкка аракет кылсын, тезирээк акчалуу болсо мамлекетке азыраак жүк болот деп айтышат экен. Четтен келген карапайым коноктор да ашыкча буюм-теримин сатып, өз элине белек алып кетсин деген тилектер жүрөгүндү жеңилдетет. Мындай жумшак мамиле ыйык шаарларыбызга жарашып, кайрадан чет элдиктердин зыяратка, ажылык парзын аткарууга келүүсүн эңсетет.

* * *

Грецияда Түркиядагыдай эле шаар көчөлөрүндө жүгөрү, балык, токочторду көзүңүзчө кол арабанын үстүндөгү чокко бышырып, арзан баада колуңузга карматып, тротуар менен кийинки аларманга бара жатканы көңүмүш нерсе. Туристтер, коноктор, студенттер үчүн бул эң арзан, даамдуу тамак. Тарыхый жерлерди кыдырып жүргөн туристтер, коноктор атайын эле жөнөкөй, таза, колдо жасалган тамактардан татканы келгендей сезилип кетет.

* * *

АКШнын бажы, чек ара кызматтары мыйзамсыз эч нерсе өткөрбөгөндүктөн Американын көпчүлүк штаттарында соода эркиндигине шарттар түзүлгөн. Айрыкча мыйзамдуу жашаган мигранттар үчүн ар кандай ишкердик чектелбегендей көрүнөт. Өнүнө, ишенимине карап кемсинтүү, жөндөн жөн эле көчөдө документиңди текшерүү эң уят иш деп эсептелет. Американын эли негизинен мигранттардан тургандыктан, мигранттарга, коноктoрго, туристтерге болгон адамгерчиликтүү мамилени демократиянын жеңиши деп эсептешет.

* * *

Бизде болсо эл көп жашаган микрорайондордо, эч кимге тоскоолдук кылбаган аянтчаларда дыйкандар өздөрү өндүргөн сапаттуу жемиштерди элге түз арзан сатууга шарт жок. Сөзсүз ортомчуларга өткөрүп, алар супермаркеттерге, же базарларга беришет. Натыйжада сатып алуучу үч-төрт эсе кымбатка сатып алат. Дыйкан жарыбаган акчага ээ болуп, өндүрүүгө кеткен каражат акталбайт. Кийинки жылы да дыйкандын үмүтү орундалбайт. Ошондуктан, биздин базарларга этти, жашылча-жемиштерди, буудайды чет өлкөдөн алып келүү арзандай көрүнөт. Себеби, сырттан дүңүнөн алып келүүчү монополисттерге бул чоң пайда алып келет. Демек, биздин дыйкандар эч нерсе өндүрбөсө монополисттердин чырагына май тамат. Алар жергиликтүү бийликтерге каалагандай эрежени түздүрүп, керек болсо мыйзамдаштырып коюшат. Жыйынтыгында өлкөбүздөн акча (валюта) башка өлкөлөргө агып, дыйкан-фермерлердин иштери алсырап, өлкөбүздө ишсиздик күчөйт, мигранттардын саны көбөйөт.

* * *

Эл жумуш менен камсыз болуп, айлык акылар жогорулаганда байлардын супермаркеттеринде соода кылуу баарына ыңгайлуу.

Бүгүн калкыбыздын көпчүлүк бөлүгү супермаркеттерден күнүнө нан сатып алганга да акчасы ченелүү. Себеби, туруктуу үй-бүлөлүк бюджети жок, ошондуктан, алар арзан тамак-ашка, кийим-кечеге муктаж. Күч менен аларды супермаркеттерден соода кылдыруу бул бетпактыктын жеткен чеги, «Пир во время чумы» дегендей эле. Бул аракеттердин зордук-зомбулуктан айырмасы жок.

* * *

Күз айларында Бишкектин аянттарында өтүүчү ярмаркалардан шаардыктар, дыйкандар өтө ыраазы. Ушул жөрөлгө жылдын төрт мезгилинде улантылса шаар калкы акчаларын үнөмдөп, дыйкан-фермерлердин өндүргөн товарларын сатып алганга шарт түзүлөөрү шексиз. Ушундай эле мүмкүнчүлүк кол өнөрчүлөргө, үй шартында даярдалган таза тамак-аш саткандарга берилсе, бийликтегилер бир аз каражат жыйнаганга аракет кылгандарга текшерүүлөрдү, көзөмөлдөөлөрдү, коркутуп-үркүтүүчү сакчыларды, ар түрдүү органдарды биротоло тыйса калктын активдүү бир бөлүгү акчалуу болуп, салык төлөгөнгө жараган ишкерлерге айлана баштайт эле. Мындай демилге элге, мамлекетке чоң пайда алып эле келбестен, ички инвесторлордун түптөлүшүнө көмөк көрсөтүүсү талашсыз.

* * *

Айыл өкмөттөр, акимчиликтер өздөрү иштеген имараттарда суу менен тазалап кетүүчү толук шарты бар даараткаланалдарды курбаса чет өлкөлүктөргө эле эмес, келип кеткендерге да уят болушууда. Өзү иштеген жерге шарт түзө албаган, шарты менен ажаткanасы жок жетекчи элдин эмне муктаждыгын чече алат! Мектептерде, бала бакчаларда, ооруканаларда, кафелерде, эмканаларда, базарларда, чайканаларда, мечит-медреселерде суу менен тазалап кетүүчү жалпы эл акысыз пайдалануучу ажатканаларды курууну өкмөт негизги идеология катары кабыл албаса туристтерге, келген-кеткендерге шерменде болуп калдык. Өз аймагында мындай

дааратканасы жок жетекчилер кызматынан кетүүсү керек. Дааратканасы кура албаган жетекчи деги эмнени уюштура алат?

Май куюучу жайларда акысыз калк пайдалануучу бардык ыңгайлары (благоустроенный) бар дааратканасыз тийиштүү мамлекеттик мекемелер тарабынан ишке берилбөөсүн сөзсүз камсыз кылуу бийлик өз көзөмөлүнө алууга убакыт келди. Мындай шарты жок станциялар, айрыкча чоң трасса боюндагы станциялар жабылышы керек. Эбегейсиз пайда алган АЗС ээлери эсине келбесе, бийликтегилер бул маселелерди «бармак басты, көз кысты» жолу менен чечүүнү уланта беришсе аларды Кудай да кечирбейт.

* * *

Райондорубузда өткөн 26 жылда бир да инвестор, же туристтер келбегендей эле, акимдер, айыл өкмөт жетекчилер жогорудагы маселерди чечишпесе кийинки 50 жылда да эч бир инвестор келбейт. Азырынча анда-санда келген туристтер – экстремалдык (тобокелчи) туристтер деп аталып, алар катаал, жапайы шарттарга макул болсо да, көп деле киреше алып келбейт. Ошондуктан, аларды «жапайы туристтер» деп аташат.

Дүйнөдө коомдук жерлерде шарты бар дааратканасы жок өлкөлөр калбай бара жатат. Ажыларыбыз суусуз чөлдөгү жол бойлорунда, АЗСтер турган жерлердеги дааратканалар күзгүдөй таза, ысык, муздак суулары мол акысыз экендигин көрүп таң калышканын айтып жүрүшөт.

* * *

Эл жүгүн жүрөктөн көтөргөн жетекчилерибиз гана жогоруда аталган ж. б. көптөгөн муктаждыктарды чечип, элди жыргал турмушка багыттаарында шегибиз жок. Эски чоңдордун, же байлардын балдарын мактап мамлекеттик кызматтарга түртмөлөөнүн баары бир күнү бүтөт. Күтөбүз.

III БӨЛҮК

АЙЫЛДАН – ААЛАМГА

Институтта окуп жүргөн мезгилде (1969-1973-ж) Ош шаарындагы мектептердеги олимпиадаларга жана кирүү экзамендерине даярдоо, математикалык маданияттын калыптанышы - көпчүлүк айыл мектептеринде көз жаздымда болгондугу, өмүр бою англис, орус тилдеринен чоркок болуп, дүйнөлүк математикалык ж. б адабияттарды окуй албастык – ачуу чындык экендиги көп ойлондурчу. Терешкова атындагы мектеп-интернатындагы алдыңкы окуучуларга консультация берип жүрүп үйрөнгөн тажрыйбаны Калинин орто мектебинин 9-10 класстарына колдонуп, 15-18 окуучу үчүн ийрим түзүп, окууга жана кирүү экзамендерине машыктыруу, анализимди кененирээк түптөө аракеттери оң натыйжа берип, окуучулардын ийгилиги жакшы болду. Ошол учурдагы жаш мугалимдер - Курмурзаев Абдилла, Исмаилов Молу, Кутмидинов Митал, Баатыров Шарабидин, Шүкүрбек, Р. Маманов ж. б. менен бирдикте тажырыйбалуу мугалимдер – С. Мамарасулов, Ш. Мамаюсупов, С. Мамытов, А. Матибаев, Боронбаева, Мажит жана башка эжекеагайлар жаңы демилгелерди колдоп, шыктантып турушту. Ошол учурда бүткөн окуучулардан жогорку окуу жайларды бүткөндөр, көрүнүктүү кызматта иштегендер (Жогорку Кеңештин төрөгасы) көп чыгышты.

1975-жылдын май айынан Илимдер Академияда иштеп баштагандан жаңы идеяларды ойлоп таап, чочуркабастан ишке ашырышкан кыргыз элинин интеллектуалдары – каймактары менен чогуу иштөө насип кылды. Академик М. Н. Иманалиев, мүчө-корреспондент А. И. Боташев, экономика илимдеринин докторлору – К. Идинов, А. Муратбеков, жаш окумуштуулар Э. Р. Атаманов, М. Дж. Джураев, Б. Таабалдаев жана көптөгөн жаш окумуштуулар талланттуу окуучуларды даярдоо, атайын мектептерди ачуу, «кичи

академия« долбоорлору, улуттук аң-сезимди өзгөртүү жолдору, илимпоз болуу технологиясы ж. б. у. с. жүрөк тереңиндеги масе-лелерди чечүү үчүн аракеттерин, баскан жолдорун анализдеп, Рос-сиянын илимий борборлоруна кетүү жолдорун, коомдук иштерди масштабдуу уюштуруу ыкмаларын тез үйрөнүүгө аракеттенип, стажировкага, аспирантурага кетүү максатын көздөдүк.

1977-1985-жылдары көрүнүктүү окмуштуу, илимий иштерди уюштуруучу, кадр даярдоо устаты, улуту карачай Таластагы бел-гилүү Шекер айылындагы мектептин алтын медаль менен бүтү-рүүчүсү - Боташев Азрет Ильясович, математика институтунун ди-ректорунун орун басары катары 20дан артык кызыл диплом менен аяктаган кыргыз улутундагы жаштарды, белгилүү илимий борбор-лор –Москва, Ленинград, Новосибирск, Киев, Минск шаарлары-на стажировкага, аспирантурага жөнөтүү мүмкүнчүлүгүн жеке де-милгеси менен жүргүзүүсү, академиктер М. Н. Иманалиев, Ж. Ж. Жээнбаев тарабынан колдоого алынды.

Чет жерде жашоо оор, биз стипендия беребиз, мүмкүнчүлүк-кө жараша колдоо көргөзөбүз. Бул жерде чоң илимий мектептер жоктугунан чайналып каласыңар. Биз кыйналдык. Силер кыйнал-багыла, илиминерди жактап келгенден кийин ишке алабыз, коо-перативдик үйлөрдү алууга да көмөк көрсөтөбүз. Жалаң эле илим үйрөнбөстөн, республикабызга кандай жардам берүү керектигин, өзгөчө мектептерди уюштурууну үйрөнүп, сабак берип, коомдук иштерге активдүү катышып, жаңы ой жүгүртүүчү лидер болуп ке-лүүнөр керек. Дүйнөлүк илимпоздордун иштөө стилдерин үйрө-нөсүнөр, конференцияларга катышысыңар, күнү-түнү эмгектенсе-нер – сөзсүз ийгилик келет, эл-журтка силер керексиңер. Бул жерде орто кесипкер болууга мүмкүнчүлүк бар. Силердин өмүрүңөргө орто болуу эч нерсе бербейт. Чечкиндүү кеткиле – деген көрсөтмө берди.

Советтик армиянын катарынан келгенден кийин 1978-жылы Ысык-Көлдө академик М. Н. Иманалиев чоң илимий конференция уюштуруп, белгилүү окумуштууларды чакырды.

Кыргызстандагы белгилүү окумуштуу Э. Р. Атаманов Новоси-бирск университетинен келген дүйнөгө таанымал окумуштуу В.

Г. Романов менен таанышtырды. Ошентип, 1979-жылдан баштап академик М. М. Лаврентьев башкарган илимий мектепке стажи-ровкага келип, аспирантурага өтүп, 1985-жылы илимий эмгек кор-гоп келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болдук.

Дүйнөгө таанымал окумуштуу В. Г. Романов бир гана илимий ишке үйрөтпөстөн, адамгерчилик менен тазалыктын эталону ката-ры жетекчи болду. Аялы Н. Д. Романова эмгекчил педагог катары таланттуу балдарды окутуу жолдорун үйрөттү. Академик М. М. Лаврентьев бир гана илимий мектептин жетекчиси эмес, Новоси-бирск университетинин алдындагы М. А. Лаврентьев атындагы атактуу физика-математикалык мектебине окуучуларды тандоо үчүн Ыраакы Чыгыштан Урал, Орто Азия республикаларына че-йин өткөрүүчү мектептик олимпиадаларга тартты. Жылда өтүүчү математикалык жайкы мектепке 8-10-класстын областтык, респуб-ликалык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү чакырылып, бул жумуш-тарды аспиранттар аткарат.

Ошол учурда Өзбекстанда бир канча математикалык мектептер-дин бар экендиги, олимпиадаларды отуз жылдай академик Сраж-динов Сагди Хасанович (Токмокто туулуп, мектепти аяктаптыр) өзү өткөрөрүн, алыскы райондорго чейин өзүнүн ондогон илим-дин докторлору – окуучулары менен жылына республиканы кыды-раарын, ар бир окуучусун, кайсыл олимпиададан тандагандыгын, алардын студент болуп, андан кийин аспирантурада окушун жеке өзү көзөмөлдөп келгендигин айтты. Новосибирск университети-нен өкүл болуп келип, өзбек республикалык олимпиадасын өт-көрүп жаткандыгыбызга «менин кыргызым, жердешим» деп өтө сыймыктанып, жакшы каалоолорун билгизди. Региондогу матема-тикалык олимпиадаларды өткөзгөнгө катышып жүрүп Владивос-токто, Уралда, Якутскиде, Алма-Атада физик-математикалык мек-тептердин көп жылдардан бери иштеп келе жаткандыгын, аларга сөзсүз кайсыл бир окумуштуу илимий жетекчилик кылаарын угуп, бизде андай мектептердин жоктугунун себебин түшүнбөдүк. Ново-сибирск университетинин кээ бир факультеттеринин группалары толугу менен Алма-Ата физика-математикалык мектебинин окуу-чуларынан тураар эле.

Москва, Ленинград университеттериндей эле Новосибирск университетинин бардык факультеттерине кирүү экзамендердин эң негизгиси – математика экендигин, бардык факультеттеринде (журналистика, социология, экономика, тарых, археология, ж. б.) жогорку математика негизги сабак болуп эсептелээрин эми гана түшүндүм. Себеби, ар бир тармактык илимий изилдөөдө математикалык методсуз, моделсиз эл аралык изилдөөлөргө тенеле албайт экен.

Белгилүү экономист-академиктер Аганбегян, Заславская, же болбосо академик археолог Окладниковдун лекцияларынын негизги бөлүктөрүн математикалык моделдер, эсептөөлөр түзөөрүн лекцияларын укканда түшүндүм.

Новосибирск университетиндеги студенттерге окуучу лекциялар ачык болгондуктан, залдын жарымында аспиранттар, стажерлор, жөн эле кызыккандар олтурат.

Академик М. И. Лаврентьев, же мүчө-корреспонденттер В.Г.Романов, С. К. Годунов, жогорку математика боюнча лекция окуганда залда орун жок калчу. Лекциялар ушунчалык түшүнүктүү, жөнөкөй, кызыктуу болгондуктан, математикадан эч түшүнүгү жок койчу бир жылда математиканы жакшы өздөштүрүп алаарында шек жок. Мындай жогорку профессионал педагог-окумуштуулар бизде эч качан болбосо керек деп ойлочумун.

* * *

Ошентип, Уралдан Владивостокко, Магадандан Кушкага чейинки олимпиада жеңүүчүлөрүнүн (8-9-класстар) дээрлик баарына «Жайкы мектепке» чакыруу таркатылчу. Бул жумушту активдүү аспиранттар, Новосибирск университетинин активдүү комсомолвундеркинддери ишке ашырып, аларды тосуп алып, узатып, натыйжада эл менен иштегенди, акылдуу, демилгелүү жаштарды башкарууга үйрөнүшүп, келечекте жер-жерлерде тайманбаган, акылдуу жетекчи болууга даярданышат экен. Жакын жайкы мектепте окуучулар үч айга белгилүү окумуштуулардан таалим алышып, эң алдыңкылары М. А. Лаврентьев атындагы физика-математикалык мектепке чакыруу алышат. Бул жумуштар мамлекеттик бюджеттин гана эсебинен жүргүзүлгөнүнө, жетекчилерге баа бересиң.

Бул мектеп-интернат Новосибирск университетинин алдында болуп, аты М. А. Лаврентьевдин ысымын алган. М. А. Лаврентьев орустун улуу окумуштуусу, Сибирь Академгородогун түзгөн, эмгектин баатыры бүт сыйлыктардын ээси болгон. Гидродинамикадагы эле бир методу дүйнөнү таң калдырган. Мисалы, Алматыдагы Медеонун суу сактагычын «Багытталган жарылуу» ыкмасын бир минута ичинде миллиондогон куб таш-топуракты капчыгайга толтурган. Ушул эле ыкманы биздин президент Камбар-Ата–2нин дамбасын курууда колдонгондугун баарыбыз билебиз.

Жайкы мектеп жана мектеп-интернат үч маал күчтүү тамак менен камсыз кылынып, заманбап имараттар, жатаканалар, эс алуу жайлары бар. Окутууну алдыңкы аспиранттардан баштап, атактуу окумуштуулар жүргүзөт. Окуучуларга өз алдынчалык өтө жогору сиңгендиктен, эч ким аларды текшербейт. Бир дагы окуучу бир да минутасын текке кетирбейт. Себеби, алар дүйнө башкара турган адамдардан болоорун сезишип, эл жоопкерчилигин көтөрүүгө күнү-түнү даярданышат, кыялданышат.

Ашканаларда тамактануу учурунда узун-тез жылчу кезекте турушат. Кезекте турганда, тамактанганда, көчөдө жүрүшкөндө таалал математикалык эсептерди, маселелерди талдашып, талашышып, тапкан чечимдеринен канааттануу алып, кийинки жашоосу үчүн дагы-дагы жаңы тилектерди коюшуп, аракет жолдорун издешет. Мына, эртең эл ээрчиген жетекчилер, ойчулдар.

Биздин жогорку окуу жайлардагы ашканаларында кезекте турсаңыз – студенттер кэчээки көргөн киносун, жеген тамагын, ичкен ичимдигин, кимди кантип алдагандыгын, туулган күндөрүн ж. б. у. с. маанисиз сөздөрдү сүйлөшкөндөрүн угасыз. Тамак ичишет, көчөдө басышат. Эртең бул инсандар элдин жүгүн эмес, өзүнүн түйшүгүн чече албаган адамдар болушу мүмкүн. Кантип өзгөртүү керек?

Биз 25 жашыбызда аспирантурага киребиз деп Новосибирскиге барсак, ал жерде 25 жаштагы инсан жайкы мектепте окуп, математи-

калык мектепте тездетилген билим алып, университетти атайын бакгыттагы изилдөө менен бүтүп, илимдин кандидаттары, өзгөчөлөрү докторлук наам алып, жер-жерлерге проректор, декан, комсомол, партия жетекчелери болуп жөнөтүлүп калат экен. Союздук бардык окуу жайларда, райондук партия комитетинде, же Борбордук Комитеттерде ошол кезде башка улуттун жаш-жаш өкүлдөрү келип иштешип, андан кийин арылап, жогорку кызматтарга кетчү. Ал эми биз, эң алдыңкы кызыл дипломдуубуз деп жүргөндөр 10-15 жыл артта калганыбызды билип ичиңиз күйөт. Колуңуздан башка эмне келет?

Көпчүлүк бүтүрүүчүлөр, пахта, сакманчы бригадаларда иштеңиздер, окуучулар балким, бул процесстерди билбеген үчүн «бактылуу» жашоону уланта беришет да. Ошол учурларда биз тараптарда фундаменталдуу кадр даярдоо системасынын жоктугу, Борбордун кызыкпоосу, жергиликтүү жетекчилердин «бактылуулугу» бизди биротоло жатып ичерликке, элитардык билимге аралашпоого, дүнүйөгө ээлик кылуу дымактардын жок болуусуна алып келип, жаштар кантип оңолтоң жашоого, тааныш менен окууга өтүп, тааныш менен ишке орношууга, тааныш менен бул дүйнө менен кош айтышууга ыкташып, көнүшүп, бактылуу жашоонун эталонун жөнөкөйлөштүрүшүп, Кудай, жаратылыш берген ырыскыны, билимди, дүйнөлүк баалуулукту алууга умтулушпай, балким, ага үмүт да кылышкан эмес. Ушунчалык эле мүңкүрөгөн элбизби? деген да ойлор келген.

Аракет кылган инсандарга башкаруу системасы чындык жолун ачып берген эмес. Идеялык туңгуюктук, көз карандылык жашоодо талаптардын көбөйүүсүн тизгинден турган. Ал турсун шаарларга жашоо квотасы да баарына берилген эмес. Жата турган жериң, айлыгың болбосо кантип окуйсуң? Эң жакшысы – сакманчы, тамекичи, пахтачы бригадаларга мүчө болуп, келген жериңе кайра кетүүң керек эле.

* * *

Новосибирск университетине стажировкага келип (1979-ж), аспирантура бөлүмүнө кагаздар менен кирүү керек эле. Бирок, университеттин кире бериш холлунда змейка деп аталган эки бети тең окула

турган бири-бирине узунунан жабыштырылган дубал газетасындай, бирок, өтө эле узун (балким, 50 м) басма менен басылган кол газета штативдерде ийри-буйру болуп жайлаштырылыптыр. Газетада илинген материал толугу менен «Кыргыз каганатына арналыптыр, аспирантура бөлүмүнө кирбей эки күн окуп чыктым. Кыргыз эли, кыргыз империясы, кыргыз маданияты, кыргыз жазмалары, байыркы кыргыз мамлекети, анын таасир аймагы айтылыптыр.

Эки күн окуп, биздин ата-бабаларыбыздын улуулугун, билимдүүлүгүн, 300-400 жыл дүйнөгө өкүмдарлык кылган атагы чыккан кыргыз империясынын болгондугу – мендеги бүт пессимизмди жок кылды. Кыргыздардын кайра жаралуу мезгили келип калгандыгын, тарыхыбызды уят кылбай алдыңкы катарга чыгаруубуздуу, Кыргызстанда ондогон математикалык мектептерди түзүүнү, белгилүү окумуштууларды бул ишке тартуу идеяларын ишке ашырууга киришүү керектигин түшүндүк.

Бул дубал газетадагы материалдар белгилүү орус окумуштуусу, кыргыз таануучу Худяковдун эмгеги экен. Ал Сибирь, Тянь-Шань кыргыздары бир эл экендигин айтып, «киргиз» деп атоо чоң жаңылыштык – деп жазыптыр. Хакас окумушуусу Кызласовдун божомолдоолорун туура эмес, кыргыз мейкиндиги кең, улуу империя түзгөн элдердин бири деп тарыхый, илимий далилдөөлөрдү келтириптир.

* * *

Бүгүн бул ой толгоолор коркунучтуу эмес, ал эми 1979-жылдары биздин Кыргызстанда мындай изилдөөлөр жокко эсе болучу. Кыргыз жакында эле тоодон түшкөн, маданиятты эми калыптанып жаткан эл деп айтылчу. Башкача ой жүгүртүүлөргө 1936-жылдардагы идеологиялык репрессиялар кайталанбасын деп, биз кыска тарыхтуу, жыргап жашаган аз улутпуз делинээр эле.

Кыргыздар билимге умтулган эл экендигин баары эле билишчү. Ар бир кыргыз балдарынын жогорку окуу жайда окуусу үчүн акыркы кийимине чейин берүүгө даяр экендигине көпчүлүк

чет өлкөлүктөр ишенчү эмес. Биздин гендерибизде башка элдерге жардам берчү салтыбыз илгертен калган. Себеби, башка элди башкаруу үчүн анын курсагын тойгузуу керек эле. Кыргыз жетчилерине кеменгердик тиешелүү болуп, акылдуу аксакалдар, билермандар башкаруу системасын жакшы өздөштүрүшкөн. Өтө билимдүү (балким, эмпирикалык) болуу менен гана узак мөөнөттө империяны башкарып турушкан, дипломатиянын туу чокусун өздөштүрүшкөн.

Ошондуктан, айыл элдерине балдары өтө турган билим алуучу лицейлерде окуса кандай болот? –деген суроону бериштин да кереги жок. Окуучуларга күнү-түнү оку, сен дүйнө башкара турган элдин урпагысың, көп тил билүүң керек десек, дайым даярмын деген жоопту угаарың шексиз.

* * *

Келечекте Новосибирск мектебиндей моделди айылдарга ачуу идеясы туура экендигине 1980-жылы толук ишенип, эң алгач Ош пединститутун жакшы окуп жүрүшкөн Матисаев Каныбек жана Мамажусупова Бухалиманы 1984-жылдары Новосибирск жаш окумуштууларынын конференциясына чакыруу алып берип, физика-математикалык жайкы жана сырттан окуу мектептери менен тааныштырып, Ноокатка ушундай лицей ачабыз, силер иштейсиңер, элди ишендиресиңер деген масалелерди талкууладык. Лицей ачуу үчүн окуу-методикалык жыйнактар, олимпиадага даярдоо ыкмалары, илимпоз-аалымдар менен кызматташуу жолдорун үйрөттүк.

Кийинки маселе Кыргызстандан колдоо алуу, илимпоздорду, белгилүү окумуштуу-педагогдорду ишендирүү керек эле. Эң алгач Фрунзеде республикалык моделдик-математикалык мектеп-интернат түзүүнүн аракет-планын түзүү, ишке ашыруу жолдордун изилдөө, бул моделдик интернаттын жер-жеринде филиалдарын өз алдынча түптөө, алдыңкы мугалимдерди тартуу маселелерин ойлонуу, чечүү калды.

Ошол учурда Кыргыз Академиясынын комсомол комитетинин комсомолдун райкомундай статусу бар эле. Секретарь К. И. Идинов, орун басары А. К. Бакаев, Ө. Ш. Мамаюсупов, В. Л. Ким болчубуз. Комсомол комитетинде таланттуу балдар үчүн лицей түзөбүз деген идеяны К. Идинов аябай колдоп, бир топ жылдан бери окуучулар үчүн «Кичи Академия» долбоору түзүлүп, бул идея шайкеш келээрин айтышты. Академиянын жаш окумуштуулар Кеңешинин төрагасы Акылбек Муратбеков (э. и. д, эл аралык шахмат боюнча гроссмейстер) «Фрунзеде мындай мектеп болушу үчүн аракет кылабыз, сөзсүз ишке ашырышыбыз керек» –деп, өтө жылуу колдоолорун айтты.

Математика институтунун ф-м. и. д. А. И. Боташев «бул жумушту сөзсүз аткаруубуз керек, баштагыңың» деди. Ушул ойлор менен белгилүү окумуштуу, педагогика илиминин доктору И. Б. Бекбоевге киргенибизде бул ишке методикалык колдоо жагынан жардам берүүнү жаш окумуштуу (азыр доктор) Ж. Байсаловго табыштады.

* * *

Ошол кайра куруу жылдарында республикада Бектур Исаков, Пазылбек Жуманазаров, Турсун Жусупов ж. б. ондогон новатор педагогдор менен кеңешип, жардам сурадык.

Т. Жунусов Фрунзе шаарында мындай мектеп түзүүнү Борборлук Комитет колдоп, имарат курула баштагандыгын (Чүй, Карпинка көчөлөрүнүн кесилишине), бирок, маселе толук чечилбей, бул маселени ишке ашырам деп 5-6 жыл чуркагандыгын айтып, министирликтен дагы бир жолу суроону сунуш кылды.

Министирликте мындай мектеп сөзсүз Москванын уруксаты менен ачылат, ошондуктан, Новосибирск моделиндей мектепти облустук борборлордо ачууга аракет кылсаңар жакшы болот деп алаксытышты. «Өзүң оштук экенсиң, Оштон баштагыла» деди.

Ош облустук билим берүү башкармалыгындагылар «мындай маселе борборсуз чечилбейт, бюджетке кирүү татаал, убакыт талап кылчу маселе, өзүң ноокаттык экенсиң, Ноокатка ачып, идеянын туура экендигин далилдегиле» – деп жөнөтүштү.

* * *

Ноокат райондук элге билим берүү бөлүмүнүн жетекчиси Абдрахманов Калмамат агайга бүт маселени түшүндүрүп, Илимдер академиясынын комсомол комитети, жаш окумуштуулар Кеңеши, математика институтунан белгилүү окумуштуу А. И. Боташев колдоп, көмөк көрсөтүүлөрүн айттык.

Калмамат агай: «Бул идеяларга ишенүү кыйын, бирок, силер даярдаган кагаздар маселени чеччүдөй ой калтырууда. Райондо көптөгөн математиктерди даярдаган, эң алдыңкы педагог Шеран Мамаюсуповдун баласы экендигиңизди эске алып, бул ишке токелчилик менен макул болоюн. Бирок, бир шартым: райборго эмес, өзүңдүн айлыңда ачасың, келечеги жок болсо уят болосуң. Эң алгач 1 окуучуну Кара-Таш мектебинен даярдап, республикалык математикалык олимпиададан биринчи орунга жеткирген шартты аткара алсаң, бир атайын класс ачканга уруксат беребиз» – деди.

1987-жыл үч жылдык сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыктуу болуусуна үмүт алып келди.

А. И. Боташев «ага илимий кызматкер катары айлыгың сактатып, сен Ноокатка бул мектепти түптөбөсөң кайра келбегин, тез командировка жолдорун колдон» - деди күлүп. «Билим» коому, ЛКСМ БК, математика институту менден командировка аяшкан жок. Бирок, «аспиранттарың өз убагында кандидаттыгын коргой ала турган илимий семинарларың токтобосун» – деди.

Кара-Таш мектебинин директору, республикага эмгек сиңирген мугалим С. Мамарасулов «бул идеяны толук колдойбуз, керек болсо жаңы салынып жаткан мектептин жардамчы корпусун бөлүп берели. Бул иштер менин да кыялымда ар дайым жүрөт, колдойбуз» - деди.

Ошентип, Кара-Таш мектебинен эки окуучу:Бакыт, Улукбек Матисаев Каныбек агай тарабынан олимпиадаларга даярдана баштады. Айылдагы алдыңкы мугалимдер, биз Ош пединститутунун мугалимдери бул ийримдин ишин толугу менен кошумча адабият менен камсыз кылып, жөнөкөй эле репетиторлук жолду

колдондук. Натыйжада, эки жылдын ичинде республикалык математикалык олимпиадада биринчи, экинчи орунду ээлешип, айылдын тарыхында 2 алтын медаль менен мектепти аякташты. Бакыт Новосибирск университетинен бакалаврды бүттү, Улукбек улуттук университеттин математика факультетин аяктап, аспирантураны бүтүп, азыр жогорку окуу жайда мугалим, илимдин кандидаты.

* * *

Бул отчет менен райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Абдрахманов Калмамат агайга киргенде «мен ишендим, методу-ңар жакшы натыйжа бергидей. Кара-Таш мектебинин базасында 1 атайын класс түзгөнгө уруксат беребиз. Ачылышын 1989-жылдын октябрь айында жасайлы. Академиядан уюштуруу үчүн кат керек, педагогика институтунан дагы окумуштуулар келсин, жергиликтүү бийлик жетекчилерин биз чакырабыз» – деди.

Жакынкы айылдардагы мектептердин мугалимдерине, окуучуларына эрикпестен жолугуп, окуучуларды 8-атайын класска чакырдым.

Жолугушууларда Новосибирск физика-математикалык мектептин методикасы менен олимпиадаларга даярдалат, 3 жыл кирүү экзаменине өзгөчө машыктырабыз, парасыз окууга өтсө болот деп, олимпиадада биринчи орунду билим болсо таанышсыз берээрин эки окуучунун мисалында түшүндүрдүк. Мугалимдерди Фрунзеде, Ошто атайын үйрөтөбүз, өзгөчө окуу куралдарын алып келебиз, сырттан келгендерге жатакана берилет, үч маал тамак маселесин райОНО чечкенге макул болду. Эжеке-агайлар аспирантурага окушат, илимий макалалалары журналдарга чыгат. Чет өлкөгө окууга жол ачылат. Англис, орус тилдерин келечекте эркин сүйлөгөнгө жетиштиребиз дедик. Кайра куруунун күчөп турган мезгили болгондуктан, ачык сүйлөө мүмкүнчүлүгү ачылып калган эле.

Ошентип, 18 күчтүү окуучулар тандалды, ийримдер түзүлдү, китеп-журналдар келе баштады. Окуучулар күндө сабактан сырткары ондон атайын эсептерди өз алдынча иштеп, эртеңки күндө-

гү сабакка бүгүн даярданып, экзамен, олимпиада алуучулардан коркпостон, аларды өнөктөш катары көрүүгө, сүйлөө дикциясын, риториканы үйрөнүүгө, айылдагы кыйналган үй-бүлөлөргө жардам берүү (тимуровчуларга окшош) графиги түзүлүп, элдин жүгүн алууга, керек болсо, дүйнө жүзүндөгү 6 млрд. элдин жүгүн көтөрүүгө даяр кадр болуу керектигин түшүндүрдүк. Силерди эл күтүп жаткандыгын, ошондой эле силер баарынар тектүү элдин уул-кыздары экениңерди, Манастын 12 жашында мамлекет кургандыгын, коргогондугун эсиңерден чыгарбагыла деген сыяктуу окуучуларды ойготуучу, шыктандыруучу сөздөрдү айттык. Окууну өз алдынча өздөштүрүүгө, мугалимди жардамчы, насаатчы катары гана көрүүгө, спортко жакын болууга үндөдүк.

* * *

Атайын класстын ачылуу күнүн райОНО бекитти. Кеч күздө педагогика институтунан Ж. Байсалов, Оштон, Фрунзеден илимпоздор келишти. Ошол кездеги райкеңештин төрагасы Э. Абдраимов, айыл чарба химиянын жетекчиси А. Эгембердиев (кийин аким болгондо билимкананын түптөлүшүнө өзгөчө салым кошту), райондук мугалимдер чакырылды.

Коноктор келээрине бир күн калганда райОНО жетекчиси Абдрахманов Калмамат агай күлүп, «силер баштаган бул демилгенин келечеги кең болот окшойт, сен да чындап киришип иштегенинди көрдүм, Шеран акенин жасаган иштеринин улантуучуларыдаяр болупсуңар, Маккамбайга да ыраазымын (олимпиадага даярдоону уюштурганына). Жылына бирден атайын 8-класс ачыла берсе, төрт жылда кичинекей өзгөчө мектеп болот. Төрт жылдан кийин атайын мектеп статусун берсек болот эле. Төрт жылды күтпөстөн, райондук жетекчилер менен сүйлөшүп, азыр эле өзүнчө мектеп-лицей, гимназия деп бөлөлү. Бирок, кыргызча атайлы, сунуш кыл» деди. Токтолбостон «билимкана», «математикалык Ноокат билимканасы» – деп атасак жакшы болот деген сунуш айттык.

«Эртеңден баштап кыргыз тилине жаңы бир сөз кире турган болду. Ал – «Билимкана». Бир топ жылда эл бул сөзгө көнүп кетет. Ошентип, эртеңки ачылышта райондун чечимин кошо окуйбуз: «Төрт класстан турган математикалык «Ноокат билимканасы» ачылсын, каржы булактары жергиликтүү бюджеттин эсебинен чечилсин, илимий жетекчилик келишимдин негизинде кыргыз илимдер академиясынын окумуштуулары тарабынан жүргүзүлсүн».

Азырынча эки штат беребиз, мугалимдер саат аркылуу тартылышат. Имаратына Кара-Таш мектебинин кошумча корпусу, жатакана үчүн эски Кара-Таш мектебинин имараты берилет» – деди. С. Мамарасулов агай Кара-Таш мектебинин алма багынын аймагынан жер тилкелерин Билимканага өткөрүп берээрин айтты.

* * *

Ушул жерден Кара-Таш мектебинин имараты кантип салынып калганын эки ооз айта кетели.

С. Мамарасулов эмгек сиңирген мугалим катары көп жыл Калинин (Кайнар Булак) орто мектебинин директору болуп иштеп, көптөгөн кошумча имараттарды курдуруп, чарба, окуу иштерин өтө жогорулаткан биздин агай. Бирок, аны белгисиз себептер менен кызматтан алышып, кичинекей Кара-Таш сегиз жылдык мектебине директор кылып которушат. Имараты өтө эски болгону менен тарыхый орду бар мектеп эле. Атактуу жазуучу Мурза Гапаров, белгилүү депутаттар, илимпоздор да ушул мектепте окушкан. Легендарлуу Төрөбай Кулатовдун дагы өспүрүм чагы ушул жерде өткөн (таяке журту).

Атам Мамаюсупов Шеран, аксакалдар С. Мамарасулов, Галбаев Кеңеш ошол кездеги облустук кеңештин төрагасы Тажибаевге, анын курулуш боюнча орун басары Носиновго шартты түшүндүрүшкөн. Бактыга жараша Носиновдун жакын эжеси да С. Мамарасулова ушул мектепте иштегенин билчү экен. Аз убакыттан кийин Носинов мамкурулушту жетектеп калып, республикалык бюджеттин резервдик бөлүгүнө туш келгендиги үчүн бул мектеп республи-

канын эсебинен үч айда бүтүрүлүп берилет. Аксакалдар колхоздон суранып, 3 гектар жер бөлдүрүп, С. Мамарасулов терек, алма бак тиктирип, мектептин тегерегин шаарга айлантат. Аз убакыт өтпөй бул кызматтан пенсияга кетүүсүн мажбурлашып, мектепке эл жаңы уккан жазуучунун атын берип коюшту.

Носинов менен кийин бир канча жолу жолукканбызда, «мектептин салынышына бир гана С. Мамарасуловдун эмгеги зор болгон» – деп айтты. Билимкананы түзгөн 18 окуучу район, облуста, республикада ушул 1989-90-окуу жылында алдыңкы орунга жетпесе, 3 жылдан кийин толугу менен кадыр-барктуу окуу жайларга өтпөсө, билимкананын келечеги жок болоору шексиз эле. Ошондуктан, биздин алдыбызда мугалимдерди, ата-энелерди, окуучуларды өз күчтөрүнө тез ишендирип, олимпиадалык, кошумча орусча математикалык китептерди, журналдардагы татаал маселелерди чечмелөө маданиятын, математикалык ыкмаларды, көнүгүүлөрдү күндөлүк турмуш маселесине айландыруу сыяктуу милдеттер турду.

* * *

Тез эле билим берүү жөнүндөгү мыйзамдын, билим берүү концепциясын жаңыдан түзүү зарылчылыгы келип чыкты. Мектептердин өз алдынчалыгын күчөтүү, көмөкчү чарба иштеринин зарылчылыгы, мугалимдерге кошумча айлык, тамак-аш, спонсордук мүмкүнчүлүктөрдү бириктирүү, мыйзамдаштыруу, окуу предметтерди керексиз темалардан тазалоо, алдыңкы өлкөлөрдүн билим стандарттарын жайылтуу, мугалимдин коомдоогу ордун жогорулатуу, окуучулардын дүйнөлүк олимпиадаларга өз алдынча катышуусу, чет өлкөлөр менен байланыштарды системалуу жүргүзүү, мектептерди шефтике алуу салтын жандандыруу, мугалимдерди аспирантурага, илим изилдөөгө кеңири тартуу сыяктуу укуктук нормаларды түзүү зарылчылыгы келип чыкты.

Ушул сыяктуу концепциянын негизин иштеп чыгуу үчүн 1989-90-окуу жылында республикадагы алдыңкы мугалимдер менен

жолугушуу семинарларын иштеп чыктык. Адегенде Ошто, андан кийин Алабука районунун 1-май мектебине эки жумалык семинар өтүп, ошол учурда эң актуалдуу билим берүү чөйрөсүндөгү көйгөйлүү сунуштар иштелип чыгып, ЖМКлар аркылуу тынымсыз талкууга ала баштадык. Себеби, бул мектепте республиканын тарыхында биринчи жолу окуучу союздук олимпиадага катышып, жакшы орун алган. Директор П. Жуманазаров союздук белгилүү педогогдор Шаталов, Аманашвилинин курстарында болуп, фанатик мугалим эле. Өмүрүнүн акыркы жылдары туулган жери Сузакка келип, иш баштайын деп үмүт кылчу.

1991-жылы бул сунуштарды жалпылоо үчүн Өкмөт үйүндө жумушчу тобун түзүү үчүн эң алгач А. Шайкенов биз менен сүйлөшүп, Концепция жаза ала турган алдыңкы мектеп мугалимдердин тизмесин түздүрдү, жогорку окуу жайлар боюнча өзүнчө жумушчу топко тизме түзүштү.

Бизге орто мектептер боюнча Концепция долбоорун түзүү мүмкүнчүлүгү берилди. Ак үйдүн 7-кабатындагы Овальный зал жумушчу орун катары бөлүндү. Жогорку окуу жайлар боюнча группа белгилүү окумуштуу Абакир Маматов баштаган топтон турду. 3-4 айда бул долбоорлор жазылды, талкуулана баштады. ЖМК беттеринде ар түрдүү сунуштар көтөрүлдү. Бул концепция долбоорун Өкмөткө талкуулоого алып чыгууга 1 айча калганда, ошол кездеги вице-премьер- министр Т. Чынгышев мага (балким, башка мүчөлөргө да) «группаңарга кыргыздын үч профессор кыздарын кошуп берели деп чечтик, силерге чоң жардам беришет» - деп, Элебаева, Карасаева, Жакыпова өңдүү профессорлорду тааныштырышты. Бул үч амбициялуу окумуштууларга кайрадан Концепция мыйзам долбоорлорун түшүндүргүчө бир топ убакыт кетип, бул долбоорлордон көп идеялар алынып, мурдагы коммунисттик духтагы нормалар кирди. Турсунбек Чынгышев Премьер-министр болуп шайланды, өкмөттүн чогулушунда жогорку окуу жайлар боюнча Ч. Жакыпова Билдирүү жасасын, сен орто мектептер боюнча билдирүү менен чыгасың – деп, Ак үйдөн К. И. Исаков айтты. Коммунисттик ыкма менен эртеси эле Ч. Жакыпова конценция түздү, революциялык мыйзам долбоорун сунуштады деп ЖМКлар аркылуу жар салынды.

* * *

Концепция, мыйзам долбоорундагы көпчүлүк ойлор сыртта калды, Ч. Жакыпова министр болду, жумушчу топтогу көпчүлүк ректорлор, профессорлор иштен алынды. Кирүү экзамендери менен чабышып жүрүп, мектеп реформасы толугу менен жүргүзүлбөстөн «революционер» министр тарабынан токтотулду.

Натыйжада, мектептер рынокко аксак, даярдыксыз кириштн. Мугалимдин, мектептин көпчүлүгүнүн бүгүнкү эшек минген акылы, ошол биз баштаган концепциянын (1990-ж), мыйзам долбоордун жеке амбициялуу адамдардын, ошол кездеги Ак үйдөгү билим берүү боюнча координаторлордун жалаң интрига менен жүргүзгөндүктөрүнүн натыйжасы деп эсептеймин.

Инвестицияларды тартуу, долбоорлор менен иштөө, методикалык жаңы деңгээлдерге чыгуунун жолдору мектеп жетекчилерине, райондук, облустук билим берүү тармактарында иштегендерге эч ким жол көрсөтпөстөн, командалык-бюрократтык ыкмалар колдонулуп калды.

Азыркыга чейин мага табышмак катары калган нерселердин бири - окумуштуу президенттин билим берүү, илим тармагына кризиске чөктүрчү кадрларды (министрлер, вице-премьерлер, мамлекеттик катчылар) кармап, Советтер Союзу учурундагы сыйлуу мугалимдерди, билим берүү системасын талоонго учуратты. Билбестиктенби, же атайын тагдырга, кыйынчылыктарга шылтоолодубу?

Окуу куралдар, методикалык көрсөтмөлөр бүгүнкү күнгө чейин системалуу жаңыланбай келе жатат.

Билим берүү, мектеп иштерин координациялоочу ылдыйтан жогоркуга чейинки органдарга эгемендүүлүк жылдары таарынчак, жеке амбицияалуу, билим берүүнү чоркок түшүнгөн, коркок кадрларды даярдоо салтка айланды.

* * *

Натыйжада, жакшы окуу идеологиясы жоголуп бара жатат. Окуу жайды кандай аяктасаң да ишке албайт, акча жасасаң баарын сатып алууга болот деген ой жүүнү бош ата-энелерге, окуучуларга, мугалимдерге илдет болуп жабышты.

Мектепте жакшы окуй турган окуучулар, жогорку билимдүү бүтүрүүчүлөр кримдүйнөгө, рэкетирликке, уюшкан кылмыштуу топторду жетектөөгө, же түзүүгө кеткен таланттуу жаштардын саны көбөйө баштады. Билимге болгон улуттук баалуулук жоголуп кетүү коркунучу бүгүн ачык болуп калды.

Азыркы айтылып жүргөн билим берүүнү реформалоо Президенттин көзөмөлүндө деп жарыялангандыгы гана бир аз үмүт пайда кылат.

Билим берүү системасы бир күндө, же бир жылда калыптана койчу чөйрө эмес. Туура стратегиялык багыттагы көп жылдык эмгек, улуттук саясат керек.

* * *

Кайра куруу жылдарында айыл чарба колхоздорунун иши да көбүн канааттандырбай, колхоздун борбору гана өнүгүп, айылдарга эч көңүл бурулбай калган учурлар бар эле. Кара-Таш айылына да колхоз жетекчилеринин кош көңүл мамилеси, бардык өндүрүлгөн чөп, эгин-тегин райборборго ташылуусу, жок дегенде мончо, китепкана, курулуш материалдары, пилорама, тегирмендин жоктугу, жайлоолордун таруусу, жерлерди элден сурабастан үй салууга райборборго берүүсү, элдин укугунун тебеленүүсү, социалдык суроолордун чечилбөөсү, справканы да башка тилде жаздырып алуу элдин чыдамын кетирип калган эле. 1 кило жем, же буудай суроо үчүн да райборборго барып, басмырланып кайтып келишээр эле.

1989-жылы айылдын белдүү 15 атуулу жаңы ачылган билимкананга келишип колдоо көрсөтүүлөрүн айтышып, колхозду бөлүп алууга укуктук жардам сурашты. Натыйжада демилгечи топ түзүлүп, колхоз уставын иштеп чыгуу, аксаган социалдык маселелерди чечүү бөлүштүрүлдү. Бири пилорама, бири тегирмен, бири жол, бири чечилбеген башка маселелерге жооптуу болуп бекитилишти.

Бир-эки катышуучу гана каршы чыкты (кийин колхоз бөлүнгөндө алар талашып жүрүп колхозду жетектешип, жакшы идеяларды толугу менен тебелеп жок кылышты). Э. Бекешев – ревком, А. Нурдинов – жумушчу топ жетекчиси болду. Тийиштүү аракеттердин натыйжасында колхоздун 1930-, 1960-жылдардагы чек аралары тактальп, 1990-жылы 28-май күнү колхоз бөлүнүп «Чечме-Сай» колхозу, Кара-Таш айылдык кеңеши түзүлдү. Эл колхозго бир канча ай бекер иштеп беришип, айдоо жерлери сакталып, кийин үлүш бөлүнгөндө ээ болуп калышты.

Билгендер кагаз, уюштуруу иштерине жардам бергени үчүн билимкана активисттерине ыраазычылык айтып жүрүшөт.

* * *

Ошол убактагы борбордун өкүлдөрүнүн өтүнүчү менен колхоз бөлүнгөндүгүнө ыраазычылык катары 7 күндөн кийинки болгон Ош окуясына аксакалдар, жаштар элге туура түшүндүрүшүп, чырды басаңдатууга, улут маселесин туура түшүндүрүүгө жардам беришти. Натыйжада, билимкана эл ичинде ынтымакчылыкты колдоого жакшы жардам берди. Окуучулар ар түрдүү айылдардан келишип, толеранттуулуктун очогуна айлана баштады.

* * *

Билимканага илимий жетекчиликти өнүктүрүү максатында, математика институтунун бөлүктөрүнүн биринде сырттан окуучу физика-математикалык мектеп ачылып (1987-жыл), олимпиадаларга, кирүү экзамендерине кат аркылуу даярдоо иштери башталды. 8-, 9-, 10-класстар үчүн 15 сабактан турган, 11-класстар үчүн 25 сабактан турган, Новосибирск университетиндеги сырттан окуу мектебинин моделинде жооптор, усулдук китепчелер даярдалып, басмаканалардан чыгарылды. Ошол учурдагы республикадагы кыргыз мектептерине каттар жөнөтүлүп, өтө кызыктуу жумуштарды жаш

окумуштуулар А. Байзаков, Н. Алиев, Б. Мамажусупова аткара баштады. Олимпиадаларга даярдоо боюнча 15 сабактын материалдары эл аралык олимпиадалардын китептеринен алынды.

Бул сырттан окутуучу мектеп 4 жыл иштеп, 5 миңге жакын окуучуларга көмөк көрсөтө алды. Бул тажрыйба, материалдар азыркыга чейин билимканада колдонулат.

Кийинчерээк почталардын иштеринин солгундашы, карымкатнаштын оорчулугунун натыйжасында сырттан окуучу мектеп жабылып, жер-жерлерде лицейлерди ачуу көбөйдү.

Азыркы күндө мындай муктаждык азайды, себеби интернет аркылуу дүйнөдөгү көптөгөн математика, же башка сабактарды виртуалдуу түрдө алуу мүмкүнчүлүгү ачылды. Бирок, бул ыкма актуалдуулугун жоготкон жок. Кыргызча олимпиадалык китептер, сайттар азырынча өтө эле аз.

Бир канча демилгелүү аспиранттар, жаш мугалимдер үчүн бул иштерди колго алуу бир гана моралдык эмес, материалдык, саясый ийгиликтерди алып келээри шексиз.

* * *

Билимкана өзгөчө билим очогу экендигин далилдөө үчүн бир гана окуу-тарбия, олимпиадага даярдануу, тилдерди үйрөнүү менен чектелбей, эл-журт менен иштөөнүн үлгүсү болуусу керек. Ал үчүн эң алгач Кара-Таш айлынан чыккан көрүнүктүү тарыхый инсандарды изилдөө, алар менен (кээде урпактары) мамилени өнүктүрүү керек эле. Эң алгач Ботобай ырчы, жазуучу Мурза Гапаров, Жумабай Палван Аманбаев ж. б. инсандар жөнүндөгү иш-чараларды, жолугушууларды уюштуруп, материалдарды топтодук.

Ботобай-бостон уруусунан чыккан философ ырчы болуп, 18-19-кылымдарда жашаган. Белгилүү окумуштуу Сулайман Кайыповдун айтуусунда, Академиянын кол жазмалар фондунда Ботобай ырчы жөнүндө материалдар өтө көп, реакциячыл, бай, жакшы турмуш жөнүндө философиялык ырларды колдоочу катары изилдөөгө, китептерин даярдоого берилген эмес. Курчтугу – жак-

шыны көкөлөтүп, мактоонун туу чокусуна чыгарса, жаманды жер менен жексен кылып, тургус кылып ырдаган.

Менин атам Шеран ажынын кичинекей маалында Ботобай ырчы айлап кыдыруудан келгенден кийин чоң атабыз Мамаюсупту өтө сыйлап келип, айтып берчү экен. Ошолордун биринде Мамаюсуп «Ботобай, азыр Кетмен-Төбөдөн Токтогул деген курч ырчы чыгыптыр деп угабыз. Бул жолку кытайлык кыргыздардагы чоң айтышта Токтогул ырчылардын боз үйүнүн кайсыл жеринде отурду?» – деп сураганда «бир аз ырдады, боз үйдүн улагасынан экинчи болуп отурду» – дейт. Мамаюсуп «сага төр тараптан келген ырчылар мурдагыдай эле төрдөн орун бериштиби?» дегенде «ооба, төрдө отурдук» – дейт.

Караңыздар, ошол ырчылардан бир гана Токтогул изилденип, эл билет. Калган курч ырчыларды изилдөө билимканачылардын иши деп ойлойбуз.

Ботобайдын бир уулу Малик устаны эч ким жок жерде төгүп ырдаарын эл айтып жүрөт. Небереси Мадамин агай кыргыз тил, адабият сабактарынан берчү. Бизди жогорку класстарда төрт жыл окутту, сабакты беш мүнөттө түшүндүрүп, жылдар бою кыргыз эпикалык чыгармалары – «Курманбек», «Эр-Төштүк», «Алпамыш», «Манас», «Семетей», «Сейтекти» терендетип, маңызына жеткирип, төрт жыл тынымсыз окутту. Кирүү экзаменинде начар баа алып калабыз, сочинение жазганды үйрөтүңүз десек, «силер эркин темада, эркин ой жүгүртүүнү үйрөндүнөр, качан болсо да жогорку баа аласынар. «Манасты» түшүнүп окуган, билген адам жаман сочинение жазбайт дечү. Айткандай эле болду. Сейтектин эгиз балдары болгон – Алансарык, Кулансарык, аны өзүнөр окуп алгыла» деген, азыркыга чейин таппай, окуй албай жүрөмүн. Мадамин агай ааламды жөнөкөй көрчү, бир дагы окуучу агайдын сабагынан калбай эпикалык баатырлар менен кошо дүйнөнү багындырууга даярданар элек.

Ботобайдын таасиринен ырчы болгондор – Төрөкул- ырчы, Апаз ырчы. Эң элге таанымалы Сыдык (бала) ырчы. Бала ырчы дегенинин себеби, 9 жашынан Ботобайды ээрчип жүргөн экен.

Сыдык бала ырчынын уулдары – Батыралы Сыдыков кээ бир ырлар жыйнагын басмадан чыгарышкан. Бирок, Ботобайдын эң

көп санат ырларын Сыдык ырчынын ырдап жүргөнү айтылып кала берди.

Билимканачылар, адабият изилдөөчүлөр сөзсүз 1989-жылы түзүлгөн Ботобай ийримин жандандыруулары керек. Изилдөөчүлөргө бул иш, миссия атак-даңк, илимий эмгек алып келээри шексиз. Эл да бул изилдөөнү күтүп жүрөт.

* * *

Мурза Гапаров агабызга Сиз окуган мектептин базасында билимкана түзүлүп, иштеп жатат, айылга барсаңыз кире келиңиз деп, өзүнүн «Жаңгак токоюнун жомоктору» деген «ширин» китебин магазинден алып келип, каалоолорун жаздырдым. Кийинчерээк китепти мага күлүп кайтарып берди, «атайын жолугушууга барып баарлашып, китепти бергенди унутуп калыпмын» деп, кечирим сурады. «Өтө таасирлендим» деди.

Ошол таасирлерден улам газетага чоң макаласы чыкты. Маанисинде мен чыгармачыл, таланттуу балдар үчүн лицей ачам, мугалим кылып Байрондон баштап, көп классиктерди атап, республикадан бир дагы мугалим албайм, окуучулардын ой жүгүртүүсүн бузуп коёт деп кыялданат. Өзүң сабак бересиңби? – деген сурооого, «жок, мен лицейдин кире беришинде окуучулардын бут кийимдерин тазалап, суктанып отурам» - деп өзүнө-өзү жооп берет.

Кара-Таш айылындагы адырлар аркылуу өткөн чыйыр жолдун боюндагы Ормотой шыбакчы, Туман зергер, Абдылда бешикчи, Жаныбек доктор досу прототип катары Мурза акенин китептеринде калды. «Көчө» деген Геннадий Базаров тарткан көркөм фильмде Кулатов тиктирген теректер, өрүкзарлар, «Беш-Бадам» мектебинин окуучулары, айылдын тургундары калыптанган жерде билимкана жайланышкан.

Ширин сөздүү Мурза аке «мен Гапар таттинин баласымын» деп сыймыктанчу. Кыйынчылык, тартыштык учурда көбүрөөк айлык алыңыз деп көмөк көрсөттүк, анча-мынча чет өлкөлөргө баруусуна өбөлгө түздүк.

Билимканачылар бул аалым кишини сөзсүз изилдөөлөрү керек.

* * *

Кыргызстанды 45 жыл башкарган кишилердин бири – Төрөбай Кулатовдун балалык чагы, торолуусу, билимкана түзүлгөн айылда өтүптүр. Таята, таякелеринин колунда жылкы багып жүрүптүр. 60-жылдардын башында айдоо жерлерди кеңейтүү максатында, айылдарды тоо боорлоруна көчүргөндө бир тууган таякеси Мамыт аксакал көчпөй коёт. «Жээним министр, келсин, мени көчүрбөйт» дептир. 5-6 жылдан кийин гана убактысы туш болуп келсе, талаа ортосунда жалгыз таятасынан калган, өзү жашап жүргөн үй калыптыр. «Таякесин карап, «эл менен чогуу болуңуз, көчүп алыңыз» дейт да коштоп жүргөн чоңдорду карап «эч бир курулуш материал бербей элди көчүрүпсүңөр, миң жылдык арчаларды кыйышып, айыл курулуптур. Эң алгач тез өсчү терек тигип, анан көчүрбөйсүңөрбү» деп машинасына отуруп, «шашылышпыз» деп кетти» деп атам үйгө айтып келди.

Жылкыны чогуу багып жүргөн досу Эргешти издетип, уул балдары жоктуктан элге өрүкзар бак карап жүргөн жерине барыптыр. Досу Эргеш эркеп, ысык-суукта бакты малдан коруп жүргөн, жарылган чоң колдору менен кучактап ыйлаптыр. «Досум, ыйлабаңыз, жакшы турмуштан үмүт кылалы, кыздарыңыздан неберелер Сиздин ишти улайт, саламатта болуңуз» деп кыйылып, чайынды иче албай калдым деп жөнөптүр.

* * *

Районго келип, чоңдорго кеңешме өткөрүп, «Ноокат районунун бардык жерлеринде терек тигип, өстүрөсүңөр, мага дайыма кабар берип тургула» дептир. Ошол терек тигүү, өстүрүү маданияты Ноокатты терек экспорттоочу районго айландырды, эң оор 90-жылдары бир теректин баасы 100 долларга чейин жетти. Бир Ноокат эмес, көптөгөн түштүк райондору Өзбекстанга терек сатат. Бул чоң акчалар мамлекетибиздин түптөлүшүнө да таасир берди деп ойлоймун.

Таякесинин көчпөй койгонунун натыйжасында, бүт эл терек өстүрүүнү колго алды. Миллиондогон арчалар сакталып калды.

Ал эми Эргеш досунун багын жергиликтүү уяты жок мурдагы колхоз жетекчилери буздуруп салышты. Тоонун бооруна жаштарга үй салгыла деп бөлүп беришип, 80-жылдары буздурушту. Кулатовдун досуна айткан акыркы сөзүн көзгө илишпеди. Мындай улуу, көрөгөч кишилердин сөзүн аткарбагандарды Жараткан да көрүп тургандыр.

Билимканачылар бул Гигант Инсан жөнүндө изилдөө жүргүзүүнү милдет катары көрүшөт деп ойлойбуз.

* * *

Билимкана долбооруна тартчу дагы бир өзгөчө инсан, Орто Азия, Союздук ат оюну – улак тартыш боюнча бир канча жолку жеңүүчү, атагы алыска кеткен, белгилүү адамдар менен мамиле кылуунун чебери, чабандестиктин, ат таптоонун эң кылдат устаты – Жумабай Палван Аманбаев болучу.

Бир тууган тагам Ысманов Эргештин балалыктан досу, улутук күрөштөн атаандашы, Атам Шеран ажынын купулундагы инсан эле. Жизак, Хорезм, Чимкент, Анжиян, Макмал Мурза – Чөл өрөөнүндөгү эң бай байгелерди койгон улактарда (70-80 кг. торпок тартышат), кеңешчиси катары Атам кошо барчу. Кандай гана байгени албасын, той өткөзүп жаткан элдин аксакалдарына тартуу кылган адаты бар. Бул берешендик Жумабай Палвандын атына – ат кошуп, миллиондорго да сатып ала алгыс ДАҢК алып келүүдө, бул адам билимканага бир гана ийгилик алып келет дечү.

Билимканада атайын Жумабай Палван боюнча программа түзүлүп, эң алгач кыргыз радио – телевидение, ЖМК, Академиядагы кол жазмалар фондуна жаздыруу, керек болсо «Кыргызфильм» аркылуу документалдуу фильм, андан кийин чет өлкөлүк кыргыздарга тааныштыруу ж. б. у. с.

Академиядан белгилүү окумуштуулар – адабиятчылар Сулайман Кайыпов, Буудайбек Сабыр уулу, Чоюн Өмүралиев, Жумабек

Жумабаев – Жумабай Палвандын ат, улуттук улак тартыш боюнча кыргыз радиосунун фондуна уникалдуу аңгемелешүүлөрдү жазышты, архивдерге сакталуу болуу керек. Кат тааныбай туруп, философиялык көз караштары, дипломатиялык жүрүм-туруму, мамиле кылуунун чеберлигине Палвандын Фрунзеге ар бир келишинде баа беришээр эле. Газеталарга макалалар жарыяланып, режисер Тазабеков Эркин агай бир канча телеберүүлөрдү, телефильмдерди жарыялады. Палвандын спорт машыктыруучу статусун, профсоюздар башчысы Мүлкүбатов аксакал райспорт жетекчиси Жунусов Абдинабинин өтүнүчү менен улакчылар мектебин түзүп беришти. Найтыжада атактуу Палвандын ондогон шакирттери даярдалды.

Палван билимканачылар менен мамилени улам күчөтүп, карташка, сабиз, эт ж. б. жардамдарды көрсөтүүсүн баштап, мугалимдерге колдоо сөздөрүн айтып жүрдү.

1990-жылкы Ош окуясынан кийин жашоо жолдору татаалданып, эл ичинде ырк кетти. Ош окуясынан бир айдан кийин Палванга Сиздин ар улуттан досторуңуз көп, арасында Өзбекстанда да таасирлүүлөрү бар. «Кыздуу болсом чөлкөмгө баатырлык той берем» деген элеңиз. Ошол тойду тез өткөрсөңүз, Комендант – генерал Абдрахманов досуңуздан уруксат алсаңыз, мен «Кыргызфильмден» документалдуу фильм тартканга акча издөө жолдорун Буудайбек Сабыр уулу аркылуу жүргүзөйүн деп кеңештик. «Мен да көп адамдын жакшылыгында болгонмун, миңдеген конокту кантип тосоор экенбиз» деди. Колхозду жаңы бөлүп алган эл «райборбордон айыл бүткөнгө чейин килем төшөйбүз, көчөлөрдү бойлотуп тамак-аш дасторкон жаябыз, он миң ат болсо да жем-чөбүбүздү беребиз» дешти.

Ошентип, Ош окуясынын үч айдан кийин Кара-Таш айлына миңдеген конок келишти, Чымкенттен генерал досунун тобу, Жизак, Макмал, Наманган, Анжиян, Кокондон улакчы, палван достору, мамлекеттик ишмерлер, кытайлык кыргыздардан 70 жаштагы улакчы аксакал, ар түрдүү элдердин өкүлдөрү тойго келишти, аралашышты, улут кастыгы азайгандай көрүндү.

Буудайбек Сабыр уулу, Б. Сарыгулов, оператор А. Жамгырчинов «Жумабай Палван» аттуу 12 минуталык документалдык ки-

нону тартууга «Кыргызфильмден» отуз миң рублдин тегерегинде акча бөлдүрүшүп, тартышты. Сценарийин окумуштуу сценарист Жумабек Жумабаев жана мен жаздык.

Фрунзеден ноокаттык журналисттердин жол киресин төлөсөк да бара албай калышты. Ошол кездеги «Ленинчил Жаштын» барчысы Курманбек Турумбеков коркпостон барып, кийинчерээк газетага бир бет кылып берди. Журналисттердин, жердештердин көпчүлүгүнүн барбагандыгына, коркқондугуна комендантттык саат шылтоо болду. Азыр өкүнүп жүрүшөт деп ойлоймун.

Элдин айтуусуна караганда, үч миңдей атчан улакчылар келишкен, эл чоң көчө бойлорун килемдер менен төшөп, улуттук тамак-ашты он күн бою жыйнашпады, Ноокаттын үстүндө миңдеген аттын улак тартыштагы дүбүртү он күн үзүлбөй, элдин духун көтөрдү. Билимкананы көргөнү өтө көп коноктор келүү салты башталды.

Фильмдин 1 көчүрмөсү колхозго, бир көчүрмөсүн Палвандын тоюна келбей калган досу Аким Өзгөндүн Измирдиги агасына берилди.

Композитор Акимжан Жээнбаев Палван жөнүндө симфония жазам деген сөзүн айтты.

* * *

1993-жылы эл «Чечме-Сай» колхозуна Палванды төрага (раис) кылып шайлашты. Атам «Палван атың менен жүрсөң жакшы болот эле, райистен кет» – деп кескин айтканына капа болуп, эки жылдай таарынып жүрдү. Жалпы саясат менен колхоздор талканып, коллективдерге, жеке чарбаларга бөлүнгөндө, колхоздун карыздары аябай жүдөттү. Палван атама атайын келип, кечирим сурады. «Сиздин айтканыңызды аткарып жүргөнүм эле жакшы экен» деп кучактап, көпкө турганы эсимде калды.

1994-жылы мүмкүнчүлүк таап, Жумабай Палванды кичине уулу, Султан Палван (Раев), Арап Палван менен Истамбул, Анкара, Измир, Адана ж. б. Түркиянын ондогон шаарларындагы өндү-

рүш, соода-сатык, билим берүү борборлоруна он күн кыдыртып, тааныштырып келдим. Түркиянын эч бир дүкөнүнөн Палванга бут кийим, костюм, пальто саз келбеди. Истамбулдун көчөлөрүндө «Пехлеван, пехлеван» дешип, калпакчан дөөнү ээрчишип сүрөткө түшүп жүрүштү. Меңчик секторду, бизнесмендерди көрүп, «таң калып, Палвандыкка салып моюн сунбайын десем баарын көрүп турам, биз жүз жылда да жетпейт окшойбуз? Кантип өндүрүштөрдү өкмөтсүз өнүктүрүү болоруна ишенебиз? Бизде байыш үчүн сөзсүз бир кызматка жетүү керек, же чоң кызматтагылар менен дос болуу керек дечүмүн. Европа мындан да өнүккөн дейсиң, мени алып барба, мен ушундай күчүм менен жеңилгендигимди сездим. Сен мени уят кылганы алып келипсиң. Намангандын прокурору досум, Анжиянды акими ашынам деп сыймыктансам, сен мага миң деген алп кишилер менен мамилени жөнөкөй эле, ишкердик жолу менен түзсө болоорун көрсөттүң. Мен сыртымдан күлүп, ичимден сынганымды кимге айтам? 20 жаштагы ишкерлер Америка менен миллиондогон доллар соода-сатыгын англисче жүргүзүп жаткандарын көрүп, менин 20дагы балам эки конок келсе, кандай союш несоёюн деп сураарын элестетип жер карадым. Билимканаң өтө керек экен. Мен айылга бараар менен билимканага тез-тез жолугуп, дүйнө башкарууга даярдангыла деп бүт күчүмдү жумшайм. Биз менен жүргөн эки Палванды да депутат бол, министр бол деп Эгей деңизинин боюнда чечилди. «Билимсиз болсоң, палвандыгың да эч нерсе бербейт экен, бирок, билимдүүмүн дегендердин канчасынын жүрөгү чымындай да эмес. Мени өмүр бою ойлонтчу инсандарды көргөздүң. Менин жөн эле жашап жүргөндүгүмдү эскерттиң, айтпай көрсөтүү жолу менен. Силерди окуткан Гүлсана эжеме, Шеран агама миң мертебе ыраазымын! Эми миңдеген адамды окуткула деп анын ичинен мени да кошушуптур. Ыраазымын» – деп, адатынча философиялык ой толгоолорду айтып, узун жолду кыскартып, баарыбызды ар түрдүү ойго салып келди. «Иш үчүн деп бир тууган таганар, менин досум Эргешти, эжеми, аганы кыдыртпай, бизди кыдырттыңар. Атам да мынча жерди көрсөтүп, эл менен тааныштыра албайт эле. Менин балдарым мындай ишти жасай алабы, билбейм, мал-жылкыларымды, багымды бөлүп берсем, ушуну

да аткарыша алабы – бара-бара күмөнүм бар. Балдарды окутпай калыптырмын» – деп ойлонуп калчу.

* * *

Атам союз убагында эле Сочи, Сухуми Батуми, Омск, Тбилиси, Новосибирск шаарларын кыдырып, кийинчерээк Иран, Ирак, Түркия, Сирия, Мекке, Мединага чейин автобус менен Маматкасым ажы Табалдиев менен кошо ажылык сапарын аткарып, кийинчерээк Истамбулга апам экөөсүн билимкананы бүткөн кызым Жылдыз он күндөй кыдыртып келди. Үрүмчүгө өзүм кошо алып барып, кытайлыктардын жашоосун атама, апама, Бугалия карындашым менен чогуу көрсөтүп келдик. Кээ бир кыдыруу пландарыбыз али аткарыла элек.

Дагы бир күн билимканадан чыгып келе жатсам, Эргеш тагамдын магазинининин жанында топураган жүздөгөн эл, ортосунда тер баскан Палван Түркия жөнүндө айтып берип, эң аягында «эй, түрктөрдүн туалеттери Пакиза эжебиздин табагынан да таза экен» - деп күлүп, баарып таң калтырып жатыптыр.

Палван мектепте окубагандыктан көрүү эс тутум менен окуяларды сүрөттөгөндүктөн, кайсыл учурда кайсыл бир окуяны сурасаң, өзгөртпөстөн, үтүр-чекитине чейин бирдей айтып берээр эле. Окуяны окуган киши ар бир жолу сүрөттөгөндө бир аз өзгөртүп айтып, окуяларды сүрөттөө өзгөрүп кетиши мүмкүн.

Биз кичинекейибизде палван ДТ трактор минип, жер айдачу, бизге өрүктүн данектерин бармагы менен чагып берчү. Жото жиликтерди чыбык сындыргандай сындырчу. Өзүнүн салмагы 150 килодон эч аз болгон эмес, турникте тартынуу, подъём - переворотторду каалашынча жасачу. «Иж» мотоцикли жүрбөй калган жерлерде колтугуна көтөрүп алганын мен көп жолу көрдүм.

Палван менен көрүшүп кетүү, анын сыйын көрүү үчүн тоодогу багына миңдеген адамдар келчү. Тоодогу багындагы бардык жаңгактарын Эргеш тагам, алма көчөттөрүн атам менен Бакир агай алып келип тигип беришкен. Бактын тегерегин тосууга баарыбыз

иштегенбиз. Ар жактан достору тракторлору менен келип, кызмат кылышчу. Бүгүн Карагойдун ичиндеги эң кооз мөмөлөрү токойго айланган, дарыялардын шоокуму угулуп турган оазис болду.

Жумабай Палванды ар тараптан изилдөө, материалдарды жыйноо билимкананын бүтүрүүчүлөрүнүн, билгендердин милдети деп эсептейбиз.

* * *

1973-жылдары Калинин мектебинде иштеп баштаганыбызда, жогоруда айткан жаш, энергиялуу мугалимдердин демилгелери, кругжоктордо окуучулардын өзгөрүшү, мектеп жамаатын да өзүнчө таң калтыргандыгын укчубуз. Алардын бири – мектептин буфетчиси, өтө зирек Патила жеңебиз эле. «Биз окубай калдык, балдарыбыз Сиздердей окуп, иштеп калса деп тилек кылабыз. Балдарыбызды тааныбайсыз деле, биз сиздерге коңшу болуп жашаган жакын туугаңыздар болушубуз керек эле, чай ичип алыңыз» деп, күндө түшкү эс алууда сүйлөшкүсү келип, балдарынын келечегин айтчу.

Кийинчерээк чоң уулу Равшан мектепти бүтүп, арабча курстардан тил үйрөнүп, «башталгыч класстар үчүн окуу китебин даярдадым» деп, мен айылга келген сайын жолукчу. Патила жеңе «Равшанды Фрунзеге алып кетиңиз, иштесин, окуусун улантсын» деп көп өтүндү. Кайра куруу маалында Фрунзеде экинчи кыргыз мектеби ачылып (№68), кээ бир ата-энелер араб тилин үйрөтсүн деп сурангандыктан, Равшанды араб тили мугалими кылып жайгаштырдык. Бир аз иштегенден кийин окуу китеби, программасы калыптана элек болгондуктан, окуймун деп жумуштан чыкты. Соода-сатык менен иштеп жактыны ийгиликтерге жетти, иниси Төрөнү үйрөтүп, аты-чыккан инсанга айлантты. Айылдагы жолдорду оңдоого, спорт зал салууга, медреселнин жатаканасын тургузууга чоң көмөк көрсөттү деп угабыз.

Равшанга бир канча жолу билимкана менен байланышсаңар, апаңар Патила жеңе атындагы китепкана түптөсөңөр жакшы болот эле. Патила жеңе жөнөкөй адамдардын балдарын ким окууга даярдайт, ким окууга өткөрөт, - деп көп ойлоноор эле. Билимкана апа-

нар кыялданган мектеп, элдин ичинен келген эмгекчил, жөндөмдүү балдар акчасыз, бюджеттик окууларга өздөрү өтүшөт, алар жөнүндө билимкананын китепканасынан билсеңер болот. Бүгүн колуңардан келип турганда билимканага көмөк көрсөтсөңөр - жеңебиздин кыялындагыдай болоор эле, - деп көп жолу айтып жүрөбүз.

* * *

Жакшы окуган окуучулар келечекте элге жөлөк болооруна ишенген инсандардын бири - Акпар ажы Маматов болгон. Биз кичинебизден баштап, мектепте бешке окуган окуучуларды өтө сыйлап, магазинде иштеп жүрсө да кызыкчу. «Класскомсуңбу?» - деп эки-үч айда бир жумшак сурап койчу, «ооба» десең «окуун жакшы экен» деп сүйүнүп калчу. «Менин балдарым да окуп калса деп тилеймин, таланттуу окуучулар элдин сыймыгы болот» – дечү. Балдарын жакшы окутушту. Уулу Акылбек элге мечит салабыз деменен аяктап, университеттен аспирантураны бүтүп, билимканада мугалим болуп иштейт. Минажат эжекенин окуучулары республикалык олимпиадаларга чейин катышып жүрүшөт.

Акбар ажынын тилеги орундалып, окуймун дегендерге жол ачылып, билимкана өз миссиясын 20 жылдан ашык жүргүзүүдө.

* * *

Билимкананын түзүлүшүнө себепчи болгон, атайын класста даярдап, Новосибирск университетин бүтүргөн Бакыттын атасы - Абдылбакы ажы кичинесинен колхоздун шофёру болуп иштеди. Жолуккан сайын окуубузду сурап, «балдарымды орус класстарга бердим. Силердей болуп институтта окуса деп тилеймин. Билимканага аркылуу кедей-кембагалдардын жөндөмдүү балдарынын жүздөгөнүнүн жолу ачылды. Атаңарды мен агам деймин, апаңарды бир туугандай эжем деймин. Элге кызмат кылганды үйрөткөн бул улуу эки

инсандын батасын алып биз бала-чака чоңойттук, окуттук. Мен мурда жогорку окуу жайларга парасыз өтпөйт дечүмүн, уулум Новосибирск университетине өз күчү менен өттү» – дечү. Билимканаанын дээрлик 80-90% бүтүрүүчүсү парасыз окуп жүрүшөт. Чындыктын бар экендигине ишенүү келечекти таза инсандарга толтурат.

* * *

Көп жылдар алдыңкы математикалык мугалими болуп иштеген Матибаев Абан агай билимканага тарбиячы болуп кызмат өтөдү. Айлыгы аз болгонуна карабастан, күнү-түнү жатаканадан кетчү эмес. Мен көп жолу үйүңүздө эс албайсызбы десем «мурда бир класста ашып кетсе эки окуучу сабакты түшүнүшкө аракет калат эле. Билимканада 100% мен кыялдангандай окуучулар. Эч кетким келбейт. Өмүрүмдүн бир бөлүгүн билгизбестен билимкана өзүнө тартып алды, бул күндөр менин чыгармачылыгымдагы эң бактылуу күндөр. Кандай тарбиялуу, эмгекчил, тырышчаак, зээндүү окуучулар топтолуп калгандыгын кээде түшүмбү деп да ойлоп кетемин. Бирок, жылда келген окуучулар окшош болуп жатпайбы. Эмне үчүн биз мурда мындай мектепти билбедик экен? Көпчүлүк энергиям жаш чагымда бекерге кетиптир. Неберелерим окуп калаар» – дечү.

Агайдын кызы Адалат билимканада китепканачы, иш кагаздарын түзүүчү, дилгир эжеке. Билимкананын летописинин үчүнчү главасын жылдык отчеттордун негизинде түзгөн адам. Анализдери кээ бир шаардык мектептерде, окуу жайларда түзүлгөн анализдерден даана, так. Эжекенин чыгармачылык келечеги али алдыда деп ойлоймун.

* * *

Билимканга иштеп баштагандан эки жылдан кийин Кыргызстан эгемендүүлүктү алып, өткөөл жылдарда айлык акылар жетишсиз эле, аңан калса кечигип берилүүчү. Кароолчунун айлыгы төрт сомду түзүп, айыл кеңешинен берилчү. Билимкана түзүлгөндөн кароол болуп иштеген - Ажибай Абжапаров аксакал эле. Орогун колуна алып, күнү-түнү билимкананын төгөрөгүн ирээттеп, мугалимдерди чогулушка чакырып, түндөсү имаратты карап жатчу. Кемпири келип «бул чалдын айлыгы 4 сом, үйдөгү тиричилик көп болбосо да бар, шашылып ишке кетет. Күндө тамак алып келем» – деп күлүп калчу.

Ажибай ава үйүңүздөгү жумуштарды барып бүтүрүп, кемпириңиздин чайын ичип келбейсизби десем. «Мен бул жерден кете албай калганмын, алтымыштай окуучу башка айылдан келгендер, жатаканада жатышат, кечинде класстарга келип окушат. Мен болбосом коркуп калышат. Билимканачылар - менин жашоом, мен кыялданган акылдуу балдар ушулар. Бир саатка да чыдабаймын, чын сагынамын. Менин небере кызым чоңоюп, жетинчини бүтсө, билимканага өтсө деп тилеймин» дечү. «Ажибай ава, Сиздин кызыңызды билимканага өттү, институтка да өттү деп ойлой бериңиз, эс ала бериңиз» - десем. «Жок, бул бактылуу күндөрүмдө небере кызымдын жанында болом, институтка өткөндөн кийин эс алууга кетем» деп болбой койгон. Кызынын «Манас» университетине биринчилерден болуп өтүп, стипендия алып окугандыгына сыймыктанып жүрдү деп айтышат.

Небере кызы Элиза Бишкектеги чоң газеталардын биринде эмгектенет деп угам. Келечекте белгилүү журналист, инсан болоору шексиз. Себеби, таятасы Ажибай аксакалдын тилектери ошондой эле да.

* * *

Билимкананын эң жакшы окуган окуучуларынын бири Сагындын атасы «баламды сага бала кылып бердим, менин жалгыз уулум, өзүм комбайнёрмун, жашообуз бир аз кыйынчылыкта» деп Көк-Жар айлынан келиптир. Сагын сиздин эле уулуңуз боюнча калсын, бирок, сиз айткандай окуйт, келечекте окумуштуу болот» - дедим. Бош убактысында келип, Ажибай аксакалга кошулуп кароолчулук кылып кетчү.

Сагын сейсмология боюнча Япония, Австрия, Америка ж. б. өлкөлөрдө чыйралды, жаш окумуштуулардын катарын толуктап, келечекте жакшы илимий жетекчилерден болот деп ойлойбуз.

Эч ким Ташан тракторчунун баласы чет өлкөлөргө барып, жогорку окуу жайда окуйт деп ойлогон эмес болуш керек. Билимканын эң дилгир окуучусу болуп, жакшы окуу жайга окууга өттү. Чет өлкөлөргө барды. Турмуштун кыйынчылыгына моюн сунбай, дагы аракет кылса балким чоң жетекчи чыгып калышында шек жок.

Билимканада окуган ар бир окуучу келечектен чоң үмүтү бар инсан болуп чоңоёорунда шек жок. Ар бир билимканачы өз киндигин өзү кескен адамдардан болуп эсептелет. Колунда мүмкүнчүлүгү бар үй-бүлөлөрдөн болсо 20% окуучу бар. Төрт жыл билимканада тырышып окуган окуучу, бардык кыйынчылыктарга чыдоого, алдыга умтулууга, парасыз окууга өтүүгө даяр болот. Билимканада жаман окуу мүмкүн эмес. Себеби, «ат аттан калса кулагын кесет» дегендей, жакшы жарышуу, атаандашуу бар. Илимий жетекчилик окуучуларды динамикалык абалга алып келгенден кийин, мугалимдер улантып кетишет. Тамашалашып, мугалимдер өздөрүн «камикадзе» деп коюшат. Идея үчүн иштеген мугалимдер. Чарчашпайт. Эмгектери кайтаарына ар бири ишенишет.

БИЛИМКАНА ТҮЗҮҮ – УЗАК ИШ

Билимкананын алгачкы жылдардагы олимпиадалардагы ийгиликтери, билимкана жөнүндөгү талкуулар көпчүлүктү кызыктырып, республиканын ар тарабынан көргөнү, тажрыйба алганы келгендер көбөйдү. Окуучулардын, мугалимдердин, ата-энелердин ишеничтери күчөдү.

Билимканага окшош лицей, гимназияларды ачуу, атайын класстарды түзүү 1992-жылдан баштап республикада көбөйө баштады. Жогорку окуу жайлардын алдында лицейлерди ачуу күч алып, атайын жоболор, устав долбоорлору иштелип чыгып, менчик мектептер, курстардын саны артты, тажрыйба алмашуу билимкананы экинчи этапка өтүүсүнө түрткү болду.

* * *

1. 1992-жылы Өзгөн районунун Шоро Башат айылында билимканаы өзүнө окшогон «Караханид» математикалык лицейи ачылды. Атын өзүбүз коюп, баштапкы окуу системасын да биз түзүп бердик, баштапкы китепчелерибизди, кийинчерээк грант алуу жолдорун үйрөттүк. Биринчи грантты алуусун толугу менен көзөмөлдөдүк. Мектеп жетекчиси, демилгечиси Муса Мамадиев - таланттуу математик мугалим, курсташ элек. Бир топ жыл жетектегенден кийин айыл өкмөтүнүн башчылыгына шайланды, андан кийин кичи бизнес менен иштөөдө.

Мектеп жетекчилиги бизди көп убара кылбастан, лицейди тийиштүү деңгээлде өнүктүрүшүүдө.

* * *

2. Билимкана ийгилиги Ноокаттагы башка тилдүү мектептерди да кызыктырып, Абдуваси Худайбердиев жана Чапаев атындагы орто мектебинин ошол кездеги директору Тойчиев (айыл өкмөт

башчысы болгон) Ноокатта өтүп жаткан областтык олимпиада учурунда мага өзбек тилиндеги гимназия ачуу сөзүн бериштн. Бул кишилердин эбегейсиз эмгектеринин натыйжасында «Аль-Хорезмий» өзбек тилиндеги математикалык гимназиянын коңшу өлкөлөргө чейин атагы чыкты, бүтүрүүчүлөр жакшы, келечеги кең инсандардан болушту.

* * *

3. «Асаба» улуттун кайра жаралуу партиясында 90-жылдары жүрөгү таза, улут үчүн көп иш аткарабыз деген атуулдар көп болучу. Биздин лицейлерди көбөйтүү идеяларыбызды колдошуп, 1992-жылы Балыкчы шаарында «Адилет» билимканасын ачуу жүгүн балыкчылык асабачылар алышты. Жергиликтүү бийлик бүт шарты бар, бош калган балдар бакчасын бериштн. Мугалимдер, окуучулар тандалды. Жардам көрсөтүү топтору түзүлүп, жакшы иш башталды. Ноокат билимканасынын тажрыйбасына ылайык методологияны үйрөтүп, кошумча китепчелерди, олимпиадалык жыйнактарды бердик.

Тилекке каршы, бул оор жүктү үч жыл араң көтөрүштү. Улут үчүн деп сүйлөө оңой, бирок, практикалык иш жасоо өтө татаал экендигин балыкчылык асабачылар түшүнүштү окшойт.

Окуучуларын 11-классты бүтүрүү үчүн Ноокат билимканасына чакырдык, жатакана беребиз дедик, натыйжада эки окуучу Ноокатта 11-классты окушту, жакшы окуу жайды бүтүрүшүп, иштешип жүргөндүгүн угуп жүрөбүз.

* * *

4. Кесипчилик-техникалык окуу жайлар профсоюзунун лидери Мүлкүбатов биз менен жолугушуп, Кемин районунун борборуна жакын жердеги ПТУнун профилакториясынын базасында таланттуу балдар үчүн лицей ачканды үйрөткүлө деди. Билимкананын окуу-методикалык моделин толук түзүп бердик. Натыйжада, 1992-

жылы каражат бөлүп, Мүлкүбатов агай лицейди ачты. Кыргызстандын ар жеринен окуучуларды алып келип, бир топ жыл лицейди колдоп, аракеттенди. Бирок, ишти улантуучу кадр даярдай албады, мугалимдер коллективи түзүлбөй, жергиликтүү калк бул идеяны узак колдой алышпады.

* * *

5. 1994-1995-жылдары Жаңыл Абдылдабек кызы, Жумабек Ибраимов демилге көтөрүшүп, Быстровка шаарчасында өтө жакшы имараттын базасында «Шабдан» билимканасынын ачылышы болду. Бүт жабдуулар, айдоо жерлери, башка толуп жаткан мүмкүнчүлүктөр берилди. Жергиликтүү тажрыйбалуу кишилерден жетекчилик түзүлдү. Окуу-методикалык иштерин толугу менен «Ноокат» билимканасынын моделинде камсыздоого көмөк көрсөттүк. Жумабек Ибраимов мага «илимий жетекчиликти өзүңүз көзөмөлдөп бериниз, менин туугандарым тез эле бул лицейди жабылууга жеткирүүлөрү мүмкүн» деди. Жардам бергенге бир канча жолу бардык, мектеп жетекчилиги эч эле жактырбай койду. Окуучуларды Жаңыл Абдылдабек кызы тынымсыз Бишкекке алып келип, активдештирүүгө аракет кылды. Бул жумуш менимче, эки тарткын болуп, балким саясатташып да кетти окшойт. Сага да, мага да жок деп 2002-жылдары жаап салышты. Балким, Жумабек Ибраимовдун көзү тирүү болгондо бул лицей түптөнүп, иштеп кетүү мүмкүнчүлү бар болуучу. Ийгилик өзү келбестигин, күнү-түнү окуучулар менен иштөө жеңил эместигин, аракет кылгандар сезишти окшойт. Айтып коюу оңой, бирок, лицейди ачып, анын үзгүлтүксүз иштөөсүнө түркүк болуу баарынын эле колунан келе бербейт.

«Шабдан» билимканасынын ачылышында бир жаш жигит мага жолугуп, өзү Президенттин администрацияда иштээрин, лицей түзүүгө кызыгаарын айтып, анын моделин сурады. Өзү кеминдик экен. Атым Темирбек, Фамилиям Акматалиев, жолугуп сүйлөшүп туралы - деди.

Кийинчерээк Ала-Букага аким болуп бараары менен билим берүүнү, маданиятты колдоочу фонддорду түзүп, билим берүүдө

новаторлук жолдорду үйрөнүүгө көп аракеттери жасады. Таласта, Ошто губернатор, министр болгондо да элге таланттуу окуучулар-ды, мугалимдерди колдоого көп аракет жумшады. Бирок, система түзүлбөгөндүктөн, бул киши жумуштан которулганда эле ал де-милгелер картадан курулган үй сымал иштебей калып жатты.

* * *

Бир идеяны, адегенде бир жерде аягына чейин ишке ашырып, кадрларды кайтпас кылып даярдап, окуучулар менен иштөө ыкма-ны сиңирмейинче эч кандай лицей түзүлбөйт. Сөзсүз түрдө Борбор-дон же башка бир мүмкүнчүлүк бар жерден коомдук башталыштагы илимий жетекчилик институтун түзүү керек. Ал адам күнү-түнү ошол лицей менен түшүндө да бирге болуусу керек. Кайсыл бир идея ишке ашуусу үчүн, терең - узак мөөнөттөгү кызыгуу керек. Бул эмгекти саясатка, же бир кызматка коюу үчүн колдонбоо керек. Окуучулар, мугалимдер, ата-энелер айтылган сөздөрдү унутушпайт. Аткарыл-баган сөздөр, алардын ишеничин жоготот. Кайсыл бир жакшы, эл үмүт кылган идеяны карьера үчүн колдонуу, же формалдуу тепкич-терге көчүрүү үчүн колдонуу ийгиликке алып келбестигин 19-кы-лымдын башындагы орус ойчулу Ильин өзүнүн «Улуттук элитаны кантип таптоо керек» деген эмгегинде чагылдырган.

Канчалаган окуучулар, ата-энелер, мугалимдер үмүт менен ка-дам шилтеген лицейлердин, көмөкчү фонддордун изи калбай кый-роосу кыжырданууну пайда кылышы мүмкүн.

* * *

6. Карасуу районунун Жоош айлында таланттуу балдар үчүн лицей ачылып, Ноокат билимканасынын тажрыйбаларын жакшы колдоно алышкандыктары үчүн бир топ ийгиликтерге жетишиш-ти. Илимий жетекчиликти биздин курсташтарыбыз, кийинчерээк менден аспирантураны бүткөн окумуштуу математик – Асанов

Авазбек жетектеп жүрөт. Мектеп жетекчиси Канпаша эжеке көптө-гөн чет өлкөлөрдү кыдырып, окуучулардын, ата-энелердин үмүтүн 1998-жылдан бери актап келе жатышат. Күчтүү мугалимдик кол-лектив түзүлүп, мектеп өнүгүү жолунда экендигинде шек жок.

* * *

7. Кара-Суу районунун Ленин мектебинин базасында лицей-класс-тарын (өзбек тилинде) ошол кездеги депутат коллегабыз Бөрүбай Жураевдин суранычы, кызыгуусу менен, ал кишинин жардамчысы Авазбекке үйрөттүк. Ар түрдүү долбоорлор менен иштөөгө үйрөттүк, чет өлкөлөрдөн стажировкадан өттү. Ноокат билимканасына жакын окуу программасын түздүрдүк. Натыйжада бул класстар 1998-жыл-дан бери ийгиликтүү иштерин улантууда. Бөрүбай Жураевич, көрү-нүктүү коомдук ишмер болгондуктан, оор миссияны оош-кыйышын чарчабастан аткаруусу бул мектептин өнүгүшүнө шарт түздү.

* * *

8. Ноокаттын Борко айлынан чыккан чыгаан жигитибиз Акуш 1995-жылы «Борко» лицейин Ноокат билимканасынын моделин-де түзүп, аны ийгиликтүү иштетип кетчү коллектив, илимий аура түздү. 1995-жылы окумуштуу А. Боташевдин демиилгеси менен академиянын математика институту эски болсо да «Электроника» компьютерин берди. Биз да колдон келген методикалык китепче-лерди берүүгө аракет кылдык.

* * *

9. Жаңы-Ноокат айлында аракетчил өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлү Мамасадык, Аваз ажы 1997-жылдары өзбек тилиндеги «Са-хоба» математикалык лицейин түзүүгө жетишти. Аракеттер күчө-

түлсө бул окуу жай таанымал лицейдердин катарын толуктайт деген ишеничибиз бар.

10. Көк-Бел, Кыргыз-Ата айылдарында биздин улуу муундарыбыз негиздеген эки гимназия тарыхый миссияны аткарып, өз стилдерин бузбаган, чет өлкөгө таанымал, Ноокат билимканасы үчүн өрнөк, өнөктөш окуу жайы катары эсептелет. Бул эки элитардык окуу жай ачылган айылдардан дүйнөгө таанымал окумуштуулар, саясатчылар, өлкө жетекчилери чыккан. Билимканачылар бул темаңы өзгөчө изилдеп, лицей үчүн кызматташууну күчөтүүлөрү, тарыхы түптүү Мурза Гапаров атындагы мектеп-гимназиясынын жана Кулатов айылындагы лицейдин ийгиликтерин өз алдынча карап, колдонуулары керек.

* * *

11. Тилекке каршы, Арбын, Гүлүстан, Жүлгө (Салиева), Баргы айылындагы атайын класстар лицейге айланыша алышпады. Жетекчилерин балким, эл колдободубу, балким, чарчагандыктанбы, айтор, бул маселелердин чечилүүсү кийинки муундарга калды окшойт.

* * *

12. Ноокат районунда бир топ жыл аким болуп иштеген Жолдошбек Мокушович Меделканов Ноокат билимканасынын калыптануу учурунда көп көмөк көрсөтчү. Кийинчерээк Токтогул районуна аким болгондо «менин элиме да билимкананын аналогун түзөсүңөр» деген каалоосун айтып, аны 1998-жылдары иш жүзүнө ашырды. Атын «Кетмен Төбө» математикалык билимканасы деп атады. Ачылышында республикалык бүт жетекчилик келишти, токтогулдуктардын марафону өткөрүлүп, окуу-материалдык базасы идеалдуу түзүлдү. Чапрашты мырза баштаган мектеп жетекчилери кыйынчылыктарга карабастан лицейди дүйнөлүк деңгээлге чыгарат деген үмүтүбүз бар.

* * *

13. 1996-жылы 18-январь күнү Тоң районунун Кара-Коо (Карл Маркс) айылынан – Атыркүл эжеке күйөөсү Самат менен «билимканага окшогон мектеп ачалы, жогорку кызматтагы эже-агайларыбыз колдоп жатышат» деп, эч артка чегинбестиктерин түшүндүрүштү.

Ошентип, сентябрь айында бул айылда математикалык багыттагы атайын класс түзүлүп, өзүнчө имарат бериштп. Атыркүл, Самат өтө көп долбоорлорду жазып, гранттарды жеңип алышып, волонтёрлордун жардамы менен компьютердик класс, бай китепкана түзүштү. Окуучулары чет өлкөлөрдөн окуп келе башташты. Актан Абдыкалыковдун «Беш кемпир» фильминдеги башкы каармандын ролун ойногон кыз убагында ушул класста окуган деп сыймыктанып жүрүшөт.

Бул идеяларды колдогон, күчтүү инсандар көп болгондуктан, бул айылда таланттуу балдар үчүн күчтүү лицей түзүлөөрүнө биздин шегибиз жок.

* * *

14. Ноокат билимканасынын тибиндеги окуу жай ачсаңар, көмөгүбүздү көрсөтөбүз деп 1992-жылы Өзбекстандын Бөкө, Макмал, Жизак ж. б. райондордогу кыргыз мектептерин кыдырып, окуу-методикалык китепчелерди, олимпиадалык масселелерди таркатып келдик. Бул топко тилчи окумуштуу Бегалы Тагаевди, журналист Замир Өсөровду кошуп алып бардык. Кийинчерээк ушундай кайрылуу менен кытайлык кыргыздарга А. Чылымовду жөнөттүк. Кордойдун Георгиевка районунун билим берүү жетекчилери көп кызыгып жүрүштү. Бирок, жөн эле кыдыруу, кызыгуу жакшы жыйынтыктарды алып келбестигин түшүндүк.

* * *

15. Жаңы типтеги лицейлерди илимий методикалык изилдөөлөрүн жүргүзүү үчүн коомдук Академияны түзүү ишин уюштурууга ошол кездеги аспирантыбыз Андрей Филатов жооптуу эле. Кийинчерээк мамлекеттик иштерге – депутаттын жардамчысы, комитет эксперти, министирликке бөлүм башчы, шаардык кеңешине депутаттыка үгүттөп, көтөрмөлөп иштеттик. Бирок, коомдук ишти тарта албады. Коомдук педагогикалык Академия окумуштуу А. И. Боташевдин өз мекени Нальчик шаарына кетүүсү менен токтоду.

* * *

Ал эми илимий макалаларды жарыялоо үчүн түзүлгөн, «Илим Билиги» илимий журналы 6 номери чыгып токтоду. Бул жумушту Замир Өсөров редакциянын ээси катары түптөйт деген үмүтүбүз ишке ашпады. Ар түрдүү мекемелердин жардамына чыгарылган журналдын алгачкы алты санынын эсеп-кысабын бербегендиктен, эч ким каржылабай койду. Балким, бул сыяктуу журналдын, коомдук Академиянын бүгүн кереги деле жоктур, анын ордун интернет ресурстары толукташы мүмкүн.

* * *

16. Ошентип, лицейлердин санын көбөйтөбүз, илимий эмгектерди жаратабыз деген сөздөр, азырынча эрте экендигин түшүндүк. Бул оор жумуштарга табигый талап болуп, жүктү тайманбай тарта турган адам, же топ болуусу зарыл. Алдыңкы инсандар ойлончу маселе.

* * *

17. Лицей же билимкана түзөм десең эле түзүлө турган жумуш эмес экендигин жогорку мисалдардан көрдүңүздөр. Мугалимдер, ата-энелер, билимкана директору кааласа эле лицей түзүлбөйт, өтө чоң кызматтарда иштеген адамдар да бул жумуштардын аягына чыга албагандыктарын учкай айттык.

Ноокат билимканасы үчүн бул түйшүктөр артта калды деген да туура эмес. Бир аз эле артка чегинсек, лицейдин жабылышына кызыккандар да бар экендигин эске алсак – биздин мойнубузда кандай жоопкерчилик жаткандыгын сезебиз.

БИЛИМКАНА: ТАЖРЫЙБА, ЖЕТИШКЕНДИКТЕР, АЛДЫДАГЫ МИЛДЕТТЕР

1. Бүгүн 7 млрд. адам жашаган Жер планетабыз эзелтен илим-билимге муктаж болуп, коом каймактары улам жаңы ыкмалар, секирүүлөр менен өнүгүүнү, прогрессти жакындаштырууга аракет кылышкан. От, буу кыймылдаткычы, радио, ТВ, компьютер, телефон ж. б. у. с. секириктерди алып келүүчү илим ачылыштары, адамзаттын билимге болгон чексиз умтулуусунун натыйжасы болуп, бүгүнкү нано-технологиялык өндүрүштөрдүн калыптанышына алып келди.

Илим-билимдин өнүгүшүнө өтө чоң коомдук тоскоолдуктар да болгонун тарыхтан билебиз. Канчалаган жаңы ойлорду алып келген чыгаан инсандар өлтүрүлүп, дайынсыз жок кылынган учурлар кээде мамлекеттик масштабда жүргүзүлүп, маргиналдашкан жашоого элди, адамзатты түртүүгө аракеттер азыр да жер шарынын кээ бир өлкөлөрүндө жүргүзүлүп келе жаткандыгын өкүнүү менен билебиз.

Бирок, бүгүн дүйнө жүзүндө илим-билим толугу менен жеңишке жетип, жер жүзүндөгү дээрлик көпчүлүктүн умтулуусуна, максатына айланды.

* * *

2. Ушундай умтулуу, максат коюу биздин мамлекетибизде да бар. Себеби, коом илим-билимдүү кесипкөйлөргө муктаж экендигин күндөлүк жашоо көрсөтүп койду.

- Эң жөнөкөй орус, англис ж. б. тилдерди эч болбогондо пикир алмашуу, же эң жөнөкөй документтерди толтуруу үчүн суудай керектигин түшүнгөн Россияда иштеген, же иштеп келген адамдардын саны эбак 1 миллиондон ашты. Соода-сатык системасында россиялык атуулдар гана иштей алат

деген норма 2011-жылдан баштап мигранттарга жаңы толкоолдуктарды алып келип, курулуштарда, көчө тазалоодо ж. б. у. с. гана жумуштарда иштөө мүмкүнчүлүгү калат.

- Жогорку даражада кесиптерди өз күчтөрү менен (парасыз) өздөштүргөн адамдар гана (сантехник, сварщик, каменьщик, врач, мугалим...) жумуш орундарын алуу мүмкүнчүлүгү жеңил экендигин билебиз.
- Мектептерди, кесиптик окуу жайларды, институт, университеттерди чыныгы кызыл диплом менен бүткөн, орус тилин билген эмгекчил адамдарыбыз Россияда эркин иштей алуу менен катар, карьералык өсүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.
- Кыргыз программисттери Россияда, тил билгендери башка алыскы өнүккөн өлкөлөрдүн банктарында, финансылык институттарында ж. б. мекемелерде чоң маяна алып, иштегендерин баарыбыз угуп жүрөбүз.
- Биздин атуулдарыбыз чек арадан чыккандан баштап таалдыктарга дуушар болушат - тил билбестик, чек ара документтердин түшүнбөстүк, атайын бланктарды толтура албастык, укук коргоо органдары менен сүйлөшө билбөөсү, Россияга киргенден кийинки зарыл шарттарды аткарууга даяр эместигин билишет. Артка жол жок, баары кеч болгондугун айласыз баштан өткөрүү өкүнүүгө алып келет.
- Россиянын ички нормаларын, мыйзамдарын үйрөнүүгө да көп убакыт талап кылынат. Баарын түшүнүп болгуча, депортация дегенине туш болосуң.

* * *

3. Мамлекет эң жогорку билимдүү кесипкөйлөргө ар дайым муктаж. мамлекеттик структураларда сөзсүз интеллектуалдар, чарчабаган мекенчил, эмгекчил, элге тең караган жетекчилердин болуусуна да биринчи мамлекет өзү муктаж. Мындай сапаттарга ээ болбогон жетекчилер, кызматкерлер бизди эл аралык деңгээлде уят кылып гана тим болбостон, тарыхый аброюбузду да жок кы-

лышат. Биздин мамлекет жөнүндө дүйнөлүк элитада, саясатта туура эмес пикирлер калыптанып, Африканын кээ бир өлкөлөрүндөй мамилеге туш болобуз.

Билим берүүнүн, кесипкөйлүккө үйрөтүүнүн дүйнөдөгү эң жеңил жолун тандоого Президент, Жогорку Кеңеш, Өкмөт жоопкер. Андан кийин бардык бийлик тепкичтери, структуралары, мекемелери кызыкдар болуусу шарт. Эл-журттун бул тандоого жандуу катышуусун турмуш талап кылып жатат.

Мамлекеттик идеологиянын орчундуу бөлүгү – татыктуу, натыйжалуу, ийгиликтүү, чыныгы билим берүүнү жана алууну камсыз кылуу.

- Билим берүүнү координациялаган мамлекеттик жергиликтүү органдардан баштап, борбордук бийлик мекемелери ар түрдүү мүмкүнчүлүктөрдү, административдик ыкмаларды пайдаланып окуучулардын билим алууга болгон каалоосун эң жогорку деңгээлге жеткирип, ар бир жаш өспүрүм билим алуу айрыкча өзүнө өтө керек болуп, ички дүйнөсү менен умтулуусун динамикалык абалга алып келүүгө өбөлгө болуусу зарыл.

Окуучулардын, жаш балдардын окууга болгон чыныгы сезимин козгоочу, калыптандыруучу – бул ата-эне, жакын туугандары, айлана чөйрөсү. мамлекеттик органдар бул мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу боюнча иштиктүү, натыйжалуу жумуштарды жүргүзүү идеологиясын ишке ашыруусу абзел. Бул жумуштар боюнча атайын изилдөөлөр да керек, бирок, бүгүн ал изилдөөлөрдү, ишпландарды карап олтурууга убакыт жок. Административдик ыкмалар менен керек болсо бул чөйрөнү милдеттендирүү, мамлекеттик масштабда ири долбоорлор жазылып, кызыккан донорлорду эч болбогондо пилоттук аймактарда иштетүү, тартуу керек.

* * *

4. Кыргызстанда ЖКнын 120 депутаты, 120 аткаруу бийлигиндеги чоң кызматтагы атуулдар, ж. б. мамлекеттик органдарда, жергиликтүү бийликтерде жетекчилик, же жооптуу кызматтарда

иштеген 360 атуулдар, персоналдык түрдө бешten (5) мектепти коомдук башталышта шефке алуусу, бул мектептерде мамлекеттик идеологиянын – окуучуларды, жаш балдарды, эл-журттун билимге болгон умтулуусун ойготуу, сездирүү милдеттендирүү ж. б. ушул багытта тезинен жасалчу иштерди такай көзөмөлдө кармоо.

- Бул атуулдар мектеп жетекчилерин, мугалимдерди Бишкекке, чет өлкөлөргө баруу мүмкүнчүлүгүн берүүчү долбоорлорго катыштырып, ишке ашырууну камсыз кылуулары керек.
- Дүйнө жузүндө ар түрдүү идеялардын ишке ашуусун колдогон 1 миллиондон ашык фонддор, кайтарылгыс акчалар бар. Ар бир мектеп жок дегенде 10 донордук мекеме менен иштөөсүнө бул атуулдар жетүүсү керек. Ар бир мектеп чет өлкөлүк 5тен кем эмес мектептер менен достук маилесин түзүүнүн милдеттендирүү. Андан сырткары, ар бир класс жетекчи менен бирдикте эч болбогондо Россия Федерациясынын мектептеринин класстары менен кат аркылуу тынымсыз байланышып, интернет бар жерде электрондук байланыш үзгүлтүксүз (жумасына) түзүлүүсүнө жетишүү.

Ар бир мугалим чет өлкөлүк бир канча өнөктөш мугалимдер менен ар дайым байланышта болуусуна жетишүү. Ата-энелер комитети чет өлкөлүк ата-энелер комитеттери, же ата-энелерди колдоочу өнөктөш мекемелерди табууга көмөк көрсөтүү.

* * *

4. Билимкананын өнүгүүсүнө милдеттүү жардам бере турган-дар – бул ата-энелер. Билимкана жетекчилиги ата-энелер менен Бишкектеги №61, 13 мектептердей жүргүзүүсү керек эле. Укуктук нормалар толугу менен бар. Ата-энелер билимканага көмөк көрсөтүүчү фонд түзүшүп, иш алып барышса болмок. Бирок, иш жүзүндө ата-энелердин көбү балам билимканага өттү, эми мугалимдер окутууга милдеттүү, баарына мамлекет жооп берет деген көз караштa.

1998-жылы кыска мөөнөт билим берүү министринин биринчи орун басары болуп иштегенибизде, министрликтин буйругу менен ар бир мектепке көмөк көрсөтүүчү активдүү адамдардын жетекчилигинде фонд түзүүгө жетиштик. Эсеп-кысап иштерин мыйзам чегинде жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн эске алып, бүт райондук, областтык билим берүү жетекчилерин кыскача окутуп, «фонд-мектеп» моделинин иш кагаздары иштелип чыгып, мектептерге таркатылды.

Бул фонддор Союз маалындагы көмөкчү чарбалардын функциясын аткарып, мектептерди эл аралык долбоорлорго алып чыгып, фонд мүчөлөрү тийиштүү тренингдерден өтүшүп, донорлор менен иштөө ыкмасын үйрөнүшү керек эле. Бул демилгени ондогон мектептер жакшы өздөштүрүшүп, текшерүүлөргө туруштук беришип, натыйжада дүйнөлүк деңгээлдеги рыноктук алака кылуунун жолдорун өздөштүрүштү, чет өлкөлөрдү кыдырышып, тажрыйба алмашып жүрүшөт. Өздөрү шефке алган мектептерге гана долбоорлор аркылуу жардам берүү менен чектелбестен, элдин башка катмарларына ылайыктуу долбоорлорду башкарып калышты. Кээ бир мектеп жетекчилери күчтүү менеджерге айланышты. Айрымдары болсо чочулап, этият болуп, менеджерлик касиетке ээ болуудан курук калышты. Натыйжада, мектеп коллективи ар түрдүү кесиптеги жогорку билими болуп турса да социалдык долбоорлордон четте калышты.

* * *

Мугалимдер – ата-энелер түзгөн көмөкчү фонддорго бир аз эле жардам беришкенде алар иштеп, ата-энелер, мугалимдер активдешип кетмек. Социалдык ж. б. долбоорлордун ээси болуп эле калбастан, партиялык тизмелер боюнча саясатта да белчемдүү орундарды ээлешмек. Ар бир мектептеги динамикалык өнүгүүнү эңсеген, карьерист мугалимдер бул идеяны колдоно алышпады. Азыр да кеч эмес.

Өзүн планетабыздын патриотубуз деген, мүмкүнчүлүгү бар инсандар эл арасында өтө көп. Алардын жер жүзүнүн кайсы жеринде

болбосун жакшы долбоорлорду колдоого каражаттары бар. Бир гана ал инсандарга проблемабызды туура түшүндүрүп, ишендирүүбүз абзел.

* * *

Ата-энелер мүмкүн болушунча мектептен алыс болууну каалашат. Аларды жакындатуу керек. Билимкананын алгачкы жылдары окуучуларга чайга, тамакка өкмөт эч нерсе бере албай калды. Пиязды Момой аттуу завхозубуз адырдан терип, картошка, сабизди Жумабай Палвандан алып, жергиликтүү эл алма-өрүк, буудайын берип, жанталашып аракет кылып жатсак көпчүлүк ата-энелер чогулушка да келишпей, той-топурда эс алып жүрүшкөнү эсимде.

Кеч күз, бышыкчылык убагы, илимий жетекчи жарым жылдан бери билимканадан кетпей изденүүгө туура келди. Келбей жүргөн ата-энелерге атайын илимий жетекчинин сураныч каты жиберилип, чоң чогулуш өткөрүп, проблемаларды ачык айттык. Ата-энелерге кайрылып, өткөөл мезгилде үч-төрт жыл ата-энелер бир аз көңүл бургула, билимкананын муктаждыктарын чогулуп чечпесек болбойт дедик. Ата-энелердин арасында «турмушубуз начар, жокчулук» деп бечаралангандары да болду. Эгерде балдарынар үйүнөрдө болсо, үч маал тамак берет элеңер. Азыр да тамак жасап жейсиңер, билимканада окуган балдарыңардын үлүшүн да силер жеп, бул жерде балдарынар чала тоюп жатат. Пиязды адырдан терип келдик. Балдарынардын эртеңки күнкү ден соолугун ойлосонор жакшы болот эле. Ар биринердин үйүнөргө барып келейин деп чечтим. Турмуш шартыңарды билсем да таанышып келемин десем, ата-энелер жанданышып: «Сизди үйгө чакыра албай жүрөбүз, келиңиз, эч болбосо улак сойгонго жарайбыз», - дешти. Мен үч-төрт мугалим менен барам, жүз грамм менен сыйлай аласыңарбы? – десем, «үч-төрт бөтөлкө табылат» – дешти. Баарыңарга бир күндө бара албайбыз, график түзгүлө десек, тез эле график түзүлдү, күнүнө үч-төрт жерде конок болмок болдук. Бул сыйынар чын көңүлдөнбү? – деп сурасак «көптөн күтүп жүрөбүз» деп кол чабышты.

Урматтуу ата-энелер! Силердин графигиңер менен бизди конокко келип кетти деп эсептегиле, биз ыраазыбыз. Тамашаладык. Бирок, силердин көңүлүңөрдөн чыгып, конокко бизди чакырган сыйыңарды бир жуманын ичинде билимкананын кампасына алып келип, өзүңөр көзөмөлдөп, балдарыңарга кошумча тамак кылып бергиле. Улагыңар жок болсо, тоогуңарды, болбосо, бир терегиңерди, же жем-чөбүңөрдү, эч болбосо буудай, картошкаңардан өзүңөрдүн балдарыңарга ылайык алып келип, окуучуларга бергиле. Эч нерсеңер жок болсо талаадан бир кап саман тарап алып келгиле, саман да тарай албасаңар, билимканага кошумча имарат салабыз, ылайдан гувалак жасагыла, ага да жарабасаңар, бир күндөн билимканада кароол болуп, балдардын оокатын, окуусун, уктаган жерин көрүп кетесиңер дедик.

Ошентип, бир ай ичинде билимканачыларга бир жылга жетээрлик тамак-аш, кошумча курулушка терек, саман, чийки кирпич жыйналды. Бир ай ичинде кошумча имаратты суукка карабастан бүтүрүп, үстүн жаптык. Колхоз жардам катары шифер берди.

Бул каражат топтоо ыкмасы америкалык «Каунтерпат консорциум» уюмунун семинарларында, тренингдеринде факдрайзингдин бир учуру катары көп жыл окутулуп жүрдү. Чет өлкөлөрдө да.

Ошол күндөрү баткакта иштеп жатканыбызда, кокустан Ош облустук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, профессор Балтагул Нурумбетов агай келип калып, бизди «Айтматовдун биринчи мугалиминдеги Дүйшөнсүнөр» деп көп жыл айтып жүрдү.

Бул имараттын пайдубалын түптөп жатып, начар иштегендерге өчөшүп, оор ташты көтөрө коём деп, белими оорутуп алдым. Азыркыга чейин эстетип турат.

* * *

Жыйырма жылдан бери билимкананы бүтүргөндөр, же бир аз окуп бүтпөй калгандар бардыгы жогорку окуу жайларга өтүштү, аспирантураны аяктагандардын, мамлекеттик жогорку кызматтарда иштегендердин саны жылдан-жылга көбөйүүдө. Кара – Таш

айыл өкмөтүнүн башчысы Мыктыбек да билимкананын мыкты бүтүрүүчүсү.

Билимкананын ийгиликтерине бүгүн жалаң эле ата-энелер кубанышпастан, эл-журт, жергиликтүү бийликтер да ыраазы. Эмгектерибиз текке кетпеди.

Билимкананы өнүктүрүү эстафетасын билимкананын бүтүрүүчүлөрүнө берүү мезгили бышып жетилди. Жаңы ой жүгүртүү, чечкиндүү аракеттер менен XXI кылымдын тарыхын жазчу инсандар ушул билимканадан чыгат деген ойдобуз.

Билимканага ата-энелердин салымы бүгүн да керек. Бул салымдар – интеллектуалдык салым болот.

* * *

5. Негизинен билимканага математикага жөндөмдүү, эмгекчил, аракетчил, адамгерчиликтүү, сүрмө окуучулар келет. Мындай окуучулар менен бир жагынан иштөө, тил табышуу оңой болгону менен мугалимдер үчүн бир топ түйшүктүү. Мурда окуган мектептерде алдыңкы окуучулардан болгондуктан, кыялкеч мүнөздөрү балким, мугалимге дароо эле жага бербейт.

Мугалимдин негизги иши – окуучунун демилгесин, энсөөсүн, аракетин ж. б. жакшы сапаттарынын улантылышын координациялоо, камсыз кылуу. Билимкана окуучуларынын мамлекеттик стандартта билим алуусуна мугалим башка мектептердей эле жооптуу. Илимий жетекчи тарабынан үч кошумча тапшырма сунуш кылынаарын айттык.

- күнүнө, такай кошумча ондон эсеп чыгаруу. Тапшырманы тандоо – окуучунун өз эркн. Бирок, мугалим бул жумушка өз кенешин берип туруусу керек.
- ар бир сабак аяктаганда, мугалим эртеңки (кийинки) сабактын темасын окуучуларга айтып коюусу, же атайын доскага жазуу.
- окуучулардын айыл ичиндеги муктаж үй-бүлөлөргө айына жардам берүү графигин түзүүгө жардам берүү, таануулабастан көзөмөлдө кармоо.

Бул кошумча үч сабакка мугалимдер да өз тапшырмаларын кошуп айтышат.

Интенсивдүү үч ай бул үч тапшырманы чын жүрөктөн аткарган окуучуларга алгач оор келгени менен, кийинчерээк өнөктөткө айланат. Окуучунун аракети, ийгиликтери арта баштайт.

* * *

Ар бир мугалим билимкананын өнүгүү тарыхын, өткөрүлгөн семинар – тренингдер, жолугушуулар, олимпиада жыйынтыктары, жогорку окууга өтүүдөгү ийгиликтер, башка шаарларга, өлкөлөргө баруу командировкалары чечмеленип – окуучуларга кызыктуу кылып түшүндүрүү болуп эсептелет.

Окуучулар чыгармачыл болгондуктан, мугалимдер да иш процессинде байкалбастан изилдөөчүгө айланып, илимий сунуштар, макалаларды жазышып, көпчүлүгү аспирантурада окушат, же изилдөөчү катары китепчелерди, методикалык колдонмолорду даярдашат.

Азыр мугалимдердин интернетти толук колдонууну үйрөнүү мезгили. Интернеттеги бай булактарды колдонуу, мугалимдерди чет өлкөлүк жетишкендиктердин ичине кирүүсүнө өбөлгө түзөт.

Илимий жетекчилик мугалимдердин борборго, чет өлкөгө командировкага баруу жолдору ар дайым айтылып, долбоорлор дүйнөсүндө жашоонун мүмкүнчүлүктөрүнүн чексиздигин, бир гана чечкиндүүлүктүн, аракеттенүүнүн, убакыт табуунун жолдорун издөө айтылат. Натыйжада мындай мүмкүнчүлүктөр, жетишкендиктер көбөйдү. Дээрлик мугалимдердин көпчүлүгү Ошко, Бишкекке бир-эки ирет келип кетишет. Чет өлкөлөргө да чыккандар бар.

Бирок, массалык түрдө бул мүмкүнчүлүктөр билимканада пайдаланылбайт. Ар түрдүү себептер, кээде шылтоолор, пессимистик көз караштар, турмуш-тиричилик жол бербей келе жатат.

* * *

Алгачкы жылдары билимкана мугалимдеринин балдары лицейге конкурссуз алынчу. Азыр болсо мугалимдер бир гана өз балдарын эмес, тууган-уруктарынын, досторунун балдарын билимканага өткөрүү мүмкүнчүлүгүн өздөштүрүштү. Ал балдарды өздөрү 5-6-7-класстарда кирүү экзамендерине даярдоо ыкмасын билишет. Арасында жөндөмү начарлары билимканага өтүп калса, алар тез эле ыктыярдуу кетип калышат.

Ошентип, биздин мугалимдеribиздин чыгармачыл уул-кыздары билимкананы бүтүргон соң жогорку окуу жайлардын бюджеттик бөлүмдөрүнө өз күчү менен өтүшүп, стипендия алып окушат. Бул мугалимдердин эмгегинин өздөрү үчүн бир үзүрү. Канча акча үнөмдөлүп, мугалимге жардам. Дээрлик бүт мугалимдер мындай мүмкүнчүлүктү пайдаланып жүрүшөт.

Мугалимдердин жеке кызыкчылыктарынын ишке ашуусу алардын чарчабай иштөөсүнө өбөлгө түзөт. Билимкана кароолдору, короо карагычтары, тазалык тутуучулары, ашпозчулары да ушундай мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланышат.

Айлык аз болсо да мугалимдер күнү-түнү иштешет. Мугалимдер өздөрүн «биз билимкананын, илимий жетекчинин «камикадзелерибиз» деп тамашалашат.

Чындыгында, мугалимдер негизинен моралдык жактан көбүрөөк колдоо алышат.

- олимпиаданын жеңүүчүлөрү;
- жогорку окуу жайлардан өткөндөр;
- илимий эмгектердин газета-журналдарга жарыялануусу;
- аспирантурада окуу, изилдөөчү болуу мүмкүнчүлүгү;
- билим берүүнүн мыктысы наамын алуу;
- жогорку категориядагы мугалимдик статуска ээ болуу;
- Ош, Бишкек шаарларындагы семинарларга баруу мүмкүнчүлүгү;
- чет өлкөлүктөр менен кошо иштөө, чет өлкөгө баруу мүмкүнчүлүгүн пайдалануунун шарттарына ээ болуу;

- бала-чакаларынын престиждүү окууларга өтүп калуу методологиясын эң жакшы билүүлөрү;
- эң сонун китептерди окуу, дүйнөлүк масштабдагы талкууларга катышуу мүмкүнчүлүктөрү;
- билимканда иштейт деген сыймыктуу атак-данк. Элдин сыйлоосу, ыраазычылыгына ээ болуу;
- райондук, областтык, борбордук мамлекеттик органдардын көңүлүнүн ордосунда болуу.

Билимкана мугалимдери башка мугалимдердей эле орточо айлык алышат. Балдардын саны азыраак болгондуктан, окутулуучу сааттар да аз. Азырынча айлыктар – билимкана мугалимдеринин эмгегине жараша эмес.

* * *

Мугалимдер, билимкана жетекчилиги тарабынан кошумча булактарды, мүмкүнчүлүктөрдү издөө жылдан-жылга солгундап келе жатат. Бул багытта көп иш жүргүзүү керектиги, аракеттенүү жолдорун түзүү – баарыбызга белгилүү, бирок аракетибиз өтө жай.

Бирок, окуу процесстери ойдогудай деп айтууга болот. Бул жагынан мугалимдерге, тарбиячыларга, жалпы коллективге окуучулар, ата-энелер, эл-журт, мамлекеттик элге билим берүү органдары ыраазы деп ойлойбуз.

Мугалимдерге жөлөк боло турган сунуштарды, долбоорлорду илимий жетекчилик толугу менен колдойт. Жетишкен ийгиликтерди токтотпостон улантуу, мурдагыдан да активдүү иштөө, эл аралык деңгээлдеги өнүгүүлөргө, иш стилдерине жетүү үчүн резервдин толук бар экендиги – баарыбызга көрүнүп турат.

Бул жалган дүйнөдө адам бир гана ирет жашагандыктан, бул бактылуу мүмкүнчүлүктү элдин кызматын кылууга, өтө кыйын кадрларды даярдоого жумшасак, баарыбыздын үй-бүлөбүзгө да бакыт келээрине шегибиз жок.

* * *

6. Математик мугалимдерибиз көңүл бура турган жүздөгөн долбоорлор бар, алардын ичинен

- эл аралык олимпиадаларды өтүүчү миндеген уюмдардын адрестерин тактап, билимканадан түз эл аралык олимпиадага чакыруу алууну окуучулар, ата-энелер менен камсыздоо;
- мектеп окуучулары үчүн математика боюнча китептерди, китепчелерди жазууга арналган конкурстарды табуу, катышуу, жеңип чыгуу (эл аралык деңгээлде);
- математиканы терендетип окутуучу мектептердин (дүйнө жүзү боюнча) адрестерин тактоо, кызматташууну коркпостон баштоо;
- математика боюнча жазылган новатордук китептердин (дүйнө боюнча) авторлору менен мамиле түзүү, кызматташуу долбоорлорун издөө;
- математикалык (орто мектептер, олимпиадалык группалар үчүн) журналдарга жазылуу долбоорун түзүү, бир жылдык жазылуу баасын төлөп берүүчү инсандарды илимий жетекчилик менен бирдикте уюштуруу;
- математикалык методдорду колдонуп, айрым айыл проблемаларын чечүү долбоорун жазууга катышуу, донорлор менен иштөө ыкманы эң жакшы өздөштүрүү;
- райондо, областта таасирге ээ боло турган долбоорлорду ойлоп табуу, ишке ашыруу, лидерлик позицияны бербөө;
- математиканы орус, англис тилинде өтүү сунуш долбоорлорду Россия элчилиги, АКШ ж. б. элчиликтер менен иш жүргүзүүнү көзөмөлдө кармоо. Кытай, Япония элчиликтери менен бирге кызматташуу долбоорлорун ишке ашыруу.

* * *

7. Физик мугалимибиз жетектей турган долбоорлор да өтө көп экендигин билебиз.

- сейсмологиялык, космостук изилдөөлөрдү жүргүзүүчү долбоорлорду тактап, мектеп окуучулары катыша ала турган долбоорлорду издөө;
- дүйнө жүзүндө таза энергияларды алуунун жолдорун издегендерди колдоочу миңдеген донорлор бар. Интернет, башка булактар аркылуу изилдөөнү улантуу;
- табигый энергияларды берүүчү жөнөкөй макеттерди түзүү (биогаз, «КҮН» долбоору, кичи ГЭС);
- радио, электроника ийримдерин колдоочу өтө көп донорлор бар. Эч болбосо, бирөөсү менен иштөөнү жөнгө салуу;
- электр энергиясын үнөмдөө, сарптоо, төлөмдөрдү убагында топтоо, жоготууну азайтуу боюнча дүйнөдө миңдеген (Кыргызстанда ондогон) мекемелер, донорлор бар. Күтпөстөн ишти баштоо керек.
- райондун жер шартын физикалык көз караштa схема, же карта түрүндө түзөм деген мугалимди элдин бардыгы колдойт эле;
- эч болбогондо билимкананын тегерегинде иштей ала турган радио-теле станцияны куруу долбоорун физик мугалимибизге негизги коомдук, атуулдук иш катары кароосу;
- физика сабагын орус, англис тилинде жүргүзүү көмөк көрсөтчү эл аралык уюмдар, элчиликтер менен иштөөнү тездештирүү.

* * *

8. Информатика мугалимдеribиз – өзүбүздүн бүтүрүүчүлөр, аспирантураны бүтүрүшүп, көптөгөн илимий эмгектердин авторлору.

- компьютерлештирүү, программалык иштерди үйрөтүүчү эл аралык долбоорлорго сан жетпейт. Ар бир дүкөнчү, чарбакер, бизнесмен өз жумушун компьютерлештирүүгө муктаж. Тийиштүү долбоорлор түзүлүп, донорлорду тез арада табуу керек;

- билимкананын, билимканачылардын сайтын ачуу долбоору түзүлсө, колдоочуларды ата-энелер, бүтүрүүчүлөр менен чогуу издейт элек;
- билимкананын летописин түзүү, улантуу, жума сайын толуктоо долбоорун бүгүн да колдой тургандар бар. Летопись долбоору, балким, сайттын бир бөлүгү катары болуусу мүмкүн;
- информатиканы жайылтуу, колдоочу донордук уюмдардын тизмесин түзүү, байланыш түзүүнү тез баштоо;
- информатика боюнча эл аралык олимпиадаларга билимканадан түз катышуу долбоорун иштеп чыгуу, тийиштүү донорлор менен иштөө системасын куруу;
- Майкрософ, Бил Гейц ж. б. у. с. компьютерге тийиштүү адамдар менен түз алакага чыгуу долбоорун түзүү, ишке ашыруу.
- информатиканы орус, англис тилинде окутуу боюнча элчиликтер, фонддор менен иштөө.

* * *

9. Химия предметинен окуткан мугалимдеribиз окуу процессинен сырткары элдин муктаждыгын чагылдырган долбоорлорду түзүүнү уюштуруусу зарыл.

- райондук, өлкөлүк масштабдагы Менделеевдин таблицасындагы элементтерди камтыган кен байлыктары, жаратылышка тийгизген таасирлери боюнча түзүлгөн долбоорлор эл аралык донорлор тарабынан сөзсүз колдоо табат.
- эч болбогондо акиташ, мель чыгаруучу мини лабораториялык өндүрүш түзүүгө көп деле каражат кетпейт. Мурда Калинин орто мектебинде бул жумуш окуучулардын күчү менен Мамытов Самат агай тарабынан жылына ишке ашырып, элге бекер таркатылчу;
- химиялык изилдөө долбоорлору менен Кыргызстандын иштеп жаткан көмүр, алтын, башка ири комбинаттардын (Кум-

төрдү эстен чыгарбай) тизмесин түзүп, кызматташуу жолдорун тез арада активдештирүү керек.

- химия боюнча сабактарды орус, англис тилдеринде өтүү, адабияттарды алуу үчүн тийиштүү (РФ, АКШ, Япония, Кытай, Евросоюз) өлкөлөрдүн элчиликтерине, биздин ал өлкөлөрдө иштеп жүргөн элчиликтерибизге өтө көп, системалуу долбоорлор менен иштөөнү жандандыруу;
- фармацевттик компаниялар менен химиялык анализдерди жүргүзүү долбоорлор аркылуу кызматташууну тезинен түзүү – чоң ийгилик алып келет;
- химиялык жер семирткичтерди туура пайдалануу, өндүрүү сунуштарын камтыган долбоорлорду колдоочу донорлордун тизмесин түзүү, сунуштарды пландуу даярдоо;
- айыл элинин айдоо жерлеринин химиялык анализин жүргүзүп, рекомендацияларды камтыган долбоорлор, карталарды түзүү долбоорлорун жергиликтүү фермерлер, дыйкандар деле колдошот эле;
- мурда мектептерде эң жөнөкөй лакмус кагаздары менен окуучулардын айдоо жерлеринин туздуулугун текшертип, карталарды, сунуштарды түзүүчү;
- химия боюнча эл аралык олимпиадаларга түз билимканадан катышуу долбоорун ишке ашыруу үчүн, жылына дүйнөдө өтүүчү химия боюнча эл аралык олимпиада өткөргөн коомдордун тизмесин тактап, кат алышууну баштап, персоналдык чакыруу алуу мүмкүнчүлүгүн системалуу колдонуу;
- алтын өндүрүү, көмүр алуу, иштетүү долбоорун ишке ашыруу.

* * *

10. Биология, ботаника, зоология багыттарындагы долбоорлорго сан жетпейт. Демилгелүү мугалим, информациялык базанын түзүлүүсү гана керек.

- эң алгач Жюль Верндин китептерин, Робинзон Крузо ж.б. у.с. китептерди китепканадан окуучуларга окутуу. Дүйнөлүк

жаратылыш жөнүндө тааныштырып, республикабыздын аймагын илимий көз караштa үйрөнүү, окуу программасын жүзөгө ашыруу;

- дары-дармек чөптөрү, биологиялык активдүү заттар, фармацевттик өндүрүш, жер семирткичтер, коркунучтуу заттар жөнүндөгү долбоорлорду колдоочу фонддордун тизмесин түзүү;
- биологиялык жер семирткичтер – биогумус, био-газ жөнөкөй лабораториялык долбоорлорду ишке ашырып, чоң долбоорлорго чыгууну сөзсүз ишке ашыруу керек;
- экологиялык, генефонду таза продукцияларды тактоочу кичи лабораторияларды түптөөгө аракет кылып, андан кийин чоңураак долбоорлорду түзүп, донорлор, бизнесмендер, өндүрүүчүлөр менен иштөөнүн планын, кыргыз стандарттын долбоорлорунун ичине кирүү, активдүү донорлордун тизмесин түзүү, кызматташууну жандандыруу;
- биологиялык эл аралык олимпиадалардан билимканадан түз орун алуу. Эл аралык олимпиада өткөргөн мекемелердин адрестерин алуу, офистеги интернет менен, электрондук почта аркылуу активдүү иштөө;
- Иран, Түркия, Кытай, Европа, Индия өлкөлөрүндө дары чөптөрдү айдашат. Лабораториялык масштабда зирени айдоону элге үйрөтүүдөн баштоо, кийинчерээк бул долбоорду кеңейтүү;
- бадам, мисте сортторун элитардык сортко өткөрүүнү ишке ашыруу үчүн Капка, Чапай жайлоолоруна биологиялык лаборатория түзүү.
- Кадамжайдын Үч-Коргонундагыдай питомниктерди лабораториялык деңгээлде ишке ашырып, жергиликтүү чарбалар менен ири долбоорлорго (коммерциялык) чыгуу;
- Капка, Чапай, Карагой капчыгайларына дуб (эмен) даратын таратуу долбоорун биологиялык лаборатория түрүндө түзүү, кийин ири долбоорлорго сунуштарды даярдоо;
- биологиялык процесстерди колдоочу донордук уюмдардын тизмесин түзүү, электрондук кызматташууну кечиктирбей баштоо;

- говар чөбүнүн бүчүрүнөн даамдуу салаттар (Европада) жасалат. Адырларда бул чөптүн бүчүрүн жыйноо, анализдөө-чү лабораториялык иштерди жүргүзүп, чоң долбоорлорго (коммерциялык) чыгуунун жолдорун изилдөө, сунуштарды даярдоо;
- лабораториялык масштабда күнөсканаларды (кичинекей) куруу долбоорлорун ишке ашыруу көп деле татаал эмес. Гүл, жашылча, экзотикалык жемиштердин көчөттөрүн көбөйтүү лабораториялык долбоорлорду даярдоо;
- токой чарба департаментинин эгидасында иштеп жаткан ар бир долбоор менен таанышып чыгуу, Кыргыз-Ата коругу, Карагой ботаникалык лабораториянын базасындагы долбоорлорго катышуу долбоорун сөзсүз ишке ашыруу;
- химиктер менен бирдикте улуттук суусундуктарды – айран, максым, жарма, кымыз изилдөө долбоорлорун даярдоо, өндүрүшчүлөр менен, эл аралык донорлор менен кызматташууну өтө жандандыруу.

* * *

11. Орус тил жана адабияты мугалиминин билимкананын калыптануусу үчүн, дүйнөлүк тарыхый интеллектуалдык адабияттар менен тааныштыруу үчүн эмгектери эбегейсиз чоң жана мүмкүнчүлүктөр, колдоочулар ошончо көп.

- Бизге белгилүү орус классиктери – дүйнөлүк классиктердин баалуулуктарын камтыган алтын фонд. Пушкин, Лермонтов, Есенин, Ахматова, Толстой, Гоголь, Тургенев, Солженицын, Сахаров, Курчатов, Ковалевская ж. б. алптардын чыгармалары, чыгармачылык жолу менен эч болбогондо учкай таанышпаган, суктанбаган адам дүйнөлүк деңгээлге эч бир кесип боюнча лидерликке чыга албайт. Бул багыттагы мугалимдин алдында толук ресурс бар: толугу менен кызыккан билимканачылар, ата-энелер, мугалимдер. Россиянын элчилигине жөнөтүлгөн бул багыттагы ар бир долбоор, сочинение, мектептик изилдөө жоопсуз калбайт (эгерде бул алака системалуу түрдө болсо);
- Окуучулар өтө кызыга турган Жюль Верн, Стивенсон, Байрон, Моцарт темалары – чоң долбоорлордун башаты. Илгертеден балдарга адамзат жетишкендиктерин оңой жолдор менен түшүндүрүп, мектептеги негизги предметтерди окуучулардын өздөрүнүн кызыгуусуна үйрөтүү жолдору – улуу түйшүккө салган. Мисалы, белгилүү француз фантасты Жюль Верн – математика, физика, химия, биология, ботаника, зоология, география, астрономия, тарых предметтерин өзүнүн фантастикалык чыгармаларында кызыктуу окуяларга аралаштырып, үйрөтөмүн деп айткан. Чындыгында «Суу астыда 20 миң чакырым» деген китебинде Жер ортолук деңизинен баштап Тынч, Атлантика, Индия океандарынын астындагы жүрүү үчүн капитан Нэмо аркылуу окуучуга керек болуучу минималдык билимди камтууга аракет кылып, окуучуну мектеп предметтерин тереңдетип окууга мажбурлайт. Терең окубаса кийинки окуялар түшүнүксүз болот. «Капитан Гранттын балдары» чыгармасында бир топ материктерди анализдөөгө үйрөтүп, тарбия маселесине, жаштайынан балага оор жүктү (миссияны) алуудан коркпостукту, чечкиндүүлүктү үйрөтөт. Жюль Верн акыркы «Сырдуу арал» китебин өмүрүнүн акыркы жылдары элдин суроосу менен катуу ооруп жатып бүтүрөт. Бирок, бул китеп эң алгачкы чыгармасы катары баштап, окуучуларга илим-билимдин бүгүн, келечекте керектигин жазып, кээ бир илим-билим менен байланышкан окуяларды өзүнчө китептерде берүүгө туура келген.

Менин оюмча, Жюль Верн өз доорунун эң кыйын педагогу, мугалими болгон. Бүт дүйнө жүзүндөгү балдарга билим алуунун жаңы жолун жазып, келечеги бай, кыялкеч муундардын калыптанусуна жол ачкан. Бул багыттагы долбоорлор менен Француз элчилиги, билим берүү фондор менен иштесе болот.

кактанбастан, мукам үндүү сүйлөгөнгө машыктыруу. Сүйлөө дикциясын, сырткы жүрүм-турум, келбеттүү, сулуулук сырларын үйрөтүү.

- Өз оюн эркин жаза билүүгө күндө машыктыруу. Эң керектүү иш-кагаздары – арыз, өмүр баян, резюме, мүнөздөмө, сунуштама (рекомендация), паспорт алуу документтерин туура түзүү жана жазуу.
- Кыргыз тилиндеги газеталарды окуу жолдору, эркин, менчик басылмаларды, позиция-оппозиция көз караштарды иликтей билүү, мамлекеттик саясатты колдоо.
- Кыргыз тили менен катар орус жана англис тилдерин сүйгөнгө үйрөтүү. Турмуштук муктаждык, информация булактарына кирүү артыкчылыктары аркылуу түшүндүрүү ж. б. у. с.

* * *

14. Тарых, социология (мурдагы коом таануу, саясат таануу) мугалими иштеп чыга турган долбоорлор өтө көп.

- Кыргыз тарыхынын ар түрдүү адабияттар аркылуу ар түрдүү берилип жаткандыгын калыптануу мезгилине жараша түшүндүрүү. Бартольд, Абрамзон, Худяков, Кызласов ж. б. башка тилдүү окумуштуулар жазган кыргыз тарыхы менен тааныштыруу.
- Кыргыз тарыхын изилдөөчү санжыранын ордун, Кара-Таш айлынын калыптануу санжырасын, кийинчерээк тарыхын жазуу долбоорун түзүү. Каржылоочу инсандар ондоп саналат.
- Кыргыз эпосторундагы жерлердин аттары аркылуу кыргыздардын таралуу мейкиндигинин картасын түзүү (Римден Ыраакы Чыгышка чейин) долбоорун иштеп чыгуу донорлор менен иштөө. Улуу Памир, Жерге-Тал, Мургаб, Керме-Тоо, Ак-Чий, Тоолуу Алтай, Хакасия, Енисей ж. б.
- Кандайдыр бир үй-бүлөнүн, мааланын, айылдын, райондун тарыхын жазуу долбоорун билимканачылар аркылуу рефе-

рат, китепче түрүндө мукабалоо; аудио, видео, электрондук архивдик материалдарды түзүү; оозеки чыгармачылык же кээ бир коомдук ишмерлердин тарыхын түзүү сыяктуу долбоорлорго каржы табуу өтө оңой. Себеби, эл арасында өз тарыхын, санжырасын профессионал жаздырганга кызыккандар өтө көп. Акчалары, башка каражаттары да бар.

- Планетабыздын, адамзаттын, математиктердин, биз кызыккан өлкөлөрдүн тарыхтарын, тарых этаптарын атайын долбоор түрүндө кароо, окутууга кошумча булактарды тартуу – мугалимдин уюштуруу жөндөмүнө жараша болот.
- Тарыхый көз караштa жер жүзүндө илгертен болуп өткөн кырсыктар, катаклизмдер, жер шарынын өзгөрүшү, аба ырайынын өзгөрүшү, глобалдык ысуу, мөңгүлөрдүн азаюсу сыяктуу тарых баракчаларын түзүү долбоору.
- Тарыхтык көз караштa – ынтымаксыздык, билимсиздик, жалкоолук эмнеге алып келээрин түшүндүрүүчү долбоорлор жергиликтүү топтор, донорлор тараптан сөзсүз каржыланат.
- Коомдун, региондордун, өлкөлөрдүн, алкактардын маргиналдашышы эмнеге алып келээрин тарыхый көз караштa чагылдырган долбоорлор тез колдоого ээ болот.

* * *

Тарых мугалиминин негизги милдети – окуучуларды тарыхка (анын ичинен дүйнөлүк тарыхка) кызыктыруу, китепканадан тийиштүү китептерди сунуштоо. Окуучу өз алдынча кызыгып, издинип окумайынча тарых сабагын баа алуу үчүн гана окуп, же түшүнбөй жаттап алышы мүмкүн. Тарыхты билүү окуучунун инсан катары тез калыптануусуна түрткү берип, башка предметтерди өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт. Жетекчи, лидерлик сапаттар тарыхый өзгөрүштөрдү жасай алган адамдарды, топторду, коомдорду билмейинче пайда болбойт. Лидер болсо да бир көчөнүн, же локалдык, чектелген адамга айланат. Тарыхты билген адам – бул ке-

менгер жетекчи болуп эле калбастан, эл жүгүн өз мойнуна алат. Ишкердиги, ишмердиги менен тарыхта калууну, тарыхый инсанга айлануусун кыялданат, эңсейт, жетет. Орчундуу проблеманы чечүү үчүн бел байлайт. Тийиштүү билимди алуу, тилдерди үйрөнүү иштерин ичтен каалап жасайт. Бул окуучунун ички дүйнөсүн төңкөрүш кылат. Жашоодогу адамдын миссиясын түшүнүп, убакыттын өтө тар экендигин сезип, эртерээк чыйралып чоң иштерге далалаттанып, күндүр-түндүр өзүн коштоочу улуу сезим менен жашап, чарчоо, чаалыкканды билбей – адамзат баалуулуктарын туу туткан, патриот атуулга айланат. Миңдеген мындай адамдар коомду оңдойт. Маргиналдардын бийликке келүүсүнө, жагымсыз идеологияларга жана ишенимдерге келишине каршы туруп, коомдун өнүп-өсүшүнө кайтпас бел болушат. Региондогу фанатизмди, терроризмди жок кылуунун бир эле жолу – келечектеги билимдүү, чечкиндүү, көрөгөч, кеменгер адамдарга өткөрүп берүү.

* * *

15. Социология – чоң элдик массанын күнүмдүк өзгөрүшүн ар тараптуу изилдейт: аң-сезимдин абалы, менталитет, баалулуктун, пикир, өз ара мамиле, ишеним. Социология – коом жана адамдардын өз ара мамилелерин изилдөөчү, стабилдүү, прогрессивдүү коомду түзүүнү изилдөөчү прикладдык багыттагы илим. Батыштын өнүккөн өлкөлөрүнүн мектептеринде, колледждеринде ж. б. окуу жайларда социалдык илимдер (социология, экономика, укук, политология, психология) кенен окутулат. Япониянын жогорку окуу жайларынын 70% убактысы гуманитардык сабактарды окутууга арналат, кытайлык миңдеген студенттер Батыштын университеттеринде эң жакшы социологиялык даярдоодон өтүшөт. Бүгүн бул бүтүрүүчүлөр өз өлкөлөрүнө келишип, менеджер, бизнесмен, саясатчы болуп иштешип, өлкөлөрүнүн келечегин жана эртенки стратегиясын таң калаарлык деңгээлде түзүшүп, өнүктүрүп жатышат.

Социология боюнча окуучулар үчүн кандай гана долбоорлор иштелип чыкпасын, эл аралык уюмдар, донордук топтор сөзсүз колдойт.

МГУ тарабынан чыгарылган китепти окууну сунуш кылабыз: Добреньков В. И. , Кравченко А. И. Социология: учебник. – М. : ИНФРА – М, 2004. – 624 с. – (Классический университетский учебник). Бул китепти Россияда иштеген жакындары аркылуу алуу мүмкүн.

* * *

16. Политология – саясат таануу илими. Саясат илгерген эле ар бир адамдын, элдердин тагдырын чечип коюшу мүмкүн. Биздин эрага чейин V кылымда жашап өткөн антикалык доордун акылы Аристотель – адамдар коомдо жашайт, башкалар менен алака кылат, ошондуктан, саясат адамдардын жашоосунда тамырлап калгандай элестетсек болот деп айткан.

Адам кайсыл гана кесипте иштебесин, ага саясий билим абадай керек. Себеби, адам аргасыздан башка адамдар жана мамлекеттик түзүлүш менен мамиле кылууга мажбур. Эгерде адам саясий билим алууга умтулбаса, анда, ал башка активдүү саясий күчтөрдүн оюнчугу болуп калуусу мүмкүн. Коомго, жер жүзүндөгү бардык эле элдерге массалык саясий билимдүүлүк керек. Мындай билим болбосо, коомду тирандар жана деспоттор башкарып, коомдук түзүлүштөр жана мамлекеттик түзүлүш экономикалык чабал, антигумандуу болуп калышы мүмкүн. Ошондуктан, саясат маданиятынын калыптанышы - жаңы, прогрессивдүү доордун, коомдун тилеги. Элдин саясий маданияттуулугу жогоруламайынча бай өлкө курулбайт. Демократия принциби – эл аралык саясаттын жана өз өлкөсүнүн тагдырын чечүүчү бирден-бир булак болуп адам эсептелээрин негиздейт.

Бүгүнкү күндө элдин көпчүлүгү – «Эгер сен саясат менен иштебесең, анда саясат сени менен иштейт» деген афоризмди билип калышты.

Саясат менен алектенүү – бул бардык эле нерсени, айрым кемчиликтерди саясатташтыруу дегендикке жатпайт. Кээ бир активдүү топтор өз кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн бардык эле нерселерди, кээде табият кубулуштарын да саясатташтырып, саясатты терең түшүнбөгөн инсандарды эзрчитүүгө аракет кылышып, коом-

дук өнүгүүнү кечиктиришип, кээде элдердин өз тагдырларына балта чаптырып коюулары да мүмкүн.

Ошондуктан, айрыкча окуучулар саясатты илимий негизде, туура түшүндүрүүгө муктаж.

Саясат таануу боюнча өтө көп долбоорлорду жазуу мүмкүн. Себеби коомубузда өтө көп өзгөрүүлөр болууда, чечилбеген маселелер да өтө көп, чечилбеген маселелердин моделдерин иштеп чыгып, долбоор түрүндө келиштире жазса, тийиштүү донорлорго, фонддорго кайрылуу ыкмасын билсе, алар менен узак мөөнөт кызматташуунун натыйжасында эл аралык долбоорлорго чейин ээ болуп калышыбыз мүмкүн. Эң алгач чечилбеген проблемалардын тизмесин түзүп, андан кийин донорлордун, эл аралык уюмдардын тизмесин түзүп, өнөктөрдү талыкпай издөө керек. Эч бир донор, кандай гана зарыл проблемалар жазылбасын, өздөрү демилге көтөрүп, сиздин айылдын проблемасын чечип бербейт. Өзүбүз изденип, донор кайсыл тилде сүйлөсө, ошол тилдеги долбоорду тез сунуштоо, күндө кызытилде сүйлөсө, ошол тилдеги долбоорду тез сунуштоо, күндө кызыгуу, алака процессинде долбоорду кененирээк түшүндүрүү зарыл. Донорлор биздин мамлекеттик тилде деле долбоорлорду кабыл алышат, бирок өздөрү которуп талкуулаганча убакыт кетет.

Азырынча саясат таануу илимин тереңирээк окуп-үйрөнүү үчүн төмөнкү китепти сунуш кылабыз: Пугачев В. П. , Соловьев А. И. Введение в политологию: учебник для студентов ВУЗов. – М. : Аспект Пресс, 2004 – 479 с.

Кыргызстанда да саясат таануунун көпчүлүк тармагы боюнча изилдөөлөр, диссертациялар жазылып, китептер пайда болду. Бул эмгектерде биздин өлкөдөгү проблемалар чагылдырылып, кандай долбоорлорду түзүү тез жыйынтык берээри айтылат. Коомдогу бүт өзгөрүүлөргө, жашоо жолдорун жаңылоо долбоорлору – чет өлкөлүк донорлор тарабынан жакшы колдонот.

* * *

17. География, экология, астрономия, граждандык коргонуу багытындагы сабактарды окуткан мугалимдер үчүн кошумча, токтоосуз каржылануучу долбоорлор өтө көп. Изденүү, донордун философиясын туура түшүнүү ийгиликти тез алып келет.

Бүгүнкү күндө жеке сектор аба ырайы жөнүндөгү маалыматтарга өтө муктаж. Күндүн ысыктыгы, же мелүүндүлүгү соодагерлердин ишине таасири бар. Агрономиялык сунуштар азырынча жеке дыйкан чарбаларга, фермерлерге дайым эле жете бербейт. Мөмө-жемиштердин да жаңы сортторунун өнүгүп кетүүсү же келечеги жоктугу, жайлоолордогу кыртыштардын өзгөрүүсү, үй айбандарынын ар түрдүү ыланлары бүгүнкү күндө ар бир үй-бүлөнү ойлонтот. Селдердин жүрүшү, жер көчкүлөр, жер титирөө кесепеттери, бороон-чапкын ж. б. у. с. табигый кырсыктар, үйлөрдү курууда сейсмикалык талаптарды элдин баары эле биле бербейт. Бирок, ар бир адам үчүн бул процесстерди билүү маанилүү, аздыр-көптүр баарынын кандайдыр бир бизнеси бар, өздүк чарбанын өнүгүүсүнөн көз каранды.

Ар бир үй-бүлөнүн жок дегенде бирден жакын адамдары Россияда, Казакстанда, же башка өлкөлөрдө иштеп жүрүшөт. Кээ бирлеринен жылдап маалымат жок, кандай байланышып, эмне кемчилдиги бар экендигин, барган жердин шартын, географиялык абалын, дагы көптөгөн түйшүктөрү белгисиз.

Бир гана түлөө өткөрүп, жараткандан эсен-амандыгын тилеп олтургандар канча. Биз белгилүү, олчойгон проблемаларды гана келтирдик, мугалимдеribиз окуучулар менен бирдикте мындан башка дагы чечилбеген, бүдөмүк маселелерди тизмелеп, ар бир суроого кантип, ким жардам бере ала тургандыгын жазып, классификациялап долбоорлордун макетин даярдоолору керек.

Айлыбызда долбоор жазууну өз алдынча үйрөнгөн, илимий жетекчи аркылуу үйрөнгөн ондогон инсандар бар экендиги билимканага белгилүү. Алардын жардамы менен эң алгач Кыргызстанда иштеп жаткан донордук уюмдарды тизмелеп, интернет аркылуу кошумча көмөк көрсөтүүчү мекемелердин тизмесин тактап, айылдан өнөктөш мекемелерди, же активдүү инсандарды бул жумушка тартып, өз күчүңөр менен жөнөкөй чечилүүчү маселелерди чечүүгө аракеттенип, тийиштүү семинар – тренингдерди өткөрүп баштоо.

Бул долбоорлорду системалуу түрдө, такай артынан түшсөңөр 3-4 жылда өтө көп мүмкүнчүлүктөрү, потенциалы, каражаты бар

менеджерлерге айланасыңар. Билинбестен чет өлкөлөргө чейин чакыруу келе баштайт. Бул инсандар – күчтүү менеджер катары элге да, коомго да өтө керек. Аракеттин арты берекет болоорун иш жүзүндө көрөсүздөр.

* * *

18. Жаратылышты коргоо, экология боюнча чексиз көп донорлор иштейт. Бир Америкада 100 миңден ашык мекеме, Европа өлкөлөрүндө да мындан кем эмес донордук мекемелер бар, бизден жакшы жазылган, кызыктуу, зарыл экендигин түшүндүрө ала турган долбоорлор сөзсүз колдоо табат. Жер кыртыштарын бекемдөө, бак-даректарды отургузуу, жашылдандыруу боюнча биздин айылда эле ондон ашык долбоор ишке ашты. Таза суу, аялдар пробалемалары, ишсиздикти жоюу, мектептерге кошумча жардамдар, спорт шаймандары – имараттары жана да көптөгөн долбоорлорду донорлор колдоду. Район боюнча бир канча жүздөгөн мисалдар бар, чет өлкөгө баргандардын саны да өтө көп.

Ал инсандар да он жыл мурда Сизге окшоп ишенбей олтурган. Чечкиндүүлүгүнөн, сабырдуулугунан, сүрөмөлүгүнөн ойлогон ойлорун ишке ашырышты. Ушул инсандардын көпчүлүгүнө илимий жетекчи үйрөттү, кээ бирлерине түз колдоолор көрсөттү.

Долбоорго айылдан эң биринчи кызыккан Бекболот агай, ушул билимканада долбоор жазууга машыкты, билимканадан эл аралык уюмга ишке которулду, көптөгөн долбоорлорду ишке ашырды, эн көрүнүктүүсү АРИСтин, эл-журттун көмөгү менен Спорт сарайын курду. Бекболоттун бул ийгиликтери үчүн 15 жыл эмгеги кетти. Алгачкы долбоорлорду, сүйлөөнү үйрөнүү үчүн илимий жетекчиликтин сунуштарын магнитофонго жазып үйрөнгөнүн өзү айтып жүрөт. Кундуз эжеке баш болгон агай-эжелерибиз – билимкананын долбоор жазуу боюнча алтын фонду. Донордук психологияны бешке билишет. Өндүрүштүк долбоорлорду ишке ашыруу боюнча Абдрахман агайдай долбоор жазуунун кесипкер устаты болуусу үчүн 15 жыл убактылары кетти. Алардын ар биринен ондогон долбоор жазганды үйрөнгөндөр бар. Ар бир суроосун илимий жетекчилик азырга чейин чечмелеп, жардам берип келе жатат.

Эч бир каржылоону талап кылбаган географиялык, экология-лык, сейсмологиялык, астрономиялык аянтчалар боюнча долбоорду толугу менен каржылайбыз деген колдоочулар бар экендигин билимкана жетекчиси билет.

* * *

19. Эң актуалдуу маселелердин бири - азыр өзгөчө кырдаалдардан коргонуунун жолдорун үйрөнүү. Бул багытта да көптөгөн донордук уюмдар жакшы долбоорлорду, айрыкча айыл жерлеринде ишке аша турган, чакан долбоорлор сөзсүз колдоого ээ болот.

Эң алгачкы жер каймактагандан берки ири катастрофаларды айта кетели.

Акыркы 30 млн. жыл ичинде биздин планетада 100 ири космостон келип түшкөн чоң метеориттердин пайда кылган кратерлери бар. Сибирдеги Полигай дарыясынын куйган жеринде 30 млн. жыл мурда метеорит түшүп, 1200 метрлик кратер пайда болгон. Горький шаарынын жанында экинчи чоң кратер, Финляндияда диаметри 26 км. болгон Янисъярви кратери, Болтыш, Риз, Босумтви, Чабб ж. б. кратерлери метеориттери менен жер шарынын кагылуусу болгон. Бул кагылышуулардан жер шарынын огунун өзгөрүүсү да көп жолу болуп, климаттарды ар түрдүү өзгөргөн деген божомолдор бар.

Андан кийинки коркунучтуу нерсе болуп вулкандар эсептелет. Тынч океанында эле бири-бирине туташ 526 вулкан бар, алардын 328 эбак өчкөн. Индонезиянын Зонд аралдарында 63 вулкан бар, 37си азыр да кыймылга келиши мүмкүн. Атлантика океанында 69 вулкан (39 өчкөн), Исландияда 40 вулкан бар. Жер Ортолук деңизден өтүүчү вулкандардын тизмеги бар. Башталышы Кавказдагы Казбек, Эльбурс тоолорунда. Чыгыш Африкада 40 вулкан ойгонуусу мүмкүн.

Бул вулкандардын өчкөндөрү деле кээде ойгонуп кетишет. Вулкандар ойгонгондо шаарлар күйүп, жер титирөө кыйраткыч деңиз

гээлде болуп, көз ирмемде аралдар чөгүп кетиши мүмкүн. Мисалы, Везуний вулканы толугу менен айтылуу Помпей шаарын жуткан, тегерегиндеги айылдар да жок болгон. Жер ортолук деңиздеги Санторина вулканы ойгонгондо аралдар жоголуп, жаңы аралдар пайда болуп, жашаган эл үчүн катастрофа болгон. 1883-жылы Индонезия аралдарындагы – Кракатау вулканы жарылганда, көтөрүлгөн толкундар (цунами) Европага чейин жеткен. Жер өз огунан козголду деген да сөздөр болгон. 100 миңдеген кишилердин өмүрү кыйылган.

Коркунучтуу жер титирөөлөр – Лиссабон (1755), Греция (1870), Италия (1908), Ганьсу (1920 Кытай), Токио жана Иокогама (1923), Гималай (1950), Консельсон (Чили, 1960, 2010), Алма-Ата (1911), Кемин (1913), Гоби Алтай (1957), Сычуань (2009, КЭР), Ашхабад (1948), Ташкент (1970), Спитак жана Степанакерт, Гаити (2010) ж. б. Бул апааттардын ар биринде өтө көп адамдар каза болгон, шаарлар жок болгон.

Жер титирөөлөрдүн натыйжасында Цунами (деңиз силкиниши) толкундары да эсепсиз адамдарды жок кылган. Тайфун, ураган, куюн (смерч) сыяктуу алаамат апааттар дүйнөдө болуп турат.

Жерди топон суу каптагандыгы жөнүндө да көп уламыштарда, диний китептерде айтылат. Бирок, илимий жактан далилдер азырынча жок.

Борбордук Азия эң жаш тоолордун арасында жайланышып, сейсмикалык коркунучтуу аймак болуп эсептелет.

Демек, бул алааматтардын баарын эле илим алдын ала билбегендиктен, адамдар өздөрү сактануу жолдорун үйрөнүүлөрү керек. Үйлөрдү салганда сейсмикалык туруктуулугун эске алып, жер көчкү, селкана ж. б. коркунучтар болбой турган жерлерди тандоо, жеңил үйлөрдү курууну элге айтуу.

Бул проблемалардын тегерегинде билимканачылар жүздөгөн, реалдуу долбоорлорду иштеп чыгып, донорлордун колдоосуна ээ болоору шексиз. Бир гана аракет керек.

Суу толкундарынан коргонуу үчүн Голландия миллиарддаган акчаларды деңиз боюна дамбаларды курууга жумшайт, жогорку сейсмикалык аймакта тургандыктан жер титирөөлөргө, башка

кырсыктарга туруштук берүү үчүн Япония триллиондогон каражат жумшайт. Эл-журт табигый кырсыктардан колдон келишинче сактануу жолдорун издейт.

Биз дагы, эч болбогондо, үйлөрдү, башка коммуникацияларды курганда табигый кырсыктарга чыдай ала тургандай кылып куруубуз керек. Айрыкча, бул этияттык тоолуу айылда тургандарга өтө керек. Билимканачылар бул процесстерди окуп үйрөнүүгө, Кыргызстанда өзгөчө кырдаалдардан мүмкүн болушунча коргогон ой жүгүртүүгө ээ болуп, реалдуу долбоорлор менен иштөөнү баштоолору керек.

20. Физкультура мугалими билимканачылардын ден соолугу өтө жакшы болуусу үчүн – күндөлүк гимнастикадан (көнүгүүлөрдөн) баштап, спартакиадаларга спорттун түрлөрүнөн катышуусуна жол көргөзүү керек. Ден соолук ар бир адамдын өзүнө гана өтө керектигин, сөзсүз булчундарды, башка органдардын жакшы иштөөсүн өздөрү ойлоп, аракеттенүүлөрү керек.

Эч болбогондо чыгыш күрөштөрүнүн бири каратэнин 10-15 стандарттык бийин үйрөтүп, аларды күндө кайталап, профессионал каратэист болгонго кызыктыруу зарыл.

Ар түрдүү ийримдерди уюштуруп, айыл элинин жаштарынын мукчет өлкөлөрдөгү спорт иштерин колдоочу уюмдардын тизмесин түзүп, таждыктарын канааттандыруу үчүн багытталган долбоорлорду издетүү, түрдүү спорттук багыттагы долбоорлорду ишке ашыруу мүмкүн.

Окуучулар спорт машыгуулардан кийин жуунуу үчүн таза ажатхана (бардык шарттары бар) душ, ванна, мончо, сауна, бассейн, өтө керек.

Бул муктаждыктарды негиздеп, мектеп жетекчилиги менен бирдикте долбоорлорду эл аралык уюмдарга сунуштоо керек.

Улуттук оюндарга, анын ичинен улак чабышты айылдын, райондун масштабында жайылтууну камтыган долбоорлор менен иштөөнү активдештирүү, областтык, республикалык, мамлекеттик же менчик мекемелердеги мүмкүнчүлүктөрдү толук билүү – физкультура мугалиминин негизги иштеринин бири.

Спорт боюнча газета, журналдарга жыл бою билимкананын жазылуу жолдорун, спонсорлорун издөө.

* * *

21. Билимканада өтө колдоого муктаж адам – бул китепканачы. Ата-энелер, окуучулар китепкана фондун түзүүгө активдүү, күнүнө катышып туруусу зарыл. Окуучулар өз алдынча билим алуучу булак – китепкана. Келечекте китепкана үчүн чоң, жарык бөлмөлөр берилип, сөзсүз кышындасы жылуу, жайындасы салкын окуу залы болуусу, интернет мүмкүнчүлүктөрү, микрофильм окуучу аппараттар, көбөйтүүчү мини типография менен жабдылуусу абзел. Бул зал – окуучулардын, мугалимдердин, коноктордун бүткүл бош убактыларын канааттандырарлык өткөрөөр жери.

Ошондуктан, мектеп жетекчилиги менен бирдикте көптөгөн долбоорлор даярдалып, мамлекеттик мекемелер, донордук уюмдар, жеке адамдар менен тынымсыз иштөөнү талап кылат. Жылына 5-6 жолу заявка менен кайрылып туруулары зарыл.

Ар бир предметтик класстарда китептер болуусун көзөмөлдөп, эсепке алуу китепканачынын күндөлүк ишине кирет.

Спутник антенна, интернет мүмкүнчүлүктөрү бүгүнкү күндө көп каражат талап кылбайт.

Бишкек, Ош шаарларындагы жогорку окуу жайлардын китепканалар менен ар түрдүү байланыштарды, келишимдерди түзүп, библиотека китептерин пайдалануу, алуу жолдорун окуучуларга үйрөтүү, чоң китепканаларды каникул учурунда көрүп, колдонуп келүү сунушу ар бир билимканачыга ар дайым, системалуу айтылып турса жакшы болот.

Билимкана китепканасы эл аралык библиотекалар ассоциациясына мүчөлүккө кирсе, чет өлкөлөргө семинар, тренингдерге тез-тез барып келүү мүмкүнчүлүгү ачылат.

Окуучуларга китеп окуунун жолдорун, стенограмма, аудио-видео ж. б. материалдарды жасоо ыкмаларын, пресс-конференцияларды өткөрүү мүмкүнчүлүктөрүн, эстетика, этика, ден соолук багытындагы семинар-тренингдердин методдорун камтыган чоң долбоорлор, мамлекеттик мекемелер, жеке инсандар

сөзсүз колдошот. Бул багыттагы мүмкүнчүлүктөрдүн тизмеси түзүлүп, ар бир донор менен иштөө ыкмасын тезинен үйрөнүү аракети абзел.

Билимкана ачылгандан (1989-ж) бери келген коноктордун тизмеси, кыскача мазмундагы сүйлөгөн сөздөрү, аңгемелешүүлөр, сүрөттөр, семинар – программалары, башка иш чаралар каралган документтер, окуучулардын, мугалимдердин орчундуу ийгиликтери, сүрөттөрү, өтө керек делинген билимкананын күндөлүк жашоосун чагылдырган материалдардан түзүлгөн АРХИВ түзүү китепканачынын эң негизги иши. Бул иш-чараларды камтыган долбоорду каржылоо, кааласаңар бүгүндөн башталат. Себеби, билимкананын тарыхы кийинки жылдардагы окуучулар, мугалимдер, ата-энелер, билим берүү органдары үчүн өтө зарыл.

Билимкананын үстүртөн жазылган летописи Адалаттын жардамы менен түзүлүп бүткөнү турат. Бирок, бул летопись компьютердин мээсинде сакталып, атайын сайтта жайгаштырылып, толукталып туруусу абзел. Адалат бул чакан долбоор жазса, колдоо көрсөтөбүз деген билимкананын күйөрмандары бар.

Билимкана бүтүрүүчүлөрүнүн билимканага келип туруусун, кызматташуусун камтыган долбоор да колдоого алынат.

* * *

Китепкана, Адалат эжеке билимкананын тарыхы, жүрөгү экендиги шексиз, канчалаган мугалим, агай-эжелер 40-50 жыл мектептерде иштеп, күйүп-бышып, керек болсо үйдөгү балдарына да убакыт болбой өмүрү мектептерде, жатаканаларда окуучулар менен өтүп кетти. Аларды ким эстейт? Бир-эки эле окуучу мектебин, мугалимин өмүрүндө бир-эки эле жолу эстейт.

Матабаев Абан агайдын окуучулары жөнүндө ким билет, летопись, китеп барбы? Мамарасулов Сулайман агай, Шамшиев Турабы агайлардын мемуарлары жок. Жасаган иштерин китеп түрүндө, же балдары, же окуучулары жазбайт – бул табигый иш. Мектеп жетекчилери убагында ойлонуусу керек эле.

Бүгүнкү мугалимдерди, айрыкча билимкана мугалимдеринин өзгөчө салымдарын кантип летописке кийиребиз, ким жазат? Жылдар бою бул сунуштар ооз жүзүндө, мектеп жетекчилигинин, мугалимдердин, китепканачынын кулак сыртында калууда.

Билимканадан жумуштан бошоп кетип бара жаткан ар бир мугалим, кызматкер, директор, орун басарлар мектеп архивине материал беришпейт, үйлөрүнө алып барып коюшат, бир-эки жылдан кийин унутулат, анан отко жагылып кетет! Эгерде билимкана архивинде, китепканада өзүнчө папкада болсо, ал мугалим, жетекчинин ийгилиги, өткөргөн иш-чаралары летописке кирип калат эле. Ар бир жетекчи бул маданияттын элементин билип коюусу зарыл. Кандай кыйынчылыктар менен билимкананын жүгүн көтөрүп келишкен эже-агайларыбыз – билимканада эч архивдик материал жок болгондуктан – билимканага жок эле бир-эки жыл келип кеткен конок сымал болуп калууда. Бүгүнкү иштеген мугалимдер, жетекчилик да жумуштан которулгандан кийин жөн эле билимканага келип кеткен мугалимдей болуп калат.

Эң өкүнүчтүүсү – билимканага өтө таанымал мамлекет жетекчилери, өкмөт мүчөлөрү, жазуулар, окумуштуулар, эл аралык уюмдардын чечүүчү өкүлдөрү, волонтерлор, чыгаан мугалимдер, чет элдик коноктор келишкен. Бир дагы отчеттук материал калбаптыр. Кайда? деген суроого мурдагы жетекчи алып кетип калыптыр деген жоопту жылдар бою угуп жүрөбүз. Эч болбогондо өткөрүлгөн семинарлардын, тренингдердин, илимий конференциялардын айлап даярдалган программаларын эч ким таба албайт.

Волонтер Холли айым эки жыл иштеди. Өтө көп жумуштарды аткарды, элдин сүймөнчүсү болду – кана ал тууралуу маалымат? Түркиядан келген волонтерлор бир жылдан ашык иштешти. Математика сабагын англис тилинде өткөрүүгө жол ачышты. Кана маалымат? Же болбосо, жөө-жалаң келип, күнү-түнү шарты жок жатаканада калып, билимкана окуучуларысыз жашай албайм деген Барышникова эжеке жөнүндө бүгүнкү жетекчиликте маалымат барбы? Информатиканы, математиканы ординардуу эмес жолу менен көп жыл ооруганына карабай окуткан Ысмайыл (Коши) агай жөнүндө кандай маалыматыбыз бар?

* * *

Билимкананын биринчи директору К. Матисаевдин, экинчи мүдүрү С. Саттаровдун иш өзгөчөлүктөрү жөнүндө кандай маалымат бар? Бул эки гигант педагогдор жөнүндө илимий изилдөөлөр жүргүзүлүүсү керек деген окумуштуулар көп, бирок, билимканада бир да маалымат жок, атайын папка да ачылган эмес. Бүгүнкү жетекчилик, иштеген мугалимдердин өзгөчө иштери, эмгектери, ийгиликтери, илимий жетишкендиктери жөнүндө да системалуу материал жок.

Илимий жетекчилик көп жылдан бери билимканага автордун колтамгасы коюлган китептерди алып келүүгө аракет кылат. Мисалы, Мурза Гапаров - «Жаңгак токоюнун жомоктору» (эң алгачкысы). Ал эми Бишкекте жашаган (өзү каракөлдүк) Абдесов агай 2009-жылы 1000дей китеп топтоп, берип жибердиби. Билимкананын, китепкананын жазгандарында бул маалымат жок. 2010-жылы Абдесов агай дагы 1000дей китеп даярдап берди.

Китепканачынын айлык акысы өтө аз болгондуктан, жогоруда айтылган сунуштарды камтыган долбоорлор жазылып, тийиштүү жерлерге сунуш кылынса, моралдык колдоо болуп эле калбастан, семинарларга жол кирелери бекер чакыруулардылалаар эле. Чет өлкөгө баруу да мүмкүнчүлүгү түзүлүүсүнө илимий жетекчи өз сунуштарын берет. Айрым мекемелер семинар, тренингдерди каржылап, долбоор жетекчилерине гонорар берет. Адалат эжеке бул мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануусу керек. Матибаев Абан - күчтүү математик агайыбыздын кызы катары, намыс үчүн бул долбоорлорду аягына чыгарат деп ойлойбуз.

Жыйырма жылдан бери билимканага системалуу көмөк уюштуруп келе жаткан райондогу коомдук ишмер, кылдат педагог Абдрахман Эгембердиев жөнүндө летописке көптөгөн материалдар жазылуусу керек.

* * *

22. Билимканадагы тарбиячылар – окуучулардын экинчи ата-энеси, жөлөгү катары өзгөчө сыймыктуу жумуш аткарышат. Жетекчилик орун басарлары менен бирдикте жатакана шарттарын, тамак-аш деңгээлин, жүрүш-туруш проблемаларын чагылдырылган долбоорлор көптөгөн донордук уюмдар тарабынан сөзсүз колдоого алынат.

Бардык шарты бар жатакана курулуусу үчүн долбоор тынымсыз өкмөткө, донорлорго сунушталып туруусу керек. Медициналык бөлмөнүн тийиштүү жабдыктар, дары-дармектер менен камсыз кылуучу долбоорлор токтоосуз каржыланат деп ойлойбуз.

Бул жумуштарды чечкиндүү баштап, аягына чыгуу керек. Себеби, билимкана өзгөчө ийгиликтери менен кайсыл донор болсо да кызыктырат.

Жатакана, окуу жай имаратын бардык шарттары менен куруу зарылдыгы жөнүндө жылына бир-эки жолу тийиштүү мамлекеттик органдарга, донорлорго кайрылууну адат кылып, артынан сая түшүү керек. Мамарасулов Сулайман агай Кара-Таш мектебинин имаратын бүтүрүү үчүн үч ай тынымсыз уюштуруу иштерин жетектеп, курдурган.

Азыркы муун бул агайдан да өжөр болуусу, ийгиликке жетүүнүн жолун тапкычтык менен алуусу керек. Бул жумушту бирөө башты сайып иштөөсү, изденүүсү керек.

Жаңы типтеги ашкана салуу долбоорун көп тоскоолдуктарсыз эле аткарса болот.

* * *

23. Окуу, тарбия, уюштуруу иштерин жөнгө салуучу директордун орун басарлары негизинен мамлекеттик стандарттын аткарылышын көзөмөлдөшүп, мугалимдердин чыгармачылык менен иштөөсүн, окуучулардын жетишкендиктерин дагы-дагы жогорулатуусун камсыз кылышат.

Билимкана – өзгөчө математикалык лицей болгондуктан, кошумча сабактар, өз алдынча иштөө, илимий жетекчиликтин аныктаган стратегиялык багыттардын аткарылышын да көзөмөлдөп, олимпиадаларга бардык предметтер боюнча даярдоонун, тест жана кирүү экзамендерине окуучуну төрт жыл машыктыруунун жаңы ыкмаларын жүзөгө ашыруу да орунбасардын милдетине кирет.

Билимкананын күндөлүк окуу-тарбия процесси өзү мугалимдердин билимин, усулун өркүндөтүүчү пилоттук аянтча болуп эсептелет. Билимканада бир жыл иштеген мугалим өмүрүнүн калганын бөлүгүндө өтө динамикалык мүнөздө иштеген мугалимге айланаары шексиз. Балким, билимкана мугалимдери өз билимдерин өнүктүрүү муктаждыгы жок деп ойлообуз да мүмкүн.

Илгерки Римдеги ойчул, акылман, философ Сократтын өмүрүнүн акыркы күндөрү ага бир аз ичи күйүп жүргөн кесиптештери суроо салышат: «Урматтуу Сократ, сенин сөзүндү укканы бүт дүйнөдөн аалымдар келет, сендей акылман адам жок дешет. Сен эми жалган дүйнө менен кош айтышканы турасың. Өзү сен дагы эмнени билесиң?» – деген суроого Сократ: «мен эч нерсе билбегендигимди билемин», - деп жооп берген. Бардык илимдердин тармагын негиздөөгө катышкан, ойчул Сократ эч нерсе билбегенден кийин, жөнөкөй биз эмнени ашыкча билебиз?

Адам билимдүү, көп окуган сайын өзүнүн билиминин жетишпегендигин сезет. Акылсыз адам – мен баарын билем, же мурда эле билип койгонмун деп ойлойт.

Билимкананын мугалимдери, окуучулары эч нерсе билбегендигин сезген инсандар, ошондуктан, алардын билим алууга, маалыматка умтулуусу ар дайым болот жана илим-билим издөөдөн чаршайт, канааттануу алышат.

* * *

Билимкана мугалимдери, окуучулары менен пикир алмашуу кандай кызык. Эң татаал суроолор жөнөкөй чечмеленип, адамдын ички дүйнөсүнө өздөрүнө тартышып, кайра-кайра сизди кызыкты-

рып турушат. Бири-бирин көз караштан түшүнүшөт. Элпектери, адамгерчиликтүүлүктөрү, эмгекчилдиктери – билимкананын керек болсо «брэнди».

Ойлонуп жооп беришип, чечкиндүү аракеттерди жасашат. Бул ийгиликтер – билимкананын жетекчиликтеринин, коллективдин ийгиликтери. Ийгиликтердин оңой келбестигин биздин борбордук илимпоздор иликтеп, керектүү илимий усулдукта жалпылоо, анализдөө иштери алдыда. Булар боюнча ондогон диссертациялар корголот деп ойлойбуз.

Орунбасарлар өз пландарына окуучулар, мугалимдер, ата-энелер үчүн өткөрүлүүчү ар түрдүү тренинг – семинарларды айына экиден кем эмес, жылына 20дан кем эмес өткөрүүлөрү тийиш.

* * *

ПРООНдун ВИЧ СПИД, кургак учук, гендердик проблемалар, коррупцияга каршы, кылмыштуулукту алдын алуу, миграция маселелери, экология, аялдардын аз кандуулугу, богокту болтурбоо, жумушсуздук, жакырчылык, окуучулардын ичиндеги проблемалар жана башка чечилбеген, актуалдуу маселелерди камтыган семинарлары, тренингдери айыл жеринде, билимкана базасында десе баары макул болушат.

ЮНИСЕФ, ЮНЕСКО, ТАСИС жана башка Евросоюзга кирген мамлекеттердин, Евросоюз уюмунун, Япониянын, көптөгөн долбоорлордун офистери Бишкекте, Ошто жайланышкан. Айыл жеринде өтүп бергиле деп кичинекей долбоор – заявка түрүндө кайрылып, билимкана окуучуларынын өзгөчүлүктөрү, зиректиктери ишендирилсе эч бир донор каршы болушпайт.

Сорос фонду менен кызматташуу билимканада улантылбай калды. Каунтерпарт системасы да билимканага мурда өтө көп көңүл бурчу, азыр өтө солгундады.

Айыл чарба, ветеринария, өсүмдүк жана гүл көчөттөрүнүн сорттуулугу боюнча долбоорлор, микрокредиттик, бизнес-инкубаторлорду түзүү, кичи өндүрүштөрдү, Таза сууну колдоочу до-

норлор, мекемелер менен иштөө билимканада нөлгө түшөйүн деп калды.

Билимкананын ажатканаларында бардык шарты бар канализация системасын түзүү, кафелденген, ысык-муздак суусу бар (жок дегенде резервуарлар аркылуу) шарт түзүү долбоорун бүгүн, кечээ деле колдогондор бар. Демилге көтөрүп, күйүп-бышып чуркаган адам жок.

* * *

Бизге ушундай ажаткана боло берет деп айткандан бүгүн баарыбыз уялышыбыз керек. Чет өлкөлөрдө гана эмес, Бишкектеги көпчүлүк окуу жайлардын ажатканалары заманбап курулушу милдетке, салтка айланды.

Чет өлкөлүктөрдүн бизге келишпегендиктеринин себептеринин бири – коомдук жайларда, базарларда, көчөлөрдө, мектептерде, балдар бакчаларында, анан калса ар бир үйдөгү ажатканалар биздеде, андан кийин Афганистанда калды.

Дүйнөнүн бардык элдери беш убак эмес, эртеден кечке чейин таза дааратта жүрүшөт (ким болбосун). Ажатканага киргенден кийин сөзсүз толугу менен самынданып жуунат. Жуунбастан ич кийим кие алышпайт.

Араб өлкөлөрүнө барган ажыларыбыз деле көрүп келишүүдө – инсан кандай жупуну болсо, таза кийинүүсү, ич кийимдердин өтө таза болуусу да МАДАНИЯТка айланган.

Биз чексиз меймандоспуз дейбиз, чет өлкөлүктөрдү ыраазы болгончо коноктойбуз, тамак-аштын түрүн беребиз. Бирок, тамак ичип бүткөндөн кийин ажатканага барам десе – көрсөтө албаган учурларыбыз көп болгон. Биздин ажатканалардын сыртынан көрүп, көөнү айлангандары канча?

Биздин айыл жерлерине негизинен экстремал шартка чыдаган гана чет элдиктер келип жүрүшөт.

Инвестициялар, өндүрүштүк жаңы технологиялар бизге өтө жай келгендиктеринин себептеринин бири – биз өзүбүздү сыйлабаган-

дыгыбыздан, ажатканадан кийин колду эле жууп койгондугубуз. Үй шартыбызда – балким килемдер толо, конокту жиликтер менен жакшы тособуз, бирок, ажатканабызды оңдобойбуз. Дасторконго толо ичимдик коё алабыз, бирок, эң майда тазалыктарга көңүл бурбайбыз.

Балким, илгери боло берет эле – экологиялык тазалык идеалдуу эле. Азыр глобализация заманы, дүйнөнүн кайсыл жери болбосун экологиянын бузулушу сагалап турат.

* * *

Бул проблемалар боюнча билимкана өрнөк болуусу керек. Бул багыттагы долбоорлорду түзүп, эл үчүн да донорлорду, фонддорду тартуу бир гана сиздердин – орунбасардардын колунда. Эртеңкиге калтырбай бүгүн бул долбоорлорду түзүп баштагыла. Эл-журт, келечек силерге миң мертебе ыраазы болот. Силер жасабасаңар ким жасайт? Таланттуу окуучуларды аралаштыргыла. Элдин жүгүн бирден ала башташсын.

Бул долбоорлор Силерди, жакыныңарды сөзсүз чет өлкөлөргө алып барат. Бул проблемаларды системалуу, көп жылдан бери ойлонгон, билген, уялган силерден башка мүмкүнчүлүгү бар инсандар жок.

Силер кызыккан проблемаларды, уккан-билген донордук уюмдарды тизмелеп – анализдеп, силердей ойлонгон партнерлорду таап, кызматташуу стилин жазып, аракетти тез арада, системалуу баштагыла. Бир гана донордук уюм менен чектелип калбастан, жүздөгөнүнө кайрылгыла, тажабастан, токтолбостон жооп жөнөтүп, өзүңөр донорго жолукканга аракет кылгыла. Кабыл албаса, башка эшигинен кирип, түшүндүргүлө.

Бирок, силер кайрылган кат, долбоор кайсыл бир тилде сабаттуу жазылып, түшүнүүгө жеңил болуусу керек. Сунуш кылган документ сабаттуулук менен түзүлбөсө, донорлор убара болуусу, кайрылган кишиге убакыт кетиргиси келбейт. Донордун оюн, психологиясын, миссиясын, өзгөчөлүгүн эске алып түзүлгөн долбоор гана колдоого ээ болот.

Бир жолу «жок» дегенде эле, шалдайып ишти таштап койгондон донор уялып калбайт. Алар өжөр, тыкан, системалуу кишилерди гана жакшы көрүшөт, колдошот.

Урматтуу орунбасарлар, демилгени колго алгыла. Силер – бүт окуучулар, мугалимдердин үмүтүсүңөр. Силер ишинерди чыгармачылык менен долбоорлорду тартуу менен көрсөтсөңөр – карьераңар өсөт. Пенсияга жакындап калдык, карьеранын кереги жок десенер – бала-чакаңарды эл жетекчиси болууга даярдай албай каласыңар. Бүгүн колуңарда мүмкүнчүлүк, билегиңерде кубат бар, алтын кушуңарды кармоого Жараткан дагы бир шанс берди, колдонууга толук милдеттүүсүңөр.

* * *

24. Билимкананын директору чоң жүктү, сыймыкты көтөрүүчү, новатор педагог, психолог, жаңы теориянын сыноочусу, ар тараптуу менеджер, илимпоз инсан.

Директордун жетекчилиги астында ондогон дасыккан новатор педагогдор, региондордон эң жакшы окуп келген окуучулар эмгектенишет.

Келечекте президент болом, мамлекеттик оор жүктөрдү аркалап, элди жыргал турмушка жеткирем деген уул-кыздар топтолгон. Ар бири өзүнчө дүнүйө. Окуудан тажабаган, үй тапшырмаларын эскерттирбестен өз алдынча даярдаган, элпек, адамгерчиликтүү, келечектүү инсандар. Эң жакшы мамилелерге татыктуу өспүрүмдөр.

Директордун негизги иши ушул жаркыраган демилгелерди өчүртпөө, өчүрбөө.

Уникалдуу билимкана коллективин, элдин алтын фондун жектөө, чыгармачылык менен координациялоо.

Билимкананын дүйнөлүк аренага чыгуу методологиясын ишке ашыруунун жолдорун ачып окуучуларга, мугалимдерге мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү.

Билим берүүнүн мамлекеттик стандартын чыгармачылык менен билимканада ишке ашыруу, мамлекеттик органдардын бардык

көрсөтмөлөрүн, директиваларын мыйзам чегинде аткарууну инсан катары – директор илимий теориялар менен сугарылган, жаңы доордун бүт мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырат.

Билимкананын региондо лидерлик ордун сактап калуунун түрдүү ыкмаларын иштеп чыгып, жылдан-жылга олимпиадалык орундарды көбүрөөк алуу, престиждүү жогорку окуу жайларга, бюджеттик факультеттерге өтүү салтынан эч жазбоо сыяктуу билимкананын калыптанган маданиятынын кепилдиги.

Билимкана мугалимдерине, окуучуларга, ата-энелерге илимий жетекчи тарабынан сунуш кылынган долбоорлордун түзүлүшүнө, ишке ашуусуна, донордук уюмдар менен иштөөнү кеңейтүүгө жоопкерчиликтүү – менеджер.

* * *

Билимканадагы ийгилик ар бир мугалим, окуучунун көптөгөн семинар – тренингдерге катышуусу, донордук уюмдар менен иштөөсү, эл-журттун проблемаларын чечүүчү долбоорлорду профессионалдык деңгээлде түзүүсүнө, ал долбоорлордун ишке ашуусуна жараша болот.

Эң негизгиси- окуучу өз күчү, фантазиясы менен эмгектенгенге, окуганга үйрөнүүсүнүн камсыз кылынышы. Окуучунун ийгиликке ишенүүсү, билимди тынымсыз окуу жолу менен гана алына тургандыгын өз мойнуна алуусу, мугалим түшүнбөгөн гана суроолорду чечип берүүчү педагог экендигин ар бир билимканачынын жүрөгүнө сиңирүү.

Илимий жетекчи сунуш кылган окуучулардын ар күнү математикадан кошумча эсептерди китепканадагы олимпиадалык, конкурстук, кирүү экзамендеринде берилген, же республикалык тестирлөө китепчесинен алынышын көзөмөлдө кармап, төрт жылда 14600 эсепти чыгаруу көмөк көргөзөт.

Билимкана окуучуларынын эртеңки сабакка даярдануусун күндөлүк көзөмөлдө кармоо системасын түзөт, мугалимдер аткара тургандай жагдай камсыз кылат.

Кара-Таш айлында, балким, ар бир окуучунун төрөлгөн айлындагы кыйынчылыкта жашаган инсандарга айына эки жолу окуучулардын, көмөк көрсөтүүсүнүн системасын түзөт.

* * *

Билимкананын илимий иштерин жандандыруу үчүн белгилүү окумуштуулардын макулдугу менен Илимий кеңеш түзөт. Жобосун иштеп чыгат. Айына бир жолудан кем эмес илимий кеңештин чогулушу болуп, кезеги менен бүт окуу предметтери боюнча илимий – педагогикалык талкууларды жүргүзүп, окуу жыл аягында атайын аналитикалык отчет даярдалат. Райондук элге билим берүү бөлүмүнө, педагогикалык илим изилдөө мекемелери менен бирдикте анализделип, редакцияланып, жыйынтыгында китепче түрүндө чыгарылып, же билимкананын сайтында жайлаштырылат.

Ар бир чейрек бүткөндө билимканадагы орчундуу ийгиликтер, жолугушуулар, семинарлар (программасы менен), коноктор, комиссия белгилеген жыйынтыктарды чагылдырган 1-2 баракган турган маалымат даярдалып, билимкананын сайтына жайгаштырылат (көчүрмөсү китепканада болот).

Ар окуу жылы башталганда (сентябрда) жаңы кабыл алынган окуучулардын тизмеси, кайсыл мектептен келгендиги (айылдын аты), калган 9-10-11-класстагы окуучулардын тизмеси, кайсыл айылдан келгендиги, мугалимдердин тизмеси, (предметтер боюнча) көрсөтүлгөн 5-10 баракган турган маалымат даярдалып, сайтка жайлаштырылат, көчүрмөсү китепканада болот.

Жаңы окуу жылдагы иш-план (орчундуу) даярдалып сайтка берилет (көчүрмөсү китепканада сакталат).

Окуу жылынын аягында билимкананын жылдык отчету, бүтүрүүчүлөрдүн тизмеси, кайсыл окууга өткөндүгүн чагылдырган кенен отчеттук маалымат даярдалып, сайтка берилет (көчүрмөсү китепканада болот).

Олимпиадалар жыйынтыгы класстар боюнча – райондук, облласттык, республикалык болуп жайлаштырылат. Мурдагы жылдар чагылдырылган диаграммалар, таблицалар толтурулат.

* * *

Билимкананын ачылганынан баштап класстардын, окуучулардын, мугалимдердин санын, райондук, областтык, республикалык олимпиадаларга катышкан окуучулардын ар бир предмет боюнча диаграммасы түзүлөт, жогорку окуу жайларга өткөндөрдүн сандык өзгөрүш диаграммасы түзүлүп, медалисттердин, артыкчылык аттестаттарды алгандардын диаграммалары, жергиликтүү, башка айылдан келгендер, жатаканада жаткандардын көрсөткүчү да диаграмма түрүндө көрсөтүлөт. Ошондой эле маанилүү деп эсептелген башка материалдар камтылышы мүмкүн. Бул материалдар билимкананын летописине тиркелет, сайтка да жайлаштырса жакшы болот. Көчүрмөсү (кол коюлган) китепканада сакталат.

Ар бир окуучу, мугалим, башка жардамчы персонал өздөрүн личность катары таанып, чыгармачылык изденүү жолунда кезиккен проблемаларды чечүү үчүн долбоорлорду түзүүнү өздөрү чечип, чоң жетекчи катары донордук, мамлекеттик мекемелер менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, башкага жүк артпастан, көрсөтмө күтпөстөн иш алып баруучу менеджерге айлануусу керек. Мындай жөндөмгө ээ кылуу сырларын, жолдорун директор ойлоп табуусу керек.

* * *

Дублер – мугалим долбоору окуучуларды өз алдынчалыкка ийгиликтүү багыттоонун жолу. Кээде мугалим бир аз кечигип, же кустан келбей калган учурлар кездешет. Мугалим атайын сабагын дублер – мугалимге өткөрүп берүүсү мыйзамсыз иш.

Атайын түзүлгөн график менен бир жумада бир-эки жолу, сабактын айрым бир бөлүгүн окуучу даярданып келип, кечиккен сабакты баштай берүүсү керек. «Ура-а, мугалим 15 мүнөт кечикти!» – деп класста кыйкырып, көчөгө топ ойногону чыгып кетишсе, билимканачынын олимпиада жана кирүү экзамендериндеги ийгиликтин болушун азайта берет.

* * *

Өз балдарына, билимканага ыктыярдуу жардам беребиз деген ата-энелер көп болгондуктан, ата-энелерге жардам иретинде көмөк көрсөтүү түзүлө турган уюмдун уставын иштеп берип, бул мекеменин уюштуруучуларын менеджерликке үйрөтүп, өздөрүнүн бухгалтериясын өздөрү көзөмөлдөп, билимканага кызмат көрсөтүүсү керек. Мындай фонддорду көпчүлүк күчтүү мектептердеги окуучулардын ата-энелери түзүп, ыктыярдуулук принцибинде ишке алып барышып, мектептин, мугалимдердин эмгегине жараша кошумча мүмкүнчүлүктөрдү беришет. Бул эч кандай мыйзам бузууга жатпайт, атайын долбоор катары иш алып барыша берет. Эч коркпоо керек. Эгерде директор чочуса бул долбоорду координациялоого амбициялуу бир мугалимди, же билимкана үчүн күйүп-бышкан ата-энеге, же башка бир карьера түптөйм деген перспективалуу инсанга өткөрүп берсе болот. Бул фонд менен билимкананын алакасы долбоор түрүндө жазылып, мектеп бухгалтериясына, мыйзам бузууга жол бербейт. Мындай системаны түзүү үчүн министирликтин атайын буйругу бар (1998-ж.).

Кошумча айлык, командировка, окуучулардын тамак-аш ж. б. иш-чаралар ушинтип гана түзүлөт. Бул дүйнөлүк практикадагы проблеманы чечүүнүн бир жолу. Бишкектеги №61 ж. б. лицей-мектептерде бул метод эң идеалдуу түрдө колдонулат. Фонд өкмөттүк эмес уюм катары бухгалтерия түзөт, отчет берет, формалдуулукка жол бербейт.

Ошондуктан, бул моделди ишке ашырууда билимкана директору чочубоосу керек.

* * *

Бул фонд түзүлмөйүн, ал фонддо өтө дасыккан менеджмент болмоюнча – билимкана башка мектептердей эле материалдык кыйынчылыкта отура берет. Директор бул фондду жаратып, иштөөсүнө эч болбогондо кыйыр жардам берүүсү керек.

Фонд – чет өлкөгө баруунун бир жолу, кошумча мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашыруунун жалгыз гана жолу. Өз офистерин ар түрдүү шаарларда, региондордо ача турган фондду түзүп, өркүндөткөн билимкана жетекчиси көп ойлорун ишке ашыра алат. Фондсуз директор – директор боло албайт.

Бул фондду Советтер Союзу убагында көмөкчү чарба деп коюшчу. Негизинен мугалимдерге кошумча жардам берүү.

Эски доордо деле, азыр айрыкча жетекчилик философиянын негизги таянуу аксиомасы – «жетекчи өзү иштебейт, кол алдындагыларды иштетет, сапаттуу иштегенге үйрөтөт – өзү ишти уюштурат, көзөмөлдү күчөтөт».

Бул аксиоманы аткара албаган, же каалабаган жетекчи – бул чабал, келечексиз жетекчи.

* * *

Жетекчилик – келечек үчүн айыл өкмөттөн жаңы имарат салуу үчүн тынымсыз, эч болбогондо 3 га жер сурап, чечим чыгартуу керек. Кара-Таш айыл кеңешинин депутаттары сөзсүз колдойт. Бул жаңы типтеги имаратка жакын жерде эки жатакана (кыздар, балдарга өз-өзүнчө), спорт зал, китепкана, окуу залы, медпункт, бассейн, ашкана, тир, өнөркана комплекстери камтылуусу абзел.

Бул заявка жылына айыл өкмөткө, райондук мамлекеттик органдарга, Президенттин Институтуна чейин тийиштүү процедураларды сактап, жеткирилүүсү керек. Депутаттарга да сөзсүз түшүндүрүү зарыл.

Бюджеттик курулуштардын тизмесине киргизүү жолдорун издөө, көзөмөлдө кармоо. Спонсорлорду кызыктыруу кампаниясын жүргүзүү.

* * *

Илимий жетекчилик донорлор менен иштөөнү көзөмөлдө карайт. Донорлордун биринчи талабы – жер бөлүнүп берилүүсү,

экинчиси – жер фондго берилсе, долбоорду фонд түзсө тез колдойт элек деп жооп беришет. Биринчи донорлор – 1992-жылы имарат курганга макул болушуп, Кыргыз-Ата дарыясынын жээгин жактырышкан. Бирок, ар жерде үлүшү бар инсандар таяктар, бешиликтер менен баарыбызды (донорлорду да) киргизбей, жерди бербей коюшкан. Азыр ошол жердин эли арман кылышатт деп айтып жүрүшөт, «эч болбогондо 10-15 адамга жумуш орду, балдар окуй турган жер болот эле» – дешип.

Директордун колунда билимкана талаптарын, эл-журттун эңсөөсүн чагылдырган жүздөгөн даяр долбоорлор туруусу, ар бир долбоордун ишке ашыруу жолдору боюнча изденүүлөр даяр болуусу керек.

Директордун дагын бир сыймык болчу иши – бул бардык шарты бар ажатканаларды (мектеп ичинде, аянтта, жатаканаларда) курулуусу керек. Долбоор түзүлүп, сметасы эсептелсе, эч болбогондо марафон жолу менен каражат топтолуп башталса, кошумча жардамдарды тез арада топтосок болот эле.

Эскертүү: Биз айткан долбоор – айрым бир проблеманы чечүү процедурасы жазылган документ. Бул түшүнүктү архитектуралык долбоор менен чаташтырбообуз керек.

* * *

Эгерде билимканада бардык шарты бар ажатканалар курулуп калса, башка кошуна жайланышкан мектептер, мекемелер да салышат эле, андан кийин эл-журт үйлөрүндө салышып, атайын кызматтар жол бойлорунда, базарларда, башка коомдук жайларда кура башташат эле. Жыйынтыгында биздин элдин аңсезимине бардык шарты бар ажатканаларды куруу маданияты сиңип кетет эле. Бул болсо Кыргызстанга чет өлкөлүктөрдүн келүүсүнө, туристтердин көбөйүүсүнө алып келип, өлкөбүз тез байып кетет эле. Билимкана үчүн өтө сыймыктуу долбоор болоорунда шек жок.

* * *

25. Биз айткан ойлор, пикирлер, сунуштар толугу менен аткарылса, билимкана аз жылдардын ичинде алыскы айыл жерлериндеги лицейлердин ар тарабы менен дүйнөлүк толук орто билим берүүчү мектеп моделине айланаарында шек жок. Бул ийгилик – лицей жетекчисинин канчалык деңгээлде менеджментти үйрөнгөнүнө, талыкпай иштөөсүнө, окуучулардын, ата-энелердин, мугалимдердин өкмөттүк жана өкмөттүк эмес уюмдар эл аралык мекемелер менен чын жүрөктөн, чыгармачылык менен иштөөсүнө жараша болот.

Бул мектеп чоң идеяларды ишке ашырууга багытталгандыктан, баарыбызга оор жүк берилген. Эгерде бул жүктү чын көңүлдөн көтөрсөк, болуп көрбөгөндөй ийгилик келет, кош көңүл, кайдыгерлик, кандайдыр бир башка максаттарда көтөрсөк, билимкана тез эле жөнөкөй мектепке айланышы мүмкүн. Өзүнөн-өзү тарап да кетет. Канча ата-эне, окуучулар, эл-журт үмүт менен билимканадан ийгиликтерди күтүп, келечекте мамлекетибиздин белдүү инсандары болоор деген сезимдер, кыялдар менен жашашып жүрөт. Билимкананын жабылышы жөнүндө сөз да болбойт, себеби, 30 жыл ичиндеги ийгиликтер, тажрыйбалар, интеллектуалдык ой-пикирлер калыптанды, региондогу лидер-мектептеринин бири катары эл-журт баалайт. Акимчилик, райондук элге билим берүү мекемелери, айыл өкмөтү тынымсыз колдоп турушат.

* * *

Билимканага директор болуу өтө жооптуу болгондуктан, директор, завуч, мугалим болуп иштөөгө баары эле макул болбойт.

20 жылдык тажрыйба көргөзгөндөй, билимкананын директорлугуна болгон сунушту дароо эле эч ким кабыл албайт. Директор болуучу киши бул жумушту көтөрүү кыйындыгын билип, көп ойлонгондон кийин макул болот. Илимий жетекчилик тарабынан директордун бүт пикирлерин угуп, кайсыл багытта болбосун жардам

бергенге аракет кылып, директорду колдоочу системасын түзгөнгө убада берет.

* * *

26. Билимкананын биринчи директору болуп күчтүү математик Матисаев Каныбек Кочкорбаевич 1989-жылы мектеп ачылаары менен Ноокат райондук элге билим берүү бөлүмү (РЭББ) тарабынан бекитилип, чоң ишеним көргөзүлдү.

Илимий жетекчилик Каныбек агайдын студент убагында (1984-жылдары) Новосибирск университетиндеги жаш окумуштуулардын конференциясына катышууга көмөк көрсөтүп, НМУнун алдындагы физика-математикалык мектептин, сырттан окутуучу физика-математикалык мектептердин иши менен тааныштырып, келечекте Кыргызстанда, балким, Ноокатта ушундай мектеп ачуу демилгесин көтөрөбүз деп иш процесстерди майдалап үйрөнүүгө, китепчелерди, олимпиадалык эсептер жыйнактарын, толуп жаткан башка мүмкүнчүлүктөрдү көрсөтүп, үйрөтүп, чоң үмүтүбүз үчүн уюштуруу иштерин баштадык. Райондук ЭББ жетекчиси Абдрахманов Калмамат агайдын тапшырмасы менен Кара-Таш мектебинде эки окуучуну (Бакыт, Улукбек) 1987-жылы республикалык олимпиадага даярдоо Каныбек агайга берилди. Бул эки окуучуга илимий жетекчилик – сөзсүз олимпиададан жеңишиңер керек, эгер республикада 2-орунду алсаңар, бизде лицей класстарын ачууну Калмамат агай сөз берди, айылдын келечеги силердин колуңарда деп тийиштүү адабияттар менен камсыз кылдык. Айткандай эле, бул эки окуучу 1989-жылы республикада биринчи жана экинчи орундарды алышты.

* * *

Каныбек агайга «лицей ачсак директор болуп иштейсин, республикалык олимпиадада комитеттеринин ишине катышып, бардык жогорку окуу жайлардын ректорлору, министр-

ликтеги аттуу-баштуу кишилер менен илимий-педагогигалык байланыштарды түздүрүп беребиз, новатордук китептерди жазууга, окуу китептерине автор болууга, кыскасы, Малике эжем менен Кочкорбай жездебиздин кыялданган иштерин жүзөгө ашырууга жол ачылат. Кандидаттык диссертацияңын коргоо боюнча изилдөөңдү бүгүн баштасаң да жардам беребиз. Дүйнөлүк олипиадаларга, башка долбоорлорго катышууга жол ачылат. Региондогу мектептердин лидерин башкарып, карьераңдын өсүшүнө да ушинтип жол ачасың. Сен эмгекчил, жакшы педагогдун үй-бүлөсүнөн чыккан чыгаан жетекчиге айланаарың шексиз» - дедик.

Ошентип, 1989-жылы билимкана ачылды, Калмамат агай бир гана сөзүнө турбастан, ашыгы менен жардам берди. Атайын класс эмес, математикалык Ноокат билимканасы деп аталып, республикабыздын (балким региондо) биринчи болуп алыскы айылда лицей негизделди. Окуучулардын, мугалимдердин, ата-энелердин алдында чоң амбиция – Новосибирск физика-математикалык мектебиндей лицей болот деп айтып, эч пара бербестен, бүтүрүүчүлөрдүн баары жогорку окуу жайларга өтө ала тургандыктарын, олимпиадалардын бардык деңгээлинде катышаарыбызды камсыз кылып, орус жана англис тилин келечекте эркин сүйлөөчү окуучулар чыгаарын айтып ишендирдик.

Каныбек агай, «кандай оор жүктү алдың, убадаларды бердик, эми иш процессин өтө жогорку деңгээлде уюштуралы, лицейдин ички жумуштарына тууган-урукту аралаштырбайлы, Фрунзеге барып, Академиянын математика институтуна А. И. Боташев агайда стажировкадан баштайбыз» дедик.

Билимкана ачылгандан кийин үч айда ийгиликтер көрүнө баштады, район, облус, республикадан чыгаан педагогдор келе баштады. Билимкананын иш процессинде билим берүү мыйзамынын жаңы доорго туура келбеген моменттери ачык болуп калды. Газеталарда, радио-телевидениеде көп талкууларды баштадык. Натыйжада, өкмөттөн билим берүүнүн концепциясын иштеп чыгуу макулдугун бериштн. Жумушчу топко бүт окуу жайлардын ректорлору, чыгаан педагогдордон катыша башташты.

* * *

Ошентип, Каныбек агайга берген убадаларыбыз аткарыла баштады, бүт ректорлор менен үч айдын тегерегинде Ак үйдүн 7-батында овальный залда концепция жазууга катышты. Дүйнөлүк билим берүү системаларын окуп чыкты. Республикалык бүт предметтер боюнча олипиада өткөрүүчү комитеттер менен таанышгырдык.

Эгерде билим жакшы болсо, окуу жайларга өз күчү менен өтөт – деп ректорлор ишендиришти. Олимпиада комитеттери да чындык бар экендигин күчтүү катышуучулар билерин айтышты. Күчсүз, билимсиз окуучулар парасыз окууга өтсө болбойт, олимпиададан алдыңкы орунду тааныштарына берип коёт дегендери жалган экендигине Каныбек агай ар биринин өз ооздорунан үч ай бою укту, ишенди.

Каныбек агайды аспирантурага кирүүгө болооруна да ишендирдик. Эгерде, лицейде 5-6 жыл күнү-түнү иштесе, кызмат жагынан да чоң өзгөрүүлөр болоорун, жаңы карьера тепкичтерин өзү көрдү. Көптөгөн жаңы долбоорлор бар экендигин көрдү.

Илимий жетекчиликтин эң оор жумушу – директорду ишендирүү, андай кийин мугалимдерге, ата-энелерге чындыктын бар экендигине кепилдик берүү. Эгерде окуучу күнү-түнү окуса, үйдө аларга шарт түзүп беришсе. Бул түшүндүрүү иши 20 жыл ичинде бир күн да токтогон жок, окуучуларга 1989-жылдары илимий жетекчилик күн алыс түшүндүрсө, кийинчерээк айына бир жолудан кем эмес жолугуп, майдалап түшүндүрүүгө бүгүн да муктаж.

* * *

Ошентип, билимкананын аты алыска кетип, окуу процесси жолго коюлуп, ийгиликтер биринин артынан бири келип, мугалимдер, Каныбек агай эл-журттун оозуна алынып, азырга чейин ыраазычылык билдиришет.

Каныбек агай кичи бизнес долбооруна кызыгып, билимкананын тарбия, чарба, тамак даярдоо иштерине ишенимдүү (биздин жакын туугандарыбызды) кишилерди коюп, көбүрөөк командировкаларда айлап жүрө баштагандан баштап, билимкананын иши бир топ солгундап, сын-пикирлер көбөйдү (1992-жылдар).

Ошентип, Каныбек агай башка ири долбоорлорго өткөнүнө байланыштуу өз арызы менен которулуп кетти. Илимий жетекчилик менен бирдиктүү демилгелердин кээ бирлери кийинки жетекчиликке калды.

Каныбек агайдын көптөгөн китептери чыкты. Азыр да регионалдык математиктердин, уюштургучтардын бири болуп саналат.

Каныбек агайдан билимкананын летописине өз материалдарын даярдап берүүгө убакыт табыңыз деп суранып жүрөбүз.

Каныбек агайдын инилери, уул-кыздары Билимканада окушуп, эң жакшы деген жогорку окуу жайлардын бюджеттик бөлүмдөрүндө окушту. Иниси Чындык – билимкананын сыймыгы. Экономфакты кызыл диплом менен аяктап, банктарда иштеп, андан кийин Жогорку Кеңеште жооптуу кызматкер болуп иштейт. Илимий ишин да улантууга аракет кылып жүрөт.

* * *

Үч жылдай убакытта билимкана пайдубалы түптөлдү десек жаңылышпайбыз. Бирок, негизги кыйынчылыктар алдыда эле. Бюджеттин тартыштыгы, айлыктарды, башка төлөмдөрдү өкмөт кечендетип берип, эл-журт рыноктук шартка көнө албай, менчик ээлери конкуренцияга туруштук бере албай турган учурлар келди. Бүт кыйынчылыкты жууп кеткен – бул эгемендүүлүк эле. Өз валютабыз, бийликтин бүт атрибуттары, улуттук аң-сезимдин ойгонушу, дүйнөлүк көп уюмдарда Кыргызстандын мүчө кылып алынышы элде болуп көрбөгөндөй үмүт жаратып, ынтымакчылык күчөп, күндө жаңы бир өзгөрүүлөргө күбө болгон өткөөл мезгилдин оошкыйыш океанында сүзүп, бактылуу жээктерге чыгуу ар бирибизди кубантып турду. Баарыбыз эмгектенбесек, дүйнөлүк рынокко кирбесек болбостугун саясатчылар, интеллигенция сезип турдук. Анын ичинен билим берүү мекемелери да түбү менен өзгөрүүсү, модернизациядан өтүүсү зарыл болчу.

Мектеп жетекчилери тезинен жаңы типтеги жетекчиге, менеджерге айлануусуна толук талап болуп калды.

Билимкана аталган кыйынчылыктардын босогосунда туруп, эл аралык уюмдар, жаңы резерв булактары, долбоорлор, волонтёрлор, семинар-тренингдер, орус-англис тилдерин таза сүйлөө, компьютерди өтө жакшы өздөштүрүү сыяктуу аракет кылуу зарылдыгы учурунда билимканага мажбур жаңы жетекчи келүү муктаждыгы келип чыкты.

* * *

27. Жаңы типте ой жүгүрткөн, тажрыйбалуу педагог, билимканага коюлган жүктү көтөрө турган жетекчини издөө бир топ оор болду. 5-6 ай сүйлөшүүлөр жүрдү. Калмамат агай илимий жетекчиликке «билимкананы дүйнөлүк денгээлге алып чыга турган гана кандидатураны жаңы директорлукка сунуш кылсаңар, бекитип бересиз» деди.

Кызыл-Кыя шаарында көп жыл жашап жүргөн, биз менен параллель классты бүткөн, өтө түз, таза пейилдүү Абдракуп Матмуратов айылга көчүп келишип, аялы Саадат Саттаровна англис тили мугалими болуп Калинин орто мектебинде (Кара-Таш айылы) бир жылдын ичинде шаар тибиндеги окуу системасын ишке ашыргандыгын көргөнү бардык. Кызыл-Кыядагы күчтүү мектептердин биринде көп жыл бөлүм башчы болуп иштегендигин, көптөгөн көнкурстардын жеңүүчүсү болгонун Абдракуп өзү айтып берди.

Билимканада директор убактылуу келбей жаткандыктан, илимий жетекчи 5-6 ай билимканада күндө иштөөсү зарыл эле. Чарба иштерин, окуу процесстерди системага салуу үчүн кечинде бир топко чейин билимканада болушубуз керек эле.

1992-жылдын сентябрь айынын орто чендери, Абдракуп менен сүйлөшкөндөн кийин билимканага Саадат Саттаровна бизге англис тили мугалими болуп иштеп берсин деген сунуш менен кечки саат жетилер чамасында жамгыр, ылайды кечип, өтүкчөн үйүн тыкылдаттык. Алар үйгө кир дешип, англис тили мугалими болуп иштейбиз деп бизди кубандырышты. «Билимкананын окуучуларына уят болуп калбаймынбы деп чочулап жатабыз» дешти.

Билимканага кайра келип, аксакалдар менен кеңешип, Саадат Саттаровна завуч болуусун сураналы дедик. Кечки саат ондор чамасында суу болуп эшиктерин какпак, босогодо эле сунушту айтсак, иштей албайбыз го деген чочулоолорун айтышты, акыры макул болушту. Кайрадан билимканага келип кеңешип олтуруп, билимканага директор болуп эле иштеп берсе жакшы болот эле деп, түнкү саат он бирде кайрадан, күзгү жамгырдын да суугун сезбестен, тердеп-кургап эшигин каксак, уктап калышыптыр, чочулап Абдуракуп мырза чыкты. Үйгө киргиле деп чочуркап калышты.

Биз Саадат Саттаровнаны билимканага директор болсун деген сунуш менен келдик. Жардам беребиз. Эжеке жумушту тартып кетчү, биз тандаган кандидатуралардан жалгыз татыктуусу экендигин айтсак, ар кандай шылтоолор менен түк макул болушпай, завучтуктан да артка чегине баштады.

Колдо бар дипломатияны, келечек программаларды айтып, тынымсыз тренинг-семинарларда болуп, чет өлкөлүктөрдү тартуу силердей шаардан тажрыйба алган кишилер үчүн татаал эмес дедик. Абдуракуп уста болгондуктан, билимкана кабинеттерин өзүм оңдотуп беремин деген оюнан да кайтты. «Директорлук кылам деп күчүбүз жетпей калып, элдин алдында уят болуп калбайлы, англис тили мугалим боюнча эле иштесин» деди.

Илимий жетекчилик: «силер менен макул эмеспиз, билимкана да элдин иши, эртең саат 10:00дө райОНОнун буйругу чыгат. Кааласаңар-каалабасаңар да ушундай болот. Уул-кыздарыңар мектептерде жакшы окушат экен, каалаган окуу жайга, факультетке даярдаганга, өткөнгө жол көрсөтөбүз. Экинчиден, Саадат Саттаровна билимкана долбоорун жакшы өздөштүрсө, белгилүү менеджерге айланып, сөзсүз райондордун бирине аким болот. Үчүнчүдөн,

Бишкектен үйлүү болосуңар. Төртүнчүдөн, Саадат Саттаровна чет өлкөлүктөр менен иштешип жүрүп, бир гана өзү эмес, райондогу бүт активдүү аялдарды Америкага, башка чет өлкөлөргө сөзсүз алып барат. Бул методологияны үйрөтөбүз. Силер колдоп турсаңар бул төрт убаданы Саадат Саттаровна өзү 5-6 жылда аткара алат. Биз жолдорун гана үйрөтөбүз»- дедик.

Макулдуктарын албастан эле эртең Калмамат агайга барып, буйрук даярдап бериңиз, директорлукка Саадат Саттаровнаны сунуштайбыз деп айтууну чечтик. Калмамат агай «бул эжекенин колунан сөзсүз жетекчилик кылуу келет, бирок, ал англис тили мугалими, билимкана болсо математикалык мектеп, кандай болоор экен, республикадан текшергенде эмне деп негиздейбиз?» - деп сурады.

Биз Россиядагы физика-математикалык мектептердин директорлору дасыккан менеджерлер экенин, кээ бирлери башка кесиптеги белгилүү инсандар да болуп калган практика бар экенин айттык.

* * *

Саадат Саттаровна билимкананы 8 жыл башкарды. Директордун функционалдык, кошумча милдеттерин эң жакшы аткарды. Англис тилинде сүйлөө, айрым, предметтерди англисче окутуу, орусча сүйлөгөндү эркин билүү, волонтерлор, чет өлкөлүк донордук уюмдар менен иштөөнү айыл мектеп жетекчилеринин ичинде «Эталон» кылып алсак болот.

Математиканын олимпиадалардагы массалык жеңүүлөр, кирүү экзамендерин ийгиликтүү өтүү эң жогорку деңгээлге чыкты. Сук танбаган эл калган жок. Ошол жылдардагы мамлекет жетекчиси билимкананы эки жолу, өкмөт жетекчилери, министрлер бир канча жолу областтык, райондук жетекчилеринин ийгиликтүү долбоору катары көрүп кетишкен. Ошол мезгилдеги мамлекеттик катчы И. Абдразаков, тышкы иштер министри М. Иманалиев окуучулар менен англисче баарлашып, жакшы, таң калаарлык баа бергендиктерин айтып жүрүшөт.

2000-жылы Ноокаттагы чоң жолугушууда, ошол кездеги президент А. Акаевдин элге атайын кайрылып, «силер Өмүрзактын билимкана долбоорун 20-30 жылдан кийин түшүнөсүңөр, баа бересиңер» деген сөзү эл арасында азыр да айтылып жүрөт.

Ондогон долбоордун ийгиликтүү иштөөсү, волонтерлордун байма-бай келип кызматташуулары, чет өлкөлүк фонддордун долбоорлорун тартуу иштеринин чоң устаты болуп калды.

Билимкана республикада өтө таанымал мектепке айланды. Билимкананын өнүгүүсүнүн экинчи этабы өтө ийгиликтүү десек болот. Илимий жетекчинин койгон, жазган, суранган программасы 80-90% аткарылды.

* * *

Саадат Саттаровна билимканада иштеген жылдардагы ийгиликтер, жетишкендиктер, проблемалар, чечилбес маселелер, каталар деген материалды Билимкана летописине тезирээк берсе жакшы болот эле. Убакыт өткөң сайын Каныбек агай, Саадат эжеке билимканада эч бир жазуу түрүндө (мемуар сыяктуу) отчеттук – маалыматтык очерк, же анализ калтырышпагандыктан, жаңы окуучулар, агай-эжелер унутуп деле калышып, кайсыл бир мезгилде жөн эле иштеп кеткен деген гана ойду билишип калды.

Илимий жетекчилик Абдуракуп, Саадат Саттаровнанын үй-бүлөлөрүнө, балдарына ыраазы. Ушул кызматты иштеп жүрүп, 8 жыл ичинде эки жолу Америкага, башка чет өлкөлөргө чакыруу менен барып келди, райкеңешке депутат болду, райондук Кеңештин төрайымы, райондук элге билим берүү бөлүмдүн жетекчиси болуп иштеди, Абдуракуп Бишкекке чоң үй салды. Балдары өтө жакшы окууларды бүтүштү, азыр да жакшы кызматтарда иштешет. 1992-жылы сентябрда илимий жетекчи берген убадаларды Саадат Саттаровна үй-бүлөсү менен өздөрү аткарышты, биз себепчи гана болуп калдык.

Билимкананын азыркы, кийинки жетекчилери сөзсүз С. Саттаровнанын иштөө стилин, эл менен мамиле кылуу ыкмаларын өздөштүрүүсү керек.

* * *

Илимий жетекчилик канчалык суранса да С. Саттаровнанын чет өлкөлөргө агай-эжекейлерди, керек болсо өзүнүн ордуна жөнөтөбүз деген өтүнүч аткарылбай калды. Бир-эки эжеке гана Бишкекке семинарларга келип жүрүштү. Мугалимдер өздөрү да активдүү кызыгып, аракет кылышпады көрүнөт.

Математика багытындагы олимпиадалык, конкурстук жаңы чыккан жыйнактар, кирүү экзамендерине даярдоочу китептер, математикалык журналдарды китепканага жаздыруу унутулуп, семинар-тренинг (өзү катышкан) материалдар да китепканага берилбей калды.

Билимкананын жетекчиси катары катышкан бардык иш-чаралар (семинар, тренинг), курстар, командировкалар сөзсүз кыскача отчет түрүндө жазылып, материалдары тиркелүүсү керек.

Холли ж. б. волонтерлор боюнча бир барак да кагаз жок. Алар кантип, эмнеге келишти, эмне жумуш аткарышты – бүгүн белгисиз. Жомоктогудай эле бир келип кеткен деген гана үч сөз калды.

Көптөгөн делегациялар келип кетишкендигин оозеки билебиз. Бирок, качан, эмнеге келишти – эч маалымат жок. Билимкананын архивинде же китепканасында эч материалдар табылбайт.

Түркияга билим берүү мекемелери менен алака түзүү максатында 12 киши Истамбулга барып келишкен. Кандай байланыш түзүлдү? Кийинки группалардын баруусуна сүйлөшүүлөр жүргүзүлүүсү керек эле. Бир сүйлөмдөн турган да отчет жок. Жардам бергендер билетинерди бергиле деп он жыл суранып жүрүштү.

* * *

Ошентип, канчалык ийгиликтерге аракет кылып, жыйынтыктары эң жакшы болгон күндө да убакыт өткөн сайын унутулуп калаары эми билинип отурат.

Жасаган жумуштардын отчетун, анализин жаза билип, китепканада калтырылганда, кээ бир жагымсыз сөздөр да айтылбайт эле.

Архивдик материал сурасаңыз эле – мурдагы жетекчилер машинага жүктөп кетишкен – деп жооп беришет.

Азыркы жетекчилик да сабак алгысы келбейт көрүнөт. Кечээки сөз бүгүн жок - деген принцип адат болуп бара жатат.

Убагында сезилбеген бул кемчиликтер негизинен илимий жетекчиликтин системалуу архивдик материалдарды түзүү жөнүндө аракети жетишсиз болгондуктан келип чыкты. Мурдагы жетекчилердин теңдешсиз жасаган ар бир ишин, күндөп-түндөп чын дилден жасаган аракеттерин, окуучулардын сүймөнчүлүгү болгондуктарын билимкана коллективи, эл-журт, илимий жетекчи өтө жогору баалайт.

Бүгүнкү жетишпестик учурларда мугалимдерди мобилизациялоо, өз предметтерин өтө жогорку деңгээлде билүүлөрү, үйрөтүүлөрү – эң биринчи өздөрүнүн эмгеги, ийгилиги. Экинчи – жетекчилердин талыкпастыгы. Өжөрлүгүнүн натыйжасы.

* * *

28. Билимкананын дагы бир жетекчиси – Токур (Мукушалы) Сулайманович Мамарасулов агай билимкана түптөлгөндөн баштап чечүүчү, новатор педагог катары иштеп келе жатат. Билимкана жетекчилигинде 10 жылча кызмат өтөдү.

Ош педагогикалык институтун эң жакшы баалар менен бүткөндөн кийин ар түрдүү мектептерде иштеп, көптөгөн окуучулардын, мектептердин келечегин түптөп берди. Он беш жылга жакын райондук элге билим берүү бөлүмүндө жооптуу, жетекчилик кызматтарды аркалап, ошол доордун курч менеджери болуп калыптанган инсан. Айтылуу Мамарасулов Сулайман агайдын уулу. Сулайман агай бизге математикалык ой жүгүртүүнү гана үйрөтпөстөн, эл кызматын аткарууга да жол ачкан, түштүктөгү бирден-бир математик, республикага эмгек сиңирген мугалим. Атасы Мамарасул молдо репрессияга туш болгон аалым адамдардан болгон.

Токурдун апасы Сара чоң энебиз Ысык-Көлдүн Челпегинен келип, биздин айылда математик мугалими болуп иштеп, кара-таштык болуп калган. Эмгекчил инсан болгон.

Айылда, кала берсе райондо бул үй-бүлөнүн өз орду бар, убагында китептер арналат деп ойлойбуз.

* * *

29. Токур агай аксакалдардын суранычы менен директор болуп бекилгендиктенби, эл-журт өкүлдөрү менен өтө жакшы иштөө стили менен айырмаланат.

Райондук билим берүү бөлүмүнүн инспектору болуп иштеген тажрыйбалары жардам берип, билимканада тартип күчөдү, математикалык багыттагы иштер өтө жанданды десек болот. Математика боюнча райондо эң алдынкы мугалим болгондугу - билимканада математикалык маданият көтөрүлүп, башка сабактардын сапатынын өзгөрүшүнө алып келди.

Тестирлөө системасын окуучуларга, мугалимдерге өтө жакшы үйрөтүү ыкмасын ишке ашырып, окуучулардын тесттерди чечмелөө ылдамдыгынын өтө жогорулугу акыркы он жылдык диаграммалардан көрүнүп турат.

Өзүнүн көз карашы менен мугалимдерди, билимканачыларды башкаруу ыкмасы бар. Катуу сүйлөп, эмоцияга алдырбайт.

Кээде бул жумшак мамиле кээ бирлерине жага бербөөсү мүмкүн.

Интернетке кирүү кыялыбызды да Токур агай ишке ашырды. Эч бир халтурага жол бербейт.

Билимканада долбоорлорду жазуу, донорлор менен активдүү иштөө салты басандап бара жатат. Архивдик материалдарды түзүү иши да өтө жай.

Токур агай өтө эле кадыр-барктуу инсан болгондуктан, кээ бир мугалимдер өздөрүнүн көкүрөгүн өйүткөн суроолорун талкууга коё алышпай калган учурлар болоорун айтып жүрүшөт.

Токур агай – өтө эле прагматик. Ошондуктан, кээ бир долбоорлорго ишендирүү кыйын. Жумушта тууганчылыкка, таанышчылыка көп деле жол берген жок.

* * *

Бул китепчебизде окуучуларга, ата-энелерге, мугалимдерге, билимканага келечекте аткарылуучу көптөгөн долбоорлор сунуш кылынды. Билимкана жетекчилиги бул иштерди чын дили менен жасоого, коллективге да жасатууга милдеттүү. Себеби, билимкананын өнүгүүсү үчүн башка жолубуз жок.

Билимкананын бул он жылдык өнүгүү этабы өтө жогорку планкаларды талап кылат.

Мугалимдерди чет өлкөгө алып баруу үчүн долбоорлорду ойлоп табуу, ишке ашыруу зарыл.

Эл аралык олимпиадаларга интернет аркылуу катышуу мадаиятын иштеп чыгуу. Бул багыттагы долбоорлорду күчөтүү керек. Же болбосо, Билмканада эл аралык интернет олимпиадаларын өткөрүүчү долбоорун ишке ашыруу.

Окуу процессиндей эле эң зарыл иш – бул билимканага жатаканага бардык шарты бар (благоустроенный) ажаткана (уборная эмес) куруу долбоорун ар күн көзөмөлдө кармоо, сөзсүз бүтүрүү.

Бишкекте өтө жогорку деңгээлде илимий конференция өткөрүп, коомчулуктун кызыгуусуна жооп берүүбүз керек.

Жетекчи ар бир мугалимдин ички оюн ишке ашыруусуна көмөк көрсөтүүгө тийиш.

Ар бир мугалимдин билимканада иштеген убагында өзгөчүлүктөрү жөнүндө китепче, аңгеме жазуулары керек. Мугалимдердин жазгандарын өзгөртпөстөн туруп, билимкана летописине киргизүү керек.

Быйыл, билимкана тарыхы боюнча ар бир окуучу реферат жазууга тийиш. Реферат темалары 1987-1989-2010-жылдары боюнча түзүлүүсү керек. Билимкана летописин окуучуларга график боюнча окутуп, сунуштарын алуу долбоорун колдоочулар бар.

* * *

1995-жылы билимкананын негиздөөчүлөрүнүн бири Мамаюсупов Маккамбай Шеранович – Токур агайдын делегация жетекчиси

катары Түркиянын ири шаарларына барууга билимкананын ири долбооруна колдоо көрсөткөн:

1. Мамарасулов Токур – делегация жетекчиси, билимкана мугалими
2. Саттарова С. С. – билимкана директору
3. Эгембердиев А. – Менделеев атындагы өзбек тилиндеги мектептин завучу
4. Худайбердиев А. – Аль – Хорезмий өзбек тилиндеги математикалык гимназиясы
5. Паязов А. – Ноокат элге билим берүү бөлүмүнөн
6. Чылымов А. – депутаттын жардамчысы
7. Имакеев Н. – депутаттын жардамчысы
8. Гулира Акматали кызы – Арбын айылы, билимкана окуучусу
9. Токтосун Ташанович Мадумаров – Кара-Таш айылы, билимкананын окуучусу.
10. Жоомарт Пиримбердиев – Эски-Ноокат айылындагы билимкананын окуучусу.

30. Бул долбоордун уландысы катары Бугалча эже (Борбаш айылы) Америкага, Саадат Саттаровна – Америкага, Алма-Ата, Ташкент, Душанбе шаарларына барды. Ноокат районунан бир топ активдүү инсандар да ондогон чет өлкөлөргө барып келишти, көптөгөн гранттарды алып, чоң долбоорлорду ишке ашырышты: Мамасадык – Жаңы Ноокатта чакан ГЭС, Исматилла – Карагойдо чарба-өнүктүрүү, Жолболдиев Абдыгыны – Кара-Ташта мал чарба өнүктүрүү долбоорун ишке ашырышты, мындан башка да ондогон маалыматтык борборлор, компьютердик жабдуулар ар түрдүү донорлор тарабынан ишке ашырылды.

* * *

Кыргыз-Америка университетинин негиздөөчүсү, профессор Джон Кларк Эльмира, Барышникова эжекелерин колдоп, Ноокатта америкалык мектеп ачуу үчүн түзүүчү болуп берди. Ганси базасы компьютер беришти. Эльмира эжеке кыйынчылыктарга

чыдабай, ата-энелердин колдоосунун жетишпестигинен, эң негизгиси Ноокат шаарынын интеллигенциясынын көңүл коштугунан бул келечектүү мектепти жаап ташташты. Джон Кларктын колун койдуруу үчүн биздин тизелеп сурангандыгыбыз текке кетти.

* * *

Токур агайдын тажрыйбасы – билимкана бүтүрүүчүлөрүн, башка демилгелүү, белгилүү инсандарды билимкана проблемалары менен түшүндүрүп, билимкананы ар дайым ойлой турган, колдоо эстафетасын үйрөтүүгө жетет деп ойлойбуз.

Билимканада иштеп кеткен, иштеп жүргөн мугалимдер, волонтерлор боюнча өзүнчө Летопись жазылат деген үмүт бар.

Бул летописте рдин жаралуусу билимкананын чыныгы тарыхын, проблемаларын кызыккандар үчүн түшүнүктүү болуусуна жардам береринде шек жок.

Билимкана жөнүндө киносценарий жазып, көркөм фильм тартуу долбоорунун ишке ашуусу да узак эмес.

Билимкана тажрыйбасы боюнча илимпоздор тарабынан иликтөө иштери кызуу башталды. Летопись маалыматтары изилдөөчүлөрдүн ишин да жеңилдетет.

Летописте рдин үстүнөн толуктоо, оңдоо, кошуу, тактоо иштери тынымсыз жүрөрүндө шек жок. Атайын чыгармачыл топ бул жумушту атайын долбоор катары белгилешсе – колдоочуну таап берүү илимий жетекчинин милдети.

Билимканада окуучулар өтө кызыккан, келечекте ой жүгүртүүсүнө, дүйнө таанымына түрткү бере турган керектүү темаларды (окуу программага кирбеген) факультатив кружок, семинар, тренинг түрүндө үйрөнүүгө, таанышууга мектеп жетекчилигинин эң биринчи колдоосу, формасын аныктап кайсыл бир предметтик мугалимдин координациялоосун камсыз кылуу зарыл. Керектүү материалдар китепканада бар.

* * *

Архитектура сабагы мектеп программасында жок болгону менен келечекте ар бир инсанга керектүү илим. Эң жөнөкөй архитектуралык курулуштар – күндөлүк жашоо үчүн салынуучу кооз үйлөрдүн макети, чиймеси. Сарпталуучу материалдардын көлөмү, үйдүн тегерегиндеги архитектуралык кооздоп жасалган кошумча курулушчалар. Көчөлөрдүн архитектуралык талаптарга жооп берүүсү. Айылдын, райондун, чоң шаарлардын генералдык планалары жөнүндө. Генплан ким тарабынан бекилет, ким аткарат.

Улуттук архитектура жөнүндө түшүнүк. Боз үйдүн архитектуралык чиймеси. Боз үйдү куруу, чечүү жасалгалоо жолдору.

Чыгыш, Орто Азия архитектуралык жөнүндөгү маалыматтар, Антикалык курулуштар, Готика жана Бароко стилдери жөнүндө түшүнүк.

Окуучуларга ар бир үйгө өтө керек, бардык шарты бар ажатканалардын архитектуралык чиймесин, сүрөтүн иштетип чыгаруу. Канализация системасын жок дегенде бир мектеп, же бир үй үчүн жасала турган макетин түздүрүү. Кетүүчү материалдардын баасын, көлөмүн аныктоочу долбоорлорду түздүрүү. Ишке ашыруу үчүн донорлорду издөө.

Дүйнө жүзүндө архитектуралык ойлорду, долбоорлорду коллоочу миңдеген донордук уюмдар, фонддор бар. Интернет аркылуу байланышка чыкса болот. Күнүнө дүйнөнүн кайсыл бир чоң шаарларында архитектураны үйрөнүүчүлөр үчүн семинарлар, тренингдер өтүлүп жатат. Бизде жана биз жөнүндө маалымат гана жок. Ошондуктан, бизди эч ким чакырбайт, күтпөйт (азырынча).

* * *

32. Музыка дүйнөсү менен билимканачылар жашоо ыргагына жараша тааныш. Көбүнчө жеңил, оюн-зоок музыкаларын угушат.

Улуттук музыка жөнүндө түшүнүктү берүүдө – комузчулар, төкмөлөр, акындар, аткаруучулар менен кошо, залкар күүлөрдүн,

ыргактардын философиялык, тарыхый маанилерине токтолууну, изилдөөгө кызыктырууну максат кылсак жакшы болот.

Мамлекетибизде улуттук музыкаларды жандандыруу боюнча конкурстар, изилдөөлөр өткөрүлүүдө. Биз катышууга, учкашууга аракет кылуубуз зарыл.

Опера, балет жөнүндө түшүнүктөрдүн эмнеге керектигине окуучуларды өз алдынча ойлондуруу.

Дүйнөлүк классикалык музыкалар жөнүндө учкай болсо да билүүбүз керек. Иоганн Штраус, Моцарт, Шопен, Брамс, улуу Паганини ж. б. Бул дүйнөлүк искусство адамдары жөнүндө материалдар китепканада толугу менен бар.

Кыргыз классиктери – А. Малдыбаев, Фере, Н. Давлесов ж. б. Элдик классиктер – Атай, Барпы, Алыкул, Токтогул, Ботобай, Эстебес ж. б. темаларында кечелерди өтүү.

Кыргыз эстрада ырчыларынын жергиликтүү өнөрпоздордун ийгиликтери жөнүндө концерттик программа долбоору өтө кызыктуу, көп каражатты талап кылбайт.

Классикалык бийлерден (танго, вальс) баштап, улуттук бийлерди ар бир окуучу угуп, үйрөнүп койгону жакшы.

Билимкананын фольклордук, эстрадалык тобун түзүү (мүчөлөрү сөзсүз эле окуучу болушу зарыл эмес) үчүн кетчү каражаттардын көлөмүн аныктоочу долбоорду даярдоо, илимий жетекчилик менен бирдикте ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн табуу. Балким, продюсердик борбор түзүүнүн демилгечиси болуу.

Бул багытта биздин айылда профессионал эки адам бар. Экөөсү тең республикада өз ордулары бар, бирок, азырынча калың эл тааный элек: Мамасалиев Мурза, Карбеков Каныбек.

* * *

33. Сүрөт, скульптуралык монументалдык искусство жөнүндө баштапкы билимди алууга билимканада толук мүмкүнчүлүгү бар. Райондун эң кыйын сүрөтчүлөрүнүн бири билимканада көп жыл тарбиячы болуп иштеп жүргөн Мамытов Эргеш агайдын бул багыттагы потенциалын эч ким пайдаланбады.

Графика, пейзаж, боёк (холст) менен иштөө ыкмаларын үйрөтүүчү ийримге долбооруна каражат табуу мүмкүнчүлүгү көп деле татаал эмес. Каалоочуларды аныктап, эч болбогондо айыл адамдарынын сүрөттөрүн, улуттук орнаменттер, оймо-чиймелер, таштардагы жазуулардын көчүрмөлөрүн, килем, кийиз, шырдак, боз үй жасалгалары, элечек, калпак, төшөк-жаздык, кеште түрлөрүнүн графиктерин чийүү сырларын үйрөнүп коюу артыкчылык кылларын тартуу. Не бир сонун тоо гүлдөрүн, булактарды, арчаларды (тегерек арча) башка токойлордун пейзаждарын тартуу (Шишкин чыгармаларындай тарттыруу.

Япондор сакуранын гүл ачуу саатын бүт өлкө боюнча билишип, майрамдашат. Сакуранын сүрөтүн тартуу, философиясын ачып көрсөтүүчү сүрөт – эмгектери көп тартылган.

* * *

34. Билимканада сөзсүз интернет клубу болуусу керек. Саатына акы төлөп кызмат кылчу интернет-кафе долбоорун ишке ашырсак, сайттарды түзүү, компьютердик дизайн, кичи полиграфия долбоорлору ээрчип келет. Билимкананын ар бир окуучусунун, мугалимдин электрондук адреси болуп, кат алмашуу күндөлүк адатка айлануусу зарыл.

Цифралык фотоаппарат. Видеоаппараттарды колдонууну үйрөтүүчү ийримдер өтө кызыктуу болуп, тез эле ар бир окуучунун мүмкүнчүлүктөрүнүн бири болуп калат.

Нано технология жөнүндө изилдөөлөрдү колдоо, акыркы илимтехниканын, электрониканын жаңы баскычтагы түшүнүктөрүн окуучуга калыптантат.

Сөзсүз түрдө персоналдык компьютерлерди айрым-айрым деталдардан жыйноо усулун ар бир окуучу билүүсү керек. Өзүң жыйнаган компьютер он эсе арзан болот, бузулбайт. Себеби, ондогонду, блок алмаштырганды өздөштүрүшүп алышат. Кытайда, Японияда,

Чыгыш Азияда компьютерди жыйноо (желтая сборка) бизде спиралдардан жасалма печка жасагандай эле жөнөкөй кабыл алынып, нано технологиядан кийинки этапты өздөштүрө башташты.

* * *

35. Билимкана базасында жеңил машина айдоочу курсту ачуу үчүн, жол эрежелерин жазуу боюнча азырынча жалгыз кесипкер – полковник Канат Өмүрбаевдин китебин билимканага өз каалоолору менен жазып берди. Бул китепти чечмелөө жана кыргызча варианты чыкканда билимканага илимий жетекчи алып келип берет.

Бул долбоорду Жолболдуев Абдыганы агай сыяктуу демилгечил топ болсо, курсту ачуу долбоорун колдоочу адамдар табылат. Изденүү керек.

* * *

36. Кыргызстанда кийим тигүүчүлүк жакшы өнүгүп, Россия, Казакстан базарларында бизден тигилген буюмдар жакшы өтүп жаткандыгын баарыбыз билебиз. Моделдик агентстволор, көргөзмөлөр эл аралык деңгээлге чыкты.

Эгерде тигүүчүлүк ийримин түзүп, кандайдыр бир деңгээлге көтөрө алууну билимкана жетекчиси уюштурса, андан аркы өнүгүүсүн, жаңы керектүү жабдууларды табуу, даяр продукцияны өткөрүү долбоорун илимий жетекчи колдоп берээр эле.

37. Адамзат баалуулугуна туура келген кандай гана кошумча долбоорлор, ойлор болбосун, билимкана коллективи тарабынан илимий жетекчилик менен бирдикте колдоо табат.

УЛУТТУН ТАГДЫРЫ БИЗДИН ӨЗҮБҮЗДҮН КОЛУБУЗДА

Адамзат өнүгүүсүнүн ар бир доорунда ата-журтубузда өзүнчө өзгөрүүлөр болуп, бир канча жүздөгөн жылдар кыргыз каганаты гүлдөп-өсүп, кээ бирде тыркырап тозуп, үмүтсүз жашоолор да элибиздин башынан өткөн. Акыркы эки жүз жылды алсак, элибиз кайрадан биригип, ата-журтубузда мамлекет түптөөгө, кайрадан жандануурга өткөндүгүнө күбө болобуз.

Бүгүн да өз ата-журтунда мамлекетин кура албай калган канчалаган эл, улуттар бар. Кыргыздар да мамлекеттүүлүгүн бир канча жолу түптөп, каганат империя түзгөнгө чейин жетип, доорлордун агымында көптөгөн кылымдар өлкөсүз калып, тентип кетүүгө мажбур болгон күндөрдү өткөрүп, акыркы мамлекеттүүлүктү СССРдин ичинде алып, толук эгемендүүлүккө ээ болгонубузга жыйырма беш гана жыл болду. Мамлекет куруу кандай татаал экендигин ар бирибиз түшүнүп калдык. Ар кандай кыйынчылыктар, жоготуулар, түшүнбөөчүлүктөр, бөлүнүүчүлүктөр, кысымдар айкындала баштады.

Тарых барактарында биздин ата-журтубуздун таркалган айматарынан, кичинекей гана бөлүгүндө жашап жаткандыгыбыз жазылып калган. Эгерде элибиз билимдүү, маданияттуу, күчтүү, бай мамлекетти курууга бел байлабаса, күндөп-түндөп аракет кылбаса, талыкпастан эмгектенбесе, бизге пайдалуу дүйнөлүк экономикалык, соода-сатык алакаларды түптөп, өнүктүрбөсө жана өлкөнүн саясий аренасында өз ордун бышыктабаса – мамлекеттүүлүктөн кол жууп, ата-журтубуз бөлүнүп кетүүсүнө себепкер болуп калуу коркунучу бар. Бул жагдайды күткөн сырткы күчтөр да бар экендиги саясий аренада байкалып турат. Мезгил-мезгили менен айрым ички күчтөр да өз жүздөрүн, ойлорун көргөзүп коюуда. Элибизде «Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман», – деп айтылат. Кандай гана чагымдуу күчтөр болбосун, элибиз эгемендүүлүктү бербестигин айкын далилдеп койду. Ар бир

кыргыз ата-журтубузду коргоого даяр, өлкөбүздө жашаган башка улуттардын да дээрлик көпчүлүгү мамлекетибиздин бүтүндүгүн каалашат.

Акыркы жыйырма жылдык тажырыйба көргөзгөндөй, кандай гана жакшы программа менен саясий күчтөр бийликке келбесин, элсиз ийгиликтин болбостугуна, бийликтин сөзсүз саясий кулоосуна алып келээри ачык билинди. Эл, шайлоочу шайлоо учурунда алдангандыгы менен аз эле убакытта өкүнүп, керексиз бийликти жок кылуучу күчкө айланып, кайтпас болуп калаары ачык. Балким, дүйнөлүк практикада мындай учурлар сейрек, же жай кездешет. Бирок, кыргыз тарыхы тебелендиге, баскынчылыка, теңсиздикке, көз боёмочулукка, саясий алдоолорго кескин ишенбестигин далилдеди. Бийликти өз кызыкчылыгына, же бир топту жөлөп-таёого, жаккандарын мураскорлукка даярдоого эч жол берилбестигине ар бирибиз ишенип, аксиома катары кабыл алуубуз керек. Бийликтин кайсыл тепкичинде болбосун тууганчылыкка тартуу, «менин ордума баламды колдоп койгула» сыяктуу ойлорду түп-тамырынан ар бир кыргызстандык мээсинен чыгарып, ак ниет кызмат кылууга бет алуусу керек.

Бийлик тепкичтеринде иштеген атуулдар сөзсүз таза, өзүнүн өмүрүн арнап койгон адамдар болуусу зарыл. Эл ичинде мындай адамдар өтө көп, аларды мамлекетке иштөөгө үйрөтүп, машыктырып, эл аралык тажрыйбаларды башынан өткөрүп, өзүнүн каныжаны мамлекеттики деген сезимин, ишенимин күчөтүүбүз шарт.

Саясий бийликке келген топ эң биринчи элди, шайлоочуну ойлоосу керек. Шайлоо учурунда кандай гана бурмалоолор элдин аң-сезимине сиңирилет, эл ичинде билинбеген саясий, а балким, туугандык ажырымдар пайда болуп, көпкө чейин унутулбай калуусу мүмкүн.

Бийликтеги топ, мамлекет элди кезектеги шайлоодо кандай болоор экен деген сезимде эмес, мамлекетти өнүктүрүүдөгү аракеттерди тез күчөтүүсү зарыл.

Бийлик өз программасындагы жакшы жашоону теория, максат катары калтырбастан, өткөнгө шылтабастан, элди жакшы жашоого мобилизациялоону практикалык түрдө токтоосуз баштоосу керек.

Эң оболу элдин күндөлүк жашоосунда көтөрүп, ойлонуп жүргөн түйшүктөрүнөн баштап, глобалдык, эл аралык деңгээлге чейинки иштердин жыйынтыгын чыгаруу формуласын, жол-жобосун элге айтып, эл менен бирдикте чечүү кадамдарды ачык ишке ашырууга багыт алып, натыйжасы көрүнүп туруусу керек.

* * *

Биздин программабыздагы кээ бир орчундуу маселелерди чечүү, ишке ашыруу алгоритмине, кадамдарына, ыкмасына токтололу.

I.Миграция

Россияга иш издеп кетип жаткан эмгек мигранттарынын негизги проблемалары:

- күтүүсүздөн, тааныштын же тууганынын иштеген жерине даярдыксыз жөнөөсү;
- ар кимге алданып, акча төлөп бара жаткандар;
- орус тилин билбегендик;
- Россиянын кайсыл региондорунда, райондорунда, айылдарында жумуш орун-вакансияларды билбестиги;
- Россиядагы чет өлкөлөргө коюлган талап, паспорттук – виза, бажы ж. б. эрежелерден, мыйзамдардан кабарсыздыгы;
- курулуш багытында тийиштүү кесиптик документтер, разряддардын жоктугу. Эч болбогондо сантехник, электрик, айдоочу деген документтердин болуусу, иш тажрыйбага ээ экендигин далилдөөчү аттестациялык документтер, кесиптик чеберчилик ж. б. у. с.
- атуулдукту албай иштөө мүмкүнчүлүктөрү;
- атуулдукту алуу жол-жобосу, алгоритми;
- жаш балдарды окутуу, бакчага берүү эрежелери;
- депортацияга туш келүү; ж. б. у. с.

Миграция боюнча мамлекеттик орган, элчилер, консулдар, коомдук уюмдар, кээ бир атуулдар тарабынан орчундуу жумуштар жасалууда. Бирок, бул өтө жетишсиз. Отчет үчүн ЖМК, ТВ

аркылуу акыл айтуулар, айрым жолугушуулар үстүртөн айтылып жүрөт. Баары эле иштеп жаткандай, проблемалар тез чечилип жаткандай – көз боёмочулук маалыматтар берилет.

Миграция боюнча мамлекеттик орган айыл өкмөтүнөн баштап, борбордук бийликтерге чейин бул проблемалардын чечилишин координациялоосу керек. Кээде бул мамлекеттик орган кээ бир коомдук уюмдардын артынан ээрчип, иш кылгандай да сезим калтырат.

– Ар түрдүү эмгек мигранттарынын кыйынчылыктарын чагылдырган көркөм, публицистикалык чыгармалар массалык түрдө жазылуусун улантуу;

– Кыргызстандын бардык ТВ, радио күнүнө бир сааттан кем эмес миграция маселесин саясий, илимий өңүттө эмес, практикалык багытта миграция проблемаларын белгилеп, аны чечүү жолдорун, алиппесин кайра-кайра берүү, элдин мээсине сиңирүү;

– Бүт айыл өкмөттөрү, жергиликтүү бийликтегилерди миграция проблемалары боюнча окутуп, чечүү жолдорун үйрөтүп, элди чет өлкөгө жөнөгөнчө курстан (семинардан) такай өткөрчү (айына бирден кем эмес) долбоорду ишке ашыруу;

– Областтык, райондук жетекчилерди Россиянын жергиликтүү бийликтери менен тикелей байланыш түзүүгө мажбурлоо, тынымсыз жооптуу кызматкерлерин мигранттардын проблемаларын чечүүгө чегерүү,

– Миграция боюнча мамлекеттик органдардын кызматкерлерин мажбурдук түрдө мигранттар жашаган айыл-шаарларга жөнөтүү (бир айда эки жолудан кем эмес);

– Миграция проблемаларын чечүүнү түшүндүрө билген журналисттерди, коомдук ишмерлерди даярдоону уюштуруу;

– Соода-сатык кылуу эрежелерди, алгоритмдерди, проблемаларды, өзгөчөлүктөрдү элге тынымсыз түшүндүрүү (ММК күнүнө);

– Чек аралардан өтүүдөгү документтерди толтурууну күндө ТВде чагылдыруу, элге үйрөтүү;

– Таможнялардан өтүүнүн өзгөчүлүктөрүн телепрограммаларда жумасына бир жолу түшүндүрүү;

– Россияда патент алуу жолдорун, ишке уруксат кагаздарын жыйноону үйрөтүүчү телепрограммалар (жума сайын); ж. б. у. с.

Бул жумуштар өтө маанилүү, себеби 500 000-1 000000 ишке жарамдуу атуулдар, эмгек мигранттары бар.

– Өнүккөн өлкөлөргө (Корея, Япония, США, Евросоюз ж. б.) эмгек мигранттарына квота алууну күчөтүү, айына ТВ, ЖМК аркылуу элге жол-жобосун жарыялап турууга мажбурлоо;

– Студенттерди, окуучуларды, аспиранттарды, магистранттарды каникул учурунда эмгек орундарын чет өлкөлөрдө табууну мамлекеттик деңгээлде жөнгө салууну күчөтүү, айына ТВ, ЖМК аркылуу элге жол-жобосу менен айтып турууну миграция органдарына жүктөө, көзөмөлгө алуу;

– Чет өлкөлөрдө атуулдук алган биздин кыргыз мигранттарыбызга, ошондой эле этникалык кыргыздардын биздин ата-журтубузда менчикке ээ болуусуна, эркин, текшерүүсүз (көчөлөрдө) жашоого шарт түзүү. ТВ, ЖМК аркылуу айына так маалымат берүүнү миграция органдарына жүктөө, көзөмөлгө алуу ж. б. у. с.

II.Бизнес

Эзелтеден кыргыздар мал жандуу болгондон кийин мал багуу философиясын, жаратылыштын эң таза мөңгүлөрүнүн, булактарынын суусун, жайлоолорун, токойлорун ж. б. табияттын кооздуктарын укумдан-тукумга мураска калтырып кетишкен. Аталарыбыздан калган улуттук тамак, суусундуктар, салт-санаалар, маданиятыбыз бизге жеткен Улуу мурас. Дүйнөнүн эч бир эли ушундай мураска ээ эмес.

Бирок, бүгүнкү дүйнө элдери менен алака кылууда ар бир кыргыздын бай, билимдүү, өнөрлүү, болуусу шарт болуп калды. Ошондуктан, заманга жараша биз кийинки муунга күчтүү жана бай мамлекетти, экономикалык жактан эч кимге көз карандысыз жашоону калыптандыруубуз зарыл. Бизнестин малдан башка да түрлөрүн элге терең өздөштүрүп, жер жүзүндөгү жети миллиард элдин алдына чыгууга, менчик ээси болууга жол көрсөтүп, үйрөтүп, бизнес лидерлери болуусуна биз өзүбүздү жоопкербиз деп эсептейбиз.

- мал чарба продукцияларын иштеп чыгуу, дүйнөлүк базарлардан орун ээлөөгө жергиликтүү жана борбордук бийликтердин негизги стратегиялык иши катары бекиттиртип, ЖМК, ТВ аркылуу тынымсыз ар түрдүү тажрыйбаларды көрсөттүрүп, керек болсо Ата журтубуздун ар бир аракетчил атуулун үйрөтүүнү – мамлекеттин өзүнө алуусун камсыз кылуу;
- айтылуу Баткен өрүктөрүн, Үч-Коргон гиластарын (черешняларды) Ата журтубуздун бардык (климаты туура келген) булуң-бурчтарына питомниктерди түзүү менен жайылтууну мамлекеттик саясатка айландыруу;
- Чүй, Ысык-Көл, Талас, Нарын, түштүк региондорунун дээрлик айылдарында акыркы 20 жыл ичинде аталган жумуш ийгиликтүү эксперименттен өттү десек болот. Дүйнөлүк базарда мындай сорттогу өрүк, гилас тез эле сатылбастан, чексиз пайда алып келээри көрүнүп турат.

Эгерде бул жемиштерге – жаңгак, мисте, бадам, алма, алмурут, жүзүм ж. б. элиталык түрлөрүн көбөйтүүнү, Ата журтубуздун бардык региондорунда дүйнөлүк базарда тез сатылчу түрлөрүн өндүрүүнү мамлекеттик саясатка айландырсак, элибизге 10-15 жылдан кийин эбегейсиз байлык агып келе баштайт. Бул ишибиздин элдин аң-сезиминен орун алуусу үчүн ЖМК, ТВ мүмкүнчүлүктөрүн күнүнө колдонууну мамлекетибизге салттык иш катары кабыл алдыруу.

- картошка, сабиз, буурчак ж. б. жашылча-жемиштерди иштетүүчү, дүйнөлүк базарларда экологиялык таза, өмүрдү узатуучу продукциялар катары таанытып, сатууну мамлекеттик саясатка айландыруу. Бал өндүрүүчү маданиятын ар бир атуулубузга жаштайынан үйрөтүүнү мамлекеттик саясатты иштеп чыгып, жүзөгө ашыруу.
- Эгемендүүлүк жылдары элибиз соода-сатыктын, өндүрүштүн айрым түрлөрүн өздөштүрүшүп, бизнес негиздерин жашоо маданияты катары кабыл алып калышты. Өздөрүн эркин сезип, чет өлкөлөргө өнөктүк издөө үчүн каттагандардын саны көбөйдү.

Бирок, бизнестин бул түрлөрүнүн көпчүлүгү чет өлкөлүк ишкерлердин монополиясы болгондуктан, биздин ишкерлер экинчи

планда калып калышууда. Кыргыз ишкерлерин колдоо, үйрөтүү, дүйнөлүк аренага кошуу мамлекеттик саясатта орчундуу орунду ээлесе гана элибиздин ичинде тамак-ашы жетиштүү бай орто катмар пайда болот. Эл бай болсо гана мамлекет бай боло алат – деген тезисти мамлекеттик деңгээлде ишке ашыруу милдети.

- Укумдан-тукумга калуучу үйлөрдү, мекемелерди, жолдорду салууну, ондоп-түзөө иштерин мамлекеттик саясатка айландырып, жакшы жашоо мүмкүнчүлүктөрүн, резервдерин (сепсиз чыгымдарды азайтуу жолу менен) ТВ, ЖМК аркылуу улуттук идеологияга киргизүүнү ишке ашыруу.
- Коомдук мекемелерди, жолдорду курууда сөзсүз түрдө баардык шарты (канализация системасында) бар ажатканаларсыз пайдаланууга берилбейт деген нормасы бар мыйзам иштеп чыгуу. Бул мыйзамды мектептерде, бала-бакчаларда, ооруканаларда, базарларда, ашкана-кафе-ресторандарда ж. б. коомдук мекемелерде сөзсүз түрдө бардык шарттары бар ажатканалардын болушун камтып, эл-журтка, айрыкча айыл жерлеринде мындай шарттардын болушу улуттук маданияттын бир бөлүгү катары мамлекеттик идеологияда орчундуу орунду ээлөөсү керектиги камтылат.
- Биз бул шарттарды түзмөйүнчө, айрыкча айыл жерлеринде түзмөйүнчө, эч качан орчундуу чет өлкөлүк инвестиция, капитал (акча), технология келбейт, туризм өнүкпөйт.
- Ажылыкка барып келген биздин атуулдарыбыз, чет өлкөлөргө жумуш боюнча барып келген мекендештерибиздин көпчүлүгү бизде бизнестин өнүкпөй жаткандыгынын бир себеби – таза, жыттанбаган ажатканалардын жоктугунан экендигин билип калышты. Бул жумуштарды эл, мамлекет кааласа ички резервдердин эсебинен бүтүрсө болот. Туризмди өнүктүрөбүз деп миндеген конференция өтүүнүн ордуна, туристтер баруучу, же келүүчү жолдордун ылайыктуу жерлеринде ондогон таза шарттуу ажатхана (сөзсүз канализациясы менен) курулса, ошондо коноктор көбүрөөк келээринде шегибиз жок.
- «Бизнес» англис тилинен которулганда жумуш деп эле которулат. Демек, бизнес кылуу деген – жумуш кылуу, эмгекте-

нүү же өзүндү-өзүң багууну камсыз кыл деген эле сөз. Бизнесмен – өзүн-өзү жана башкаларды бага ала турган адам деген сөз. Башкача айтканда, кыргыз – эзелтен бизнесмен. Биздин каныбызга сиңген идеология – жер жүзүндөгү элдердин баарын бага алат деген идеология.

Ошондуктан, кыргыздар бизнестин бардык тармактарын тез үйрөнүшөт. Бирок, ийгилик оңой келбейт. Жер жүзүндө жети миллиард өнөктөшүбүз, атаандашыбыз бар. Беш миллион элибиздин ар бири 1500 кишидей эмгектенсек, окусак, аракет кылсак, жарыша билсек гана бизди дүйнө элдери таанып, баа берет.

«Атың чыкпаса жер өрттө» деген макал дайым эле туура боло бербейт. Келип-келип чыныгы эмгек, билим чечет. Мамлекеттик идеологиянын орчундуу бөлүгүн биз атаган маселелер түзөт. Ата-журтубузда жашаган элибизди бул жумуштарды ийгиликтүү үйрөнүүгө, жүзөгө ашырууга болот.

- биогаз алуунун жана иштетүүсүнүн жөнөкөй жолун; кичинекей агын тоо сууларынан аз өлчөмдөгү электр энергиясын алууну, эффективдүү иштетүү ыкмаларын; айыл үйлөрүн жылытуунун өтө жөнөкөй, натыйжалуу формаларын; идишаяк, кир жууганга (айыл жеринде) ысык суу алуунун өтө жөнөкөй системаларын; жашылча-жемиштерди үй шартында сактоонун, консервациялоонун жөнөкөй, түшүнүктүү ыкмаларын; айыл жерине ылайыкташтырылган бизнес өзгөчүлүктөрүн тынымсыз ЖМК, ТВ аркылуу жайылтуу, мыйзам актыларын иштеп чыгып, бул жумуштарды координациялоону, ишке ашырууну бийлик органдарынын жоопкерчилигине артуу.

Бул багыттагы долбоорлорду элдин активдүү бөлүгү менен иштеп чыгып, донорлорду, финансы булактарын рыноктук шартта ишке ашыруу жоопкерчилигин бийлик органдары алуусу шарт.

III. Кары-картаңдарды колдоо.

Эгемендүүлүк жылдары калкыбыздын бир бөлүгүн түзгөн ишке жараксыз, же пенсия жаштагыларга минималдуу болсо да өз убагында пенсия, пособиелерди берүү системасы түзүлдү десек болот.

Бирок, жалаң пенсия же жөлөк акча менен гана толук жашоону канааттандыруу мүмкүн эмес. Пенсия, пособие көлөмдөрү азырынча эч бир стандартка туура келбейт. Дүйнөлүк практикада мындай атуулдарга кошумча жумуштар сунуш кылынып, ишкерликтин айрым түрлөрүнө колдонууну камтыган мамлекеттик программалар, долбоорлор бар.

Эмгеке жараксыз, же жарым-жартылай жарамсыз атуулдарга кошумча жумуш орундарын массалык түрдө түзүү жолдору, долбоорлорду мамлекет тарабынан ишке ашыруучу мыйзамдар керек. Калктын бул катмарына жумуш ордун түзгөн ишкерлерге тийиштүү мамлекеттик жеңилдиктер сунуш кылынуусу зарыл.

Кыргызда «карысы бардын - ырысы бар» деген макал бар. Ар бир мекеме өз пенсионерлерин өмүр бою кошумча жумуш менен камсыз кылып, моралдык колдоорлорду системалуу түрдө жүргүзүнү камсыз кылуучу мыйзам иштеп чыгуу, аткарылышын толук көзөмөлдө кармоо зарыл.

Японияда пенсияга кеткен атуулдар фирмалардын, мекемелердин ардактуу мүчөсү гана болуп калышпастан, ар бири кеңешчилик статусун алышат. Өздөрүн өмүр бою коллектив мүчөсү катары эсептешип, жоопкерчиликти да тең бөлүүгө аракеттенишет.

Кары-картаңдарды, ишке толук, же жарым-жартылай жарактуу инсандарды дүйнөдөгү эң өнүккөн өлкөлөрдөгүдөй багып алуу, жардам берүү, даңктоо, моралдык колдоо көргөзүү – биздин улуттук менталитетибиздин бир бөлүгү. Калктын бул катмарына татыктуу шарт түзбөгөн мамлекет эч качан өнүкпөйт. Өлкөбүздүн саясий идеологиясынын өзөгүн түзчү маселелер ушулар.

IV. Билим

«Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат» деген кыргыздын көөнө макалы ар бирибиздин жүрөгүбүздөн орун алып, гендик касиетте укумдан-тукумга калган керээзге (программага) айланып калганын эч кимибиз тана албайбыз. Бала төрөлө электе жакшы тилек кылып, жараткандан суранып, төрөлгөндөн кийин элдин жүгүн алчу тирек катары көрүп, үмүт, ишеним менен чоңойтууга аракет кылабыз. Билген жомогубузду айтып

берип, насаат сөздөрдү кулагына куябыз. Баланын мээсинде генетикалык мыйзам ченемде сакталып калган кулк-мүнөзүбүздү, кыймыл-аракетибизди, дүйнө тутумубузду бекемдөө үчүн инстинктик түрдө кылымдарды карыткан залкар комуз күүлөрүн уктуруп, Манас, Семетей, Сейтектин эрдиктерин билгизбей кайталап, кулагына сиңдирип, баатырдыкка умтултуп, элге кызмат кылууга такшалтып, салтыбыздын тарыхый багыттарын таануулайбыз.

Балдарыбыз аны сыймыктануу менен кабыл алып, «чоңойсом силерди, элди багам» деген наристелик убадаларын айтканда кандай кубанычка бөлөнөбүз. Мына бакыт! Башка эмне керек?

Кайсыл кыргыздан сурабаңыз, акыркы малымды сатсам да уулкыздарыма жогорку билим беремин дейт.

Бирок, көпчүлүк бүтүрүүчүлөр диплом ээлери болгон менен тийиштүү жумуш жоктугунан ар түрдүү иштер менен алектенип, окугандарына өкүнгөндөр да көбөйүп, эл ичинде окусаң да өз карьераңды кура албайсың деген пикирлер жыл өткөн сайын көбөйүп бара жатат. Өлкөбүздө азыркыга чейин орун алган паракорчулук система бул пикирлерди бышыктап гана тим болбостон, билимсиз, интеллектуалдык деңгээли төмөн, акыйкатсыз адамдардын кээ бир өкмөттүк кызматтарда иштеп, жакшы бүтүрүүчүлөрдүн сыртта калуусу чындыктын жоктугун көрсөтүп, бул мүчүлүштүктөрдү саясатташтырууга, зордук-зомбулукка алып келүүдө.

Бирок, чыныгы билимдүүлөр тынымсыз аракеттенүүлөрдүн натыйжасында коомдо кандай гана саз, баткак болбосун суурулуп чыгып кетет. Ошондуктан, карапайым эл өз балдарын өтө билимдүү, чөкпөс кылып тарбиялоосу абзел. Мамлекет да бул проблемага кызыгып, улуттук идеологиянын өзөктүү бөлүгү катары кийгилишүүсү керек.

Өлкөбүздөгү бардык мектептерди натыйжалуу билим берүү булагына айландырууга бизди күчүбүз жетет. Кантип?

Билим берүүгө тийиштиги бар мамлекеттик бийлик мекеме кызматкерлери новатордук, менеджерлик, өтө чоң тажрыйбага ээ болуп, мектеп мугалимдерин, жетекчилерин эл аралык стандартта эмгектенүүсүн, менеджер болуусун камсыздоосу зарыл.

Ар бир мектеп Россиянын бир мектеби жана Батыштын бир мектеби менен алака түзүп, байланышты күчөтүүсү, окуучуларды, мугалимдерди өз ара тажрыйба алмашууга жетишүүбүз керек.

МАЗМУНУ

Кириш сөз ордуна 3

I БӨЛҮК

1. Азыркы күндүн Дүйшөнү .....
2. Жакшынын шарапаты 9
3. Балдарымдын багын билимкана ачты 15
.....24

II БӨЛҮК

1. Билимкананын жаралышы, торолуу мезгили .....
2. Мойнунан байланган ит ууга жарабайт 38
3. Зээндүү балдарды миллиардер болууга багыттоонун бир жолу 68
4. Жакшы тилек 80
5. Балдарга тилек 85
6. Эл жүгүн көтөрүүчүлөргө жолдомо 88
.....92

III БӨЛҮК

1. Айылдан – ааламга .....
2. Билимкана түзүү – узак иш 105
3. Билимкана: тажрыйба, жетишкендиктер, алдыдагы милдеттер 137
4. Улуттун тагдыры биздин өзүбүздүн колубузда 146
.....213

Мамат Сабыров

НООКАТ МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМКАНАСЫ

Редактору *Т. Турдубаев*
Корректору *А. Алиева*
Калыпка салган *Н. Кыдыков*
Мукабасы *Т. Шарапиев*

Басууга 15.06.2016-ж. кол коюлду. Офсет кагазы.
Кагаздын форматы 60x84$^{1}/_{16}$. 14,0 б.т. Нускасы 200.

«Улуу Тоолор» басмасы.